КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*Окурмандын китеп текчесине*

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВ

**15-том**

Түзгөндөр: *Абдылдажан Акматалиев,*
*Айнура Кадырманбетова*

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС»–2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 59

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик
тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн
улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын
Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун
(2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү
Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун
Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Чыгышына жооптуу:
*А.А.Акматалиев*

Рецензент:
*Филология илимдеринин кандидаты Өмүров Б.*

Редколлегия:

Акматалиев А.А. Мусаев С.Ж.
Байгазиев С.О. Садыков Т.
Жайнакова А.Ж. Токтоналиев К.Т.
Маразыков Т. Эркебаев А.Э.

**А 59** **Алыкул Осмонов.** «Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 15-том. / Түз. А.Акматалиев, А.Кадырманбетова. – Б.: «Принт-экспресс», 2016. – 552 б.

ISBN 978-9967-12-572-8

Бул китепке Алыкул Осмоновдун тандалган чыгармалары кирди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**А 4702300200-16** **УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-12-572-8

© КР УИА
© «Принт-экспресс», 2016

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВ
## *(1914–1950)*

Алыкул Осмонов – кыргыздын профессионалдык жазма поэзиясынын эң көрүнүктүү өкүлү. XX кылымга чейин негизинен оозеки төкмөлүк үлгүдө өнүгүп келип, XX кылымдын 20-жылдарында китептик адабий түргө өткөн улуттук поэзиябызда жаңы жазма поэтикалык эстетиканын туруктуу орун ала баштоосунда А. Осмоновдун салымы зор. «Өзүмдү өзүм» аттуу ырында акын өзү айтып өткөнүндөй «кыйын жашап, жакшы жазып» өткөн А. Осмонов кыргыз поэзиясынын өнүгүп-өөрчүшү үчүн өрнөк болчу мыкты поэтикалык үлгүдөгү ырларды жаратып, кундуу мурас калтырып кеткен.

Акындын жеке пенделик тагдыры өтө оор болгон. Беш жашында ата-энеден томолой жетим калып, кароосуз калган бала алгач алыс-жакын туугандардын колунда күн көрүп, көп узабай Пишпектеги жетим балдар үйүнө өткөрүлөт. 1925-жылы Пишпек интернаты жабылып, анын тарбиялануучулары Токмок шаарындагы №2-интернатка которулат. 1929-жылы Фрунзедеги педагогикалык техникумга келип кирет. У. Абдукаимов, Ж. Бөкөнбаев, К. Жантөшев, К. Маликов, М. Элебаев ж.б. кыргыздын алгачкы акын-жазуучуларынын көбү билим алган, жазуучулук өнөргө ынтызарлык өкүм сүрүп турган чөйрөгө аралашып, бирин-экин ырлары жаңыдан гезит-журналдарга жарыялана баштаган тушта А.Осмонов учук ооруга кабылат. Жоро-жолдоштун жардамы, акын болсом деген максатмүдөөнүн майтарылбас деми менен Алыкул ооруну убактысынча болсо да жеңет. 1935-38-жылдары анын «Таңда-

гы ырлар», «Жылдыздуу жаштык», «Чолпонстан» аттуу ыр жыйнактары, ошондой эле котормо китепчелери басмадан жарык көрөт. Бирок тагдырдын катаал сыноолору аны айланчыктап, алыс кетпейт. Жан-дилин бүт бойдон арнап, берилип сүйгөн кызы Айдай Жигиталиева ата-энесинин эркине моюн сунуп, Алыкулдан кол үзүп, алар кудалаган жерге барууга макул болот. Кийин жактырып үйлөнгөн келинчеги Зейнеп Сооронбаева экөө 1942-жылдын башында Жыпар аттуу кыздуу болот. Бирок кызы Жыпар он беш күн гана жашап, 1942-жылдын 9-февралында чарчап калат. Зейнеп Сооронбаева (кийинки фамилиясы Талибова) кийин журналист М.Тентимишев менен болгон маегинде эскергендей, кыздуу болгонуна чексиз кубангандан «делдендеп көйнөкчөн кирип-чыгып жүрө берип суукка кармалып», кызы чарчаганда күйүткө алдырып койгон акындын эски оорусу козголуп, «ошондон тартып оңолбой» калат. (Алыкул Осмонов энциклопедиясы. – Бишкек, 2015. – 287-б). 1943-жылы алар ажырашып кетишет. Асылган оорунун айынан чыгармачылыгы бышып жетилип, акындык баралына келип турган күлгүндөй курагында, 1950-жылдын 12-декабрында акын дүйнөдөн кайткан.

А.Осмоновдун чыгармачылыгын жалпысынан эки этапка бөлүп кароого болот. Биринчиси, 1929-жылдан 1944-жылга чейин; экинчиси 1944-жылдын ноябрынан 1949-жылдын сентябрына чейин. Өмүрүнүн соңку бир жылдан ашуун мезгил аралыгында акын же оорусунун айынан көркөм чыгарма жаза алган эмес, же жазган чыгармалары кандайдыр бир себептер менен сакталбай калган.

А.Осмоновдун дээринен поэтикалуу чыгармачыл ой жүгүртүүгө жөндөмү, жазуучулукка ынтызарлыгы болгон менен, алгачкы үч жыйнагында көзгө көрүнөөрлүк ийгиликке жетише алган эмес. Алгачкы жыйнактарында айрым бир жылт эткен ырлар, айрым бир саптар, айрым бир оригиналдуу образдуу туюнтмалар акындын кылдат поэтикалуу көркөм дүйнөсүнөн кабар берип турган менен

айтууга далалат кылынган ой көбүнчө чийки, ийине жеткире ар тараптуу ойлонулган эмес; сөз менен иштөө чебердиги, муундук, уйкаштык ыргагы жагынан кемчилиги бир топ. Алыкултаануу багытында көп эмгек кылган окумуштуу Салижан Жигитов мындай кемчиликтердин себебин биринчиден, улуттук поэзияда жазма адабий-эстетикалык салттардын калыптанбагандыгы, экинчиден, жаш автордун жеке турмуштук тажрыйбасынын чукактыгы жана үчүнчүдөн, эң негизгиси дүйнөнү кабылдап түшүнүү жөндөмү жогору балалык куракта улуттук жандуу тилдик чөйрөдөн окчун өсүп калгандыгы менен түшүндүрөт. «Алыкул тырмактайынан өспүрүм курагына дейре кыргыз тилдүү чөйрөдө эле өскөн, – дейт адабиятчы, – Тек, жалаң жаш балдардан куралган ошол чөйрө, биринчиден, аз сандагы эле кыргызча лексика аркылуу өз ара пикирлешкен; экинчиден, жаңы өнүгө баштаган кыргыз жазма тилиндеги жарыбаган информациялуу, жарды лексикалуу, жармач стилдүү бирин-серин окуу китептеринен, адабий чыгармалардан, газета-журналдардан таалим алган. Өз элинин оозеки тилинде чөккөн социалдык, таанымдык, эстетикалык тажрыйбаны кан-жанына терең сиңирчү чагында Алыкул дал өйдөкүдөй чөйрөдө жүргөн. Ошондой эле калктын өтө бай оозеки көркөм мурастарын зарыл өлчөмдө өздөштүрө албай калган. Албетте, мындай шарт-жагдайда ар кандай кыргыз баласы Алыкул сыңары жазма тили келегейирээк, сөз байлыгы ченелүү, ырдык-тилдик туюму өксүк болуп өсөрү бышык» (С.Жигитов. Акындын эки өмүрү. – Бишкек, 1998). Өзүндөгү мындай өксүктү сезген акын отузунчу жылдардын аягында, өзгөчө, Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатыр» поэмасын которгондон кийин элдик оозеки чыгармачылыктын байлыгын терең өздөштүрүүгө билек түрө киришип, эл арасынан уламыш, лакап сөздөрдү жыйнайт, дүйнөлүк поэзиянын үлгүлөрүн зор ынтаа менен тереңдетип тааныша баштайт.

Чыгармачылык тажрыйба арттыруу, үйрөнүү, таасирленүү – мунун баарынын жеке чыгармачылык чеберчиликтин өсүшүндө зор мааниси бар. Бирок, кыркынчы жылдардын башында А.Осмоновдун жеке турмушунда болуп өткөн трагедиялуу окуялар акындын жан-дүйнөсүн астынүстүн кылгандай оор бүлүк салып, анын буга чейин карманып келген инсандык, сүрөткердик ишенимине, баалуулук түшүнүктөрүнө түзөтүү киргизип, чыгармачылыктын жаңы нук, жаңы багытта уланусун шарттады.

А.Осмоновдун чыгармачылыгынын жаңы этабы жок болоорунда күйүп, күлүнөн кайра жаңы куш болуп жаралган Феникс кушун эске салат. Коомдук-саясий турмуштагы ар кандай эки жүздүүлүктөрдөн, чыгармачылыктагы «бир калыптан чыкпаган тыкылдактардан» (караңыз: «Сүйлөшүү» ыры), жубайы экөөнүн ортосундагы өз ара түшүнүшпөөчүлүктөрдөн, оорунун залдарынан алсыраган акындын жүрөгүн, көңүл кушун кызын жоготуунун оор кайгысы күйгүзүп күлгө айлантты.

*Күндөр болду, ырас, аздым, жүдөдүм,*
*Эртесинде кайра унутуп күлгөмүн.*
*Бирок, чиркин, бөбөк деми күч экен,*
*Эч мынчалык ууланбаган жүрөгүм.*

*(«Бөбөккө»)*

Ата-эне, уялаш бир тууган дегендей жакын адамдардын мээриминен, дем-кубатынан кур калса да, болочок үй-бүлөөлүк бакыт тууралуу кыялдарын медер тутуп жашап келген оорулуу акын үчүн кызынын өлүмү акындын таман алдындагы жерин көчүрүп, тоосун уратып кеткендей болду.

«Кудай сүйгөн пендесине сыноо берет» деп эл оозунда айтыла калчу даанышман сөздөгүдөй же элдик жомоктордогу даңазасы таш жарчу баатырлар алгач не бир түркүн оор сыноолорду жеңип отуруп баатырдык сынга толгонундай, кыргызга чолпон жылдыздай жаркыраган ырларды жазып берер акынды да тагдыр отко салып, сууга салып жакшы эле сынады, чыңады. Теңтуш достору согушка

кеткенде: «Согушка албай жатышат, Жоомарт, Жусуп, Мукайдан калып жашагым келбейт», - деп айтканын Зейнеп Талибова эскерет. (Алыкул Осмонов энциклопедиясы. – Бишкек – 2015, 290-б). Ансыз да жашоодон көңүлү калып отурган акынга бул жоготуулар да оңойго турган жок. Калеми колунан түштү. Күйүп-күйүп күлгө айланган көңүлдөн, музга айланып турган жүрөктөн ыр чыкпады. Түбү жок санаа, багыты жок тумандуу ойлордун туткунунда калды. Өзүн алаксытып котормо менен алектенгиси келди, ойдогудай чыкпады... Пьеса, драма жазайын деди, алар да акындын көңүл кушун жандырып кете албады. Өткөн күндөрүн бирден ыргап, бирден талдап кайра баштан барактап чыкты. Жашоо, өмүр, өлүм деген эмне?.. Өзүнүн мындан аркы жашоосунун маңызы, максаты эмнеде?..

*Ал кезде мен олтурам үйдө жалгыз,*
*Ойлордон ойго батып түпсүз-сансыз.*
*Аттиң ай, бир чоң килем соксом ээ дейм,*
*Бир четин мүлдө кыргыз көтөрө алгыс.*

*(«Жамандоо»)*

Ошол учурдагы акындын абалы тууралуу коңшулаш турган калемдеш курбусу Т.Сыдыкбеков эскерип, өзү эле башынан түнтүрөөк, ойчул акындын кызы чарчап калгандан кийин ого бетер түнөрүп, санаачыл болуп, курбу курдаштарына жолугуудан качып, жалгыздыкка ыктап калганын, 1944-жылдын кышында Алыкул атайын анын үйүнө «Чолпонстан» жыйнагын сурап келип, койгон жеринен колуна алып барактап жаткан курбусуна: «Окубачы ушуну. Бирөөнүн үйүнөн ушул жыйнакты көрсөм уялып кетем. Сенде да турбасын. Өзүмө берчи?..» дегенин айтат. (Т.Сыдыкбеков «Акындын элеси»).

Ооба, ошол кыштан, тагыраагы 1944-жылдын 26-ноябрынан акындын чыгармачылыгындагы жаңы толкун башталат. Алгач: ата-энесин таанытпай эрте ала качкан, кызынын жыпар жытына моокумун кандырбай тартып кеткен, өзүнүн аркасынан калбай эртең-бүгүн алып

кетүүчүдөй аңдып жүргөн, терең урматтап жакшы көргөн калемдеш досторунан ажыраткан өлүмгө арналган «Чын жолдош» аттуу ыр чыкты. Бул акындын «таш идишке куюлган» тагдырына көнүп, анын көзүнө тике карап, таймашка аттанганынын биринчи белгиси эле.

Ошол эле күнү, т.а. «26-ноябрь» деген дата менен «Толубай сынчы» поэмасы бүткөрүлгөн. Ал – элдик уламыштагы көзүнүн оюлганына карабай өзүнүн сынчылык өнөрүнүн акыйкатын далилдеген Толубай сынчы жөнүндө 1937-жылы жазылган өзүнүн поэмасынын оңдолуп жазылган экинчи варианты эле. Элдик уламышты жайынча ырга салып баяндаган биринчивarianттагы күңүрт образ, бүдөмүк идеялар экинчи вариантта айкындалып, тереңдетилип иштелип, мурдагасында таптакыр катышы байкалбаган автордук концепция соңкусунда ачык дааналанган.

*Менде жок арманды угар тууган, досум,*
*Жана да өнөр билген жан жолдошум...*
*Кантейин, Жаратканга айтарым бар,*
*Артымда атымды айтар заман болсун.*

Бул саптар Толубайдын атынан эле эмес, акындын өзүнүн атынан да айтылып жаткандай.

Эртеси күнкү, 27-ноябрдагы дата менен «Мүнөз ойну» аттуу поэма бүткөрүлгөн. Бул дагы 1937-жылы жазылган «Кайгы» аттуу сюжеттүү ырдын тереңдетилип, кеңейтилип кайра иштелген варианты. Поэмада камтылган окуя менен акындын тагдырынын ортосунда үндөштүк бар экени ачык эле байкалат. «Жашоо – күрөш» деген акыйкат алдында балдары өз жашоосун күймөлбөй улантып кетиши үчүн ата-эненин өз өрнөгүн калтыруу тилектери ордунан чыкпай, балдарынан айрылып калгандыгы Адам, каман, жолборс, бүркүттүн аракеттери аркылуу сүрөттөлөт. Баласынын күйүтүнөн айбанаттар өлүмдөн кайра тартышпайт. Бирок:

*Айрылып Кула мерген баласынан,*
*Кош жолборс, кош каманды олжо кылган.*

*Бат эле бала зары унутулду,*
*Бирок да жаза атканга дайым аң-таң.*

Бул эмне, адам баласынын таш боор, мерестигиби?.. «Бат эле бала зарын унутуп, бирок, жаза атканына дайым аң-таң» болгону эмнеси? Жок, бул мерестик эмес,турмуш мыйзамы акынды ушундай жыйынтыкка келүүгө мажбур кылып жатат. Адам тагдырдын жазганына, табияттын мыйзамына аргасыз көнгөн менен, өз кесибинин чыныгы ээси, чебер устаты болгусу келген адам мээлегенине жетпей «жаза аткан» учурлары менен келише албайт, кейийт, өкүнөт, мындан аркысында жаздым басууларга жол бербөөгө тырышат... Акын өзү да каарманы Кула мерген сыяктуу өзүнүн «жаза аткан» китебин бирөөлөрдүн колунан көрсө уялат, ошон үчүн акын бир убактагы ою чачкын, шалкы бош жазылып калган Толубай сынчы, Кула мерген жөнүндөгү чыгармаларын кайрадан сыдыргыга салат, думанадай жер кезип эл оозунан сөз жыйнайт, күн тынымдан, түн уйкудан безип оңдоп, сызып ыр жазат, Шота абасынан, Пушкинден «акыл сурайт»...

«Толубай сынчы» поэмасынын эки вариантын жана «Мүнөз ойну» поэмасын мурдагы варианты менен салыштырып карап көрүүдөн эле акындын чыгармачылыгы башкача бир жаңы деңгээлге көтөрүлгөндүгү көрүнөт. Ал өзгөрүү сөз менен иштөө чеберчилигине же уйкаштыкты ийкем пайдалануу сыяктуу ыр куруу техникасына эле байланыштуу эмес, ал акындын жан дүйнөсү, турмушка карата көз карашында болуп өткөн олуттуу өзгөрүүгө түздөн-түз байланыштуу.

«Мүнөз ойнунан» кийин, 30-ноябрда акын «Бөбөккө» аттуу ырын жазат. Жүрөгүндө чер болуп катып, муз болуп тоңуп жаткан ачуу, ыза, кек, жоготуунун акыркы ачуу тамчыларын, бугун акын ушул ыры менен биротоло сыртка чыгаргандай... «Ошончо кымбаттардын ичинен кымбат, ошончолук көп шириндин ичинен ширин», «жер аңкыган ошончо жыт ичинен атасы үчүн Жыпардай жыт» болбогон, «энесиндей эссиз эмес, атасындай кекчил эмес»,

«түпсүз кубат, чексиз элес» болгон, «эң таза, сүт үстүндө каймактай» кызын тартып кеткен таш боор өлүмгө наалатын билдирип, «Түпсүз көрдүн карыш бурчу кеткен жок, / Ары жок ай, көр уялбайт ошондон» деп акыркы жемесин айтып, көпөлөк кызы үчүн күткөн улуу азасын акын: «Өмүр алда, эртеңкиге тобокел, / Өлбөсө экен башкалардын бөбөгү» деп, даанышман сөздөрү менен жыйынтыктайт. Ошол мезгилде отуздун кырында турган акын:

*Отуз да аз... көп болгонго кубангын,*
*Андан көрө амандыкка бел байла.*
*Тириүлүктө кара өлүмдөн өч алып,*
*Калкың үчүн кан чыгарып бер кайда! –*

деп өзүнө өзү чакырык таштап,

*Он беш жолу улам кайра туулуп,*
*Он беш жолу жашарбасам, карап тур! –*

деп жаңы бийиктиктерди багынтуу үчүн жолго аттанат.

1944-жылдын ноябрынан тартып А.Осмоновдун чыгармачылыгында таң каларлык үзүрлүү мезгил башталган. Ушул учурдан тартып, беш жылга жетпеген убакыт ичинде акын кыргыз адабиятынын сыйлуу, көрүнүктүү жеринен орун алчу кайталангыс кайрыктуу керемет ырларын, поэмаларын жазды. А.Осмонов ошондой эле бир нече пьесалардын, көркөм котормолордун автору.

Осмоновдун акындык табылгалары кыргыз поэзиясынын кийинки муундарына күчтүү таасир тийгизди. Көзү тирүүсүндө эле аны айрым жаш акындар туурай башташкан. Көзү өтүп, акындык атагы катуу чыкканда Осмоновго таасирленип, көбү карандай эле туурап, айрымдары чыгармачылык менен өздөштүрүүгө аракет кылышты. Кыргыз поэзиясына 50-60-жылдары келгендердин арасында айтылуу акыныбыздын поэтикалык сабактарынан тике же кыйыр таасир албагандар, көркөм тажрыйбасынан азыктанбагандар жокко эсе. Алыкулдун адабий мурасы акындык кесипке талаптангандар үчүн бүгүн да, эртең да өрнөктүү таалим-тарбия мектеби катары кызмат өтөй берет.

## ЖАЗУУЧУЛУК БАЯНЫМ

Мен жазуучулукка бала күнүмөн ынтызар элем. 1927-жылы, он үч жашымда кайсыдыр бир окуу китебине басылып чыккан «Жайлоо» деген (авторун билбейм) аңгемеге ашык болгонумду унутпайм. «Эне тил» сабагынан бере турган Артыкбай Жолдошев деген мугалим ошол аңгемени бизге окуп берди да (жаз чыгып келе жаткан мезгил эле): «Жакында жайлоого чыгасыңар, кайра күз келгенге чейин ушул өңдөнгөн аңгемени жаза келгиле», – деди. «Чын эле, кантип жазам», – деген ой мени аябай эңсетти.

Аңгыча жай бүтүп, күз келди. Баягы аңгеме дагы эле эсимде. Бирок жазууга күчүм жетпестигин билип турам. «Мага бир күч пайда болсо да, бир дегенче жаза койсом», – деген санаа түшөт. Күзгү окуу башталды. «Эми мугалимге эмне дейм», – деп кайгырам, бирок мугалимибиз ал аңгеме тууралуу ооз ачкан да жок.

1929-жылы мен 1925-жылдан бери окуп жүргөн Токмок шаарындагы интернаттын дубал газетасына биринчи ырым чыкты. Ошол кезден баштап жазуу ишине көңүл коё баштадым.

1929-жылы Фрунзедеги педагогия техникумуна келип кирдим. Ал кезде мындагы окугандардын көпчүлүгү адабиятка шыктуу эле, мени огобетер кызыктырып, бир жагынан сүрдөнтүп жүрдү.

Ошол убактан баштап: Пушкин, Лермонтов, Лев Толстой, Тургенев, Некрасов, Гоголдун аттарын уга баштадым жана казак классиги Абай Кунанбаевди окуп жүрдүм. Көп убактарда китептерден, дубалдын боорунан

ал жазуучулардын портреттерин көрө баштадым. Өз ичимден: «Эң эле улуусу Лев Толстой, анан Тургенев, Некрасов, Гоголь, эң кичүүлөрү (баласы) Пушкин менен Лермонтов го», – деп коём. Себеби, кимиси сакалдуу болсо, ошонусу мурун жашаган экен деп ойлоп жүрөм! Кийин талдап окуй келгенде, «бала жазуучу» деп ойлогондорум (Пушкин) баарынан илгери жашап жана орус адабиятын ошолор негиздеген экен. Мени бул окуя көпкө чейин айран калтырып жүрдү.

1929-жылдын кышында биринчи жолу А.С.Пушкиндин «Зимний вечер» деген ырын котордум. Албетте, ал эң начар которулган болуу керек, бирок жолдошторумдун «сонун экен» деген мактоосу мени аябай уялтты. Аларга көрүнбөй качып кеттим.

Ошол жылы кышында дубал газетага Уултай деген кыз тууралуу жазган какшык ырым чыкты.

1930-жылдын сентябрь айында «Сабаттуу бол» деген республикалык газетага «Кызыл жүк» деген ырым чыкты. Ал ырды окуп алып, ошол түнү кубанганымдан уктабай чыктым. Газетаны катып коюп, күнүгө он жолу окуйм. Эртеси дагы бирди жазып алпардым, анан дагы... дагы... Сабак маалында да, бош убагымда да жазам.

Кийинчерээк, башка газеталарга, анан айрым альманахтарга, «Чабуул» аттуу журналга ырларым чыгып жүрдү. Кезек-кезек драма кружогу үчүн пьеса жана декламация жазам.

Аңгыча, кыргыздын ошол кездеги көрүнүктүү акындары менен тааныша баштадым. Эң биринчи эле, Жусуп Турусбеков менен жакын болдум. Бир күнү ошол акынга ыр алпарып берсем, окуду да: «Сенин ырларың дурус экен, мен Аалы Токомбаевге айтайын жана эмки жекшембиде окуучуларды чогултуп тур, мен барып жыйналыш өткөрөм», – дей салды. Көп узабай А.Токомбаев менен жолугуштум, ал кишиден да мактоо угуп, аябай кубандым. Айткан күнү техникумда мен тууралуу «Мак-

тоо жыйналышы» болду. Жусуп Турусбеков ошол кездеги эреже боюнча мени жалаң гана мактоого тундурду. Ошол жылы (1931-жылы) кышында «Ленинчил жаш» газетасына менин чыгармам тууралуу атайын полоса уюштурушту.

1932-жылы ооруп айылга кеттим, кайра кайтканда, ошол кездеги Жазуучулар союзунун төрагасы А.Токомбаев мага жакшы жардам кылып, «Чабуул» журналына орноштурду. Бул мезгил менин болочогумдун чечкиндүү жылы эле. Себеби, эгер журналга орношпой калсам, айылга кетмекчимин...

1935-жылы «Таңдагы ырлар» деген биринчи ырлар жыйнагым чыкты. Анын ичинде «Ок жаңылды» делген биринчи поэма да бар. 1932–1935-жылдардын аралыгында көп окуп, көп жаздым. Кээде таң агарып атканга чейин ыр жазган күндөрүм болгон.

1935-1936-жылдар чыгармачылыгымдын артка кеткен жылдары болду. Анткени, турмуштан аябай четтеп, шаардын тар рамкасында болуп, жалаң окуган китептер боюнча жазып калдым. Ошол жылдары чыккан «Жылдыздуу жаштык» деген экинчи китебим эң начар, колго алгыс китеп болду.

Бул жылдарда мен көбүнчө которуу ишине киришип, А.Пушкиндин лирикаларын, 1937-жылы «Балдасын» жана Лермонтовдун лирикаларын, кийинчерээк «Качкын» деген поэмасын, 1936-жылы Иван Крыловдун «Басняларын» («Тамсилдерин») котордум.

1937-жылы Москвага бара жатып да, кайра келе жатып да Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатырынын» подстрочный котормосун, ал жөнүндөгү кээ бир макалаларды окуп жана ошону которууну ойлодум. Бул санаа мени көп уйкулардан калтырды. «Чоңойдум, эр жеттим, эми бир зор иш кылбасам, менин Алыкул атым кайсы?» – дейм. «Эгер бул иш менин колуман келбесе, анда мен чабал акынмын, колуман эчтеке кел-

беген» деп ойлойм. Буга кошумча, бул укмуштуу поэма мени аябай кызыктырды.

1938-жылдын май айынан баштап, ушул улуу поэманы которууга кириштим. Ушул айда мен өмүрүмдө биринчи сүйгөн Айдай Жигиталиева деген кыз менен ажырашкан болчумун. Анын себеби, эмне экенин ушул күнгө чейин билбейм. Өз ичимден: «Бул күйүттү ыр менен басуу керек жана өзүмдү таанытуум керек», – деп коём да, бардык намысым менен иштейм. Поэмадан ажырай албайм, көп убактарда таң атканга чейин олтурам. Окуйм, котором, таң калам, кубанам!.. Дүйнөдө мен гана бактылуумун деп ойлойм!

Көбүнчө подстрочный переводдон котором да, ошол кездеги басылып чыккан: Бальмонт, Цагерели, Петренко ж.б. котормолордон пайдаланам. Грузин илимдер академиясынан чыккан «Шота Руставели» деген илим-изилдөө статьяларынын жыйнагынан пайдаланам. Жай, кыш, күз дем албай иштедим. Себеби, анын кызыгы ошондой болду.

Акыры Фрунзеде, Токмокто, Ошто, Москвада жүрүп которуп, 1939-жылдын апрель айында Москва алдындагы Малеевка деген жазуучулардын дачасында бүттүм. Китеп 1940-жылы Казандан басылып чыкты.

Бир жылдан соң, айылдан Тариэл, Автандил, Тинатин, Даражан деген жаңы туулган балдардын, кыздардын атын уга баштадым. Демек, китеп кыргыз элине жетип жана аябай жаккандыгы билинет... «Жолборс терисин кийген баатырга» чейин «Чолпонстан» деген 3-ырлар жыйнагым чыккан.

1939-жылдан 1940-жылга чейин аз жаздым, бирок көп окудум. Негедир ошол мезгилде «Лирика» аттуу китеп камдап, бир топ пессимисттик ырлар жаздым. Кийин 1941-жылы, анын баарын өрттөп салдым.

1941-жылы (согуш башталган айдан баштап) согуштук ырлар жаздым. Алар атайы жыйнак болбогону менен, айрым газеттерге, журналдарга орус, кыргыз тилинде (1945-жылга чейин) басылып турду.

1942-жылы «Он экинчи түндү» (Уильям Шекспир) котордум.

Баса, 1941-жылы «Хосров-Ширинди» (Низами Гянжави) которгом.

*Мындан мурунку жыл араларында:*

1. Перронун «Жомоктору»,
2. С.Маршактын «Пожары»,
3. Чуковскийдин «Федорина гореси»,
4. «Төрт түс» деген китеп,
5. В.В.Вересаевдин «Пушкиндин турмушу» дегени ж.б. мен тарабымдан которулган болучу.

1945-жыл менин жеке өмүрүмдүн жана чыгармачылыгымдын бышкан мезгили деп ойлойм.

Ушул жылы (1945) «Махабат» аттуу ырлар жана поэмалар жыйнагым, 1946-жылы «Жаңы ырлар» деген ырлар жана поэмалар жыйнагым, 1947-жылы «Менин жерим – ырдын жери» деген ырлар жыйнагым чыкты.

1945–1946-жыл ортосунда У.Шекспирдин «Отеллосун» котордум.

Мындан башка 1947-жылы «Экинчи бригада» деген ыр менен жазылган пьесамы бүттүм. Андан мурда (1942-жылы) «Ким болду экен?» деген бир актылуу пьеса жазгам.

1947-жылы Чолпон-Ата боюнда жатып «Ракыя» деген пьесаны жана «Корукчу Кooман» деген ыр менен жазылган комедияны бүттүм.

*Ошентип, 1930-жылдан баштап, ушул күнгө чейин басылган китептерим жана пьесаларым булар:*

1. «Таңдагы ырлар» – (ырлар жана поэмалар).
2. «Жылдыздуу жаштык» – ырлар.
3. «Чолпонстан» – ырлар.
4. «Махабат» – ырлар жана поэмалар.
5. «Жаңы ырлар» – ырлар жана поэмалар.
6. «Менин жерим – ырдын жери» – ырлар.
7. «Согуштук ырлар».
8. «Балдар үчүн» – ырлар.

*П ь е с а л а р:*

9. «Жок, андай эмес» (1 актылуу пьеса).

10. «Экинчи бригада» (4 актылуу ыр менен жазылган пьеса).

11. «Ракыя» – 4 актылуу пьеса.

12. «Корукчу Кооман» – 3 актылуу ыр менен жазылган комедия.

*К о т о р м о л о р:*

13. А.С.Пушкин. Лирикалары жана «Поп жана анын малайы Балда».

14. М.Ю.Лермонтов. Лирикалары жана «Качкын» деген поэмасы.

15. В.В.Вересаев. «Пушкиндин турмушу».

16. Маршак. «Пожар».

17. Чуковский. «Федорина горе»

18. «Төрт түс».

19. Крылов. «Тамсилдер».

*К ү н ч ы г ы ш к л а с с и к т е р и н е н:*

20. Шота Руставели. «Жолборс терисин кийген баатыр».

21. Низами Гянжави. «Хосров-Ширин».

*К ү н б а т ы ш к л а с с и к т е р и н е н:*

22. Перро. «Жомоктор».

23. Уильям Шекспир. «Он экинчи түн».

24. У.Шекспир. «Отелло»

Булар 1947-жылдын июль айына чейин жазылган жана которулган эмгектер.

***Алыкул ОСМОНОВ.***
***28/VII–1947, Чолпон-Ата.***

# ЫРЛАР

## БИЗДИН ЖЕР

Төгүлдү, балкыды нур, мемиреди,
Гүлдөрдөй күлмүң-күлмүң берди белги.
Жыргалдык, кубанычтык жана бакыт,
Каптады, карагыла, биздин жерди.

*1932*

## ТЕМИР ЖОЛ

Жүрсө поезд түтүн оргуп арылдап,
Кайратынан тоо кыймылдап жаңырат.
Тиги турган Тянь-Шандын бер жагы,
Келсе экен деп темир жолду сагынат.
Шашпа жерим, сом темирлер коюлуп,
Күлөт, сүйлөйт, байчечекей жамынат.

*1932*

## ТАҢДА

Тентек желдин эркине,
Булуттар көчө баштады.
Таң нуруна бүлбүлдөп,
Жылдыздар өчө баштады.

Чыгышты бөлөп алтынга,
Таң агарган кез эле.
Таң нуруна боелуп,
Жылтылдайт биздин терезе.

Ар биринде бир кетмен,
Кээ бирөө чеккен араба.
Колхозчу – эмгек атасы,
Түбөлүк бакты талаага.

*1932*

## ЖЕҢИШ НУРУ

Биздин жерден жеңиш нуру төгүлдү,
Кызыл-тазыл нурлар менен бөлөндү.
Биздер жеңдик эркиндигин дүйнөнүн,
Мына бакты, күткөн ырыс көрүндү.
Кубанталы, комсомолдор келгиле,
Айдай балкып, күндөй күлгөн өмүрдү.

*1932*

## ШАМАЛГА

Эртең менен терезеден
Таза абаны желдеттим,
Таза абадан таза жутуп
Көңүлүмдү дегдеттим.
Ай! Унуткам, мени ойготкон
Шамалы го эмгектин!

*1932*

## ЭРКИН КЫЗ

Бетинде Эркин бакыт нуру нурланган,
Белиңди көр эмгекте элпек буралган,
Эркин кыз ай, күлүп берсең шыңкылдап,
Койчу деги чыдай албайм, кубанам.

Сени мактайм аалам уксун, үн салам,
Үн салуудан талантыма күч алам.

Эпкиниңе менин берген белгим деп,
Келчи Эркин кыз, келчи кызыл гүл тагам.

Кубатынан балбандуу бул колуңдун
Жасачы Эркин турмуштун бир сонунун.
Келчи Эркин кыз, келчи бирге күлөлү,
Келиштирип дүнүйөнүн форумун.

Эй, Эркин кыз, сен командир болуп ал!
Кел Эркин кыз авангарддын ролун ал!
Аалам уксун, Эркин кыз деп билишсин,
Алоолонгон кызыл тууну колуңа ал!

*1933*

## ТАП КОРГООЧУ БОЛОБУЗ

Ойноп-ойноп мен бир кезде келчү элем.
Энекелеп ак сүтүңдү эмчү элем.
Эсиңдедир унутпасаң, энеке,
Мен эр жетип, аскер болсом дечү элем.

Ээ, энеке, максатыма жеткемин.
Колдо мылтык, азыр кызыл чектемин.
Мурункудай эркелечү мүнөз жок,
Мен, энеке, башка болуп кеткемин.

Мүнөзүнө таңкалба, эне, балаңдын.
Майданга ойнор, энеке, өзүм балбанмын.
Жаркыратып болот кылыч тагынып,
Беш атарды ийинге асып алганмын.

Баатыр бол деп, энеке, айткан сөзүңө.
Балаң кирген милдет кылып өзүнө.
Тап алдында сенин уулуң макталып,
Кызыл орден илип салган төшүнө.

Барлык ишти шайыр жашча кыламын,
Комсомолчо менин бардык сырларым.
Комсомолдон боло көр деп, энеке,
Жаш кезимде маңдайымдан сыладың.

Ээ, энеке, катасы жок аныңдын.
Мына, мына, мен баатыры табымдын.
Кулунум деп эркелетип сылаган
Маңдайыма кызыл жылдыз тагындым.

Жаш кезимде ачтың, эне, багымды.
Кызыл чекте мен кулунуң тура алдым.
Баягы сен жетелечү кол менен,
Гранатты жоого каршы ура алдым.

Табым үчүн сайрай билем чеченмин.
Сайроо менен турмуш сырын чечемин,
Мылтык атуу, бомба ыргытуу гана эмес,
Дирижаблди минип учуп кетемин.

Кеңеш менен мен тап коргоп жүрөмүн,
Мен баатыры бул күрөштүү күндөрдүн,
Ээ, энеке, сенин уулуң комсомол,
Табына арнайт, уулуң баатыр жүрөгүн.

Комсомолдор, толкун чыгат каныңдан,
Биз өткөнбүз кан аралаш жалындан.
Комсомолдор, он беш жылдык тоюңду,
Куттуктаймын миллиондор наамынан.

*1933*

## КЫЧАН

Кош, Кычан!
Майтарылбас болот элең...
Эмгекке,

Чымыр бышкан сенин денең.
Тап үчүн
Аткарууга милдетиңди
Сен өстүң
Тарбыя алып пионерден.
Мына деп
Сен күрөшкө киргениңе,
Жеткизбей
Көптөн күткөн тилегиңе,
Тап душман
Көрө албаган канкор айбан,
Батырды
Кандуу канжар жүрөгүңө.
Кош, Кычан,
Милдетиңди аткарабыз.
Ишиңе
Пионерлер биз даярбыз!
Кайда жоо,
Кайда душман, кайда күрөш?
Биз жеңип,
Жеңүүчүлөр мактанабыз.
Кан төккөн,
Арсыз душман сайрандабас,
Кубанып,
Кыт-кыт күлүп тайраңдабас.
Антпейт да,
Анттирбейбиз, жол бербейбиз,
Жүргүлө
Күч сынашчу майданга бас!

## БИЙИК ЖЕРИМ

Бийик жерим,
    Биз билебиз баркыңды.

Эмгек менен
　　Көтөрөбүз даңкыңды.
Жакында эми
　　Өрүш сайын, кең жылгаң
Малга батпайт,
　　Биз билебиз шартыңды.
Бийик жерим,
　　Биз да мактап ырдайбыз.
Бактылуу өскөн
　　Пролетардын акыны.

Балким дүйнө,
　　Бизден болуп кабарсыз:
Техникасы
　　Артта калган жарамсыз, –
Деп ойлошор,
　　Бирок алар билсе экен,
Биз бат эле
　　Алга түшүп алабыз.
Жер алдынан
　　Метрону жүгүртүп,
Ленинграддай
　　Көрктүү үйлөрдү салабыз.

*1934*

## ЖОЛДОШТОРУМ МЕНЕН

Бир топ жаш, түн мезгили келе жаттык,
Ай жарык, жылдыздарда терең шаттык.
Жылдыздын ошол терең шаттыгынан
Жүрөктүн эчен-эчен сырын ачтык.

Деги айтчы, булбул ырчы болор белең?
Десеңчи, гүлүңө мен конор элем.

Эриктим, тоодон салкын эс десеңчи,
Мен серүүн көңүлгө жел согор элем.

Жеткен көрк, көркөм шаар, серүүн аба,
Жетерлик сүйүү деми кылат даба.
Бакта шаң, анда биздин комсомолдор,
Дем берген, кубат берген ушул канга.

Урматтуу оюң менен ойду тазарт,
Кубаттуу күлкүң менен күлүп жашарт,
Сүйүүдө жаштык оту муздабасын,
Гүлдөйлү келечекке бакты жасап.

О курбум, неткен менен өмүр кыска,
Биз кошсок жаңы өзгөрүш санаабызга,
Сүйүүсүз турмуш көркү анча болбойт
Албырсын ашык оту арабызга.

Булбул бар, бойго жетпей гүлүн сорбойт,
Бир гүл бар, бойго жетпей гүлүн коргойт.
Экөө тең арзышкандар, арзышкандар,
Сүйүүсүз турмуш көркү анча болбойт.

*1934*

## ЖОЛДО

Түпсүз алыс жол менен
Паровоз зуулап келатты.
Түштүктүн кең жайыгын
Кыдырып ырдап келатты.

Адыры толгон ак буудай,
Жайыгында ак алтын,
Байлыгы көп, үнөм көп,
Жер көтөрөт эл даңкын.

Жолдон алган жүзүмдөн
Бирден үзүп жеп коем.
Анжияндын жүзүмү ай,
Таттуулугу ай деп коем.

Мындан мурда бул жакты
Дегеле көргөн эмесмин.
Мен бактыга термелип,
Жерден көккө теңештим.

Октябрь жеңген күрөштүн
Күрдөлдүү кубат деми бар.
Ак алтын менен кара алтын,
Түгөнбөс кенч кени бар.

Күрөш менен бир топ жыл,
Жылдоочу анык жер экен.
Мунун даңкын жайылтып,
Ырдоочу анык жер экен.

*1934*

## ЖАШЧЫЛЫК

Экөөбүз жаңы чыгып, өскөн кырчын,
Эмесе, өскөн кырчын өкүм кылсын.
Биз дайым бир калыпта турмак белек,
Жашчылык бат өзгөрүп кетери чын.

*1934*

## КЕЛЕЧЕКТЕ

Фрунзенин чаңдап кетчү адетин,
Жоюп салып, куруп көрктүн калетин.
Бул көрк эмес, көз уялтчу көрк берип,
Качанкыдан көрсөтөлү өз бетин.

*1934*

## КУРБУЛАРЫМА

Ой, сенинчи, оор го дейм чапаның,
Шамдагайлан, кана чечип таштагын.
Койчу, бекер кыжырына тиесиң,
Ар бир ишке ылдам көнгөн жаштардын.

Кече күнкү комсомолдор кордошкон:
«Түк эби жок, жаралыптыр олдоксон»...
Деген ушу кудум эле сенсиң бейм,
Суранамын, деги мындай болбосоң.

Кээ бир жаштар абышкача томсоруп,
Эрикчээлче ордунан жай козголуп
Бул гана эмес, өндүрүшкө эң кыбыр
Иштейт экен, чыдай албайм бук болуп.

Ташта мындай мүнөзүңдү болбогон,
Пикириңе каршы аракет колдоном.
Ырас, мен да суз кыялдуу болчумун,
Андайымды алда качан оңдогом.

Маданияттуу жашоого ой бөлбөдүң,
Галстукчан жүрүүгө түк көнбөдүң.
Жакшы кийим асылдарды кийинип,
Комсомолчо жүргөнүңдү көрбөдүм.

Мүмкүндүк көп, киного көп барбайсың,
Мындай болбо, минтсең өсө албайсың.
Жоругуңду өзгөртпөсөң жаңылап,
Комсомолдун атын актай албайсың.

Заманды көр, күндө оюн тамаша,
Биздеги муң кетти алыска адаша,

Комсомолдор, кайра куруп мүнөздү,
Жашайлыкчы мына ушуга жараша.

*1934*

## ТҮШТҮКТӨН СУЛУУ ТАҢ АТТЫ

Тилесең эрк, бак берер,
Түштүктөн таң агарды.
Күн чыгыш күндү узартып,
Бу да алтындан жаралды.

Тилесең эрк, бак берер,
Түштүктүн нурдуу таңы атты,
Түштүктүн сулуу кызындай,
Суктандырып каратты.

Кең береке түштүктүн,
Күрөштө жеңиш деми бар,
Бардык тагдыр кубатын,
Күрөшкө бергич эли бар.

Турмуштун жаңы көркүнө
Түштүк, сенин жериң ээ,
Замандын жаңы шартына
Түштүк, сенин элиң ээ.

Түштүктүн баатыр жаңы эли,
Түбөлүк жыргап жүрүшсүн.
Түштүктүн сулуу кыздары,
Шаңкылдап ырдап, күлүшсүн.

Тилесең, эрк, бак берер,
Түштүктөн таң агарды,

Күн чыгыш күндү узатып,
Бу да алтындан жаралды.

*1935*

## ТЕҢТУШТАРЫМА
***(Ж. Ж.ларга)***

Теңтуштарым, капа жеңген ойнуңар,
Кабак бүркөө, кыялымды жойдуңар.
Күлкү менен жүрөгүмдү эзилтип,
Койгулачы, такыр болбой койдуңар.

Максатыбыз – дагы окууга кетербиз,
Бирге чечкен оюбузга жетербиз.
Теңтуштарым, сакал чыгып калганда,
Дагы ушинтип, алыша алар бекенбиз?

*1935*

## ТАҢШЫ БУЛБУЛ

Сайрап-сайрап эс алып,
Кончу булбул үнү бар.
Кайта ойгонуп тил безеп,
Сайрачу булбул үнү бар.

Кадырын билбей кор кылчу
Бороону күч ызгар жок.
Тили катып саргаяр
Булбулга жоо кыштар жок.

Келчи, булбул, эртерээк,
Бакчамдын гүлү ачылды.
Сен келет деп бакчада,
Сайрагандар жашынды.

Өз үйүмдүн бурчуна
Гүлдөр тигип берейин.
Булбулум, таңшып сайрачы,
Күкүктү билип келейин.

Билбейм неге шылтоолоп,
Айтты бекен жашсың деп.
Бүгүн эртең күн болжоп,
Таңшыр булбул таңшый элек.

Бардык жер кызыл-тазыл гүл,
Ачылды булбул жайдарың.
Дайым жаз учуп кетпессиң,
Булбулум, келгин, сайрагын.

*1935*

## ФРУНЗЕ

Эй, карачы эс алуучу жер сонунун,
Көрө аласың ыракаттын толугун,
Бирдемеге ыраазы эмес жан элең,
Келсеңчи сен, кетет кыял-жоругуң.

Фрунзе өстү, таштап баткак-чыласын,
Бир эле көр, дүйнөгө кеп кыласың,
Жайдын толуп турганында Фрунзе,
Бир көрк алат, арманыңдан чыгасың.

Көп эле сен ачуума тийбесең,
Былжыраба, эчтекени билбесең!
«Анчейин бир кыштак экен» дептирсиң,
Сен экенсиң, атайлап мен ким десем.

Комсомолдор чоң далалат көтөрүп,
Кечээ гана ишембилик өткөрүп,

Даңгыраган таш көчөлөр жасашты,
Атайылап арабалар кум төгүп.

Дагы мына сабыр кылгын шашпагын.
Тээтетиги бийик зоока таштарын
Ташып келип сонун тамдар тургузсак,
Келет го дейм дагы миң жыл жашагың.

*1935*

## БҮГҮН
### *(8-мартка)*

Айып этпе, бактым, күнүм, нурум дейм,
Ошондойсуң эми эмнеге кайгы жейм.
Жаш сулуулар, өңкөй кыздар чогулат,
Бүгүн жүрөк башкачарак болот бейм.

*1935*

## ГҮЛҮМӨ

Жайлоодо өскөн жадырап,
Кыпкызыл, жашыл гүлүм бар.
Өмүрлүккө сактаган
Бактылуу гана күнүм бар.

Гүлүмө кир жугат деп,
Эч кимиңе карматпайм.
Көрсөң куса болосуң,
Жаныма окшош ардактайм.

Гүлүмдүн жыпар жыты бар,
Эч кимиңе жыттатпайм.
Көпөлөк болуп учарсың,
Желе тартып кылтактайм.

Гүлүм аска башында,
Учсаң чарчап каласың.
Татынакай гүлүм бар,
Кимиң жетип аласың?

Жайлоодо желден дем алып,
Гүлүм гүлгө жеткенде.
Экөөбүз бирге жашайбыз,
Күкүктөр күнгө кеткенде.

*1935*

## БИР ТҮНҮ

Айылым булак маңдайында,
Көчүп барып кономун.
Жерди ойготуп, жерди ойноткон,
Таңдын нуру боломун.

Мобул тоолор кеч болордо
Көлөкөсүн калдайткан.
Тетиги аска менден мурда
Кылымдарды картайткан.

Күн чыгарда күн чыгыштан
Тарткан алтын боёгун,
Таңкы жүргөн шамал менен
Жарышып ырдап коёмун.

Түн болгондо жомок айтып
Шылдырлаган булактын
Күүсү эмне экен, көпөлөктөн
Булбулга айтып сураттым.

Билдим анын, уктум күүсүн,
Булбул айтып бериптир.

Колхоз айылы жыргап жаткан,
Санааны бүт жеңиптир.

*1935*

## ӨЗҮМ

Ырдап жүрөм, бирок көп эл уга элек,
Китептерим атак алып тура элек.
Кагаз таңгак, бардыгы тең кур турат,
Сыя өңдүү калемиме жуга элек.

Талант, толку, толкун менен кеңешкин,
Бир баш тартпай, күчү менен ченешкин.
Бекеринче бирок такыр мактанба,
Жерде жүргөн жеңил кеме эмесмин.

Жүрөгүм сен, аптыккандай урбасаң,
Бул ишке эми чындап көңүл бурбасам.
Ырым менен бүт ааламды эритип,
Айга ыракат, жылдызга оюн курбасам.

Азыркы элдер тамшанышып калышсын,
Кийинки элдер издеп жүрүп табышсын.
Курбуларым өздөрүндөй сакташып,
Кыздар сүйүп, гүлдөр тандап тагышсын.

Качан?.. – дешип күткөндөр бар сагалап,
Өскүн талант, көргүн турмуш аралап.
Актай турган кагазыма ыр толуп,
Том-том болуп жакын күндө таралат.

*1935*

## ОЙГОНОРДО

Ушул жердин, жаш кезде
Уктум эле атагын.

Мына бүгүн үч-төрт ай
Эс алууга жатамын.

Тетиги кыштак былк этпей,
Түн койнунда жай жатат.
Жоголуп жылдыз бир бирден,
Жалкоолонуп ай батат.

Мөмөсү бышкан калың бак,
Мен уктап таң аттырам.
Ырдайм, басып жүрөмүн,
Ойлоого ой арттырам.

Аңгыча күн кылайып,
Алтын кирпик көрүнөт.
Булбулдар күндө ырдачу
Таттуу ырына чөмүлөт.

Уктарымда күкүктөр
Кыялымды ойнотот.
Таң атарда булбулдар
Сайрап жатып ойготот.

*1935*

## КАГАЗЫМА

Азырынча жөн жата бер, билинбе,
Көп ырларым, кабардаш бол бириңе.
Аман болсом жазып жатып өлөмүн,
Талант жатсын, кагаздарым чирибе.

*1935*

## СЫЯМА

Мен жазамын, сыям толкун, баспасын,
Мен аңтарып жүрөгүмдүн казнасын.
Сыяларым түпсүз дарыя болсо да,
Күчөгөндө соолуп кете жаздасын.

*1935*

## КАЛАМЫМА

Эй каламым, араң чыгат дабышың,
Али керек алыс жакка чабышың.
Ушул жолдон имерилбей кете бер,
Тоого өрдөсүн катуу жорго салышың.

Күкүк, торгой эстеринен танышсын,
Арт жагыңдан болбой ээрчип калышсын.
Сайрап жаткан булбулдар да токтолуп,
Ой чиркин ай, деп бир карап алышсын.

*1935*

## ШУМКАРГА

Биз – Ала-Тоо шумкары,
Учалы, курбум, учалы.
Талаалар келет, көл келет,
Жол алыс, талбай сызалы.

*1936*

## ГҮЛ МЕНЕН КУШ

***А. . . . .га***

Же жыпар жыт гүлдөндүр,
Үзөм деп бирөө жүргөндүр.

Консо кандай жарашат,
Сулуу куш көзү түшкөндүр?

Гүлдүн жашыл шагы экен
Өскөнү салкын багы экен,
Ушул кушка ылайык:
Гүлдүн да толгон чагы экен...

Түшөсүң гүлүм кимдерге?
Өспөссүң дайым бул жерде...
Үзүлгүн, гүлүм, соолутпай
Салкында кармай билгенге!

Сулуу куш учсун көрүнсүн,
Учсун да, ушул гүлдү үзсүн.
Солуба, гүлүм, соолуба
Азыркы жаштар көөнү үчүн.

Гүлүм сени жыттайын,
Сен күзгүдөй нуру айдын.
Кысып сени боорума
Зыпылдап алыс учайын.

Сулуу куш – жигит, гүл – бир кыз,
Гүл десем жүрөк этет тыз,
Кушту мынча талпынтып,
Мынчалык жапа кылдыңыз!

Жаштыкта не бир сонун бар,
Болсунчу бирге колуңар,
Заман бизге эрк берет,
Бирге болсун жолуңар.

Эмесе бачым күн жетсин,
Гүлүм гүлүн түрдөнтсүн!

Гүл үзүп күнгө зыпылдап
Куш канаты жарк этсин.

Ырым көп бирге ырдасак,
Заманды бирге жылдасак,
Кушуңдун көркүн келтирип,
Гүлүңдүн көркүн чыгарсак.

Жолуктумбу мезгилсиз,
Кандай күнөө сездиңиз? –
Сүйүүбүз соккон жүрөктө
Болсунчу бирге энчибиз!

Же жыпар жыт гүлдөндүр,
Сулуу куш көзү түшкөндүр.
Жашчылык гүлгө сугалак
Жыттайм деп бирөө жүргөндүр.

Биздин кызык күндөр бар,
Биз кызыккан гүлдөр бар.
Сүйүү менен эрдикке,
Даярбыз, кыз-уландар!

Түшөсүң, гүлүм, кимдерге
Өспөссүң дайым бул жерде.
Үзүлгүн, гүлүм, солутпай,
Салкында кармай билгенге.

*1936*

## ШОТА

Мукабаттык кубат кошот, жашартат,
Сүйө билсең – сүйүү ракат жол ачат.
Өмүрдөгү эң кызык кез – жаштык кез,
Мукабаттык күлүп алтын нур чачат.

Чындык сүйүү – жарып чыгат зынданды,
Ал эскирбейт, жүздөп жылдап жол басат;
Ошондуктан жети кылым өтсө да,
Чын ашыктык дайрасында ак чабак
Болуп сүзгөн күндөн сулуу Тинатин,
Канат шилтеп дале кетип баратат.

*1937*

## КҮНДӨР ЖӨНҮНДӨ ЛИРИКА

Жаратылыш, сенде кандай кубулуш,
Өз бооруңа кучакталган бул турмуш,
Жаз алдында жаңы ачылган гүлдөрдөй
Күндө алдыңдан гүлдүү күндөр болот туш.

Ар бир күндүн өзүнчө го жаштыгы,
Жарашыктуу күлкү, оюн, шаттыгы,
Сонун акыл, сонун сүйүү туулат
Зымырылып кууган сайын жыл-жылды.

Мына заман октой учуп зыпылдап,
Калың турмуш арасында кыдырат.
Көрчү досум, биз жашаган күндөрдү
Адамдыктын бактысы өсөт, гүлдөп бат

Жаштык колдо, кубат да мол, курбулар,
Жашоодогу кымбат күндөр бизде бар,
Астыбызда мол өмүрдүү күндөрдө
Бар го далай ачыла элек кулпулар.

Күн, сен нурлуу, ай, бактылуу тие бер,
Жалгыз гана жарашыктуу биздин жер.
Жардай ысык биздин күндү көрүшсүн,
Кайгысы жок эл бар бекен дегендер.

Күн, сен нурлуу, ай, бактылуу тие бер,
Жалгыз гана жарашыктуу биздин жер.
Шаттык, күлкү, жашчылыктын ичинде
Сен да жыргап туула бер жаш күндөр.

*1937*

* * *

Мен өзүңдү сүйгөнүмө кайгырам,
Билем сенин таалайың кең жайылган.
Сен күлөсүң мени таба кылгандай
Убалыңа жетер көздөн аккан кан.

*1938*

## ЖУМУШЧУ ДЕГЕН КИМ

Күлүктүгү санаадай учкул минсек,
Асман менен жер жүзүн тегеренсек,
Адамзаттын ээлеген топурагынан
Биз ошондо нелерди көрөр элек.

Көрөр элек жер үстүн саймаланган,
Ар бир эл түрлөндүрүп дүйнө курган,
Окшобойт бир-бирине карап турсаң,
Алтын күн, күмүш айдан жарык алган.

Тургузган мунун баарын жумушчулар,
Колунда балка менен күрөгү бар.

*5/XI 1939*

* * *

Келсем турат мен туулган жер тамым,
Мында сиңген күлкү менен ыйларым.

Мында калган алтын бала чактарым,
Уруу, өбүүсү эне менен атанын.

*1939*

## ҮСТӨЛ ҮСТҮНДӨГҮ КҮЗГҮ

Жаш сулуу мындан өзүн карагандыр,
Тең жарып кара чачын тарагандыр.
Күнөөсүз, чырымталсыз ак жүзүнөн
Жаштыкты ызалантчу от жангандыр.

Көп айлар далай жылдар алыс калды,
Күзгүдөн да бир жолу карагандыр.
Мурдагы шооласы жок жаркыны жок,
Жүрөгү өчкөн оттой жарадардыр.

*10/XI 1939*

## БАЛ

Жаңы жыл, Ленинград, зал, эл ызы-чуу,
Бокалдар шаңгыр-шуңгур кагылышуу.
Бир жылдын келбес болуп кетиши үчүн,
Кызыган көңүл чалкып алыска учуу.
Аңгыча музыкалар бий, күү ойноп,
Буралып кыз-жигиттер өттү дуу-дуу.
Ичинде көзү тааныш бирөө жүрөт,
Кем эмес тигилерден, сулуу кыздуу.
Карасам биздин кыргыз уланы экен,
О, кандай кубанычтуу, кубанычтуу.

*28/XI 1939*

## НАН МЕНЕН АКЧАНЫН МЕЛДЕШИ

Акча айтат:
– Мен күчтүүмүн!

Нан айтат:
– Мен күчтүүмүн!
Акча айтат:
– Мени менен сатып алат.
Нан айтат:
– Мени сатып, сени табат.
Колунда акчасы бар, наны да бар,
Бир кыргыз анык калыс жагы да бар:
– Акча аке, сени менен өтүк кием,
Нан аке, тоё жээгө ишендирем.
Согушта кимиң мага бектик кылсаң,
Ошондо күчтүү экениң айтып берем.

*29/XI 1939*

* * *

Туурамчы туурамчыдан майда туурап.
Кесмесин чакан салып, чыгын чыктап,
«Аксакал, алыңыз» деп үлпөт кылып,
Жеп жатсаң бешбармак да сонун тамак.
Бирок да улуу элдин помидорун,
Капуста, бадыраңын кабыл алсак.
Айылда жаңылыкты кубатташса,
Андан да болор беле даамдуурак.

*30/XI 1939*

## СҮЙЛӨШҮҮ

**С ы н ч ы:**
Ырың жаман акыным, ырың жаман,
Чыкпайсың бир калыптуу такылдактан.
Сына деп кыйнамайың жанга батты,
Кур сөздү түзө салып, төрт-төрт саптан.
Күнүнө бирден китеп тапшырасың
Окусаң көңүлүңдү кайгыланткан.

Ичинен иргеп алар бирөө да жок,
Не кылар айла таппай келе жатам.

**А к ы н:**

Билбейсиң анын терең маанилерин,
Тарыхка кала турган келечегин.

**С ы н ч ы:**

Сурайлы андай болсо калыстардан
Биринчи айылдагы колхозчудан

**К о л х о з ч у:**

Кат билбейм, балдарыма окуткамын,
Аябай ынтаа коюп тыңшагамын
Жаштардын жыйырма менен жыйырма беште,
Жетинчи, сегизинчи жыйнактарын.
Жер айдайм, жер айдоодо ырдайын дейм,
Чөп ором, чөп оргондо ырдайын дейм,
Тилиме бир жумшак ыр таба албадым.
Кой жаям, кой жайганда ырдайын дейм,
Эс алам, эс алганда ырдайын дейм,
Бир ырды оң обонго сала албадым.
Ошентип аман-эсен келе жатат,
Өзүмдүн таап алган кыңылдагым.

**А к ы н:**

Түшүнбөйт, кантсин абам караңгы да

**С ы нч ы:**

Баралы андай болсо жумушчуга.

**Ж у м у ш ч у:**

Ырлар бар мына мындай жаттап алгам:
«Эмгекчи өз ишине шакылдаган,
Күүлөнүп станоктор такылдаган».
Балкамбы, же ырларбы кызыгында,
Адашып айырмасын таппай калам,
Биздерде жаман кызмат брак болот,
Силерде бирдей белем жакшы-жаман?

**А к ы н:**

Мен жазам, интеллигент достор үчүн,

Ушулар дурус билет ырдын күчүн.
**И н т е л л и г е н т:**
Аз эмес, көп эмеспи жазуучулар,
Адамды алдап койгон өңкөй куулар.
Китеби он жыл мурун «Толук жыйнак»
Ал эми дал эле ошол «Тандалмалар»
Кубанып жаңылыгы бардыр десең,
Баягы-баягы эле окшош саптар.
«Ала –Тоом, «Ысык-Көлүм», миң кайтара,
Биринен, бирине өтүп карызданар.
Үргүлөп уктап кеткем кезим болот,
«Надоело, наконец» мындай ырлар,
**А к ы н:**
Айтышсын жаш өспүрүм окуучулар,
Түшүнгүч, курч акылдуу садагалар.
**С ы н ч ы:**
Макулмун, аныңа да, кана сура.
**Ө с п ү р ү м о к у у ч у:**
Өтүнөм жазуучу, агаларга,
Мени да мүчөлүккө кабыл алса,
Себеби «Ыр жыйнагы» менде да бар,
Кем эмес көркөмдүгүн салыштырса,
Бүткөндө мектебимди акын болом,
Баарынан акын болуу арзан тура!
**С ы н ч ы:**
*(Акынга мурутунан жылмайып карайт)*
**А к ы н:**
М...м...
Ырас, ырас,
«көп айтса калп айтышпайт» деген кеп чын
Бирок да билсе акындын капалыгын:
Элим бар миллионго жетер жетпес,
Китебим төрт миңинен ары кетпес,
Пушкиндей миллиондогон окуучум жок
Көп азап азга жазуу, турсаң ойлоп.

Ырымдын начардыгы ушундадыр,
Кантели, ким айыптуу? – жалгыз тагдыр.

**С ы н ч ы:** *(китепканачыга)*
Мен сизге бере турган тапшырмам бар.

**К и т е п к а н а ч ы:**
Даярмын аткарууга кадырмандар,

**С ы н ч ы:**
Элинин биздин элден саны аз болсун,
Атагы СССРге тааныш болсун.
Ушундай бир акындын китебинен
Көп рахмат айтар элем алып берсең,

**К и т е п к а н а ч ы:**
Мынаңыз!

**А к ы н:** *(окуп)*
Коста Хетагуров!

**С ы н ч ы:**
Костанын эли болот аз осетин,
Билерсиң биздики андан көп экенин.
Карачы орус, кыргыз, түмөн калктар,
Бардыгы өз тилиндей сүйгөндөрүн.
Жамансың, акыным, өзүң жамансың да,
Жаман деп бетиңе айттым ызаланба!
Үйүң бар, жайың салкын, кышың жылуу,
Жашайсың Фрунзенин бир бурчунда.
Көрбөйсүң айылдагы турмуштарды,
Сагынып сени дайым күтүп турса.
Жетишсе китебиңе чебердигиң,
Кылымдар сакталуучу алптар анда.
(Акын ойлонуп отуруп калат)

*30/XI 1939*

## САНААМ

Келатса чала тааныш бир топ адам,
Алды-арты кырктан сексен жашка барган.

Таякчан көпчүлүгү көз айнекчен,
Кашка баш чекелери бир карыштан.
Бир сөздү ортосуна талаш кылып,
Кылдаттап бирди миңге майдалаган.
Аңгыча жанымдагы жолдошумдан
Буларың ким болот деп сурап калсам:
– Четкиси профессор Керимбаев,
Беркиси академик Бекболотов,
Ортоңку доктор Аалы Касымбеков.
Кадимки биздин кыргыз балдарынан.
Деп гана жооп берип тааныштырса,
Көңүлүмдө калбас эле эч бир арман.

*30/XI 1939*

Чыр, талаш, октуу-оттуу күндөр бүтсө,
Кең уктап, кең ойгонгон мезгил келсе,
Нечен жыл катуу ойлоп мээлери ооруп,
Каржалган акылдуулар жеңилдешсе,
Болотту колуң менен кармап көргөн,
Бейиштей эң укмуштуу убак жетсе,
Жер жүзү бир атанын баласындай,
Чакырып бирин-бири мейман этсе.

*1.12.1939*

## БИР АЙЛЫК ДЕМ АЛЫШТА

Жайлоолор, биз жайлаган ой-тоолорум,
Төрт түлүк мал каптаган боорлорун.
Жыбырай сулуу конгон калың айыл,
Баарына бир боордой болгондорум.
Эриккен көйрөң жаштар итти үрдүрүп,
Салдырып өтүп кетмей жорголорун.
Келиндер сыртка чыгып карап турмай,

Алардын оодарышып ойногонун.
Алдуусун шамдагайы жыгып кетсе,
Эл менен мен да эзилип күлгөн доорум.

Түн жарык, түшкөн ийне табылгандай,
Ай калкыйт, уялыңкы акырын жай.
Суранса энелери уруксат берип,
Оюнга бирин-бири чакырышмай.
Ыргытса кулачы узун алыс кетип,
Уландар ак чөлмөк деп жулкулдашмай,
Бозойлор сүйгөнүнө жоолук таштап,
Байкатпай ала калып ургулашмай.
Селкилер «ай» деп жалган чочуп кетип,
Бураңдап элди айланып катуу качмай.
Кап дешип, ажырашмай көзү кыйбай,
Оюнга чала каnып, чала канбай.

*3.12.1939*

## ТҮНКҮ КҮЗӨТ

Күмүш булут үстүнөн
Ак айдын нуру төгүлөт.
Ак айдын сулуу бетинен
Менин жарым көрүнөт.

Асмандын ачык жеринен
Баркырап жылдыз бөлүнөт.
Жылдыздын уяң бетинен
Менин жарым көрүнөт.

Ал азыр сары күңгөйдө
Жаткандыр короо имерип,
Саргарып мендей күйгөнгө
Шамалдан салам жиберип.

Көп-көп келин, кыз менен
Ак айды тиктеп жалдырап,
Жылдыздардын ичинен
Ал дагы мендей жар карап.

Аргымак минип алкынтып,
Айлына барар бекенбиз?
Жалындуу дартты басылтып,
Айкалышар бекенбиз?

*10/XII 1939*

## ЖЕР ЖҮЗҮНҮН КАРТАСЫ

Жер жүзү кандай кенен, канча мекен,
Картага батырылган өнөр менен.
Биринен бирин айрып таануу үчүн,
Боёлгон ар түрдүүчө боёк көрөм,
Антпестен бир гана түз болсун үчүн
Бардыгын кызыл менен боёр элем.
Бетине сулуу оюлган тамганы уруп,
Окуса: үч С жана бир Р деген.

*1939*

* * *

Көбүктөнгөн күлүк аттай аркырап,
Жыйырма беш жетип келди чапкылап.
Алы жетпес, күчтүү күчкө жол ачып,
Жашчылыктар кала берди кол булгап.

Кетти, кетти балалыктар кайрылбай,
Аткан октой кайрылууга айныбай.
Эсте калды бир күн көргөн оюндай,
Аз ырдалып унутулган ырлардай.

Кош бол, кош бол, уурдалган жылдарым!
Кайкып учкан ылачын куштай чактарым...
Артыӊ өкүнүч, алдыӊ кызык койнунда
Аз жашадым, дагы азыраак жашармын.

*1/I – 1940*

* * *

Мингениӊ алтын ээрдүү күлүк салт ат,
Камчылан! Айга алкынып салсын таскак,
Калтырып сан бууданды кайыктай сыз!
Күчө элим, дарыядай ташкындап ак.

*4/I 1940*

## БИЗ

Боорунда Ала-Тоонун ойноп-күлдүк.
Алкынтып азоо күлүк атын миндик.
Этин жеп, кымыз ичип кыялданып,
Асылкеч уяӊ, сулуу кызын сүйдүк.

*4/II 1940*

* * *

Шаарымдын бир учунан бир учуна карасам:
Жаӊы түшкөн, тааныш эмес, жаӊы там...
Замандардан замандарга калкуучу,
Чөкпөй турган корабльдей салынган.

Ал тамдарда жашагандар ким десеӊ?
Менин бир боор кыргыз деген үй-бүлөм!
Жаш калаага турактуу уул болууга,
Аз жыл болду, тоодон көчүп келишкен.

*1/III – 1940*

## ЖАШАСЫН ЖҮРӨК, ЖАШАСЫН АКЫЛ

Душман жакын,
Душман өжөр–
Амалдуу!
Көп самолет,
Көп танкалуу
Бомбалуу...
Ошондуктан –
Арам колго
Кыйбас шаар:
Киев,
Харьков,
Одессалар
Ызалуу!
Эл ызалуу,
Капалуу эмес –
Ачуулуу!
Эми каптаар
Сел сыяктуу
Кайраттуу.
Өз энчисин,
Кайра тартып алууга
Кеменгердей
Сабыр кандуу,
Чыдамдуу.

* * *

Душман жакын,
Ленинград жанында
Кармашуулар
Ок жамгыры алдында!
Ушул жерге
Катуу урунуп
Кыйроодо
Чабуул салган

Коркунучтуу
Техника!
Бербес үчүн
Ленин ата намысын
Чеп болууда
Биздин улуу армия.
Ошентсе да:
Жармашкан жоо
Арылбай,
Жанталашып
Ок атууда,
Атууда!

* * *

Душман жакын
Күчөп соккон бороондой,
Москва – жүрөк,
Бу да
Шашып соккондой:
Өз алдында
Кандуу майдан,
Кагылыш,
Тагдыр талаш-
Же бар болмой,
Жок болмой!
Бул намыска,
Чыдай албай
Арданып,–
(Өлүм дагы
Ага каршы болбостой)
Пушкин,
Горький,
Улуу Ильич ойгонуп,
Армиянын
Командири
Болгондой!

* * *

Душман жакын,
Биздин өмүр
Чегине!
Күз түшүрмөк
Жаштык кызыл
Гүлүнө.
Түн бастырмак
Жанбас кылып
Экинчи
Көп бөлмөлүү
Биздин
Жарык үйлөргө!
Таш каптырып
Даамдуу тамак
Ордуна,
Уу куймакчы
Идиштердин түбүнө.
Адил жүрөк,
Чындыкка көрк
Көкүрөктү
Чиритмекчи
Ыза кордук,
Күнөөгө!

* * *

Жок,
Бул болбойт!
Душман жакын болсо да!
Миң алаамат
Амал, айла
Кылса да!
Жексен болмок,
Не кыла алмак борошоң?
Эгер,
Аалам –

Океаны каптаса!
Эмесе
Биз,
Океанбыз
Каптоочу
Кана
Калкым,
Эң чечкиндүү
Катарга!
Бул катарга
Кайрат берчү,
Жаша жүрөк,
Жаша акыл,
Эрк
Жаша!

*1941*

## ЧЫН ЖОЛДОШ

Муну айтсам, бирөө угар, бирөө укпас,
Чынында азга жагар, көпкө жакпас.
Кары, жаш, ушунча көп адамзаттын
Бир гана жолдошу бар түк айрылбас.

Ал жолдош көп кылымдап, нечен-нечен...
Эң башкы Адам ата, Ава энеден.
Түбү жок, уч-кыйры жок сапар чегип,
Эшикти тырс-тырс кагып бизге келген.

Дүйнөгө алтын бөбөк келер замат,
Куттуктап, бизден мурда тосуп алат.
Соксоюп бешиктин дал маңдайында,
Уктабай үңүрөйүп карап турат.

Ошондон түк айрылгыс жолдош болот,
Айбыгып эч нерседен коркпос болот.
Эр болсоң, сенден күчтүү а да эр болуп,
Шер болсоң күркүрөгөн жолборс болот.

Сени ээрчип, тойго барсаң, тойго барат,
Ат минип жолго аттансаң, кошо аттанат.
Эгерде айдай сулуу жарды сүйсөң
Ал дагы бир жагынан колдон алат.

Кайгырсаң – кайгырат да, күлсөң күлөт,
Уктасаң кошо жатат, жүрсөң – жүрөт.
Алам деп көктөгү күн сураса да,
Түк бербейт, сени ошончо жакшы көрөт.

Бирөөгө бул мындай деп сырыңды ачпайт,
Сүрдүү сот, ок алдында айбыңды айтпайт.
Ал өзү ошончолук адил жолдош,
Калп айтпайт, ушактабайт, жамандабайт...

Алыкул, чын жолдошуң ал ким десең,
Эң уяң... көзүбүзгө көрүнбөгөн –
Эли жок, жери да жок, тууганы жок,
Кадимки кайран баатыр өлүм деген.

Азбаган, картайбаган, жүдөбөгөн,
Мүлдө аалам түгөнмөйүн түгөнбөгөн...
Эринбей, шашпай басып, жалгыз гана
Укумдан тукум кууп жүрө берген.

Сен айтчы, жан шеригим, мен сүйгөн жар,
Жана да улуу-кичүү жан курбулар:
Шум өлүм, өлбөй турган жок болгон соң,
Кандайча жаман көрөр жөнүбүз бар?...

*26/XI 1944, Койсары*

## БӨБӨККӨ

Эң жаш калып, эсте калбай ата-эне,
Кайнап бышып, далай кыйын кездерге.
Балбан турмуш түбү калың болсо да,
Керек жерин жара тээп кирерде.

Тооруй басып, тосуп чыгып жолумдан,
Бурай кармап, майыштырып оңумдан,
Жаш өмүрдө жаңы бөбөк көрөрдө,
Таш боор өлүм тартып кетти колумдан.

Күндөр болду, ырас, аздым, жүдөдүм,
Эртесинде кайра унутуп күлгөмүн.
Бирок чиркин, бөбөк деми күч экен,
Эч мынчалык ууланбаган жүрөгүм.

Эң таза эле сүт үстүндө каймактай,
Сайрайт эле булбул кушту сайратпай.
Бирок тагдыр жеткирген жок ал күнгө,
Ай, чиркин ай, өмүрүнүн кыскасы ай.

Алтын да бар, асыл да бар элдерде,
Не бир түркүн сонундар бар дүйнөдө.
Ошончолук кымбаттардын ичинен
Атасы үчүн бөбөккө тең жок эле.

Сулуу тоолор, көркөм көлдөр четинде,
Көп гүлдөр бар кызыл-жашыл төрлөрдө,
Жер аңкыган ошончо жыт ичинен
Атасы үчүн жыпардай жыт жок эле.

Жаштык ширин, сүйүү ширин билгенге,
Андан ширин, бир боор тууган ата-эне.

Ошончолук көп ширindин ичинен
Атасы үчүн андай ширин жок эле.

Түпсүз кубат, чексиз элес болучу,
Сырга чоң сыр, ойго кеңеш болучу.
Энесиндей эссиз эмес болучу,
Атасындай кекчил эмес болучу.

Өлдү бөбөк, жүргөн каны токтогон,
Бир жылт этип өчкөн чырак окшогон.
Учсуз жердин бир ууч куну кеткен жок,
Бети жок ай, жер уялбайт ошондон.

Кетти бөбөк жана гана бар болгон,
Жарык таанып, жаңы гана ойгонгон.
Түпсүз көрдүн карыш бурчу кеткен жок,
Ары жок ай, көр уялбайт ошондон.

Бар болсо экен картайганда көргөнү,
Соо болсо экен жаштын жаңы жөлөгү.
Өмүр алда, эртеңкиге тобокел,
Өлбөсө экен, башкалардын бөбөгү.

*30/XI 1944*
*Койсары*

## ЖАМАНДОО

Келишкен көркү сонун кийими таза,
Пальтосу жаңы форум кара жака.
Көзү ойноп, кызыл эрди жып-жып этет,
Орусча, кыргызчалап сүйлөп турса.

Аңгыча, дагы бири кезигишет,
Токтой тур, тиги дагы келсин дешет.

Ошентип мен тааныган бир топ аяш,
Бир сырдын эркек көрбөс сырын чечет.

Ал эмне, бир жигиттин маселеси,
Мисалы, Алыкулдун аңгемеси.
Дуу этип баары тегиз күлүп калат,
«Да, да» деп жер тепкилейт четки эмеси.

Бул дагы аз, эстүү курбум, момун досум,
Көп болсун... андай достор аман болсун.
«Ай кыздар, ал гана эмес мындайы бар»,
Деп кошот: «ай оңбосун, ай оңбосун».

Ал кезде мен олтурам үйдө жалгыз,
Ойлордон ойго батып түпсүз-сансыз.
Аттиң ай, бир чоң килем соксом ээ дейм,
Бир четин мүлдө кыргыз көтөрө алгыс.

Ойлойм да ойго батып бекер турбайм,
Пушкинден, Шота абамдан акыл сурайм,
Жок дешпейт, мындай дешип, айтып берет,
Кайрадан көбүн оңдойм, иргейм, ылгайм.

Ошентип кирпик менен килем согом,
Өңү өчүп оңой менен гүлү оңбогон.
Жанагы «жаман» деген «жакшылардын»,
Сөзүнүн чын, калпына күбө болгон.

*2/XII 1944*
*Койсары*

## МЕНИН ЖЫЛДЫЗЫМ

Атамдын досу дешчү, эс-эс билем,
Аксакал чоң абышка Касым деген.

Бир түнү койнуна ороп алып чыгып
Көрсөтүп бир жылдызды колу менен:

«Таанып ал, тээтетиги сеники уулум,
Карачы жаңылыгын, сулуулугун.
Билип жүр, сен батканда кошо батат,
Сөзү ушул бизден дагы мурункунун!»

Чоңойдум, жигиттикке күндөр жетти,
Ой басты тунжураган эрте-кечти...
Ээрчишип оюн-күлкү, мастык менен
Эсимден анын баары чыгып кетти.

Калп эмес ушул күнгө ошол күндөн,
(аныма кээде өзүмчө ичтен күлөм)
Көк түстүү кең асмандын барагынан
Карайм да кайда экенин таппай жүрөм.

Ах, чиркин, да бир жолу көзгө түшсө,
Эгерде ай кызганып, күн түртпөсө,
Жер шарын колтугума кысып алып,
Мейманга барар элем эки-үч күнгө.

Көрсөтүп бир тилектүү жер баласын:
Болгондо биз сыяктуу эр даанасын.
Көп турбай кайра түшүп келер элем,
Таанытып адилдиктин заманасын.

*3/XII 1944*
*Койсары*

## УЙКУМ КЕЛЕТ...

Абаке ай, кече күнкү биз жеген эт,
Андай эт майга оролуп күндө келет.

Кандайдыр, биз билбеген күчү бар бейм?
Ыксырайм, уйкум келет... уйкум келет...

Урушпа, сага бир кеп айткым келет,
Ал этти парыз бекен дайым жемек?..
Жаштардын кол-аягы ичке болуп,
Кыздарга кайдан бүткөн одоно бет?

Кейибе, эмнени айтып дөөдүрөйт деп,
Эт жемек өнөр бекен күндө тердеп?..
Касымкул неге жалкоо? Билесиңби?
Дале жок, ана келет, мына келет...

Максат жок, эт жебегин, аба, демек:
Мен жүрөм, күчүбүздү дайым ченеп,
Таарынба, чычалаба, ачык сөзгө,
Эмне үчүн биздин элдер борпоң делет?

Муну айтам эгер берсең, мага кезек:
Орустун көп даамына уруксат этсек,
Кара көз, чымыр дене көркүн алып,
Бир сонун гүлдөр элек... гүлдөр элек ...

Кой дебейм, эмне берсең өзүңдө эрк,
Менде жок эт жебейм деп кесирленмек.
Өзүмчө бир байкаган сырымды айттым,
Негедир уйкум келет... уйкум келет...

*3/XII 1944*
*Койсары*

## ШОТА РУСТАВЕЛИГЕ

Шота аба, чын достуктун эң кымбаты,
Эр үчүн керек жерде ак кызматы.

Жөнөй бер, дагы сонун жерге алпарат,
Алдагы мен берген ат – кыргыз аты.

Таарынба, белегимдин көрдүң азын,
Сынагын кандай экен, ичин ачкын,
Ал белек: сага тааныш – сулуу Нестан,
Мен аны кыргызчалап кайра жаздым.

Тариэл – сен көргөндөй баа жетпес эр,
Автандил – жүзү жылуу акылман шер.
Түз талаа, бактуу калаа, тунук суулар...
Баары бар... Тинатин кыз үн салган жер.

Баягы кара үңкүрдө күткөн Асмат,
Батмажан виного мас, күлгөн шат-шат...
Айтылды өз түрүндөй Фридон дос,
Не сулуу, айлуу түндөр күмүштөй ак...

Айбы жок жаш сүйүүнүн кайгылары,
Эң таттуу, эң бир жумшак муңу, зары,
Арфа ыры, жанды эриткен коңур үндөр,
Таарынуу, сүйүнүүлөр – баары, баары...

Жок күтпөйм, алдын алып айтпа рахмат,
Өзүң көр, өзүң өлчө таразалап.
Арманым ошол сүйүү бул күнгө да,
Кайрадан жаралсачы атаганат!

Шота аба, чын достуктун эң кымбаты,
Эр үчүн керек жерде ак кызматы,
Жөнөй бер дагы сонун жерге алпарат,
Алдагы мен берген ат – кыргыз аты.

*4/XII 1944*
*Койсары*

## ИЧКЕ СУУ

Ай күмүш суу, ай тунук суу – Ичке Суу,
Жаштык, сүйүү кумарына ичме суу.
Он бештеги кыздар таккан чачпактай,
Заманыңа жарашыгың укмуштуу.

Сен өмүрдүн кол жоолугу – гүлдүүсү,
Көктөгү айдын жасануучу күзгүсү.
Буудай, арпа ысык койнун аралап
Аккан үнүң – боз балдардын күлкүсү.

Келдим, кеттим, мейман болдум беш күндүк,
Жан кыйышпас дос болуштук өмүрлүк.
Жаңы тамдуу, кашкар талдуу колхозуң
Кайда жүрсөм бир боорумдай көрүнүп.

Ишенбайлар, Адыбайлар, дагылар,
Жумадилдер – барлыгы эстүү адамдар.
Жаш көчөгө биринчи тал тигишип,
Алтын жерге биринчи арык салгандар.

Силер берген кызыл кымыз, канттуу чай,
Мынча ширин, мынча балдай таттуусу ай.
Колун тартты уулангандай сары оору
Аңдып жүргөн мени кыйып салчудай.

Колхозуң бай, байлыгыңдай берекең,
Мындагы элдер башкача бир эл экен.
Пейли менен мени кайра тирилтти,
Алым куруп, чыгар кезде керектен.

Кайра барам да бир жылы өлбөсөм,
Мени оору эмес, ооруну мен көмбөсөм.

Зуулап учкан улуу заман милдетин
Калкым үчүн каным менен төлөшөм.

Ай күмүш суу, ай тунук суу – Ичке Суу,
Жаштык, сүйүү кумарына ичме суу.
Он бештеги кыздар таккан чачпактай
Заманыңа жарашыгың укмуштуу.

*4/XII 1944*
*Койсары*

## КАРКЫРА

Бала кез, көктөм убак, жазгы баар,
Асманда карк-карк этет каркыралар.
Мен анда: «эй, замандын калыстары –
Көрсөтчү, канатыңда не жазуу бар?»

Уккандай дал үстүмдө тегеренет,
«Ал мына, окуп кал» – деп белги берет,
Карасам, канатында төрт сап ыр бар,
Эсимде ал төрт сап ыр мындай делет:

«Турмушта бакыт да бар, байлык да бар,
Болушкан бирин-бири көрүүгө зар.
Мына эми биздин күндө кошулат дейт,
Сен да кел, ошол жакка биздин сапар»...

Аз, көппү, санабадым күн эсебин,
Колхоздо бир нече ирет орулду эгин;
Арадан күндөр бат-бат алмашылып,
Айланып Каркыра аттуу жерге келдим.

Көйкөлүп мелт-мелт этет жайык бети,
Көрсөтүп чоң боз үйдү берки четки.

«Туугандар бул үй кимдин үйү?» – десем,
«Колхоздун койчусунун үйү» дешти.

Кыргызда адамдык парз салам айтмак,
Четки үйгө салам айтып кирип барсак,
Төрүндө Бакыт, Байлык койчу менен
Каткырып кымыз ичип отурушат.

Кандай март, Бакыт, Байлык кандай элпек,
Жаңы өмүр койнунда экен кайда десек.
«Заманың мына ушундай, таанып жүр!» – деп,
Асманда каркыра үнү карк-карк этет.

*5/XII 1944*
*Койсары*

## СЫРТ ЖАЙЛОО

Сырт жайлоо – аттуу адамга жакын жайлоо,
Жароокер кыз койнундай алтын жайлоо,
Бак кетпес, ырыс качпас, жыргал чанбас,
Атыр жел, күмүш булак салкын жайлоо.

Жайлоонун жан жыргатар кымызы кең,
Жер-көктү теше чертчүү күчү менен,
Шуулдап сыр аякта чалкып турса,
Өзүмчө мына мындай ойго келем.

Турмушта кандай сүйсө ынак жары,
Ошондой таза сүйгөн замананы,
Өмүргө кабак чытпай шаңк-шаңк күлгөн,
Жибектей кыз-жигиттин кыялдары.

Кири жок, жана да жок муңу, зары,
Даамына тамшандырган адамдарды.

Миң түрлүү өнөр менен шыңгыраган
Кадимки Муса, Атайдын авандары.

Элестеп, күңгүрөнүп оор күндөр,
Бирде ыйлап, бирде күлүп, бирде сүйлөөр,
Ченемсиз кең тарыхты ичине алып,
Жаш төгүп Кара Молдо черткен күүлөр.

Зор «Манас» көлөмүнө жетпес ченем,
Чарчабай үч ай айтса түгөнбөгөн,
Кыргызда дагы толгон көп укмуштар, –
Чынында, баары сенин күчүң белем.

*6/XII 1944*
*Койсары*

## ТҮП СУУСУ

Катуу келдим, минген атым кара тер,
Сүрдүү кең Түп, тайыз жериң кайсы жер?
Жол көрүнбөй күүгүм кирип баратат,
Аркы өйүзүңө тез өтөйүн, кечүү бер.

Тээ алыста жылт-жылт жанган көп тамдар,
Эң бир ысык касиети бар сагынтар.
Орто көчө, оң жак четки ак үйдө,
Колхоз кызы Канымкүлдөй жарым бар.

Абайлагам, анын жакшы көздөрү,
Агайлаган жумшак, таттуу сөздөрү.
Жаштык күнгө такыр күнөө кыла элек,
Жаз гүлүндөй жыпар жыттуу төшөгү.

Түнгө калсам, иттери бар кабаган,
Уйку бузуп, анан кантип бара алам?

Барган менен эшик ачып киргизбейт,
Мени сүйбөс жеңеси бар караган.

Жарым деймин, бирок мени кыз сүйбөйт,
Сынбасын дейт, сүйбөстүгүн билгизбейт.
Бул кайдагы эмгек күнү жок неме,
Деп күлөт да, мени өзүнө теңсинбейт.

Айыл ыраак, дагы далай жол басам,
Ал жеңеме бир кадырым салбасам.
Колхоз кызы Канымкүлдүн дарты үчүн
Колхозуна мүчө болуп албасам.

Катуу келдим, минген атым кара тер,
Сүрдүү кең Түп, тайыз жериң кайсы жер?
Жол көрүнбөй күүгүм кирип баратат,
Аркы өйүзүңө тез өтөйүн кечүү бер.

*7/XII 1944*
*Койсары*

## ОТУЗ ЖАШ

Ырас, өмүр, кандай кыска, кандай аз...
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок, чиркин, аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш?

Ал зымырайт, үстү-үстүнө камчылап,
Жетээр жери, түшөр үйү барчылап.
Эгер анын жетээр жери бар болсо,
Неге суудай тынбай агат адамзат?

Ошондуктан, тынымы жок өмүрүм,
Уч-кыйыры жок алыс жолго шаштырат.

Бүгүн дуулап, кечекимди ойлонбой,
Кечээ жыргап: эртеңкиме кайдагы ой.
Мени алдаган жаштыгыма ишим жок,
Өлүм мени эркелетип койгондой?!
Ушунча күн, ушунча жыл арасы,
Жана гана, бая гана болгондой.

Шайтан көрдүн долулугун карачы,
Байкуш жандын момундугун карачы,
Өлүм-өмүр аралыгы даңгырап,
Тазалыгын, сонундугун карачы!
Даяр орду, белен жайы бош турбай,
Анын мелт-калт толумдугун карачы!

Артык экен, кымбат экен жаштык кез,
Алтын экен, жакут экен баа жетпес.
Маңдайынан да бир сүйүп калууга,
Токтоп бербес, токтотууга күч жетпес.
Коюн толгон отуз жаштан айнууга,
Өмүр чиркин, өкүмү күч – жол бербес.

Айныр элем, айныганда не пайда,
Он сегизде ойноктогон мен кайда?
Отуз да аз... көп болгонго кубангын,
Андан көрө, амандыкка бел байла.
Тирүүлүктө кара өлүмдөн өч алып,
Калкың үчүн кан чыгарып, бер пайда!

Кантсин боз ат, бир топ жолду баскансыйт,
Атырылып алга карай баргансыйт.
Сүрөп алган жазмыш жолу аябай,
Камчы менен май сооруга чапкансыйт.

Жым-жым эткен ээндикке жоголуп,
Караан үзүп, кирип бара жаткансыйт.

Токточу өмүр, токточу өмүр, токтой тур!
Көзүң чуңкур, өңүн кансыз, сары-сур.
Тил албассың, жоголо бер, кете бер,
Сенден күчтүү, сенден өжөр бул учур.
Он беш жолу улам кайра туулуп,
Он беш жолу жашарбасам карап тур!

Ырас, өмүр, кандай кыска, кандай аз,
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас,
Бирок чиркин, аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты, боз ат минген отуз жаш?..

*8/XII 1944*
*Койсары*

## ЧӨП ЧАБЫК

Колхоздо баягыдай жигиттер аз,
Майышпай чөп чабышка уландар жаш.
Андыктан кыйын салмак жеңемдерде,
Эмесе, болгон күчтү эмнеге аяш?

Сүрдөбөй эптүү кармап чалгыларын,
Саздак жер, машиналар барбас жагын.
Сол кылып кызгалдактай каптап алып,
Жайкашат жашыл ыраң жибек жалын.

Эң жеңил, эркектердей шилтеши элпек,
Бүгүнкүм жүз сотыйга толсо экен деп,

Деңиз көк, катарына жалп-жалп жатып,
Жыпардай аңкыган жыт бур-бур этет.

Бат эле сол башына кайкып чыгат,
Күн ысык, терин арчып, аз тыныгат.
Кайрадан шарк-шарк эткен кубатуу үн,
Ах, чиркин чөп чабык кез кандай рахат?..

Жашоону терең таанып, кеңири ойлоп,
Зор турмуш колхозчунун колунда ойноп.
Табият терезесин ачып коюп,
Жылмайып келиндерге көңүл тоёт.

Эрдик да, ак эмгек да, адилдик да,
Ырыстын далай кенчи колхозчуда.
Эгерде керек болсо – жаштар үчүн,
Калп айпас, тунук сүйүү кол алдында.

Көктөй бер, көгөрө бер, кең талаалар,
Кем эмес, сага жетер чамабыз бар.
Камыкпа, согуштагы азаматтар,
Колхоздо Гомер айткан алп аялдар.

*10/XII 1944*
*Койсары*

## ЭРКИН ЫР

Ушул күз: чоң күндөгү үчүнчү күз,
Ааламдын шер алптары салышкан күч.
Көркүнөн эч бир колхоз өзгөргөн жок,
Дагы эле бүткөн бою алтын, күмүш.

Жакшы убак... кызыл кырман, темин маалы
Көңүлдү кубандырып жаңы даны,

Карачы колхозчунун оюнда экен,
Турмуштун жүргөн каны, соккон жаны!

Тилегим: кийими болсун жибек, шайы,
Жагымдуу, жайлуу болсун жүргөн жайы.
Балдары аман болуп, тукуму өсүп,
Кант, шекер, бал татысын ичкен чайы.

*12/XII 1944*

## МЕН ЭМНЕДЕН УЯЛАМ

Мен уялбайм, сүйбөдү деп жаш теңим,
Же болбосо, аты назик ак келин.
«Ая, жаным, антпе», – дешке чолом жок,
Чынын айтсам, андай ишке жок эбим.

Мен уялбайм, дайым бүркөө түрүмдөн,
Жаш болсом да картка окшогон сүрүмдөн,
«Койдум, курбум, мунуң жаман», – дей албайм,
Өзгөрмөй жок жаралган түс, гүлүмдөн.

Мен уялбайм, ал кетирген оорумдан,
Баскан күндө төрт аяктап боорумдан.
«Кантем, апа, ушинтемби, я», – дебейм,
Сөөгүм чыкпайт бараткан түз жолумдан.

Мен уялбайм, балам жок деп соңумда,
Жал-жал күлгөн жарым жок деп оңумда.
Балам, жарым – доорум үчүн шилтенген
Найза учунда, зор замбирек огунда.

Мен уялбайм, кедейликтен, жоктуктан,
Тапкым келсе, жок колунан чок чыккан.

Менин казынам, байлыктарым миномет,
Батыш жакта жоо калаасын коркуткан.

Мен уялам, мына мындан уялам:
Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.
Колуң кезеп «Жолуң болгур!» – дегенсийт,
Жер шарынан күлүк учкан заманам.

*11/XII 1944*
*Койсары*

## КОМБАЙН

Бүтө элек чөп чабыгы, көп жер жатат,
Кайда али, беш-он гана үймөк жасап...
Аңгыча, ал менчи деп кол булгалайт,
Апийим бир кыл аппак гүлүн таштап.

Башкарма кенен жатып уйку татпай,
Миң ойлоп, эч бир оңой амал таппай,
Бир бөлүп он аялды апийимге,
Чапкылайт көңүл тынбай ары карай.

Ортолоп эки тилим эми гана,
Кыруунун кызуу кези башталганда,
Орбосоң күбүлөм деп күлүп турат,
Теңселип, тегиз ырдап алтын арпа.

Күндөр да өчөшкөнсүп башкача ысып,
Ак буудай жылдагыдан эрте бышып...
Күч жетпейт, азаматтар батыш жакта,
Сыр бербейт, колхозчулар демин кысып.

Бир иштен экинчи иштин кемдиги жок,
Андыктан муну кантип таштап коёт.

Ошондой зарыл учур мезгилинде,
Талаага эр комбайн пайда болот.

Болот миз үч кулачтай тишин салат,
Орулуп арпа кулайт шалак-шалак.
Кызылдап ошол замат данын төгүп,
Бат эле бир гектарды эки айланат.

Алыстан карап турган колхозчулар,
Ичинде бригадир бар, башкарма бар,
Рахмат, комбайным, деп күлүшөт,
Дем кирип, бардык жумуш агат шар-шар.

Комбайн – колхозчу үчүн бакыт-таалай,
Эң жакын кичүүсүнүн агасындай.
Жана да агасы үчүн инисиндей,
Атанын баатыр жакшы баласындай.

Ушинтип түшүмдүү жыл, ар күз сайын,
Жаңырып мыкты оңдолуп келген дайым.
Ак буудай ойдогуңдай бышып берсин,
Сен үчүн айланайын, ай, комбайн.

*13/XII 1944*
*Койсары*

## СҮЙҮҮ ЖАНА МЕН

Сүйүү эмне? Сүттөй таза колукту!
Ансыз анан алтын өмүр толукпу?
Ошондуктан эң биринчи жаш сүйүү
Бермет, жакут, каухар кийип жолукту.

Кучактадым, өптүм, кыстым боорума,
Бул турмушта өлгөнчө бир болууга.

Бирок, сүйүү эң жалганчы нерсе экен,
«Кош» деди да, от карматты колума.

Экинчиси: андан сулуу, андан жаш,
Жалынына жана турган жансыз таш.
Анын көркү миң бир түрлүү көрүнүш,
Мен андыктан: кайра кумар, кайра мас.

Аз дууладык жаштык, мастык ойнунда,
Ант бериштик өмүр байлап көп жылга.
Бирок, сүйүү жерден муздак нерсе экен,
Жашырынды, жылан таштап мойнума.

Менде айып жок... төмөнсүнбөйм эч кимге,
Андай болсо, «күнөө өзүңдө» деп билбе.
Бирок, сүйүү уудан бүткөн нерсе экен,
Үчүнчүсү заар чачты бетиме.

Жылан таштап, заар төгүп, чачып от,
Эрк сеники, шылдың кылмак, ойномок.
Бирок, түшүн, акылың кем жаш сүйүү,
Ошентсе да сенден көңүлүм калган жок!

Билем, анын туш тарабы терең жар,
Өзү – зоока, куш жете албай болгон зар...
Эгер сүйүү күчтүү болсо өлүмдөн,
Мен сүйүүгө теңелүүгө акым бар.

*14/XII – 1944, Койсары*

## АЛДАНБА

Бирин бири жыга албайт,
Багынтсам деп өзүнө.
Турмуш менен адамзат –
Бири – баатыр, бири – дөө.

Күн менен түн сыяктуу,
Кээде кара, кээде аппак,
Турмуш митаам, турмуш куу,
Өзгөрүлгөн эң бат-бат.

Бири зоока, бири аска,
Бири түз жер, бири ор.
Турмуш чиркин адамга
Бирде кор да, бирде зор.

Анткен менен адамзат,
Балбаныраак турмуштан.
Турмуш болсо – найзачан,
Адам – болот кылыччан.

Бирок тиги өйдөкү,
Көз боочудай шамдагай.
Ошондуктан астыңкы,
Алдырып коёт байкабай.

Өзүм адам болгон соң,
Адамга айтар насаатым:
Биздин бөбөк, инилер,
Эч кайгысыз жашасын.

Андай болсо турмуштун,
Балдай ширин даамына,
Жана кыздай жароокер
Наздыгына алданба.

Кээде жок да, кээде көп,
Аздыгына караба.
Бели ийилип картайбас,
Жаштыгына алданба.

Алтын төшөк, ак бермет,
Жаздыгына караба.
Телегейи тегиз шай
Мастыгына алданба.

Жашыл, сары, көк гүлдүү,
Көркөмүнө караба.
Атак, урмат кучактап
Өпкөнүнө алданба.

Кээде турмуш уу берет,
Ачуусуна караба.
Кээде турмуш кант берет,
Таттуусуна алданба.

Дал турмуштун өзүндөй
Миң айлакер жүздүү бол.
Дал турмуштун өзүндөй
Акылдуу бол, күчтүү бол.

*19/XII – 1944,*
*Койсары*

## АЙГА

Жаз мезгили, он беште ай,
Уйкуга мас өзөн-сай.
Көркүн калам айта алгыс,
Алда, тоонун түнкүсү ай.

Сүттөй аппак сулуу май,
Уйкуга мас капчыгай,
Сүрөт менен айта алгыс,
Алда, түндүн күчтүүсү ай.

Оюн курган сулуудай,
Оронгону жибек, шай,
Ой менен айтып бере алгыс,
Алда, түркүн гүлдүүсү ай.

Ойдогу үйдө уктабай,
Оюн курган кыз, бала ай.
Кыз, бала ойнун терметкен
Асмандагы алтын ай.

Ойноктогон чымчыктай,
Алда, кыздын күлкүсү ай,
Кыз күлкүсүн терметкен
Ободогу күмүш ай.

Жаш күнүңдөн картайбай,
Өңү өчпөгөн ак айдай,
Өзгөрбөсөң не болот,
Олдо, кургур, жаштык ай.

*21/XII 1944*
*Койсары*

## МАГА КҮЛБӨ

Бул кандай ысыгы жок, кансыз жүрөк,
Турмушта бүркөө түндөй жалгыз жүрөт.
Бечара ай, ээн талаадан эмне издейт деп,
Кара көз бетин басып кыт-кыт күлөт.

Аның ырас, кечке жуук, эртең менен,
Ың-жыңсыз тынчтык менен эрмектешем.
Чабыттап жем издеген ак барчындай
Үйүмө эки-үч сап ыр таап келем.

Мен киммин, бир жай адам Алыкулмун,
Эгерде жаза албасам, алсыз кулмун.
Томсоруп, кол куушуруп өтүп кетсем,
Заманга анда менин кайсы кунум.

Жаза алсам өз доорумдун чын китебин,
Дайрадай тынбай аккан эрдиктерин,
Жанымда жазган жазуум гүлдөп турса,
Анда мен Аалы шерден[1] алдуу шермин.

Кой, антип кыт-кыт күлбө, эркетайым,
Жан шоолам, жарык күнүм, бак-таалайым.
Сен үчүн бүркөө акындын ачык ыры,
Ай нурлуу, ак жүзүңдөн айланайын.

Аның ырас, кечке жуук, эртең менен,
Ың-жыңсыз тынчтык менен эрмектешем.
Чабыттап жем издеген ак барчындай
Үйүмө эки-үч сап ыр таап келем.

*22/XII – 1944, Койсары*

## ЖЕТИ-ӨГҮЗ

Карагайлуу кара асканын алдында,
Жети бөлөк жети тоонун жанында,
Ажыдаардай атырылып Жети-Өгүз,
Агып жатат жарды уратып каарына.

Таштар тарс-турс, калдыр-кулдур куланып,
Бууракандап көбүктөнүп бууланып,
Эр турмуштун агымындай шаркырап,
Ок жыландай оюн салып буралып.

---

[1] *Аалы Шер* – Мухаmeddин чалыярынын бири

Ай батты, ачык сүрү баатыр арыстандай,
Ак жолборстой айга айкырат жазганбай.
Бүркүт, каблан, күркүрөтүп барлыгы
Ушул суунун балдары бейм, акетай.

Ой, Жети-Өгүз, жүрөгүңдө кара жок,
Кең өмүрдүн уюлуна мээлеп сок.
Адамзаттын жыргалы үчүн кам көрүп,
Ташы, күүлөн, улам күчө бизге окшоп.

*22/XII 1944*
*Койсары*

## ЖАЛГЫЗ ӨРҮК

Пароход жай кыдырып Ысык-Көлдү,
Таң сүрө жол жармынан араң өттү.
Түн бою көз ирмебей из караган,
Алыста маякчынын чырагы өчтү.

Күңгөй жак, «Жалгыз өрүк» барар жерим,
Болжолдуу өз саатында келип жеттим.
Бул айыл, туулуп-өскөн айлым эмес,
Антсе да, өз боорумдай жакын элим.

Не көрөм? Баары жаңы көп үй көрөм,
Май айы. Бак-дарактар тең гүлдөгөн.
Жүзү ачык, жаңыча өскөн жаш уландар,
Шат күлөт, өз дооруна сүйүнгөндөн.

Ак, кызыл, алма, өрүктүн жыттуу гүлү,
Жемиш бак короо сайын түрлүү, түрлүү.
Баткан күн, аткан таңдын черин жазып
Сайраган сүйүү көркү, булбул үнү.

Ах, заман, сенин аккан агымың шар...
Тең келбес, учкул канат арышың бар.
Алыста аз жыл жүрүп кайтып келсең:
Боз кыштак – кең көчөлүү жаңы шаар.

Бул жерден, бир убактарда кеткем өтүп,
Ал кездер негизинен кайра өзгөрүп,
Мөмөлөп нечен миң түп өрүк болгон,
Мен көргөн мүрзө үстүндө жалгыз өрүк.

*23/XII – 1944,*
*Койсары*

## КАРА КӨПӨЛӨК

Таң алды таттуу уйкуда бир түш көрөм,
Түшүмдө жанга ажайып бир иш көрөм:
Зор акын – немец Шиллер[2] калаасына
Эң калың кара көпөлөк жаады көктөн.

Ойгонуп, түрлүүчө ойлоп түшүнө албай:
Даанышман, сөзгө чебер, акылга бай,
Кадырлуу кары Абага жорутууга
Жөнөдүм үйүн карай, тез ылдамдай.

Ал киши бир далайга ойлоп туруп,
Өчө элек, кечеки оттун корун чукуп:
«Э балам, карыялардан укканды айтам,
Асмандан кара көпөлөк түшсө учуп:

Ал жерге ошол жылы эгин чыкпайт,
Алма, өрүк, түрлүү өсүмдүк тегиз куурайт.

---

[2] *Шиллер Иоган Кристоф Фридрих (1759–1805)* – немец акыны, драматург, искусство теоретиги.

Суу акпайт, бир гана ысык шамал согот,
Буркурап, күнөөлүүлөр улуп ыйлайт.

Кыдырып шаар ичин кара көпөлөк,
Көр кылып желдеттердин көзүн көзөп,
Адамдын канына мас мырзаларды
Муунтуп, жүрөктөрүн бурап өтөт».

Ошентип, чала болот... Бүлүнүшсүн!
Күнү өчүп, бактысыздык түнү түшсүн!
Андагы Шиллер аттуу немец аял[3],
Пушкиндин арбагына күлгөнү үчүн!

*25/XII – 1944,*
*Койсары*

## НЕГЕ КЕЧИГЕТ?
### *(1942-жылдын жазына)*

Эсимде... Бир жолу эмес, нечен ирет
Бул айда тоо боорунан гүл терчү элек.
А быйыл... күн жылыбайт, жер тегиз кар,
Шумдук ай, неге мынча жаз кечигет?

Анда эмне? Алмаштырып сан кылымды,
Өзгөрбөй келе берип ар бир жылы,
Же биздин каршы келип бактыбызга,
Алсырап, жол жүрө албай чарчадыбы?

Анда эмне?.. Жашообуздун негизгиси,
Келатып бир кырсыкка кезиктиби?
Болбосо, үйү алдында гүлдөрү аз деп,
Же бизге таарынуунун белгисиби?

[3] Шиллер фамилиялуу бир аял А.С.Пушкиндин Михайловскидеги мүрзөсүн ачтырып, аябай кордоп кеткен.

Эл жүдөп, жан-жаныбар арыктады,
Сулуу жаз бул кандайча сагынтканы?
Болбосо, ак ирeңи сары болуп,
Байкоосуз катуу ооруга чалдыкканбы?

Жок, жаным, чарчабаган, таарынбаган...
Жогорку үч себеп тең бирдей жалган.
Эмесе, кечигүүнүн чын себеби:
Немецтин уулуу огунан жараланган.

Күн нурлуу, кайгы билбейт, күлүп чыгат,
Бир күндө биздин колдон жаз айыгат,
Андан соң жарасы үчүн кек алмай бар,
Күнөөкөр анда кандай айла табат?

*28/XII – 1944,*
*Койсары*

## ТАБИЯТ ЖАНА МУЗЫКА

Өмүр кең, соолор гүлдөр... өчөр, жанар,
Бат карып, бат эскирип, бат жаңырар,
Эмесе: бул дүйнөгө туулуу менен,
Кайрадан ар адамдын өлмөйү бар.

Өлүм ак, пейли сараң, көңүлү тар,
Күчү жок бирок мени коркута алар!
Себеби: мен өлгөндө ордум басат
Менден соо, менден жакшы, акылдуулар!

Кубанам туулуп-өскөн заманыма,
Барабар бир сагаты бир кылымга!
Урабас менин дагы кирпичим бар
Көз жеткис анын чымыр катарында.

Курбума, ини-агама рахмат айтам,
Биз чын эр, бул турмушка жашап-кайткан.
Кан төккөн зор майдандын жыйынтыгы
Мынакей, түбөлүккө улуу майрам.

Бул бүтсүн, айтар сөзүм төмөнкүдөй,
Анчалык орчундуу эмес, жөпжөнөкөй:
Кантейин, жазмыш күчү руксат бербейт,
Заманга иштээр элем далайга өлбөй.

Ах, чиркин, биздин күндөр кандай таттуу,
Бүгүндөн эртеңкиси рахаттуу!
Табият жана анын музыкасы
Күн санап кандай сулуу, кандай шаттуу!

Ах, дүйнө, биздин күндөр кандай таттуу,
Бүгүндөн эртеңкибиз рахаттуу!
Ушундай сонун күндө өлгөндөргө,
Байкачы, кандай гана аянычтуу!..

*27/XII – 1944*

## ПОКРЫШКИНГЕ

Биз кимбиз? Сен мага – ага, мен сага – ини,
Баарыбыз доорубуздун жаш жигити;
Андыктан: орус уулу болуу менен –
Жана да кыргыздын да Покрышкини!

Эл көрдү, өрт үстүндө канат кактың,
Ылаачындай кайкып учуп өтүп жаттың.
Фашисттин жылдыздарын түшүрө тээп,
Гүлдөтүп көктө эркиндик салтанатын!

Сүттөн нак, ажалдан курч сенин эркиң,
Үч эмес, жүз мертебе баатыр дешсин!

Бир гана биздин гана өлкөдө эмес,
Баатыры биздин жалпы планеттин!

Адамсың көп кары эмес өмүр – жашың,
Бирок да сен биздерден башкачасың.
Анткени, уйкуң жерде болгон менен,
Асманда сенин ичер тамак-ашың.

Бул дагы аз, жерден, көктөн жоону жеңмек,
Адамды акылдан да бийлөө керек!
Андыктан: Гёте, Гейне, Шиллер менен
Сага окшоп, бетме-бетке чыккым келет!

Сүттөн нак, ажалдан курч сенин эркиң,
Үч эмес, жүз мертебе баатыр дешсин!
Бир гана биздин гана өлкөдө эмес,
Баатыры биздин жалпы планеттин!

*27/XII – 1944*

## КҮЗГҮГӨ КАРАНГАН ЖЕҢЕМЕ

Жеңекем таш күзгүдөн жүзүн карайт,
Кулпурган кундуз чачын кайра тарайт.
Суйкайып, күлүмсүрөп кашын серпип,
Түлкүдөй көлөкөсүн тамашалайт.

Көңүлү жай, эч жеринде кемтик жоктой,
Ичинде менден сулуу ким деген ой.
Лыпылдап ары кетет, кайра келет,
Тик така, жибек көйнөк, орточо бой.

Коюулап жука жапкан кызылдарын,
Таратып көз астында упа тагын,
Ошентип боёк айбын тегиз көрдү,
Көргөн жок бирок бетте бырыштарын.

Себеби: адам өзүн өзү алдайт,
Андыктан карылыгын мойнуна албайт.
Жер тозот, тулпар карыйт, учкул талыйт,
Бирок да аял көңүлү эч картайбайт.

Сулуулар капа болор мындай дешке,
Айтайын ак сөзүмдү мен да сизге,
Чынында, биз да андайдан алыс эмес,
Ар дайым эркек кургур он сегизде.

*29/XII – 1944*

## БҮКӨН

Бүкөнтай бучук мурун, үч жашар кыз,
Бир күндө жүз жыгылып, жүз басар кыз.

Аз ыйлайт, борс-борс күлөт, көп да күлбөйт,
Кемпирден токсондогу таза сүйлөйт.

Кыргыз да... ачырканбай кымыз ичет,
Кучактап уктап калат бир жилик эт.

Ар убак абалары «ырдап кой» дейт,
Бүкөнтай көздү жумуп ырдап кирет:
«Сагындым, атакем ай келсе экен, – дейт,
Ал жеңип, тилегимди берсе экен», – дейт.

Карылар муну укканда жым болушат,
Көзүнөн жаш чуурутушуп бурчак-бурчак.

Анткени, үч жыл болду, кабар келген,
«Палан күн... палан жерде өлдү»... деген.

Эл үчүн каза таап жоо огунан,
Бүкөндүн атакеси кайтпай калган.

Бирок да бардык айыл жакшы көрөт,
Бүкөндүн эркелетчү атасы көп.

*31/XII – 1944,*
*Койсары*

## ...ВАГА

Кадырың кымбат мен үчүн,
Сендейди мен таппасмын,
Кийинки жазган катыңда
«Ыраактап кеттиң» деп жаздың.

Амандык барда сүйгөнүм,
Жер үстү жакын, аным чын,
Канча чакырым болсо да,
Ыраагы жок жарыктын.

Түбөлүк түнгө айланса
Жарыкта жыргап жүргөн чак,
Биз ошондо каларбыз
Сан жеткис чакырым ыраактап.

*2/I 1945*
*Койсары*

## КАТЫҢА ЖООП

Жактырбадым, курбум, жазган катыңды,
Курбум дедим, элге айтпадым атыңды.
«Алым жаман, ооруп калдым сага окшоп»
Деген сөзүң капалантты акынды.

Сен неге үчүн, өз-өзүңөн кирдейсиң?
Ооруу-соо деп, мени экиге иргейсиң?
Сен неге үчүн, ооруу экеним унутуп,
Ооруп жатып ыр жазганым билбейсиң?

Сен неге үчүн, бошоң тартып кирдейсиң,
«Мен сендей» деп, мени алсызга иргейсиң?
Аалам алпы Шекспирдей күч менен
Ооруп жатып сүйлөшкөнүм билбейсиң?

*3/I – 1945,*
*Койсары*

## КАЙДА БАРСАМ ЭСИМДЕ

Кайда барсам эсимде
Көлдүн кызыл кыздары.
Катташпай коюп далайга,
Көңүлүм жаман сыздады.

Кызыл кыздар көлдө экен,
Кыялын эстеп сагынам.
Барайын деп баралбайм,
Базар сайын камынам.

Кантейин жалжал кара көз,
Жүрөккө санаа илинтти.
Кыз кызылын тандаган
Мен чүйдүн куба жигити.

*13/1 1945*
*Койсары*

## ЗАМАНА

Замана! Эгерде сен баркыт болсоң,
Анда мен күрмө кылып кийер элем.
Тундуруп барлык бүткөн лазатыңды
Боорума седеп кылып тигер элем.

Замана! Эгерде сен гармонь болсоң,
Маржандай беренеңди басар элем.
Сүйүүнүн тунук, таттуу көз жаштарын
Бакчама фонтан кылып чачар элем.

Замана! Эгерде сен вино болсоң,
Анда мен түгөткүчө жутар элем.
Турмуштун күрөш-талаш кумарында
Кетирген көп айыбымды утар элем.

Замана! Сен башкасың бул үчөөнөн,
Эң зор күч, жакшы элессиң баарыга тең.
Эр жүрөк баатыр минген буудандайсың,
Такасы ташка тийип жарк-журк эткен.

*12.01.45.*
*Койсары*

## ЖИГИТТЕРДИН ҮЛПӨТ ЫРЫ

Достор!
Дос десем, баарың доссуң, менин калкым,
Дал бүгүн, «жеңиш күнү», көңүл жаркын,
Турмуштун: тоо-токою, агын суусу –
Бир башка, бүгүнкү күн: кооз, салкын,
Эмесе, кең үлпөткө, кел жигиттер,
Бир бирден бокалыңды колуңа алгын:
Жеңиш,
Таалай,
Бакыт үчүн
Тынбай,
Тынбай,
Тартып калгын.

Достор!
Дос десем, баарың доссуң, менин журтум,

Жаңырды «жаңы жылың» кийин, кулпун
Өмүрдүн: тоо-токою, агын суусу –
Биз менен: ырдайт, бийлейт, ана уккун.
Эмесе, кең үлпөткө, кел жигиттер,
Мынакей баарыңарга бокал сундум:
Тынчтык,
Ырыс,
Таалай үчүн
Тынбай,
Тынбай,
Тынбай жуткун.

Достор!
Дос десем, баарың доссуң, менин калкым,
Сыйлайлы, кадырлайлы, заман баркын,
Ырдайлы ата Ленин акылманды,
Даанышман, улуу көсөм заман алпын;
Эмесе, кең үлпөткө, кел жигиттер,
Жабыла бокалыңды колуңа алгын;
Биздин
Ак тилектен
Кайрат,
Кубат,
Өмүр алсын,
Тынбай,
Тынбай,
Тартып калгын.

*13/1 1945*
*Койсары*

## ОСУЯТ

Кыялы – комуз миң кылдуу,
Чертилсе – комуз көп сырдуу.

Өмүрдүн өзү сыяктуу,
Жумшак, таттуу, жыпжылуу.

Карап турсаң укмуштуу:
Бирде кичүү, бирде улуу,
Бирде бала мүнөздүү,
Бирде чексиз акылдуу.

Токтоо, кылдат, сабырлуу,
Кээде ак көңүл, кээде куу.
Көйрөң, жеңил, шашкалак,
Билүү кыйын кандай бу?

Күлкү, майрам, кызыктуу,
Өмүрү талаш, ызы-чуу.
Түшүнгүн муну, түшүнгүн,
Акынга чыксаң жаш сулуу.

*15/1 1945*
*Койсары*

## ГИТАР КҮҮСҮ

Түн суук, кыш ышкырат үйлөрдү ачып,
Ой-кырга дубана албас күмүш чачып.
Ыйлатат, урат, ойнойт, ыза кылат,
Жыргалдуу жазды алыска ала качып.

Жарыктан караңгылык сагаты узун,
Көз талып окуй албайм, жазмак турсун.
Көңүлсүз жалгыздыктын төшөгүндө
Беригем кармай албай уйку кушун.

Бул минут – коңур үндүн таза үндүүсү,
Көп элде кыз тоюнун сүйкүмдүүсү.

Мен ашык татар келин бөлмөсүнөн
Угулат кулагыма гитар күүсү.

Колу ойноп анын назик кылдарына,
Ырлары эми жаңы кызыганда,
Токтотот, напсиң күйгөн жигит эрки.
Аз күлүп, чоп-чоп этип өпкөн гана.

Мейли, өпсө, айла барбы ашыктарга,
Кой дебейм, ошент дебейм, мен аларга.
Келиндин алдашына табам канат,
Басылдың, бирок бекер, ах, гитара.

Түн суук, кыш ышкырат үйлөрдү ачып,
Ой кырга дубана албас күмүш чачып.
Ыйлатат, урат, ойнойт, ыза кылат,
Жыргалдуу жазды алыска ала качып.

*16/I – 1945,*
*Койсары*

## АК КУУНУН КӨРДҮМ УЧКАНЫН

Күн батып, күн баткан жак кызгылт тартып,
Ысык-Көл кызгылт нурга жүзүн арчып,
Кылкылдап кылаа тарткан берки өйүздө
Кыш күнү жалгыз басып келе жатып.

Мен көрдүм көп ак куунун учкандарын,
Куш атар мылтыгымды колума алдым.
Карасам жан-жагымды огум бүткөн,
Кантейин, бирин атып кала албадым.

Чын эле жаштык өмүр аткан окпу,
Чын эле жаштык чиркин жанган отпу?

Ок болсо кур калтырып азыркыдай,
Жаштык кез текке атылып кеткен жокпу?
Эгерде жаштык текке атылбаса,
Замандын туура койгон талабына
Татырлык жана элимди кубантарлык
Ак куудай канаттуу ырым кана, кана?

*20/I – 1945,*
*Койсары*

## МУЗЫКА

Жумшак, кенен,
Таттуу, терең.

Шаттуу, муңдуу,
Салкын, жылуу,

Коңур, көркөм,
Ыйсыз өскөн,

Таза, тунук,
Дайым сылык.

Адил, алым,
Салты – намыс,

Күчтүү, балбан
Күчөп жанган,

Сөздөн өткүр,
Ырдан жеңил.

Бир баатыр бар,
Сурасаңар:

Ал – музыка,
Музыка!

*21/1 1945*
*Койсары*

## КЫЛЫМДАР

Ай батат, жылдар өтөт, зуулап бат-бат,
Жебедей кароолуна тийип шак-шак.
Түгөнгүс эртеңкинин эшиктерин
Китептин барагындай ачып шарт-шарт.

Жортуулдан жолдуу кайткан жигиттердей,
Өмүрлөр муңду тепсеп күлөт шат-шат.
Кылымдар кыз эскирткен шайыга окшоп,
Кайдадыр желп-желп этип калып жатат.

О кайда, мынча алкынып жулунасың,
Тоо-ташка азоо тайдай урунасың,
Соң-Көлдүн колго түшпөс кундузундай
Жылтылдап, кызыктырып, кубуласың.

Кул болуп адамзаттын бийлиги үчүн,
Кош миздүү канжар болуп сууруласың.
Заманга токсон тогуз өнөр жасап,
Жүзүңдө кайра энеден тууласың.

*29/1 1945*
*Койсары*

## АКАДЕМИК СКРЯБИНГЕ

Алтын мүнөз айланайын карыя.
Асыл журтка ак эмгегиң жарыя;

Адамзатта түрлүү сапат, түрлүү баа,
Биз бир тамчы, сен чалкыган дарыя.

Андай болсо сен өз атам, өз бабам
Өз деңизим, түбү терең дарыя,
Кыргыз эли жана кыргыз илими
Көктөсүн деп дарыяңдан суу жаям.

*29/1 1945*
*Койсары*

## РОССИЯ

Эй, Россия, Россия, бир боор энем!
Мен өңдүү тоо кушуна койнуң кенен.
Чын сөздү туура айтуудан таймана албайм,
Биз элбиз, биз кишибиз – сени менен.

*31/I – 1945,*
*Койсары*

## СҮЙБӨЙМ СЕНИ

Сүйбөйм сени: түбөлүккө муздадым,
Бирок анын себептерин билбеймин.
Жаз чыкканда терезеңди каккылап,
Бай төшөктүү жакшы үйүңө кирбеймин.

Бала, жардан, бир туугандан артыкча,
Бул дүйнөдө сүйгөнүм бар жапжалгыз.
Билген билер, анын жанга ысыгын,
Биздер гана жыргап кумар татарбыз.

Аным эмне? Өлбөй турган жакшы ырлар,
Бул турмуштун ырлары бар укмуштуу,
Күчү кетип талыкшыган күндөрдө
Эр азамат иче турган мүрөк суу.

Ырас, курбум, ырастыгын ким билбейт,
Бул турмуштун ырлары бар укмуштуу,
Жанга кубат, керек болгон күндөрдө
Эстүү жигит иче турган дары суу.

*31/I – 1945,*
*Койсары*

## ЖАШТЫККА

Күнөөсү жок махабаттай мөлмүлдөп,
Жаштык менден өмүрлүккө бөлүнөт.
Эң акыркы ажырашуу элеси
Өз баламдан ысыгыраак көрүнөт.

Кетти, кетти, жибек боосун чече албайм,
Кечкен сууну кайра экинчи кече албайм.
Учкан куштай, суу шарындай жаштыкты
Самолёт минип кууган менен жете албайм.

*1/II – 1945,*
*Койсары*

## ЫСЫК-КӨЛ

Жаш белем...
Тентек белем... Ысык-Көлүм,
Ойноткон толкунуна каз, өрдөгүн,
Жаз күнү, күн батарда карап турсаң,
Уялчаак кызды өпкөндөй сергийт көңүлүң.

Шок белем,
Ойноок белем, Ысык-Көлүм,
Кубанган кубалатып өзүнө өзүн...

Кечинде жалгыз келип карап турсаң,
Жуткандай жайлоо желин, сергийт көңүлүң.

Жараган
Күлүккө окшоп көп жол басып,
Бүркүттөй нечен бийик зоолор ашып,
Кымыздай чөйчөгүнөн сапырылып,
Жаштыктай күр-шар этет көбүк чачып.

Ак шуру
Күмүш алкак тоо кызындай,
Шарактайт, жорго минип мени карай.
Шарп этип, чала-була тийип кетип,
Тартылат кайра артына уялгандай...

Көл тынчыйт...
Толкундары тарап-тарап...
Бизге окшоп, согушу жок күндү самап,
Эртеңки ыракаттуу келечекке,
Турмуштун дал өзүндөй тунук карап.

Ар кандай
Күн батарда көл укмуштуу,
Кандайдыр жана салкын мындагы уу-чуу...
Кечеги өтүп кеткен балалыктай,
Аралдын ар жагына сүзгөн аккуу.

Жараган
Күлүккө окшоп көп жол басып,
Бүркүттөй нечен бийик зоолор ашып,
Кымыздай чөйчөгүнөн сапырылып,
Жаштыктай күр-шар этет көбүк чачып.

*4/II – 1945,*
*Койсары*

## ЖАЛЖАЛЫМ ОЙ

Балыкчы көлдүн башы экен,
Бозоргон адыр, таш экен.
Таш болсо да, бул жердин,
Кыздары сулуу наз экен.
Наздыгына мас болуп,
Ой, жалжалым ой,
Бир жүрөр күнүм аз экен.

Пароход келет бир убак,
Болжолу чукул, аз турат.
Каркылдап каздай кайрылат,
Жеңил кол жигит маш бурап.
Кайыр кош, жаным, дегенче,
Ой, жалжалым ой,
Сен жээкте калдың кол булгап.

Асманда жылдыз бириндейт,
Арбыган жолум билинбейт.
Капитан келип жаныма,
Каютаңа киргин дейт.
Кирген менен неге опо!
Ой, жалжалым ой,
Бир минут көзүм илинбейт.

Толкун жок, жымжырт эки жак,
Чырпыкты[4] жактан от чыгат.
Ошондой жанган от тура,
Ойноп бир күлгөн жаштык чак.
Ойго да кайдан келиптир,
Ой, жалжалым ой,
Айрылып минтип олтурмак.

---

[4] *Чырпыкты* – жердин аты.

Сен болсоң алма сабагы,
Мен болсом күздүн шамалы.
Сен болсоң айдын жамалы,
Мен болсом көлдүн чабагы.
Кайрылып эсен көргүчө,
Ой, жалжалым ой,
Замандан бакыт табалы.

*4/II – 1945,*
*Койсары*

## ЖАКШЫ КИТЕП

Өмүрдүн жан шериги жакшы китеп,
Жаш жүрөк жалындаган жолун тиктеп.
Китепте не кааласаң бардыгы бар,
Эрикпей карап чыксаң таамай издеп.

Акылга жакшы китеп акыл салар,
Кыялдын жаман жагын тартып алар.
Өзүңдү өзүңө айтпай кайра жасап,
Сен ачкан колдоруңа канааттанар.

Ардактуу ага, инилер, жан курбулар,
Жаңы өскөн, жайдары ачык, жаш муундар.
Силерге айта турган сөзүм ушул:
Ар дайым китеп менен дос болуңар.

*5/II 1945*
*Койсары*

## КАЙЫҢДЫ

Калды, калды, Кайыңды айылым ыраактап,
Мен калтардай алыс кеттим кылактап.

Мүрү түшкөн жетим куштун канатын
Айыктырган сууларыңа ыракмат.

Кеткен жолум күндүк эмес, айчылык,
Ошондуктан бир барбадым кайрылып.
Чолоо тийбей, боорум калам экөөбүз
Өскөн айыл, тууган жерден айныдык.

Же эр болбой, сан жигитти башкарып,
Же мен болбой, күйгөн оттой таш каарып,
Баркын билбей, жаным калам экөөбүз
Бир боор эже, агаларды таштадык.

Неге унуттум ууз, таза күндөрдү,
Кылтак менен кыргый тутуп күлгөндү.
Эне-атадан, тууган, достон иши жок
Таштан белем Алыкулдун жүрөгү.

Жок, туура эмес, кайда барсам, айлым бар,
Мага эне – казак, кыргыз, орустар.
Ким өмүрдө кан кечишсе биз менен,
Ошол болот мага курдаш, мага жар.

Эстейм сени, Кайыңды айлым, сагынам,
Барбайм сага, сагынганда не кылам.
Бул турмушта мен атылган күлүк ок,
Деңиз, дайра, тоодон өтүп жарылам.

Учам алыс, арышым бек, ноюлайт,
Такам болот, тамандарым оюлбайт.
Тирүү жаным буюрбаган сыяктуу
Мен өлгөндө сөөгүм сага коюлбайт.

*5/II – 1945,*
*Койсары*

## АКЫН

Акындын акын деген акыны бар,
Ар башка акындын да ар кылы бар,
Ардактап эл сыйлаган жакшы акындын
Ай жамал, алтын шире акылы бар.

Шыңгырак шылдыр дабыш агымы бар,
Өмүргө жай, кыш бирдей жагымы бар,
Кыйналбай жазып салган сөздөрүнүн
Көрүнбөй жанып турган жалыны бар.

*6/II 1945*
*Койсары*

## ООРУЛУУ АКЫН

Оорулуу акын,
Ойго жакын,
Ооруп алсыз олтурат.
Акын, акын,
Акын баркын –
Өлүм билбей кол сунат.

Оорулуу акын,
Сөздөрү алтын,
Алсыз, жалгыз олтурат.
Кантсин акын,
Ак кагаздын
Бетин ырга толтурат.

Оорулуу акын
Өмүр артын
Каламына калтырат,
Билген достор,

Жан жолдоштор,
Эстесин деп бир убак.

Оорулуу акын
Соолук баркын
Эми билип тамшанат.
Кимдер келет,
Кимдер кетет,
Келүүчүгө из калат.

Оорулуу акын,
Ойлоп баккын,
Бизден журтка не калат?
Биз өлөрбүз,
Бирок өчпөс –
Жазган ырлар төрт сабак.

Заман калыс,
Эрдик, намыс,
Керек болор,
Берели.
Жан бүткөнчө –
Кадырлайлы
Ата менен энени.

*6/II – 1945,*
*Койсары*

## АДАМЗАТ

Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырап,
Агып жатса, мал кечпес жашыл аралда:
Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга.

Мүрөктүн суусун ичирейин дегеним:
Адам деген картайгыч тура бечара.

Замзамдын суусу кайнар суудай шарактап,
Ташып жатса, куш жете албас ыраакта:
Эти калың пилдей күчтүү болсун деп,
Бүт агымын бурар элем адамга.
Замзамдын суусун агызайын дегеним:
Адам деген чарчагыч тура бечара.

Олуя табып, Улукман аке дарысы
Жазгы гүлдөй тепселип жатса талаада:
Жүрөк оору, өпкө оорунун сообу үчүн,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга.
Дары чөптү ичирейин дегеним:
Адам деген оорукчан тура бечара.

Ак шайы көйнөк, күмүш кемер сыяктуу,
Адамдын жаны сатылып турса базарда:
Дагы жыргап, дагы жашап алсын деп,
Өзүм албай, берер элем адамга.
Жандарына жан кошоюн дегеним:
Адам деген көп өлгүч тура бечара.

Кызыл топу, шуру, бермет сыяктуу,
Бала өмүрү сатылып турса калаада:
Катуу күйүт, кайгы, зардын дарты үчүн,
Өзүм албай, ал дээр элем адамга.
Бала өмүрүн алсын деген себебим:
Адам деген баласаак тура бечара.

Мейличи, мени жаман көргөн бирөөнүн –
Жан алгыч келип, жанын сууруп аларда,
Эгер, чиркин, экөө болсо жүрөгүм,
Берер элем бирин ошол адамга.

Мен сыяктуу жакшылыкка март эмес,
Адам деген өзүмчүл тура бечара!

*7/II – 1945,*
*Койсары*

## КАЛАМГА

Сен жолдошум, сен кубатым, сен бактым,
Ашык болуп издеп жүрүп мен таптым.
Колуктумдан мурда сүйүп өзүңдү,
Өз жанымдын жармысынан жараттым.

Чырагымсың, айсыз түндө адашпайм,
Ынагымсың, жан чыкканча тарашпайм.
Дүркүрөгөн дөөлөтүмсүң, каламым...
Вашингтон долларына алмашпайм.

Командириң – эл намысы, эл анты,
Сага ишенип курч куралын карматты.
Ошондуктан, өрт аралап бараткан –
Сен доорумдун танка минген солдаты.

Заман күчтүү, күч чак келбейт алдына,
Заман дайра, аккан катуу агымга.
Бул турмушта: нечен кыйын жол бастык,
Дагы кыйын жолдор жатат алдыда.

Эгер өлкөм керек десе, биз белен,
Эл эрки үчүн туулганбыз энеден.
Жүрөгү чоң баатырларбыз бактылуу –
Жер шарынын азаттыгын ээлеген.

Мына ушундай улуу жолдо баратып,
Кезек менен күндөр батып, таң атып.

Күтүлбөгөн бир мезгилде түбөлүк –
Эгер өлүм мени кетсе уктатып:

Ошол замат арта салып мойнуңа,
Тез чуркап жет кең өрөөндүн оюна.
Көп ыйлабай, капаланбай көөмп кой,
Ысык-Көлдүн толкун чачкан боюна.

Көл шарпылдап толкундарын таратсын,
Толкундары мени карай баратсын.
Жүр, көрөлү, кыргыздын бир акыны
Уктап жатат... уктап жатат деп айтсын...

Биздин турмуш, биздин кылым эң кызык,
Октор гана оюн кылган жол сызып.
Ок күчүнөн жеңип алган өмүрлөр,
Чындыгында эң бир ширин, эң ысык.

Сен жолдошум, сен кубатым, сен бактым,
Ашык болуп, издеп жүрүп мен таптым.
Колуктумдан мурда сүйүп өзүңдү,
Өз жанымдын жармысынан жараттым.

*8/II – 1945, Койсары*

## КУРДАШТЫК СӨЗҮМ

Жарашпас ичи тарлык азаматка,
Тар болбо, тардык жаман тирүү чакта.
Арамдык, кытмыр кыял, көрө албастык,
Өзүңдү өйдөлөтпөй тартар артка.

Жакшынын жакшы жагын бөлө билгин
Жамандын жакшы жагын көрө билгин.
Эр жигит бекер келип, бекер кетпейт,
Таштаба экен го деп бири – миңдин.

Ар куштун алсам деген талабы бар,
Ар аттын чыксам деген кадамы бар.
Курдаштар, өзүңдү өзүң сыйлай билгин,
Ар жандын мактай турган тарабы бар.

Эр жигит бирде жанар, бирде азар,
Деңиздей кээде кемип, кээде ташар.
Адамдын адам болор жан жөлөгү,
Унутпас, азган жигит, салсаң назар.

Кызыктуу баарыга тең өмүр өтөр,
Бирок да эстен кетпес жакшы сөздөр,
Суу жеткен балбан кучак бай теректей
Жигитти сөз семиртер, сөз көгөртөр.

Эң калыс, эң адилет улуу заман,
Энедей баарыга тең көңүл салган.
Менсинип эч нерсени жактырбаган,
Жок эмес арсыз адам, алсыз адам.

*11/II 1945*
*Койсары*

## СУЛУУГА

Кош, жан эркем, кош дейсиң деп таарынба,
Мени күтпө, мени эстебе, сагынба.
Жаш кездердей ынак сүйүү жок экен,
Отуз жаштын улам аркы жагында.

Кош сүйгөнүм, коштошоордо жалынба,
Сен жакшы элең мен сүйө элек чагыңда.
Ак сүйүүдөн көңүл калуу көп экен,
Отуз жаштын улам аркы жагында.

Сен бир кептер боз шумкарын түнөткөн,
Унутулган учаар замат түнөктөн.
Сүйүү деген – сүйүү эмес эринден,
Сүйүү деген – от чачышуу жүрөктөн.

Сен бир бакча, мөмөлөрүң келишкен,
Мен жүргүнчү, ооз тийген жемиштен.
Сүйүү деген – сүйүү эмес бетиңден,
Сүйүү деген – сүзүп өтүү деңизден.

Сен бир жүзүм, бышып турган мына бу,
Арман да эмес, бирок сенден кур калуу.
Сүйүү деген – ырдоо эмес бал ууртап,
Сүйүү деген – сүйүү уусуна ууулануу.

Таттуусуңар, ачуусуңар, сулуулар,
Алдайсыңар бизди опоңой кургурлар.
Канча болсо сенин жибек көйнөгүң,
Дал ошончо жүрөгүңдө сүйүү бар.

Бирок менин махабатым бир гана,
Бирок ал жок, эгер болсо ал кана?
Мага ишенбе, элес кылып бардыгын,
Күлүп жүрөм өзүңө окшоп алдана.

*12/II – 1945,*
*Койсары*

## ЗАМАНДАШЫМА

Жашыл ала жагоо тагып желбиреп,
Жакшы өмүрдүн жарашыгы биз элек.
Жаштык күндүн ар бир соккон сагаты,
Жаш сүйүүдөй койнубузда эркелеп.

Кызыл ала жагоо тагып желбиреп,
Кызык күндүн кызыктары биз элек.
Кымбат күндүн ар бир сокон сагаты,
Кыз баладай койнубузда эркелеп.

Жашоо эркине жаратылып бир ирет,
Карап көрсөң кандай эмгек кылдым деп:
Кайран күндөр бекер кеткен экен деп,
Ойлоп-ойлоп өкүнөрүн ким билет?..

Сонун күнгө жаратылып бир ирет,
Санап көрсөң кандай эмгек кылдым деп:
Кайран өмүр, текке кеткен экен деп,
Самап-самап сагынарын ким билет?

Кеткен кемтик жакшы ыр менен жетилет,
Андай болсо, көп кечикпей кууп жет.
Доорубузга каухар чачып калалы,
Алдыбызда канча өмүр бар, ким билет?

Жаштык айып таттуу ыр менен жетилет,
Андай болсо, көп кечикпей кууп жет.
Заманага жыпар төгүп калалы,
Дагы канча жашоо калды, ким билет?..

*14/II 1945,*
*Койсары*

## АДАМГА

Адамды адам меймандап,
Сыйлайт экенсиң.
Жакын жолдош-жорону
Жыйнайт экенсиң.
Жакшы тилек, ак ишти

Кыйбайт экенсиң.
Ак дасторкон үстүндө
Чын ниет менен досуңду
Жегин муну, ичкин деп,
Кыйнайт экенсиң.
Ошентсең да өмүргө
Сыйбайт экенсиң,
Кара жердин түбүнө
Бириңди-бириң жашырып,
Ыйлайт экенсиң.

*16/II – 1945,*
*Койсары*

## САЛЮТ

Душмандын сындыра атып күнүн, айын,
Эр Маскөө күндө салют берген сайын,
Тынчтык күн улам бери келе жатат.
Жоодурап күлгөнүнөн кагылайын.

Айбандын ойрон кылып жаткан жайын,
Берлинге улам жакын калган сайын,
Бакыт күн биздин үйгө келе жатат,
Бакыбат мүнөзүнөн кагылайын.

Өпкүлөп бул жылдагы сулуу жазды,
Өрчүгөн салют үнү көңүл ачты.
Кончудай биздин салкын калаабызга
Жыргалдын учуп кеткен карлыгачы.

Куттуктап гүлдүү жайды үстүдөгү,
Кубантат салюттун зор дүңгүрөгү.
Айланат өлкөбүздүн асманында
Ырыстын алыс кеткен көгүчкөнү.

Кайтарып жаш өмүрдү күлүп өскөн,
Элинен алкыш алат улуу көсөм.
Тынчтык күн сени менен кучакташып,
Көзүмдөн жаш көлдөтүп көрүшпөсөм.

*18/II – 1945,*
*Койсары*

## ҮЛПӨТ ЫРЫ

Жакын түшүп катюша огу чачырап,
Чоң Берлиндин каалгасы качырап,
Биз жетишкен жеңиштерге сүйүнүп,
Бизге кел деп, күндө бир үй чакырат.

Үлпөт берип улуу менен кичүүгө,
Банкет жасап, кадыр-көңүл билүүгө,
Бүт советтин үй-бүлөсү чогулуп,
Ха-халашып бокал кагып ичүүдө.

Жоо тобуна ок жаадырган пулемёт,
Көзү жалын, каны дайра, жүрөгү от,
Улуу майрам, улуу тойдун ичинде,
Жан курдашым, Жоомартымдын орду жок.

Анын ыры таттуу тилдүү бала эле,
Бул замандын чын сүйүктүү жары эле.
Жорголугун салыштыра келгенде,
Шырдакбектин жоргосундай бар эле.

Күүлдөгөн кош канаты бороондоп,
Байкаганга кыраан бүркүт өзү окшоп,
Бул олтурган көп курдаштын ичинде,
Кайран гана Жусубумдун орду жок.

Анын ыры шекер-шербет, бал эле,
Бул замандын бактылуу бир жаны эле.
Күлүктүгүн салыштыра келгенде,
Күлүктүгү Көк аладай бар эле.

Кыялы көл, талабы албуут жанган от,
Аркыраган алп кара куш өзү окшоп,
Бул олтурган теңтуштардын ичинде,
Урматтуу ага, Мукайымдын орду жок.

Анын ыры кубат эле, шаң эле,
Бул замандын жанып турган шамы эле,
Болочогун даана карай билгенге,
Толубайдын тулпарындай бар эле.

Кел, ичели, бокалыңды толтургун,
Жок, ал болбойт, түгөтө ичип олтургун.
Курман болгон досторду да эстейли,
Кечип өткөн бул турмуштун толкунун.

*20/II – 1945,*
*Койсары*

## ӨЗҮМДҮН ӨСКӨН ЖЕРИМДЕН

Өз туулган жеримден
Жаңы журт, жаңы эл көрдүм.
Агыны катуу, шары күч
Ак көбүк чачкан сел көрдүм.

Өзүмдүн өскөн жеримден
Азамат көрдүм, алп көрдүм.
Баарынын жарык кабагы
Ордендүү калың калк көрдүм.

Чын эле элим ордендүү,
Карасаң, курбум, карасаң!
Ордендүү менин айланам.
Ордендүү менин заманам.

*20/II 1945, Койсары*

## КЕЛСЕМ ЖОКСУҢ

Келсем жоксуң... келсем жоксуң, сүйгөнүм,
Сен мен үчүн жарык айы дүйнөнүн.
Далай мындай кыйгач түшкөн иштерге,
Кабак чытып кайгырбоону үйрөндүм.

Келсем жоксуң... келсем жоксуң, жалжалым,
Текке элирттиң тентек сүйүү кандарын...
Бакыт жолу бирде түз да, бирде ийри,
Оңдоо керек ийри түшүп калганын.

Улам... улам... каттар жазып жалбардың,
Неге мынча мени күтүп саргардың?
Сүйүү деген кээде паста, кээде өйдө,
Аёо керек жерге түшүп калганын.

Мейли, шоолам, жолугуулар кечиксин!
Жаз болбосо, жай түнүндө кезиксин!
Сурап билсем, миң сүйүүгө барабар,
Жазгы айдоонун камын көрүп кетипсиң.

Ошент, жаным, өзүң иштеп көрсөткүн,
Болот миздер бороздорун төшөлтсүн!
Сен өндүргөн жаз көгүнө аралаш,
Менден шайыр, менден таза жаш өссүн!

*4/III – 1945, Койсары*

## ЖЕҢЕМЕ

Жол үстүндө биздин айыл Кайыңды,
Күн кечкирип, малдар бери жайылды,
Тандап минип көп жылкынын ичинен,
Жакшы көргөн жетим тору тайымды...

Ал күн экен анчейин бир эсирме,
Учкул элем мен балапан кезимде.
Күн чыгыштан күн батышка аркырап,
Поезд менен жарышканым эсимде.

Күлүк жаштык, ошондо сен кайда элең,
Күкүк учкан гүл бакчалуу жайда элең.
Заманынын жыргалына мас болгон,
Ал кезекте мен да тайдай тай элем.

Он-он беш жыл зуулап өтүп арадан,
Дем алышка үйгө келсем калаадан.
Жеңем менден кайсы иштесиң деп сурап,
Ачкыл сунуп, уялыңкы караган.

Катуу тийди жүрөгүмө бул суроо,
Көңүлүмдө көрүнбөгөн миң буроо.
Өз ичимде акын болдум деп жүрсөм,
Кыйын экен мына минтип учуроо.

Жооп бербей, калп эле укпай мостойдум,
«Кандай, жеңе, журт аманбы?» – деп койдум.
«Мен-менмин» деп керген менен боюмду,
Чындыгында жаман акын окшоймун.

Айда, чамда... шумкар канат жаркылда,
Деңиз сүзгөн крейсердей калкылда.

Кол тие элек эчен кымбат иш жатат,
Отуз жаштын тоолорунун артында.

*5/III – 1945,*
*Койсары*

## БАЛЫКЧЫДАН ФРУНЗЕГЕ
**(*Келиндин сөзү*)**

Желип кетсе жейренден тез буттары,
Ай, чиркин ай, укмуштуу экен учканы.
Ысык-Көлгө келип калды ээ ушинтип,
Жарыктык ай жаңы заман тулпары.

Жүр, Канымкүл, чыпта[5] сатып алалы,
Фрунзеге ылдам кирип баралы.
Бал кошкон май, курут менен эт берип,
Кубанталы окуудагы баланы.

Жүр, Шайыркүл, шашпай түшүп алалы,
Шаарыбызга шаңдуу кирип баралы.
Сүзмө ичирип, сүрсүгөн жал жедирип,
Сүйүнтөлү сүттүү уйкулуу баланы.

Жүр, Жыпаркүл, Фрунзеге баралы,
Аралайлы атыр жыттуу калааны.
Эл көрбөсө алаканды шак коюп,
Жаңы үйлөргө бир таңыркап алалы.

Көчөсүндө колтукташып жүрөлү,
Жакшы көрүп нечен укмуш түрлөрдү.
Эл жок жерде оозду ачып делдейип,
Өзүбүзчө түрткүлөшүп күлөлү.

---

[5] *Чыпта* – билет деген мааниде.

Андан ылдый театрга баралы,
«Айчүрөктү» абдан көрүп каналы.
Ракмат деп бул замандын ээсине,
Алкыш айтып урматтуу кол чабалы.

Сылык экен, сулуу экен элдери,
Таптаза экен элдин жүргөн жерлери.
Шаардыктар маданият дейт экен,
Кээсин сурап, кээсин уурдап келели.

*6/III – 1945,*
*Койсары*

## БОЗ БАЛА
***(Кыргыз вальсына текст)***

Борумуңдан, боз бала,
Боздотпочу, садага.
Боздосом да жеткирбей,
Бой саласың башкага.
Ой, боз бала,
Ой, боз бала,
Күтөм колхоз
Багында.
Жок, келбейсиң,
Чолоң тийбейт
Кызыл кырман
Маалында.

Жайдарыңан, жаш бала,
Жалынтпачы, садага.
Жалынсам да жеткирбей,
Жалooруйсуң башкага.
Ой, боз бала,

Ой, боз бала,
Күтөм өзөн
Жанында.
Жок, келбейсиң,
Колуң тийбейт
Кызыл кырман
Маалында.

Кыялыңан, бир бала
Кыйналтпачы, садага
Кыйналсам да жеткирбей,
Кызыгасың башкага.
Ой, боз бала,
Ой, боз бала,
Күтөм кампа жанында.
Жок, келбейсиң,
Күткүн дейсиң
План бүткөн
Маалында.

Ой, боз бала, боз бала,
Ойнойлу кең заманга.
Мага да далай жалынган
Сен өңдөнгөн көп бала.
Ой, боз бала,
Ой, боз бала,
Бери басчы
Жаныма.
Чер таратып
Жашайлыкчы
Ушул жарык
Заманда.

*4/IX – 1945,*
*Койсары*

## БЕШИК ЫРЫ

Алдей, алдей, бөбөгүм,
Арка, сүйөө, жөлөгүм.
Кандуу күндө көтөрүп,
Майрам күнү төрөдүм.

Алдей, алдей, ак бала,
Апакеңди кыйнаба,
Эжекең жүрөт мектепте,
Атакең жүрөт кырманда.

Алдей, алдей, бөбөк жан,
Бөрүлөр жортоор ыйласаң.
Белдүү жигит болорсуң,
Бешигиңе сыйбасаң.

Алдей, алдей, кыргыек,
Жаз айланып, кыш келет.
Кызыл мончок, кыйгач каш,
Кылтылдаган кыз келет.

Алдей, алдей, турумтай,
Алышып ойнойт кулун, тай.
Аркырап учат заманың,
Артынан калбай жулун, тай.

Чоңоёрсуң эр жетип,
Азамат болуп, бел чечип,
Алдей айтып турарсың,
Сен да уулуңду терметип.

Кызматчы бол, акын бол,
Ар билимге жакын бол.

Андан айла болбосо,
Энтеңдеген бригад бол.

*5/XII 1945,*
*Койсары*

## ТЕГИРМЕН

Тегирмен, тегирмен
Тентек өскөн теңирден,
Тегеренбей тура албай
Терин төгүп элирген.

Тегирмен, тегирмен
Темир минип теминген,
Тереӊ алып кулачын,
Тез жүгүрүп керилген.

Тегирмен, тегирмен
Арпа, буудай кемирген,
Ак буудайдын ак нанын
Колхозчу жеп семирген.

Тегирмен, тегирмен
Күз болгондо элирген,
Ак буудайдын ак наны,
Эмгек күндүн теңинен.

*5/XII 1945,*
*Койсары*

## КОРУКЧУ

Коруктун башы коомай жол,
Копол ууру оомай жол.
Кыярып бышкан ак эгин,
Арам колдон аман бол.

айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Дандарың жерге түшпөсүн,
Башыңды бирөө үзбөсүн,
Бак-дөөлөткө учкашып
Бажырайган күз келсин.
айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Корукчу корук көздөсүн,
Көргөндөр мактап «сөз» десин
Атка минип аралап
Көпкөн жигит өтпөсүн.
айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Талкалап буудай тактасын,
Эң асылын тазасын.
Калаадан чыгып жыгылып
Мас жигит уктап жатпасын.
айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Таруулар бышып таранып,
Талыкшып боюн каранып,
Толуп турган кезинде
Таранчы келер кап алып.
айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Таруунун кыяр сабагын
Шыпырып кетер дандарын.
Жакшы кайтар колхоздун
Жаш жандырар тамагын.

айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Коноктор бышып саргарып,
Орот деп качан жарданып,
Бойго жетип турганда
Чымчыктар келер чийне алып.
айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Коноктун кыркар сабагын
Корукчу жакшы карагын.
Таш үстүндө колхоздун
Гүл өстүрөр тамагын.
айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Бош эмес бардык аңыздар,
Төмөндө коон, дарбыз бар,
Бөйрөгүн оюп кетпесин
Карга деген кансыздар.
айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Колхоздун иши оң болсун,
Азык-түлүк мол болсун.
Жүгөрүлүү чүйлүктүн
Жүгөрүсү тоо болсун,
айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Калкымдан бирөө өлбөсүн,
Түк жамандык көрбөсүн.
Көп таруулуу көлдүктүн
Бозосу агып көлдөсүн.

айт, айт куу, куу!
айт, айт куу, куу!

Коромжу болбой жакшы өссөң
Сүйүнчүңө кашка суу?

*6/XII 1945,*
*Койсары*

## АККАН СУУ

Ай аккан суу, аккан суу,
Шылдыр мончок таккан суу,
Сыр дайрадан чоң туруп,
Сыр аякка баткан суу.

Ай аккан суу, аккан суу,
Асман кезип шашкан суу,
Тынч деңизден кең туруп,
Бир чыныга баткан суу.

Ай аккан суу, аккан суу,
Ар пендеге жаккан суу,
Карысы да, жашы да
Кесирленип чачкан суу.

Ай аккан суу, аккан суу,
Өмүрдүн көркүн ачкан суу,
Ошентсе да адамзат
Бир тыйынга саткан суу.

Ай аккан суу, аккан суу,
Жок жерден кошун тапкан суу,
Айбанаттын бардыгы,
Белиңди кесе баскан суу.

Ай аккан суу, аккан суу,
Жалпы ааламды баккан суу,
Ошентсе да баркы жок,
Ар кай жерде жаткан суу.

Ай аккан суу, аккан суу,
Ичинде болбой таткан суу.
Өмүрү кең, күнү жок
Бул аккан суу, кандай суу?

Ай аккан суу бир күнгө
Сууң кургап түбүңдө,
Акпай калсаң ошондо,
Түшөр элең көңүлгө.

Чаңкар эле адамзат
Азар эле адамзат,
Бир тамчыңа бир уулун
Сатар эле адамзат.

*6/XII 1945,*
*Койсары*

## КОМБАЙН МААЛЫ

Колхоз сайын, жер сайын,
Кубаттанткан эл шайын,
Колхозчулар «комбай» – деп
Эркелеткен комбайн.

Октон өткүр тишиңиз,
Желден жеңил ишиңиз,
Баатыр сындуу жүзүңүз,
Көсөм сындуу ишиңиз?

Жайкалды күздүк, жайкалды,
Сен жүргөн жаздык жайпалды.
Касиетиң ушундай,
Кантип «сен» деп айталы.

Өзүң оруп, бастырып,
Келе кап деп шаштырып,
Өөдө карайт башкарма
Өкмөткө данын тапшырып.

Өзүң жыйнап кызылдап,
Чарчап койбой бышылдап,
Мактанып чабат башкарма
Өйдө-төмөн тызылдап.

Бригадир бек сүйлөйт,
Жигиттер ылдам деп сүйлөйт,
Планды бүтсөк бакыт деп,
Көпчүлүккө эп сүйлөйт.

Эт семизи комбайга,
Нандын агы комбайга,
Күзгү кымыз комбайга,
Барлык ырыс комбайга.

Комбайнчы карды ток,
Көп иштетип, аз оңдоп.
Каада күтүп мостоет,
Суроо берсең жооп жок.

Ай өмүр ай, алдамчы,
Алдамчы түгүл жалганчы.
Өмүрдүн жаш кезинде
Механик болуп калсамчы?

Ай жаштык ай, жалганчы,
Аным калп деп карганчы?
Калп болбосо, жашымда
Штурман болуп алсамчы.

Борборго шондо барсамчы,
Борсоюп окуп алсамчы.
Эч болбосо илинсем,
Тракторго жардамчы.

Ай комбайн, комбайн,
Жаныңда жүрүп жандайын.
Талабыма жетермин,
Таалайлуу эле маңдайым.

Таптаса кандай бууданын,
Семиртсе кандай кунанын.
Сени да ошондой сактасын,
Антпесе жетер убалың.

*7/XII 1945,*
*Койсары*

## СУГАТЧЫ

Сугатчы сугат сугарса,
Жайылып суусу суналса.
Суйкая басып жаш сулуу,
Суусунун берип кубантса.

Бөгөлбөй бөгөт шар акса,
Эгинге сугат жарашса.
Эпчил жеңем жарма алып,
Желбиреп чуркап баратса.

Аптабын ысык ырбатса,
Токтолбой суулар шар акса.
Көрөгөч келин жарына
Көмөчүн берип жыргатса.

Суюлуп жылдыз, ай батса,
Кулагын бууп байлашса.
Сыр билги кургур таң күтүп,
Самоорго чайын кайнатса.

Алдына ашын жайнатса,
Багландын майын чайнатса.
Жөн билги алтын ардактап,
Эрине бакыт айлантса.

Сугатчы суунун баатыры
Сур жибек тиккен чатыры,
Сугатчынын колунда,
Турмуштун жыттуу атыры.

*7/XII 1945,*
*Койсайры*

## ТЕМИН

Айда темин, теминим,
Айда алты атым темингин.
Абайлатпай чаап кал
Артка тарткан кежирин.
Оп майда, майда!
Оп майда, майда!

Айда темин, теминим,
Котор аттын кээ бирин,
Билгизбейли ушул жыл
Машинанын кемдигин.

Оп майда, майда!
Оп майда, майда!

Эмдиги жыл бу маалда
Молотилка кырманга
Батпай турган күн болот,
Согуш бүткөн замана.
Оп майда, майда!
Оп майда, майда!

Комбайным күч берсин,
Көп түшүмүн күз берсин.
Теминге басып иели,
Арпанын башы түшпөсүн
Оп майда, майда!
Оп майда, майда!

Орокчулар күч берсин,
Орой, орой бүктөсүн.
Теминге салып иели,
Буудайдын башы түшпөсүн.
Оп майда, майда!
Оп майда, майда!

Кызылың кырка тоо болуп,
Кылкылдаган коо болуп,
Сенин берген демиңен
Жарадар кетсин соо болуп.
Оп майда, майда!
Оп майда, майда!

Саргычтын өңү тазарсын,
Арыктар кубат күч алсын.
Касиеттүү заманам
Көркүнө келип жашарсын.

Оп майда, майда!
Оп майда, майда!

Теминди салгын кеңелте,
Күн бата элек, али эрте,
Планың ашсын эки эсе,
Кырманыңа береке.
Оп майда, майда!
Оп майда, майда!

*7/XII 1945,*
*Койсары*

## СААНЧЫ ЖЕҢЕ

Сүрөттөй сүйкүм сүзүлгөн, жеңе,
Көркүнө көзүм түшүргөн, жеңе.
Ак алма мисал түсүңөн, жеңе,
Ак куудай айбат түзүлгөн, жеңе.

Алкымың алды бүчүңөн, жеңе,
Албырткан жанды күчүңөн, жеңе.
Түндө бир көргөн түшүңөн, жеңе,
Сүрөттөй сүйкүм, сүзүлгөн, жеңе.

Сүтүңдөй аппак оюңдан жеңе,
Чака алып баскан колуңдан жеңе.

Саатта саанын бүтүргөн, жеңе,
Табакка куйган сүтүңөн, жеңе.
Калкыңа берген майыңан, жеңе,
Планың ашкан айыңан, жеңе.

Чачпагың учу шырп этет, жеңе,
Шырп этсе, жүрөк зырп этет, жеңе.

Зырп эткен жүрөк шаанынан, жеңе,
Эртелеп сааган саанынан, жеңе.

*7/XII – 1945,*
*Койсары*

## ЖАР КӨРҮҮ

Баркыттан кийген балдар ай,
Башайы көйнөк кыздар ай,
Эртең күйөө той берет,
Жар көрөлү,
жар, жар ай.

**К ы з д а р:**
Күйөө берсе той берер,
Биз бербейбиз кыздар ай.
Күйөөнүн жөнүн сурабай
Кыз бербейбиз
жар, жар ай.

**Ж и г и т т е р:**
Күйөөнүн жөнүн сурасаң,
Жыйырма экиде жаш бала ай,
Сын-сыпатын көргөн жан
Сын тага албас,
жар, жар ай.

**К ы з д а р:**
Жыйырма эки жаш кимде жок,
Кызык кеп го кыздар ай.
Өнөрүн айт, күчүн айт,
Сыны кимге
жар, жар ай.

**Ж и г и т т е р:**
Ат үстүнөн баратып
Тыйын эңет кыздар ай.
Оодарышса он эрди
Жалгыз жеңет,
жар, жар ай.

**К ы з д а р:**
Андай өнөр кимде жок,
Эмгегин айт, балдар ай.
Оодармактан оодарсын
Өнөрү кимге,
жар, жар ай.

**Ж и г и т т е р:**
Үч жүз жетимиш эмгек күн
Эсеби бар, кыздар ай.
Жазылбай жаткан дагы да
Нечени бар,
жар, жар ай.

**К ы з д а р:**
Үч жүз жетимиш кимде жок,
Четтен чыгат, балдар ай.
Кылган ишин дааналап
Жашырбай айт,
жар, жар ай.

**Ж и г и т т е р:**
Бир гектарын бир чабат
Саздын чөбүн, кыздар ай.
Бир гектарын бир орот
Күздүктөрдүн
жар, жар ай.

**К ы з д а р:**
Бир гектарды бир чапса
Жаман эмес кыздар ай.
Бирок анча макталчу
Балбан эмес,
жар, жар ай.

**Ж и г и т т е р:**
Алты кырдын үймөгүн
Жалгыз үйөт, кыздар ай.
Муну сүйбөй жаш кыздар
Кимди сүйөт,
жар, жар ай.

**К ы з д а р:**
Алты кырды өзү үйсө.
Азамат го балдар ай.
Азаматка алты кыр,
Аз болотко,
жар, жар ай.

**Ж и г и т т е р:**
Ал гана эмес, айлантат,
Комбайнды, кыздар ай.
Коромжусуз майкандайт
Буудайыңды,
жар, жар ай.

**К ы з д а р:**
Комбайнды айлантса,
Балажан го кыздар ай.
Биздин Бүбүш сынчы эле,
Жараган го
жар, жар ай.

**Ж и г и т т е р:**
Баланы айтсак ушундай,
Кызыңар кандай, кыздар ай.
Суроо салып көрөлү
Айткылачы,
жар, жар ай.

**К ы з д а р:**
Мурду бучук, башы таз,
Кыз беребиз балдар ай.
Айлыңарга кеткиле
Кыш беребиз,
жар, жар ай.

**Ж и г и т т е р:**
Бучук эмес, таз эмес,
Какшыктаба кыздар ай.
Автобуста жарышып,
Биз келебиз,
жар, жар ай.

**К ы з д а р:**
Кеп жүйөсүн билбейсиң,
Кейкеңдеген балдар ай.
Ушундай жигит жактырган
Жөн кыз бекен,
жар, жар ай.

**Ж и г и т т е р:**
Биз жеңилдик силерге
Сөз жүйөсү, кыздар ай,
Бир бирине жарашкан
Жар көрөлү,
жар, жар ай.

*8/XII 1945, Койсары*

## БАШКАРМА

Кызыл чийкил жаш бала,
Ар өнөргө маш бала.
Улуугa жаман айтпаган,
Кичүүнү тилдеп какпаган,
Биздин, биздин башкарма.

Тор ат минген жаш бала,
Түн уйкусу аз бала.
Колхозду алга сүрөгөн,
Планын бүтпөй күлбөгөн,
Биздин адил башкарма.

Жылкысы кери жайылган,
Койлору батпай байыган.
Ыраазы болуп район,
Кызыл туу келип борбордон,
Рахмат кетпей айылдан.

Азын көпкө кураган,
Көбүн көпкө улаган.
Үйлөргө кымбат мүлк толгон,
Кечке жуук колхоздон,
Күмүш түтүн булаган.

Жүдөөнүн жайын сураган,
Эл жетинсе кубанган.
Ошондуктан тилеги оң,
Кечке жуук колхоздон
Алтын түтүн булаган.

Биздин, биздин башкарма,
Кармаса колу таш жарма.
Жеткинчектер жыргасын,

Замана калсын, иш калсын,
Ушундай адил жаштарга.

*8/XII 1945, Койсары*

## УНУТПА

Унутпа, жибек боолуу куштарыңды,
Кирген суу, жааган күндөй курч чагыңды.
Өмүргө бир гана ирет жаралсаң да,
Өрөпкүп, өргө алкынып, учканыңды.

Унутпа, ойноп-күлүп өскөнүңдү,
Асмандан ырыс көлүн төккөнүңдү.
Турмушка бир гана ирет жаралсаң да,
Жаркылдап, жарак кармап өткөнүңдү.

Унутпа, кечээкиңди, эртеңкиңди,
Ажалды как сүбөөгө тепкениңди.
Заманга бир гана ирет жаралсаң да,
Миң жылга из калтырып кеткениңди.

Унутпа, жылдыз мончок жылдарыңды,
Жылга ээрчип жылтылдаган жыргалыңды.
Унутсаң, өзүмдү унут, бирок дагы,
Унутпа менден алган ырларыңды.

*8/XII – 1945, Койсары*

## ЖЫЛКЫЧЫ

Колумда четин укурук,
Мингеним азоо жулкунуп,
Жылкычы болсом неге арман,
Жаштыктын демин учуруп.

Жаштыктын демин учуруп,
Жараган чалыш кулпунуп.
Үйрүнөн чыккан күлүктү
Жагалмай куштай куушуруп.

Жээрде кашка сарала,
Кызыл, тору, карала,
Жылкынын көркү эмеспи,
Жылдыздай жылуу санаага.

Айдасаң кулак жапырып,
Куландай куюн сапырып,
Аземи канча жылкынын
Салтанат сайран калтырып.

Дүбүртү дүрбөп дүңгүрөп,
Өрөөндүн ичи күлдүрөп,
Каптаган калың кол эмес,
Андан да сүрү сүрдүүрөөк.

Кыялга куунак кымызы
Кыял кош кылган кыргызды.
Кимдин, кимдин жылкысы?
Бай колхоздун жылкысы.

Жай келсе Арпа көчсөкчү,
Ашуудан аргып өтсөкчү,
Кең турмуштун койнунда,
Сага окшоп туйлап өссөкчү.

Ай жылкычы, жылкычы,
Жылкыңыз колхоз жылкысы.
Жылкычы күнү кызыктуу,
Жыргалда өткөн жай-кышы.

*8/XII 1945, Койсары*

## МАНСАП

Атак, мансап,
Кайда бассак
Келе бербес таалайга.
Жолу саздак,
Тайгак, таштак,
Турак жайы далайда.

Калыс жанга
Аман барда
Конуп кетер бир ирет.
Өңү жылуу,
Кийми сулуу
Ким экенин ким билет.

Сылап-сыйпап,
Сынап-сыйлап,
Жедирет да, ичирет.
Чыкпай пайдаң,
Куруп сайран,
Сен чоңойсоң кичирет.

Калкка жаккан,
Катуу аккан
Дайрасы бар, жол коёт.
Андан өтсөң,
Күч көрсөтсөң,
Кичирсең да чоңоёт.

*9/XI – 1945,*
*Койсары*

* * *

Ырас болду, бактым, келгениң,
Кубанды менин элдерим.
Жаныма батты аябай,
Кайыры жок шофёрдой,
Кайкалап өтө бергениң.

*9/XII 1945,*
*Койсары*

## САБЫР КЫЛ, КУРБУМ, САБЫР КЫЛ
### *(К. Б... га)*

Сабыр кыл, курбум, сабыр кыл,
Шаң чыгат шумкар уядан.
Ал сенин ырыс-таалайың,
Кечиктим деп уялган.

Ар бир кымбат нерсенин,
Сыныгы бар, кеми бар.
Ар бир учкан нерсенин,
Токтой турган жери бар.

Ар адамдын турмушта
Аша турган бели бар;
Ар токтогон нерсенин,
Уча турган жери бар.

*9/XII – 1945,*
*Койсары*

## КЫТМЫРГА

Кытмырдын ичи кырк кабат,
Кыркы тең бирдей кырк жамак.

Кытыраган ташы бар,
Кыйын болсо бир табак.

Барыңды бардай көрө албайт,
Баркыңды булгап жамандайт.
Бактыңа көзү кызарып,
Өлөйүн деп, өлө албайт.

Бириңди бирге ушактайт,
Билгизбей туруп тузактайт.
Бети калың, беш эли,
Билмексен болуп, жер карайт.

Үйүңө барып чай ичет,
Сылыккеч сүйлөйт «сиз», «биз» деп.
Байкабай, сезбей каласың,
Атыңа тетир мингизет.

Кытмырдын кыт-кыт күлкүсү,
Кысталыш жерде күлкүчү.
Күлүмүш болуп жеп салат,
Адамдын кытмыр түлкүсү.

Ырыңды ыр деп жактырбайт,
Айтар оюн таптырбайт.
Колунан келсе кытмырлар,
Аккан сууну актырбайт.

Кытмырың коркок, морт болот,
Сүйлөсө сөзү чорт болот.
Шүмүрөйүп тобунан
Шүмшүк болуп жок болот.

*9/XII – 1945,*
*Койсары*

## КЫЗЫЛЧА КАЗГАН КЕЛИНЧЕК

– Кызылча казган келинчек,
Кай жигиттин жарысың?
– Касымкулдун жарымын.

– Жары болсоң жакшы экен,
Канча болду түшүмүң?
– Айтайын аттан түшкүнүң.

– Аттан түшсө мынакей
Сылык экен сөзүңүз.
– Эң төмөнү сегиз жүз.
– Сегиз жүз болсо серт экен,
Жаңылган экен кайран жер.
– Меники болду миң центнер.

– Бир гектардан миң центнер,
Мыкты экен, кана көрөйүн,
Колуңуздан өбөйүн.

– Колумдун несин өбөсүң,
Туурук-туурук, капкара,
Көңүлүң айныр жаш бала.

Сулуулук сыпат кимде жок,
Бакыттын өңү өзүңдөй,
Бакыт сенин колуңда.

*9/XII 1945,*
*Койсары*

## БЕШ ЖАШАРГА БЕРБЕЙМИН

Картайган сайын адамзат
Карылыгын жек көрөт,

Кайран өмүр өттүң деп
Санааркап күнүн өткөрөт.

Эскирген сайын адамзат
Эскилигин жек көрөт,
Эссиз өмүр өттүң деп
Өткөнүнө өкүнөт.

Жашаган сайын адамзат
Жаштык кезин сагынат,
Аттиң ай минтип калбай деп
Жаш күнүнө таарынат.

Майышкан сайын адамзат
Балалыгын сагынат,
Баягыда минтпей деп
Өзүнө өзү таарынат.

Мен антпейин, курдаштар,
Жаштыгым өттү кезинде;
Заманым тынбай жоо кырып,
Ок жамынган мезгилде.

Өттү зуулап балалык,
Заманым баатыр кезинде;
Алп каракуш жар ташка
Таш түлөк тууган мезгилде.

Өмүрүм кетти жыргалда,
Заманым жигит чагында;
Шумкарлар жүрдү үстүмдө,
Кабландар жүрдү алдымда.

Ар жашаган күнүмдүн
Бир миң күндүк салмагы;

Ар бир өткөн жылымдын
Бир кылымдай ардагы.

Жан көрбөгөн укмуштун
Артынан кетип баратам,
Өлүмдүн бары чын болсо
Өлүмдү барып таңгалтам.

Жаш улгайып күн өтсө,
Бекерге өттү дебеймин;
Отуздан ашкан жашымды
Беш жашарга бербеймин.

*10/XII 1945,*
*Койсары*

## ТОЛКУЙТ ДА, КАЙРА БАСЫЛАТ

Турмушту өжөр күч дешет,
Өжөр эмес менимче.
Андан жумшак нерсе жок,
Күчтүүсүнөн жеңилсе.

Турмушту орой кол дешет,
Орой эмес менимче.
Андан сылык нерсе жок,
Алдуусунан жеңилсе.

Турмушту сараң деп жазат,
Сараң эмес деп жүрөм.
Андан өткөн жоомарт жок,
Артылып турса өзүңдөн.

Турмушту соргок күч дешет,
Сук айланган көзүнөн.

Андан сыпаа нерсе жок,
Чачылып жатса өзүндөн.

Кыян, бороон, сел дешет,
Кыян эмес, сел эмес.
Ал бир кубат адамга,
Тең эмес да, кем эмес.

Ал бир жаздын булуту,
Бүркөлүп, кайра ачылган.
Ал бир күздүн толкуну,
Толкуп, кайра басылган.

*12/XII – 1945,*
*Койсары*

## СҮЙҮМКУЛДУН АЙЛЫНДА

Келди Сүйүм, сүйгөн курбум – Сүйүмкул,
Сүйкүм көңүл сүйүндүргөн көп учур,
Учуратып кызыл-туунун боюнан
Колхоз баба, алтын сузган күзгү утур.
Төрт күн, беш күн эс алууга келатып,
Сүйүм менен көргөндөрүм мына бул:

Түптүз кеткен эки бөлүм калың бак,
Калың бакта орус, кыргыз эки калк,
Ирегелеш, босоголош, короолош
Бир туугандай энчиси бир ынтымак.
Бир дегеним кыргыз ага мал бакса,
Орус ата кырманда дан сапырат.

Башкармасы бизге маалим Биялы,
Бала мүнөз эң жагымдуу кыялы,

Энекелейт картаң орус кемпирин
Өз уулундай өгөйү жок сыягы.
Майрам күнү ырдаган ыр бир болуп,
Кошулушат комуз менен кыягы.

Комуз эмес, ой-пикири санаалаш,
Там көтөрүп ар бир койгон кирпич, таш;
Келечектин бейкут жайы урабас,
Орун алсын төркүнү бир соңку жаш.
Үй-жайы эмес, орус, кыргыз элинин
Өзүм көрдүм мүрзөлөрү аралаш.

Орус уулу салам айтат кыргызча,
Алейкум деп алик алат абышка.
Эч айрылгыс мүнөзү бир дос экен,
Орус, кыргыз бирин бири табышса,
Түк бөлүнгүс сапаты артык эл экен,
Бирге аттанган акыйкатка, намыска.

Кыргыз журту кызын берет оруска,
Сонун экен булар сөөк болушса.
Орус эли кызын берет кыргызга,
Артык экен булар бирге кошулса,
Турпагы да, таштары да таттуу экен,
Ар кыл улут бир конушка конушса.

Күн да батты, түн да кетти таралып,
Үркөр өчүп, үйдүн ичи агарып,
Көз ирмебей таң аткыча сүйлөштүк
Черге тунуп, жүрөк кайра жаралып,
Зуулаган күн, зымыраган турмушту
Бир башкача жакшы көрүп карадык.

*16/XII 1945,*
*Койсары*

## «КОММУНИЗМ» КОЛХОЗУНДА

Кыштак калды, кырман жакка бет алдык,
Темин бастык, «берекелеп» үн салып,
Кырман кызыл, кылк-кылк этип байтигип,
Тынч өмүргө чолпон мунар нур тагып,
Кырк күн дуулап кымыз ичкен уландай
Куттуу күздүн кубанчына жыргадык.

Аттиң өмүр, арман өмүр, көп түрлүү,
Таалайга чак өлчөмү бар бөлүмдүү;
Болор элем кырманына корукчу,
Эгер болсо айтканыма көнүмдүү.
Ай чын эле болбогондо эмине,
Колхозчулук кандай кызык көңүлдүү!

Аттиң, бактым, баркыт мисал оңсоңчу,
Жашым жанып он сегизге толсомчу;
Көңүл ачык, көкүрөк таза соо чактай
Күздүк айдап, бир күн сыртка консомчу.
Кызылчанын катуу түбүн жумшарткан,
Жыламыштын жылдыз суусу болсомчу.

*16/XII 1945,*
*Койсары*

## КӨҢҮЛ КУУНАК

Көңүл куунак, өмүр ынак, жол ыраак,
Жорго минген жолоочуга даңгырак.
Кээде бороон, кээде үйөр бетке уруп,
Сергек жанды бир аз тыным алдырат.

Тыным алып артыбызга көз салсак,
Көзгө илешпейт, мел-мел этип эки жак,

Аз өмүрдө канча кыйын жол баскан,
Таң каларлык, таң каларлык адамзат.
*17/XII 1945, Койсары*

## 1946-ЖЫЛ, 1-ЯНВАРЬ

Бул күндө мен көк атлас Көлдө болдум,
Куттуктап, колун кысып жолдоштордун.
Уктабай, минут санап, түндү күтүп,
Сагындым биринчи айдын келер жолун.

Барактап, ой улантып, китеп ачтым,
Вино ичпей, кол кубантып ырлар жаздым.
Түнкү аяз, ачык жылдыз, толкун менен,
Жаңы айды, жаңы жылды куттукташтым.
*17/XII – 1945, Койсары*

## ЭСКЕРМЕ

Мен тургузбайм эскерсин деп эскерме,
Эскерсин деп эстетерге эч нерсе.
Кайтпас күнгө калкып кете беремин,
Кайсы күнү тагдырыма кез келсе.

Эрксиз сыйлап караңгы көр кереңин,
Сыртта калар аз болсо да керегим;
Билбес жанга өспөс менин бийигим,
Билген жанга өсөр менин тереңим.

Таштан болор, кумдан болор төшөгүм,
Аз болсо да сыртта калар сөздөрүм.
Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү,
Буудан болуп таскак салып өтөрмүн.
*17/XII – 1945,*
*Койсары*

## ТИРҮҮЛҮК

Кеткен кетти, өткөн өттү, бирдеймин,
Кечтим дайра агымынын миңдейин.
Кемибеген кенч экен го тирүүлүк,
Кенч дебесем, анан аны не дейин?
Кайдан чыгып, качан келдим бул жерге?
Жел миндимби, суу миндимби, билбеймин.

Калган калды, бирин көзгө илбеймин,
Бастым ашуу, тайгак жолдун миңдейин.
Шаан-шөкөт, той экен го тирүүлүк,
Той дебесем, анан аны не дейин?
Жашоо чиркин, бир тамшаным нерсе экен,
Кант жедимби, бал жедимби, билбеймин.

*17/XII – 1945, Койсары*

## ИСТРЕБИТЕЛГЕ
*(учкучка)*

Сен учкучсуң, болгондо да кыраны,
Канат серпсең, куштан бийик чыгасың.
Чагылгандай күр дей түшкөн үнүңдө
Максатыңды же бар, же жок кыласың.

Мен акынмын, сүрүм менен токтотом
Сел дайраны, океанды толкуган.
Ителгиче ташты жара тепсем да
Өзүмө өзүм ыраазы болбой олтурам.

Аз өмүрдө көптү берип калууда
Биздеги ойдун эң туурасы, ырасы.
Учкуч курбум экөөбүзгө баары бир,
Жашоо күндүн узун жана кыскасы.

*17/XII 1945, Койсары*

## ӨЛГӨН ЖОКСУҢАР

Кечээ жаштык түтүн эле жана элек,
Жүзүм эле тамчы суусу тама элек.
Тагдыр кошуп, жолдош кылган турмушка,
Тамашалуу бир топ, бир топ бала элек.
Бир топ бала, сен гана да, мен гана?..
Көп азайдык, жалган айтып не керек.

Көп азайдык, күн батышта жоо жеңдик,
Жеңиш үчүн тобокел деп жан бердик.
Жылуу үйгө, жумшак сыйлуу төшөккө
Бир кайрылып, канат серпип келбедик.
Бакыт үчүн муздак жерди кучактап,
Өмүрлүккө чоочун жерди жердедик.

*17/XII – 1945, Койсары*

## СЕН АЙТПА

Сен айтпа да, мен укпайм,
Эссиз кыздын көпкөнүн.
Кийсе кийсин жибектин,
Кызыл, сары, көктөрүн.

Менде толгон кийим жок,
Сыртым бүтүн, көңлүм шат.
Менде таттуу ырлар бар,
Барлыгынан жаңыраак.

Кимдин кимин көрөбүз,
Жер үстүндө бар болсок.
Кыйындык жанды чыйратат,
Бейкорлук муун бошотот.

*17/XII – 1945, Койсары*

## ДАГЫ САГА
***(С. га)***

Сен жок жерде ак селки,
Көйкөлө басып буралат.
Көркөмүндө айып жок,
Көз кандырып суналат.

Сен бар жерде ак селки,
Төмөнсүнөт, жер карайт.
Акыйкат сүйгөн ар адам,
Ошентсин деп дабалайт.

Кылчактасын, кызарсын,
Алдынан тосуп бара бер.
Бетиндеги уятын,
Тарта түшсүн кара жер.

*17/XII – 1945,*
*Койсары*

## МЕН БУЛ ЖАКТА ЖҮРГӨНДӨ

Мен бул жакта жүргөндө
Эстер бекен курбулар?
Эстесе эстер бир күнгө,
Бирок бир жыл унутар.

Неге антишет, билбеймин,
Унутчаак күндөн кайсы опо?
Унутсаң унут, таарынбайм
Ырым жокто, мен жокто.

Көзүм барда, курбулар,
Эстегиле, антпеңер,

Жүз жыл бизге энчи эмес,
Унутушар кез келер.

*18/XII 1945,*
*Койсары*

## СЕНИН ПОЭМАҢ

Сен десем, сен дегендин баары сенсиң,
Сен калыс, сен адилет, тегиз-теңсиң.
Эр жигит мээнет менен тапкан мүлкүн
Түбөлүк сактатууга сага берсин.

Сөзүң чын, жолуң туура, молсуң, кеңсиң,
Шертиң ак, ошондуктан ыйык элсиң.
Азамат тапкан байлык, мурастарын,
Ар убак сактатууга сага берсин.

Бул ырлар менин ырым, сенин ырың,?
Мөмөсү биз жашаган жакшы жылдын.
Бүгүнкү менден алган поэмаңды
Эскиртпей, эртеңкиңе сунуш кылгын.

*18/XII – 1945, Койсары*

## КЫРГЫЗ КӨЛҮ

Ысык-Көл – кыргыз көлү кылкылдаган,
Кыз-келин кылаасында шыңкылдаган.
Кылымдар колдон түшкөн маржан болуп,
Көрүнбөй тереңинде жылтылдаган.

Ысык-Көл – кыргыз көлү шарпылдаган,
Көркүнө көктөн башка тартынбаган.
Замандар кербенчидей чубап өтүп,
Чарчаса саясында салкындаган.

Ысык-Көл – күрдөөлдүү көл күрпүлдөгөн,
Көркүнө көктөн башка сүртүнбөгөн.
Көк түсү таалай көркү, ырыс көркү,
Толкуса толкундары түркүмдөгөн.

Көзү курч, көкүрөгү бек уландары,
Пейли кең, берешен кол адамдары.
Ысык-Көл, касиетиңен айланайын,
Сыйла, сүй бакыт берген замананы.

*19/XII – 1945, Койсары*

## ОРУС КАЛКЫМ – ТУУГАНЫМ

Орус калкым – тууганым,
Кыялыңды жактырам.
Кара нөшөр түндө да
Жарык күнсүң ачылган.

Мээ кайнаган ысыкта
Пейлиң жайлоо салкындуу.
Жүрөк тоңгон суукта
Жылуу жазсың жаркындуу.

Боорукерсиң атамдай,
Марттыгың май майрамдай.
Каадаңда такыр кайгы жок,
Мичуриндин багындай.

Эпкиндеп баскан кадамың
Камбаркандын күүндөй.
Өмүрүң куунак ар убак
Жаңы жылдын түнүндөй.

Ылдамдыгың куландай,
Ыкчамдыгың тайбастай.

Баатырлыгың бүркүттөй,
Өткүрлүгүң албарстай.

Ысык-Көлдөй тереңсиң,
Каркырадай кененсиң.
Кандай душман келсе да
Кайратың менен жеңесиң.

*19/XII 1945, Койсары*

## ЫСЫК-КӨЛ – НЕВА СУУНУН СҮЙГӨН ЖАРЫ

Ысык-Көл – Нева суунун сүйгөн жары,
Жактырып сүйгөн кызы алыстагы.
Кыял мас кыз-күйөөнүн кубатындай,
Экөөнүн желден чыккан дабыштары.

Нева суу кубаттуу суу, шары катуу,
Жүзүндө эр сүрү бар салтанаттуу;
Ысык-Көл туптунук көл, кыз мүнөздүү,
Койнунда өмүрү бар ширин – таттуу.

Түн кезип эки ашык жар сайран кылат,
Бир-бирин бийиктикке алып чыгат.
Ай батып, таңкы шоола тараларда
Бири түз, бири көккө сапырылат.

*20/XII – 1945, Койсары*

## ЖИБЕК КИЙГЕН ЭРКЕ КЫЗ

Жамгыр жаады, жамгыр жаады шатырап,
Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап,
Шуу-шуу эткен легковойдун бооруна
Балчык тийип, жамгыр суусу чачырап.

Жибек көйнөк сулууча кыз энтелейт,
Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт.
«Ай булганды, ай бузулду көйнөгүм,
Жайдын жааны жаабай койсо эмне?!» дейт.

Тоо алдында колхозчу ата кубанат,
Жай булуту үстү-үстүнө куралат,
«Дан көбөйүп, эрке кызым кулпуруп,
Жибек көйнөк кийсе экен» – деп, суранат.

*20/XII 1945, Койсары*

## КАТЫҢДЫ КӨЛГӨ ТАШТАДЫМ

Катыңды алдым, бирок ичин ачпадым,
Окубадым, кайра жооп жазбадым.
Билем, билем сенин жазган сөздөрүң,
Ошондуктан, көлгө жыртып таштадым.

Бергин дедиң, алты сабак ыр бердим,
Алты сап ыр ардак ыры миңдердин.
Бир сөз айтпай, жерди тиктеп тим болдуң,
Сенин антер кыялыңды билбедим.

Ошондуктан, курбум, сага таарынам,
Кайраттанам, кайра канат кагынам.
Көзүм барда «дурус» деген сөз укпай,
Көзүм жокто «сонунуңду» не кылам?..

*20/XII – 1945, Койсары*

## БИРГЕ ЖҮРДҮК

Бирге жүрдүк бирге жайлап, бир айлап,
Кайык минсек, сен олтуруп, мен айдап.
Мен арчадай жаш эсебин билгизбей,
Сен кайыңдай жаңы гана бүр байлап.

Уялбадым, тартынчактык кылбадым,
Шек билгизип, атыңды атап ырдадым.
Тик карабай чырайыма, түсүмө,
Сен уялып, жерди карап, кызардың...

Кетпейт, кетпейт ал уяттын кызылы,
Мына ошондо ашыктыктын кызыгы.
Кубартпасын, бозортпосун кокустан,
Фрунзенин аптабы курч ысыгы.

*21/XII – 1945, Койсары*

## ЗАМАНДЫН ЖОЛУ УЛУК ЖОЛ

Замандын жолу улук жол,
Улук жолун сыйлап өт.
Замандын жолу кутман жол,
Касиетин сыйлап өт.

Кабак чытпай күлүп өт,
Өмүрүң ачык, жаркырак.
Замандын бир жак канатын
Көтөрүп учкун аркырап.

Уу ичсе, сен да уу ичкин,
Таттуу болор өмүрүң,
Кан кечсе, сен да кан кечкин,
Ачык болор көңүлүң.

*21/XII 1945, Койсары*

## СҮЙДҮМ СЕНИ

Сүйдүм сени, көзүм түштү көркүңө,
Бир күндө эмес, бирге жүргөн көп күндө.
Мындай иштен унут калган жанымды
Салдың кайра махабаттын өртүнө.

Эгер, шоолам, мени аясаң азыраак,
Сүйбө мени, мага бетиң өптүрбө.

Сүйдүм сени, сүйүү эрки бар чакта,
Азга жетпей, көптөн куру калсак да.
Алда качан унут калган нерсени
Алек кылып, алсыратып чарчатпа.
Эгер күнүм, мени аясаң азыраак,
Жакындатпа жаш колуңду карматпа.

Түшүн, эркем, мааниси бар булардын,
Неге сенден сүйбөгүн деп сурандым?
Эгер сүйсөң: көргө башым кирсе да,
Кол алдыңа кулдук уруп турармын.
Ошондуктан, сүйбө дедим жалынып,
Сүйүп калсаң кимге менин убалым?

*21/XII 1945, Койсары*

## УЯҢ КЕЛИН

Кой, кара көз, уялба,
Той күтүнгөн үйгө кир.
Оң бутунан аксаган,
Тигил сенин эриңдир.

Кой, Барчагүл, уялба,
Жөн киши эмес сүйгөнүң.
Сынык канат барчыны
Тынчтык баскан дүйнөнүн.

Эр билеги эшилет,
Тулпар ташка сүрдүгөт.
Кармаштан кайткан азамат
Бизден канча сүрдүүрөөк.

*21/XII – 1945, Койсары*

## АЙ, АЙ, ТАК, ТАК БУУРУЛ АТ

Тизгин учу диркирпе,
Мингеним кайда суурулат?
Тилимди ал, сүйүү жеткирбейт,
Ай, ай, так, так буурул ат.

Оозунан көбүк чачырап,
Мингеним кайда жулунат?
Баары бир жаштык жеткирбейт,
Ай, ай, так, так буурул ат.

Соорунан тери тамчылап,
Кайда учат күлүк зуулдап?
Карматпайт кыт, кыт күлгөн күн
Ай, ай, так, так буурул ат.

Мен кой дедим, болбодуң,
Көзүмдү ачтым бир убак.
Алдыңда дайра кечме суу,
Ай, ай, так, так буурул ат.

*21/XII 1945,*
*Койсары*

## КАЧСА БАКЫТ

Кайкып чыгып колго тийген энчиден,
Качса бакыт карматпайт го дечү элем.
Кара кемсел, атлас көйнөк сулуудай,
Каада кылып жандатпайт го дечү элем.

Кесир кылып колго келген энчиден,
Кетсе бакыт, ай, келбейт го дечү элем.
Үйү таза, эри жакшы сулуудай,
Колум сунсам кол бербейт го дечү элем.

Жок, бекер кеп, кайра келди таалайым,
Таалайымды барып таап алайын,
Жалаң бакыт, жалаң ырыс төгүлөт,
Бир карасаң кеменгердин маңдайын.

*22/XII – 1945,*
*Койсары*

## СҮЙӨМ ДЕСЕҢ

Сүйөм десең мени сүй,
Кадырың билер курагым.
Көрүнбөй калды бүлбүлдөп,
Ууз талдай убагым.

Менин бакчам алыста,
Кантип келер экенсиң?
«Виллисбайга» олтуруп,
Отуз жыл куусаң жетесиң.

Менин үйүм түпкүрдө,
Кантип келер экенсиң?
«Лавочкинге» олтуруп,
Отуз жыл учсаң жетесиң.

Менин короом капкайда,
Кантип келер экенсиң?
Корабль минип, көл менен,
Отуз жыл жүрсөң жетесиң.

Сүйөм десең мени сүй,
Кадырың билер курагым,
Алыста калды бүлбүлдөп
Ууз талдай убагым.

*22/XII 1945,*
*Койсары*

## СҮЙҮҮ КЫЯЛ

Сүйүү деген: келбет эмес, көрк эмес,
Өлчөөсү жок, аз эмес да, көп эмес.
Арбынырак ысыгынан суугу,
Толкун эмес, бороон эмес, өрт эмес.

Мүнөзү жел, тең жүрө албайт, бөлүнөт,
Жүрөгү суу, көңүл калат, төгүлөт.
Сүйүү деген: арзан, кымбат баасы жок,
Тек гана бир кыял нерсе көрүнөт.

*22/XII – 1945, Койсары*

## МЕН ӨТПӨДҮМ

Турмушта мен өтпөдүм, өмүрүм өттү,
Бул күндүн касиетин билбегенмин.
Кубулуп күзгү түшкөн курмага окшоп,
Шагымдан өргө түшүп кала бердим.

Турмушта мен өтпөдүм, өмүрүм өттү,
Мен ага жолдош болуп ээрчип келдим.
Кезинде кышкы кирген буура болуп,
Кезинде бото болуп эңгиредим.

Танбадым, тузун таттым, сүтүн эмдим,
Мен аны ата дедим, эне дедим.
Десем да, жылуу күнгө жарык болуп,
Балапан күкүк болуп кала бердим.

Өтсө өтсүн, өткөн өмүр өтө берсин,
Замандын жыргалына буулап алдым.
Кубандым эки-үч сабак ыр жазганга,
Ал эмес, аңдаганга мен алдадым.

*25/XII – 1945, Койсары*

## БЕЛГИЛЕР

Бой тартпагын, боз жигит,
Сүйүүнүн жолу көп түрлүү;
«Агайлап» калса жаш селки,
Сени сөзсүз сүйгөнү.

Эң айлакер, эң кылдат,
Анын ысык жүрөгү;
Уялып калса жаш селки,
Бу да сени сүйгөнү.

Көбү жалган, жасалма,
Анын кылт, култ жүргөнү.
Жамандап калса жаш селки,
Ал да сени сүйгөнү.

*26/XII – 1945, Койсары*

## ФРУНЗЕ

Фрунзе, учкан уям, сүйгөн калаам,
Көп жүрдүк ойноп, күлүп, эсен-аман.
Эч качан жакшы элесиң эстен кетпейт:
Кашка суу, жашыл бакчаң, салкын абаң.

Фрунзе, сүйгөн шаарым, сүйгөн калаам,
Жаш күнүм, балалыгым сенде калган.
Турмуштун эң ысыгын сага берип,
Бөлүнүп бир өзүңдөн кайда барам!

Жок, барбайм, андай сөзгө көңүл салбайм,
Күн бүтүп, картайганча сени жандайм.
Айрылсам, курдаштардан айрылармын,
Бирок да бир өзүңдөн айрыла албайм.

Боз түшкөн ысыгың бар, суугуң бар,
Жаанчыл салкының бар, жылууң бар.
Бирок да ысыгыңа таарынтпачу,
Бах, чиркин, жаз, күз деген сулууң бар.

Эсимде: биз жаш кезде чаңдак элең,
Түнт элең, уйкучу элең, укпас керең.
Мен калдым, жаш улгайды, сен жашардың,
Карайсың мени уялтып көркүң менен.

Тар элең, таштак элең, такыр элең,
Киргил суу шылдыраган арык менен.
Мен өстүм, жаш көбөйдү, сен көгөрдүң,
Жашымды көгөртсүн деп сага бергем.

Эскирттим, далай, далай көйнөк жырттым,
Жаңырды улам кайра сенин сыртың.
Жаракөр Москванын кыздарындай
Порумуң, сырткы көркүң, коюн жытың.

Көчөңдү мелтиреген асфальт басты,
Айдан ак «Аламүдүн» жарык чачты.
Заңгырап бийик, бийик катар үйлөр,
Келгин деп жаш муунга эшик ачты.

Түшкө окшоп Фрунзенин эски доору,
Уландар кыт-кыт күлгөн жомок болду.
Кыргыздын Фрунзе аттуу сонун шаарын,
Көтөргөн эң биринчи орус колу.

О кайда, кайда калды эски доору,
Биз эми жаңы өмүрдүн коноктору.
Бактагы коңур ырды, сулуу бийди,
Ойноткон эң биринчи орус колу.

Курдаштар, унутпайлы биз ошону,
Сыйлайлы бир замандаш жолдошторду.
Жазгын деп, мага минтип ыр жаздырган,
Чынында, эң биринчи орус колу.

Эң сонун биздин күндүн дагы ар жагы,
Биз эски, балдар жаңы, шаары жаңы.
Жашарткан жакшылыктын суусун куюп,
Фрунзе – мекенимдин бала шаары.

Фрунзе, өскөн шаарым, сүйгөн калаам,
Сагынсам атыңды атап канаттанам.
Күрдөөлдүү беш жылдыктын сапарына
Сен менен кол кармашып бирге барам.

Фрунзе, учкан уям, сүйгөн калаам,
Көп жүрдүк ойноп, күлүп, эсен-аман.
Эч качан жакшы элесиң эстен кетпейт:
Кашка суу, жашыл бакчаң, салкын абаң.

*30/XII – 1945, Койсары*

## 1945-ЖЫЛ, 31-ДЕКАБРЬ

Кош сентябрь, кош ноябрь айлары,
Өткөн жылдын кооз июнь, майлары.
Адам уулу куштан чебер келтирип,
Бакыт күнгө уя салган жайлары.

Кош сентябрь, кош апрель айлары,
Жыл жаңырып, жаңы жылга айланды.
Келген жылдын келинчеги март болуп,
Кенен болсун кымыз, жуурат, айраны.

Кош март айы, келгин куштун сайраны,
Кош өткөндүн кенен өзөн, сайлары.

Келген жылдын колуктусу март болуп,
Арбын болсун таң-тамаша, майрамы.

Көктө булут жаңыланып бөлүнөт,
Эл таалайы жылдыз болуп төгүлөт.
Быйылкы жыл адамзаттын айлына,
Табак, табак май берчүдөй көрүнөт.

Жерде тоолор жаңыланып бөлүнөт,
Калк ырлары чолпон болуп төгүлөт.
Быйылкы жыл токтоо мүнөз журтуна,
Шайы көйнөк кийинтчүдөй көрүнөт.

Шылдыр, шылдыр, шылдыр аккан суулары,
Тар капчыгай өтөктөрдөн куралды.
Быйылкы жыл кирип келип эшиктен:
«Эмнең жетпейт, чыгып ал» деп сурады.

Шаңгыр-шуңгур, шаңгыраган чуулары,
Жамы журттун жайдары ачык убагы.
Быйылкы жыл терезени каккылап:
«Жыргалдуумун, багып ал» деп суранды.

Бөбөктөрдүн бешиктерин терметти,
Карылардын кабактарын желдентти.
Жаңы жылдан «атың ким?» деп сурасам,
Атым «Арзан», атам «Дөөлөт» деп кетти.

Келсе келсин, мындай жылдар көп келсин,
Тагдыр аке мындай жылдан көп берсин.
Совет эли жыл жыргалын таткылап,
Турмуш даамын ачуу, кычкыл дебесин.

Келсе келсин, мындай жылдар көп келсин,
Сурарым аз: эки сабак ыр берсин.

Мындан башка кандай олжо акынга?
Мен турмушка сараң, ач көз эмесмин.

Мен турмушка сараң ач көз эмесмин,
Өктө кылып, ай, аз бердиң дебесмин.
Байлык, үй-жай, ден соолуктан ардактуу,
Мага берсе, эки сабак ыр берсин.

Кел, жаңы жыл, үйүм таза, келип кир,
Мени тааны, ким экеним жакшы бил.
Мен өлбөймүн миллион жолу айланып,
Кайра келсин ыр жаздырган декабрь.

*1945, Койсары*

## ЖОК, АЛ МАЯК ЭМЕС

Жок, сүйгөнүм, маяк эмес, ал жылдыз,
Меники эмес, сенин жарык жылдызың.
Акыйкаттын асманынан өчө элек,
Кол тие элек махабатың, ырысың.

Ал беркиси жылдыз эмес, ал маяк,
Жаңылбагын, алданбагын, карагын.
Маяк менмин, түндө сени сүйөм да,
Күндүзүндө желп деп өчүп каламын.

Өчсөм жанам, күйөм, сөнөм, өзгөрбөйм,
Бирок сени көктөн тартып аламын.
Жалган айтып сүйөм деген сөзүмө,
Жаштык кылып түбөлүккө алдандың.

*1945, Койсары*

## ЖАЗГЫ СУУ

Ай, жазгы суу, баладай
Күлүшүңөн жан-жана.
Муз агызып, кар бузган
Жүрүшүңөн жан-жана.

Кыш ызгарын боюңан
Күбүшүңөн жан-жана.
Кара булут кабагын
Сүрүшүңөн жан-жана.

Жаш баладай жарк этип
Күлүшүңөн жан-жана.
Шылдыраган кашка суу
Күмүшүңөн жан-жана.

*1945, Койсары*

## ЖҮЙӨЛҮҮ СӨЗ

Кейибе, ыза болбо, эстүү курбум,
Курбуңдун жүйөлүү айткан сөзүн уккун.
Эч качан кадырыңа жете сүйбөйт,
Эрки ошол, адаты ошол жаш сулуунун.

Сапаты сенден төмөн кем жаралса,
Өзүңдөй ар нерсеге тар караса.
Ушакчыл, сараң, катуу, орой келсе,
Ал сенден жагымдуурак алда канча.

Туура айтат, эгер сени сүйбөйм десе,
Мен дагы сүйбөс элем, колдон келсе.
Бирок да билбей калам, сүйүп калам,
Себеби: сүйүү деген эссиз нерсе.

*1945*

## ДҮНҮЙӨ

Кармасам деп кылтак салып үйүмө,
Карайм, карайм келеби деп күнүгө.
Мага алданып, эс ала кет бир минут,
Алдың кызык, артың өкүнүч дүнүйө!

*1945*

## РАКЫЯ

«Ракыя, ай Ракынтай, жүгүр бери,
Калаадан мен сага айткан абаң келди, –
Дейт энем, мени карап, – таанып жүргүн,
Үйгө гүл, бүлөгө көрк берекемди».

Бакчада ойноп жүргөн жемиш терип,
Көнө элек балапандай чоочун жерлик.
Ракыя өз боорумдай имерилет,
Улактай так секирип чуркап келип.

Көтөрөм, алдыма алам, эркелетем,
Сурасам, орусча аты Ракита экен,
Туз буйруп түбөлүккө бизге келген
Бул жетим – Ленинград жетиминен.

*1945.*

## КЫРГЫЗСТАН

Кыргызстан – жашыл жери, жашыл бакча
жергеси,
Жайыт төрү, дан талаасы, сан байлыктын
энеси,
Кен казнасы, көл сулуусу, тунук суунун атасы,
Ак пейилдин, мартчылыктын, ырыскынын
кемеси.

Кыргызстан – соолук айлы, таланттардын
эшиги,
Тунук акыл, чебер колдун түгөнбөгөн кесиби...
Заманына, өз калкына ой-пикири санаалаш,
Кыргызстан – ыр калаасы, ыракаттын бешиги.

*3/I 1946, Койсары*

## КОЛХОЗ БАКЧАСЫ

– Эй колхоздун бакчасы,
Бай бакчаңда эмнең бар?
– Алма менен өрүк бар,
Анар менен жийде бар.

– Андан башка эмнең бар?
– Каламы чебер акын бар.
– Ал акындын неси бар?
– Эки өмүр, эки жазы бар:
Бирин өзүм жашайм дейт,
Бирин ырым жашайт дейт.

*3/I 1946, Койсары*

## САБИРА

Келсем келем, келбесем жок, Сабира!
Келбеди деп көңүлүңө кир жыйба.
Кереметтүү келечекке кубанып,
Кеңдигине көз салалы бир сыйра.

Кайтсам кайтам, катпасам жок, Сабира!
Кайтпады деп кабак чытып, муң жыйба.
Касиеттүү келечекке кубанып,
Мен учайын, учар жерим бир кыйла.

*30/х 1946, Чолпон-Ата*

## КАМБАРАЛЫ

– Камбаралы,
Камбаралы,
Жүр жумушка баралы!
Күздүк жердин көбү жатат,
Баарын айдап салалы.

– Камбаралы,
Камбаралы,
Бол жумушка баралы!
Кечигүүнү жаман көрөт,
Колхозчунун заманы.

*30/X 1946, Чолпон-Ата*

## МОЛДОКУЛДУН ҮЙҮ

Молдокул ким?
Менин досум, жолдошум,
Жалкоосу эмес, ударниги колхоздун.
Жайкы мээнет, күзгү күчкө былк этпес,
Жан киргизген жагалдантып жаз кошун.

Молдокул ким?
Менин курбум, курбалым,
Менин боорум, тилектешим, тууганым.
Ала кылбай, чаңкап турган эгинге
Тегиз бурган Жыламыштын сууларын.

Жол үстүндө жаңы салган тамы бар,
Дал өзүндөй жакшы ударник жары бар.
Көктө жылдыз тегиз мейман болсо да,
Түгөнбөөчү эмгекке алган наны бар.

*30/X 1946, Чолпон-Ата*

## ТИЛЕК

Кышты сезбей, кыштак болсо турганың,
Нелер келип, нелер түшпөйт санаага?
Ойлоп турсам бир замандаш калкымдын
Баары секет, барлыгы алтын, садага.

Күнү кыска, түбү терең түндөрдө,
Нелер келип, нелер кетпейт санаага?
Ойлоп турсам бир боордош калкымдын
Барлыгы эне, барлыгы ини, баары ага.

Жүрөк ooру, өпкө оорунун дарты үчүн,
Мүрөк суусу сатылса эгер базарда:
Канча алсыз, канча оорулуу болсом да,
Өзүм албай, ал дээр элем аларга.

Күздө бышкан алма, жүзүм сыяктуу,
Баланын күнү сатылып турса базарда,
Оорубасын, узак өмүр сүрсүн деп,
Өзүм албай ал дээр элем балдарга.

Неге десең бир башкача кымбат эл,
Жаратылган биздин ушул заманга.
Ошондуктан, баарын сүйөм кадырлайм,
Баары секет, барлыгы алтын садага.

*31/X 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ТОЛКУН ЭМЕС, АЛ АК КУУ

Күздүн күнү көк көңүлсүз, көл сулуу,
Калаа суук, бирок бул жер жыпжылуу.
Коркпо менин кайык минген жолдошум,
Тээ агарган толкун эмес, ал ак куу.

Кыштын күнү талаа көрксүз, көк сулуу,
Ток пейилдүү кыштактар бар жыпжылуу.
Жымжырт жаткан биздин өмүр ушул көл,
Толкун эмес, толкун эмес, ал ак куу.

*30/X 1946, Чолпон-Ата*

## БРИГАДИРДИН КЫЯЛЫ

Закым салып, жай чилдеси саратан,
Боз бозоруп, сайлар кургап, жолдор чаң.
Уулу өлгөндөй убайымдуу, капалуу
Бригадир Бегимаалы таятам.

Ошол мезгил Сан-Таш жактан жел согуп,
Ала булут ар кай жактан торолуп,
Нөшөрлөнгөн жамгыр жаады тынымсыз,
Майда арыкка майда-майда сел болуп.

Бригадир чаап түштү үйүнө,
«Эт сал», – деди аялына сүйүнө.
Жамгыр – байлык, жамгыр – дөөлөт, казына,
Мунум калппы айланайын дүнүйө.

Дейт да күлөт мага карап жылмаят,
Ал кайгырган эл энеси жерди аяп,
Адамзатка марттык эмей эмине,
Кандай күчтүү, кандай сулуу табият.

*31/X 1946, Чолпон-Ата*

## АТАМА ОСУЯТ

Уурдап алган, кымтып алган жук болбойт,
Андайлардын карды тойбойт, иши оңбойт.
Көп энчиси: оюн кылар нерсе эмес,
Көрбөсөм да, көрсөтпөстү соо койбойт.

Өнсүн даны, аксын суусу, булагы,
Бизди уялтпай ашып турсун планы.
Өзүң жеген өрүк, жаңгак, мейиздей,
Колхозду да ширин, таттуу кылалы.

Түшүн ата, колхоз деген касиет,
Колхоз күчү – адал эмгек, ак ниет,
Таза жүрсөң арамдыкка булганбай,
Байлык бакыт өзү келип баш иет.

*31/X 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ЖЕТИГЕН

Жерде жаш кыз, көктө жылдыз жетиген,
Кел жерге түш чексиз көктүн четинен.
Биздин колхоз бүгүн улуу той берет,
Жүр, алпарам эгер мени ээрчисең.

Куйрук берем, чучук берем, май берем,
Күлүк берем, буудан берем, тай берем.
Таттуу шарап, күчтүү арак ичебиз,
Сенин кайның колхоз деген эл менен.

*1/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КӨЛҮМӨ

Көргөн сайын көркөмдүгүң жаңырган,
Көңлүм тойбойт көрүп өтпөй жаныңдан.
Көз жетпеген көктүгүңдүн үстүндө
Көбүктөнгөн толкунуңду сагынам.

Сүйөм көлүм, ысык сүйөм жарымдан,
Сүйөм сени жаш балалык чагымдан.

Жанга жыргал тынчтыгыңа кошумча,
Күнөөсү жок толкунуңду сагынам.
*1/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ТАҢ КАЛУУ

Кызылча эмне? Аккан каны турмуштун,
Эң өжөрү, эң кыйыны жумуштун.
Андай болсо, Кайназардын келини
Миң центнерден түшүм алды деп уктум.

«Миң» деген сөз айтылбасын кур бекер,
Буга теңсиз эч бир баатыр, эч бир эр.
Эрдин эри барып тартып алмайын,
Карыз бербейт, кара мүртөз кара жер.

Бул жакшы аял эң этибар жолдо экен,
Кылдат, чебер, таалими бар колдо экен.
Биздин күндүн ушул укмуш адамы
Кандай күлүп, кандай уктайт болду экен?
*1/XI – 1945, Чолпон-Ата*

* * *

Тоо алды бак, бак четинде ак кыштак,
Бүгүн майрам, колхоз улак тарттырат.
Ударнигин уурдап ала качайын,
Акырын чап, ай, ай, так, так, буурул ат.

Жибек менен, баркыт менен сулуулап,
Урмат кылып, кадыр кылып улуулап.
Үч мертебе маңдайынан сүйөйүн,
Акырын чап, ай, ай, так, так, буурул ат.
*1/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ГРУНЬЯ САВЕЛЬЕВНАГА[1]

Далай таттуу даам жедим колуңдан,
Кем көрбөдүң өз бир туугаң бооруңдан.
«Начар экен, бат оңолсун бала» деп,
Шашып турдуң чала уйкулуу ордуңдан.

Ырлар жаздым, кээде сызып, кээде оңдоп,
Бала өстүргөн жаш атадай көңүлүм ток.
«Азгын экен, кантер экен бала» деп,
Сен үшкүрдүң, күн кыскасын болжолдоп.

Март да кетти, апрель, май жакындап,
Көктө турна, көлдө каздар каркылдап.
Күнүң бүттү, кайтар мезгил болду деп,
Кош ат келди үй жанына жакындап.

Мени акырын, «аман бол» деп узаттың,
Көзүн карап, өзүм минген боз аттын.
Колумду алып ылдый карай бергенде,
Мөлт, мөлт акты тоголонуп көз жашың.

Алыс кеттим, бармын, өлүү эмесмин,
Мен барбасмын, сен да мага келбессиң...
Жан боорумдай көңүлүмдө көз жашың,
Ата-энемден көз жаш көргөн эмесмин.

*2/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## КУРБУМА КАТ

Келдим курбум, келгениме жарым ай,
Жарым айдын чайын ичмек бир далай,

[6] *Грунья Савельевна Агрипина* – Алыкул Осмоновдун Токмоктогу балдар үйүндө жүргөн кезиндеги тарбиячысы, өз энесиндей болуп калган адам.

Мени менен кошо ээрчишип кыш келди,
Кала берди Фрунзеде жылуу жай.

Мен бул жакта тирүү бармын, аманмын,
Боюндамын сулуу Чолпон-Атанын.
Атымды айтып, атын сурап таанышып,
Сыйын көрүп мындагы ини, аганын.

Мен келбедим байлык издеп бул жакка,
Байлык – колхоз, кайсы жерде турсак да.
Келдим мында, баатыр жигит, ыр үчүн,
Кыш мезгилде жаздай кызмат кылмакка.

Поэзия – бул адамдын жаны экен,
Күн өтсө да, өчпөй турган шамы экен.
Өмүр, турмуш картайса да аргасыз,
Поэзия – улам кайра жаңы экен.

Ал жаңылык кубатынан акындын,
Жаза билсек биздин күндүн баатырын.
Колхоз нанын, жумушчунун өнөрүн,
Улуу акылман кеменгердин акылын.

Келдим курбум, келгениме жарым ай,
Жарым айдын чайын ичмек бир далай,
Мени менен кошо ээрчишип кыш келди,
Кала берди Фрунзеде жылуу жай.

*2/XII 1946, Чолпон-Ата*

## АЯЛГА

Сүйгүм келет жаш жандырып, жаш болуп,
Жашымды алдап, жаш кайыңдай мас болуп.
Жанар тоодой жалын чачкан отуңан
Чыккым келет, жанып чыккан таш болуп.

Сүйгүм келет миң мертебе жаңылып,
Сүйгүм келет сүйгөнүмө жалынып.
Өз күчүңдү өз күчүмө багынтып,
Сүйгүм келет кээде өзүңө багынып.

Көпкөк асман жерге түшсө жарылып,
Кыян жүрсө, жердин үстү тарылып,
Ал кыяндан өтөр элем кыйналбай,
Бир көз караш кубатыңды жамынып.

*2/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## БУУДАЙ САПЫРУУ

Эртең майрам, күн жетинчи ноябрь,
Ырдоо керек майрам күнү баары бир.
Мезгил чукул тегирменге баралы,
Мейман келет, ак нан керек, муну бил.

Айдат, айдат, айдат шамал, сок ылдам,
Айдат, шамал, кызыл буудай сапырам!
Балдар ойноп чөнтөгүнө салып жейт,
Боорсок кылам ак буудайдын унунан.

Күрөктү алам, буудай сузуп ыргытам,
Шамал сокпойт, жел чакырып ышкырам.
Кыздар келип, кылыксынып жесин деп,
Мейиз төгөм ак токочтун сыртынан.

Ташы жүрөт, ташын бирден терейин,
Мыя жүрөт, мыяларын элейин.
Шайыркүлдө карыз шамал бар бекен,
Бир кап шамал карыз алып келейин.

*2/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## «ӨБӨМ» ДЕГЕН СӨЗҮҢӨ

Бир кат алдым Бүбүйра аттуу бир кыздан,
Курбум берди, үйдө жалгыз олтурсам.
«Өбөм – дептир – ырың үчүн өзүңдү»...
Кара калам жазууларын окусам.

Мейли, Бүбүш, ырымды өпкүн, садага,
Жакшысын өп, жаманына караба.
Мени өппөгүн, өбө турган түрүм жок,
Ыраа көрбөйм сендей жакшы аялга.

*2/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## ШЕКЕРДИН ЖОРУГУ

Шекер жеңем бир звено башчысы,
Башчылардын далайынын жакшысы.
Кызылчаны сулуу кыздай түрлөнтүп,
Кубандырып кумарыңды жазчысы.

Кечээ, кечээ октябрдын айы эле,
Уулу окуучу Фрунзеде мектепте.
Этиятсыз ойноп жүрүп жаш бала,
Безгек менен ооруп калды бир кезде.

Кат жазылды, телеграмма берилди,
Кел тезирек балаң оору делинди.
Бирок Шекер жооп айтты күңк этип,
Кантип таштайм кызылчаны, эгинди.

Он күн өттү зуу-зуу этип арадан,
Уулу айыкты окуп жүрөт апаман.
Бирок Шекер келе алган жок кол тийбей,
Кызылчасын артык көрүп баладан.

*3/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ЫСЫК-КӨЛДӨ ТӨРТ МЕЗГИЛ

Жазын көрдүм, Ысык-Көлдө жаз жыргал,
Тирүүлүктө көлдүн жазын көрүп кал.
Куулар кетип, жаңы келип аңырлар,
Бүрүн жарып, гүлдөөр кезде кайың тал.

Катар, катар сабын түзөп турна өтөт,
Карлар эрип, кырлар жашыл, талаа көк.
Кара торгой таңдайынан үн безеп,
Үпүп учуп көңүлүңдү көтөрөт.

Таңдан кечке тракторлор татырлап,
Кошко кирип, соко жиреп семиз ат.
Колхозчулар жаз келди деп кубанып,
Колго тиет багынычтуу көп кызмат.

Жайын көрдүм, күңгөй, тескей жайкалып,
Мал тоюнган жайлоо кезин айталык.
Сугат, отоо, апийимди суюлтуу,
Кандай сонун, кандай кызык чөп чабык.

Түш мезгилде кымыз келет тоо жактан,
Бир кишиге бир-бир керме аяктан.
Күлкү... шылдың... тамашалоо өз ара,
Кандай жумуш, кантип түтөт каяктан!

Күзүн көрдүм, көл элинде береке,
Капа болот, барбай кетсең жеңеке.
Ар бир адам кумар болот өзүнчө,
Мейман тосуп, аш тамагын бермекке.

План толуп, эмгек тийип жүз пуддан,
Дагы тиет кошумча эмгек кырк пуддан.
«Көмөч болбойт, күйүп кетет экен» деп,
Кызыл кыздар нан башырат дандырдан.

Колхоздорго алкыш келип обкомдон,
Тууну берип жакшы ишине райком.
Колхозчу ата тойго барам бүгүн деп,
Атка минет жутуп алып бозодон.

Кышын көрдүм Ысык-Көлдө кыш жакшы,
Ак кар басып, аппак кылып кыштакты
Жаш бөбөктү апасы уруп чыгарбай,
Терезеден карап турат тыш жакты.

Кыш өкүмү баскан менен кырларды,
Колхозчуда токчулуктун жыргалы.
Түн мезгилде көлдүн аркы четинен,
Көп угулат кыз-жигиттин ырлары.

Мына ушундай Ысык-Көлдө төрт мезгил,
Кайгы, капа, жаманчылык жок эч бир.
Көлдүн көркүн, чабал акын... Алыкул
Ойдогудай жаза албаптыр ээ... деп бил.

*3/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ҮЙЛӨНҮҮ ЫРЫ

Сөз меники, ордуңардан туруңар,
Карындаштар, теңтуш курдаш, курбулар.
Мына, мына, алдыбызда эки ашык,
Өмүрлүктүн аманаты эки жар.
Ичели, ичели!
Тунук суудан бир жутум,
Ичели, ичели курдаштар,
Дал ушундай тунук болсун турмушуң.

Сөз меники, күлбөгүлө, курдаштар,
Экинчи ирет айтылуучу бир сөз бар:

Жаркыраган бак-таалайлуу болушсун
Бул турмуштун аманаты эки жар.
Ичели, ичели!
Таттуу суудан бир жутум.
Ичели, ичели, курдаштар,
Дал ушундай таттуу болсун турмушуң.

Сөз меники, токтогула, курдаштар,
Үчүнчү ирээт айтылуучу бир сөз бар:
Ынтымактуу узун өмүр жашасын
Жыргал күндүн аманаты эки жар.
Ичели, ичели!
Өлбөс суудан бир жутум,
Ичели, ичели, курдаштар,
Дал ушундай өлбөс болсун турмушуң.

## АКЫН

Акын жолу ардактуу жол, урматтуу,
Жаман акын эл алдында уяттуу.
Акын жазган, биз окуган төрт сап ыр
Дүнүйөгө калуу керек жаңылбай:
Жаз, жай,
Кыш, күз –
Деген төрт сөз сыяктуу.

*3/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ЖАКШЫ ЫР ДЕГЕН ЭМНЕ?

Эң жөнөкөй, оңой нерсе комбайн,
Айдоо кыйын жакшы үйрөнүп алмайын.
Карап турсаң: оруп, жыйып, тазалап,
Капты тоссоң, куюп турат буудайын.

Жакшы ыр деген эл көзүнө ушундай
Болуу керек түшүнүктүү, дапдайын.

*3/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## НЕ ЖАМАН?

Дүйнөдө не жаман?
Жемишти каккан жел жаман,
Планын бүтпөй башы ооруп,
Үйүндө жаткан эр жаман.

Дүйнөдө не жаман?
Эгинди бузган сел жаман,
Он күнүнө бир күндүк,
Эмгек күн жазган кем жаман.
Дүйнөдө не жаман?
Баарынан жаман, эң жаман:
Жалкоолук кылып колхоздон
Чыгып калган сен жаман.

Дүйнөдө не жаман?
Баарынан жаман, эң жаман:
Кургакчылык кууратты,
Түшүмсүз калган жер жаман.

*4/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ЖЕР ДЕГЕН ЭМНЕ?

Жер деген не?
Жер деген боз топурак,
Эгер өнсө: арпа, буудай, алма бак,
Суулар агып, куштар сайрап, мал ойноп,
Адам жыргап, салкынына салкындап.
Ар жыл сайын түшүмүнөн жаңылбай,

Берип турса жердин аты акталмак.
Эгер мындай касиети болбостон,
Жалаң гана көмүлүүгө жараса,
Жер дегендин жердигинде кайсы атак?

*4/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## СҮЙҮҮНҮН ТҮРЛӨРҮ

Сүйүү кызык, сүйүү таттуу бир башка,
Кимдер сүйбөйт дени таза жаш чакта?
Биз сүйөбүз, намыс кылбай сүйөбүз,
Жаш улгайып, карып бара жатсак да.

Анда айып жок. Айтам деген оюм бул:
Сүйгөнүм бар эки кызды бир учур.
Кандай болду ал сүйүүнүн аягы,
Мен сүйлөйүн, сен жакшылап угуп тур.

«А» аттуусу мени көрүп кызарат,
«З» аттуусу мени көрүп кумсарат.
Ал кызаруу, ал кумсаруу – чын сүйүү,
Сүйүү күчү жүрөгүмө от жагат.

Мен ойлодум, терең ойго малындым,
Ортосунда ушул эки жалындын.
Байкоо кылбай кумсарганын алам деп,
Өктө калып, өмүрлүккө жаңылдым.

*4/XI 1946, Чолпон-Ата*

## БИЗДИН КОРОО

Биздин короо башка болгон, оңолгон,
Эл айткандай «кыдыр даарып» бак конгон.
Энчи тийген ата-энеме, өзүмө,
Бир эмгекке сегиз жарым килодон.

Арча жагып, отун жакпай куурайдан,
Жеңем ашка ак кебездей ун жайган.
Ак корозум жүгөрүдөн көңүлү айнып,
Кесир кылып, жем терип жейт буудайдан.

Шайы төшөк, төшөгүнөн бат туруп,
Муздак сууга жүзүн жууп, кол жууп.
«Эй, кемпирим, бозо жылыт ылдам», – дейт,
Атам келип от жанына олтуруп.

*4/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## МЕН ШААРЫМА БАРАРМЫН

Мен барармын, кыш соңунда барармын,
Кыш бүткөнчө ушул жерде калармын.
Келген-кеткен конуп, түнөп өтсүн деп,
Төрт бөлмөлүү ырдан бир там салармын.

Мен барармын, жаз алдында барармын,
Жаз келгенче ушул жерде калармын.
Кайда жүрсөм сагынычтуу бир канча,
Фрунзе – өмүрү ырдан бүткөн шаарым.

*4/XI 1946, Чолпон-Ата*

## СОКО ЖЫГУУ

Биздин колхоз бирдиктүү,
Бирдиктүү колхоз бек күчтүү.
Октябрь айдын башында
Бүтүп салган күздүктү.

Башкалар кырман басканча,
Сапырып буудай шашканча,
Пландын соңу калды деп,
Жазуусуна жазганча,

Азамат менин колхозум,
Ушундай колхоз көп болсун.
Күздүгүн такыр аяктап,
Жыгып салган сокосун.

*4/XI 1946, Чолпон-Ата*

## АКЫЛДУУ АТЫМ ТИЛ АЛБАЙТ

Акындын күчү көл белем,
Түбүнөн түзгө чыгарбайт.
Түбүнө түшүп кетсем дейм,
Түгөнгөн атым тил албайт.

Акындын күчү толкун бейм,
Толкутуп неге чыгарбайт?
Толкунга кирип кетсем дейм,
Акылдуу атым тил албайт.

*4/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## АТ-БАШЫНЫН ЧЫМЧЫГЫ

– Ай, чымчык!
– Чырлыйт, чырлыйт.
– Ай, чымчык!
– Чыйт, чыйт,
Чыйт, чыйт... дейт,
Менин айтар кебимдин
Баарын билип тургансыйт.
– Кайдан?
– Түздөн.
– Эмичи?
– Түзгө.
– Неге?
– Буудай жок, таруу жок,
Коон жок, жүзүм жок,

Бул жерде.
Жалаң эт, жалаң эт,
Кымыз, кымыз,
Тиет экен көңүлгө.

*5/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## БЕШБАРМАК

Бешбармак, жечү тамак, жакшы тамак,
Жаш эмес, кылым баскан кары тамак.
Кыргызда бир адат бар өз колунан
Кой союп, ударникти кадырламак.

Бешбармак, күчтүү тамак, майлуу тамак,
Өзүнүн эмгегинен келген тамак.
Бирок да бул тамакты жалгыз койбой,
Жанына жолдош кошсок тандап, тандап.

О анда, жаңы кубат канга тарап,
Эң сонун өсөр эле жаш азамат.
Андыктан ар бир үйгө парыз болсун,
Орустун:
Помидорун, капустасын,
Бадыраң, картошкасын кабыл алмак.

*5/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## АТ-БАШЫ

Акактай ак, Ат-Башынын дайрасы,
Дайрасындай көңүлү тунук Ат-Башы,
Адам кенчи, малдын жери бул өзөн,
Көзгө жылуу ой-талаасы, тоо башы.

Түзүн бастым, өрдөшүндө өрдөдүм,
Ууз кымыз көлдөрүнө көлдөдүм.
Бирок, курбум, кайсы айылга консом да,
Көлөкөлүү бактуу кыштак көрбөдүм.

Болсо болор жакын жерде бир экөө,
Аздык кылар ырга салып сүрөттөө...
Жаш муунга, өспүрүмгө атайлап,
Барлык жерге бак тиккиле көйкөлтө.

Эрээн кылба, бак тиккиле дегенди,
Баркын байкап, бак кадырын билели.
Кыргыз жери ырдын гана жери эмес,
Эгин, малдын, кендин, бактын жерлери.

*5/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КӨЛ ТОЛКУЙТ ДА, КАЙРА БАСЫЛАТ

Ачууланба, жан апа,
Издесек жакшы ыр табылат.
Эненин көңүлү – күзгү көл,
Көл толкуйт да, кайра басылат.

Ачууланба, жан ата,
Асмандан ырлар чачылат.
Атанын көңүлү – күзгү көл,
Көл толкуйт да, кайра басылат.

*6/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ТААРЫНБА, КУРБУМ, ТААРЫНБА

Таарынба, курбум, таарынба,
Адатым жаман – кат жазбайм.
Таарынсаң мейлиң, өзүң бил,
Бирок мен жаман санашпайм.

Акылың бар, эсиң бар,
Өзүң байкап карасаң!
Бүтүп койгон ырым жок,
Кай бетим менен кат жазам?

Заманым – ырдын заманы,
Шаарым – ырдын шаары.
Калкым – ырдан жаралган...
Ырдан күчтүү күч барбы?

*6/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## АВТОБУС

Токто айдоочу, токто курдаш, токтоңуз,
Тачанкага бир пар жакшы ат кошконбуз.
Тең баралы, жай айдагын десек да,
Чаңга бөлөп чычалатты автобус.

Бир күүлөнсөк, жүз чакырым жолдобуз,
Бүгүн кечте Балыкчыга конобуз.
Күр... күр... эткен моторуңдан садага,
Сени айдаган шопуруңан, автобус.

*6/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## АЙЫЛЫМА

Көптөн бери кат албадым айылымдан,
Биле албадым кимдер өлдү, ким аман.
Өлүм эмес, үстөм кылсын тирүүлүк,
Неге десең, өлбөс заттан бул заман.

Убактым жок бир кайрылып барууга,
Унутулган жер аттарын табууга.
Колу тууруук ударникке жолугуп,
Азамат деп далысынан кагууга.

Убактым жок бир кайрылып барууга,
Унутулган кары аттарын табууга.
Ударниктин колу тууруук болсо да,
Катуу кысып? өөп-өөп алууга.

Көргүм келет өзөндөрүн, сайларын,
Энем менен атам баскан жайларын.
Көргүм келет, көргүм келет айылымды,
Көргүм келет эмгек бөлгөн айларын.

*9/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## РАКМАНДЫН ИЛИМИ

Ракман аке он бир жылы кой баккан,
Он бир жылы уйку даамын аз таткан...
Чоочун колго бир туягын алдырбай,
Короосунан чыгашаны азайткан.

Эгиз тууса, эгиздигин жашырбай,
Куулук кылып, бир дедирип жаздырбай.
Тармал экен, жакалыкка жакшы деп,
Жаман ойго, арамдыкка азгырбай.

Кара коюн алмаштырып, ак кылбай,
Кымтып катып, чаташтырып, таптырбай...
Жана башка шумдуктарга түк баспай,
Малын сүйдү дал өзүнүн малындай.

Жүздөн, миңден тукумдатты бирөөнү,
Арамы жок, ак ниеттүү жүрөгү.
Ак ниеттик – бул дагы илим, бул да өнөр,
Үйрөнгүлө баарың ушул өнөрдү.

*6/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## БЭЭ СААМАЙ

Кыруу, кыруу, ак боз бээ,
Оң туруп бер желеңе!
Сааганыман көп калат
Сары кулун эмгенге.

Так, ай, кула, тебинбе,
Сүт берүүдөн эринбе!
Кызыл кымыз ичем, дейт, –
Сугатчылар эгинде.
Ай, айкашка керилбе,
Толсун сүтүң желинге!
– Кымыз бер – дейт, башкарма,
Чабыктагы келинге.

Кой, кой, тору элирбе,
Тору жаман дедирбе!
Себеп болсун кымызым,
Оору турбай элимде.

Илимпозго дары бол,
Жазуучунун каны бол,

Жумушчуга кубат бол,
Колхозчуга кайрат бол.

Кыруу, кыруу ак боз бээ,
Оң туруп бер желеңе!
Сааганыман көп калат
Сары кулун эмгенге.

*7/XI 1946, Чолпон-Ата*

## БЕКЕНБИЗ

Күздүктү такыр аяктап,
Күлүктү минер бекенбиз.
Күлүк ат оозун чойдуруп,
Күмүш медаль Күкүшкө,
Күйөөлөп барар бекенбиз.

Айдоону такыр аяктап,
Аргымак минер бекенбиз.
Аргымак оозун чойдуруп,
Алтын медаль Айшага,
Айылдап барар бекенбиз.
Планды такыр аяктап,
Легковой минер бекенбиз.
Легковой оозун чойдуруп,
Обкомдун өтмө желегин,
Алганы барар бекенбиз.

*7/XI 1946, Чолпон-Ата*

## КОМУЗ

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт, чебер колсуз.
Оп-оңой, көргөн көзгө жөп-жөнөкөй,
Бирок да өнөрү бар айтып болгус.

Кылымдан кылым санап көксөй-көксөй,
Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй,
Бул комуз көп сууларды кечип келген,
Эли да комузундай жөп-жөнөкөй.

*7/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## АЙ КӨРҮҮ

Ай көрдүм,
Аман көрдүм,
Айдын мунарынан,
Жердин кучагынан,
Беш жылдык план көрдүм.
Сууларым
Дайра болсун,
Кумдарым
Зоока болсун,
Турпагым
Алтын болсун,
Бутагым
Чынар болсун.
Кыштагым
Шаар болсун,
Колхозум
Калаа болсун,
Жумушчум
Илимпоз болсун,
Колхозчум
Билимпоз болсун,
Бирим
Миңге толсун,
Миңим
Сансыз болсун.
Жерим
Болот болсун,

Элим
Темир болсун.

*7/XI 1946, Чолпон-Ата*

## КҮН КҮРКҮРӨӨ

Күркүрө, күнүм, күркүрө,
Күркүрөгөн күчүңө
Жаздын жааны кошулуп,
Жаасын ойдуң, түзүнө.

Күркүрө, күнүм, күркүрө,
Күркүрөгөн үнүңө
Чагылган огу жаркылдап,
Күч жыйнасын күчүнө.

Күркүрө, күнүм, күркүрө,
Күчтүү колхоз үстүнө
Күркүрөгөн күчүңөн
Жер жарылып чөп чыксын,
Желин жарып сүт чыксын.

*7/XI 1946, Чолпон-Ата*

## МЕН КЕТТИМ АЛЧА БЫШКАН МЕЗГИЛДЕ

Келдим көлдөн өрүк гүлдөөр кезинде,
Кеттим кайра алча бышкан мезгилде.
Турган кезде Фрунзенин кыздары
Жыт алдырып акация, сиренге.

Кеттим кайра, туралбадым көп күнгө,
Күйүп, жанып акындыктын өртүнө.
Турган кезде Фрунзенин кыздары
Көрк алдырып жаздын сулуу көркүнө.

Түшөр жерим: Нарын Ата, Тянь-Шань...
Бул жерде да жаз жыргалы карасам.
Киев, Москва, барлык шаарым ушундай,
«Кудай урсун» бирин күнгө кыя алсам!

*8/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

* * *

Көпкө умтулдум, бирок азга жетпедим,
Аз учурдум жакшы ырлардын кептерин.
Жаш күнүмдөн жар болушкан каламым,
Бүгүн билдим алсыз калам экенин.

Картаярмын, кайткыс жолго кетермин,
Кош, курдаштар, түбөлүккө дешермин,
Бирок, билем, бизден соңку муунду –
Калган жерим: сыйлап, мейман этерин.

*8/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## МЕНИН КОЛУКТУМ

Мен башкарма, менин сүйгөн колуктум:
Эң атактуу ударниги колхоздун.
Арманым жок, гектарынан миң центнер
Кызылча алган кыйын кызга жолуктум.

Берметтенип, маңдайдан тер тамчылап,
Эмгек менен эркин өскөн жаш чырак.
Эрден күчтүү колун кармап турбасам,
Анан кантип менин көңүлүм ачылат?!

*8/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

* * *

Мен да олтурам, күйөөң сенин жанында,
Көз жүгүртүп түрлүү, түрлүү даамыңа.
«Ушул бала жаман неме экен», – деп,
Жамандадың мени күйөөң алдында.

Күйөөң кетти папкелерин колго ала,
Амал кылып айтканыңа алдана.
Кетер замат көөдөнүмө жыгылдың,
«Таарынба, – деп, – жанагыма, садага».

Сенин күнүң, сенин бактың эринде,
Сенин жаның жүрөгүнүн теңинде.
Кадырын бил, күйөө деген чоң ырыс,
Эссиз аял, эссиздикке берилбе.

*8/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## БҮРКҮТ ТАПТОО

Таптадым сени, бүркүтүм,
Бозум түлөк жашында.
Айды жара тепсин деп,
Барчын болгон маалыңда,
Канатыңды күүлөп ал:
кыйтуу!
кыйтуу!
Таш түлөк менен кум түлөк,
Таптадым сени жашында
Жерди эңип алсын деп,
Эки барчын маалында.
Текөөрүңдү кайрап ал:
кыйтуу!
кыйтуу!

Карышкырдын боорунан,
Ар-намыстын даамынан,
Жолборстун ички майынан,
Кабыландын кара канынан
Суусун берем, жем берем:
кыйтуу!
кыйтуу!

Жер жүзүнөн терип же,
Тынчтыктын ыркын бузганды,
Биздин жаңы заманга
Таш ыргыткан душманды,
Кылымдан чыккан кыраан бол:
кыйтуу!
кыйтуу!

Мен мүнүшкөр, сен бүркүт,
Көнөсүң менин эркиме,
Күркүрөп күн-түн күзөт бол,
Күнөстүү менин жериме.
Бир жериңден кем кылып,
Коркок кылык таптасам,
Жүрөгүмдү оюп же:
кыйтуу!
кыйтуу!

*8/XI 1946*

## КЫЗДЫН СҮРҮ

Мен сүрдөнбөйм сүрдүү жолборс сүрүнөн,
Мен күймөлбөйм анын күчтүү күүнөн.
Мен сүрдөнөм, жаш балача жалтанам,
Сүйгөн кыздын сүзүлүңкү сүрүнөн.
Бирок, сулуу билер бекен бул күчүн?
Билерине күмөн болуп мен жүрөм.

*9/XI – 1946, Чолпон-Ата*

* * *

Мен тансам жаштан танам, ырдан танбайм,
Ыры жок өмүрүмө канааттанбайм.
Кудайга миң мертебе калп айтсам да,
Ырыма бир мертебе калп айта албайм.

*9/X – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## БАЙТАЛ БЭЭНИН БАЛ КЫМЫЗ

Жайлоодогу биз ичкен,
Байтал бээнин бал кымыз.
Бир нерсени мен көрдүм,
Сиз байкабай калдыңыз.
Этке тоюп, биз ичкен,
Байтал бээнин бал кымыз.
Майлыктары кир экен,
Сиз байкабай калдыңыз.

Коногуна мен калдым,
Жумшак төшөк алдыбыз.
Шейшептери кир экен,
Сиз байкабай калдыңыз.
Кез матаңыз жок десем,
Элүү метр алдыңыз.
Бүгүн тийди жүз метр,
Сиз кандайча жардысыз?

Минтпей, таза болуңуз,
Жаңылантып салыңыз.
Тазалык – урмат, чоң байлык,
Эсиңизге алыңыз.

*9/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

Тоого тоолор курамалап, курашып,
Узун тартып, уламалап, улашып.
Алда кайда кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.

Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
Катмарлашып, калың тартып заңкайып.
Алмаз сындуу көккө тийген миздери,
Арстандын азуусундай арсайып.

Мөңгү кетпей чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап.
Ар жагынан, бер жагына куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап.

Жаз келерде эң биринчи жаз конуп,
Кыш болордо эң биринчи кыш тоңуп.
Ай ааламга ай тие элек кезинде,
Эң биринчи ай жамынып, ак болуп.

Түн болордо эң кийинки түндү алып,
Түз жерлерден кийин кетип мунарык.
Дүйнө жүзү көзүн ача электе,
Эң биринчи күндү тосуп кызарып.

Кыргыз тоосу – Советстан тоолору,
Мындай кыйын, кымбат тоолор болорбу.
Бүркүп салат бороонуна аралаш,
Улуу өлкөгө уурданган жоолорду.

Кыргыз тоосу – элдин сүйгөн тоолору,
Мындай сонун, асыл тоолор болорбу.

Асман тиреп, жеңе билет ар качан,
Өлкөбүзгө кас санаган жоолорду.
*10/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## УУРУЛУК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Колхоз мүлкү – көп мүлкү,
Ууру деген шум түлкү.
Адамдык атын кетирет,
Арагы үчүн бир күнкү.

Койчудан барып кой уурдайт,
Союп алып кудуңдайт.
Эт жебей кара балээ жейт,
Сорпо ууртабай, уу уртайт.

Жылкычыдан тай уурдайт,
Фермачыдан май уурдайт.
Май жебей, кара балээ жейт,
Чай ууртабай, заар ууртайт.
*10/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ЖАНЫБАРЫМ ЫСЫК-КӨЛ

Жаныбарым Ысык-Көл,
Жайкалып жатат көрктөнүп.
Шоокумга шары жылтылдап,
Кубанган бала көздөнүп.

Ыргалганым Ысык-Көл,
Ыргалып жатат көйкөлүп.
Толкуну жок мелтиреп,
Сооронгон бала көздөнүп.

Жарыктыгым Ысык-Көл,
Сүзүлүп жатат көрктөнүп.
Татты уйкуга мемиреп,
Сүт эмген бала өңдөнүп...

Кагылайын Ысык-Көл,
Карасам көңүл көтөрүп,
Калдайган калың күндөрдү,
Каткырык менен өткөрүп...

*10/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## КЕЧИРЕГӨР

Окуу – намыс, окуу – көркү адамдын,
Окуу баркы окумуштуу замандын.
Он жылдыкты «эң жакшыга» бүтүрүп,
Олжосуна «алтын медаль» алгандын, –
Оюн коюп, кече жасап урматтап,
Бий бийлеген жыйынына барбадым.
Колун кысуу милдет эле кантейин,
Кечирегөр, кечирегөр каралдым.

*10/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## АРПА ЖАЙЛООСУНДА БИР ТҮН

Күркүрөгөн өзөн, сай,
Көктөн тийген жарык ай.
Күзөт кылып мен жатам
Түнкү уйкуга алдырбай.

Кулунсаак бээлер кишенеп,
Караан көрүп, жыт сезет.
Бейшегүл короо четинен
Бекбекей айтып безенет.

Аңгыча, короо дыр этет,
Уктаган кыздар чур этет.
Иттер үргөн тарапка
Кур дүрмөт мылтык дүң этет.

Койчулар айдак, айдактап,
«Айдагын» зоолор кайталап,
Илип кете жаздаптыр,
Илбирс көрдүк деп айтат.

Катуу сүйлөп бек айтат,
Жалганы жок кеп айтат.
Кагып кете жаздаптыр,
Карышкыр көрдүк деп айтат.

Ай батып, сулуу таң атат,
Жылдызын асман таратат,
Эрте туруп фермалар
Койчуга коюн санатат.

Бир короодон бир кой жок,
Чоң чеңгел чабат сороктоп,
Кашабаң мүлжүп кетиптир,
Башы бар да, саны жок.

Чоң чеңгел башын кашынат,
«уктап калып түндө кап»…
Уйкуңа олжоң ушул деп,
Төлөмөргө жазылат.

Койчулар кетет кой жайып,
Өрнөк болуп бул айып,
«Амандык барда байлык бар».
Деп өзүнчө жылмайып.

Күркүрөп аккан өзөн сай,
Күр жайлоо чалкыйт малга бай.
Чырмаштын кара тоосунун
Бир күнкү түнү ушундай.

*10/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ИЛБИРС УЯ

Ак чеңгелдин астында,
Ат жүрө алгыс жар дешет.
Ошол жардын жанында
Илбирс уя бар дешет.

Илбирс тууган жерлерден
Элик ооп кетет дейт.
Кулжа, теке, маралдар
Жер которуп кетет дейт.

Катуу уктап кетипмин,
Селт дей түштүм түн жармы.
Кулагыма угулат
Бау, баулаган баулары.

Малчылар мындан коркушпайт,
Илбирстен сүрдүү сүрлөрү.
Мал алдырбай өткөрөт,
Мындай нечен түндөрдү.

Айкырып түнгө үн берген,
Балалыгы эмеспи.
Кыл мурутун чыйратып,
Чалгында жүрөт энеси.

Короочу жигит козголсо,
Кайдадыр алыс качышат.

Илбирстин кургак үнүнөн
Негедир жүрөк ачышат.

*10/xi 1946,*
*Чолпон-Ата*

## МЕН АЙЫЛГА КЕЛГЕНДЕ

Айылда күндөр узак, күндөр узак,
Негедир зериктирет мезгил өтпөй.
Себеби, дем алуу кез... бекерчилик,
Бирок да турмуш кызык, көңүл чөкпөй.

Аткан таң, баткан күнү билинбеген
Кандайча Фрунзеде күндөр күлүк?!
Ойлосом: он саатча сезбептирмин,
Окууда он жыл окуп, он жыл жүрүп.

*10/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КОЙ СААДЫРГАН КЕЛИНЧЕК

Кой саадырган келинчек
Сенин жашың он бeште.
Мектебиңен ашыгып,
Келин болдуң неге эрте?

Кой саадырган жаш бала,
Бул кылганың эмине?
Он жылдыкты калтырып,
Күйөө болдуң неге эрте?

Дагы эки-үч жыл окусаң,
Жарыңды да окутсаң,
Илимпоз болбойт белеңер,
Толкунсуз көлдү толкуткан.

Эч болбосо ак кийген
Өзүң болуп фельдшер кыз.
Күйөөң болуп аспирант,
Ашык болмок көп жылдыз.

*10/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КОРГОН-ТАШТЫ ЖАЙЛАДЫК

Сай-сайларга бээ байлап,
Миңдеп жылкы айдадык.
Конуш тандап Арпадан
Коргон-Ташты жайладык.

Өтөк жери көйкөлгөн,
Өзөндө аккан суусу бар.
Колхоздун өссүн жылкысы,
Жер жарылган чуусу бар.

Мал кадырын сыйлаган
Ак ниеттүү абам бар.
Жүздөн кулун өстүрүп,
Кошумча эмгек алган бар.

Сары-аласы андан көп,
Кимдин, кимдин жылкысы?
Коргон-Ташты жайлаган
Колхоз байдын жылкысы.

*10/11 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ЭНЕНИН КҮЧҮ

Эне сүйлөйт: «Төрт жыл дайны чыкпаган,
Төрт жыл бою каттан кабар укпагам.

Үмүт үзүп, кулунуман айрылып,
Жайдын күнү курут жайып олтургам...

Бир мезгилде жер титиреп, солкулдап,
Жарылгансып бараткансыйт айланам.
Бул күч эмне? Кандай кабар бул кабар?! –
Деп байкасам, келатыптыр жан балам.

Жер майышкан бала күчү турбайбы...
Баламды өөп, кубанычтан ыйлагам...»
Жок, энеке, сенин күчүң ошол күч,
Жер солкулдап, душман туусу кыйраган.

*10/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## БАШКАРМАНЫН АЯЛЫ

Кызыл көйнөк, бураң бел,
Кимдин, кимдин зайыбы?
Кадырлаган биздин эл,
Башкарманын зайыбы.

Апийимди тилүүдөн
Мындан өткөн ким экен?
Чөп чабыкка келгенде
Буга жеткен ким экен!

Буудай оро келгенде
Тең болору бар бекен?
Уйду саай келгенде
Пар болору бар бекен?

Койду кырка келгенде,
Тең кыркмакчы бар бекен?
Уйду саай келгенде
Тең саанчы бар бекен?

Жок, жок экен, жок экен,
Иши кетсин илгери.
Аман болуп балдары,
Илим болсун билгени.

Андай болсо он бөлмө,
Ак там болсун киргени.
Балдары окуп Москвадан,
Самолет болсун мингени.

*10/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ТОО ИЧИНДЕ МЕКТЕП БАР

Автобус менен аркырап,
Алайга кетип баратсаң,
Адам жеткис жерлерде
Ак мектеп турат заңкайган.

Легковой менен заркырап,
Нарынга кетип баратсаң,
Ат жеткис аска алдында
Ак мектеп турат заңкайган.

Самолет минип зыпылдап,
Ат-Башыга баратсаң,
Кечеги жапан тоолордо
Он жылдык турат заңкайган.

Баарында биздин уландар
Күздөн жазга окуган.
Замандын жөлөк, тиреги,
Жаралган жаштык отунан.

*11/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## АЙЧҮРӨКТҮН АК ШУМКАР

Арпанын кара тоосунда
Ак шумкар жаткан уя бар,
Бар экени чын экен,
Барып көрдүм бир сапар.

Семетей кушун качырып,
Айчүрөк кармап алган дейт.
Ошол шумкар бул күнгө
Өлбөс болуп калган дейт.

Элдин сөзү чын экен,
Ак шумкардай замана.
Аппак канат самолет
Айланып жүрөт асманда.

Аны айдаган ким десең,
Айчүрөктүн балдары.
Самолет биздин ак шумкар,
Социализм заманы.

*12/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КӨЛ АТА

Айланайын, көлүм ай,
Асмандай көпкөк өңүң ай.
Жайытың ай, түзүң ай,
Жайлооң ай, түрүң ай!

Шамалың ай, желиң ай,
Шайыр өскөн элиң ай,
Тоолоруң ай, жакаң ай,
Жайкалган жашыл жериң ай.

Толкунуң ай, шарың ай,
Толкунду тоскон жарың ай.
Токоюң ай, талың ай,
Толуп турган чагың ай!?

Эгиниң ай, малың ай,
Алмалуу калың багың ай,
Тарууң ай, майың ай,
Кашка булак сайың ай.

Колхозуң ай, фермаң ай,
Кыштагың ай, айлың ай!
Эмгекке алган энчиң ай,
Совхозуңдун байын ай!

Айланайын, көл ата ай,
Өрүктөй гүлдөп өн, ата ай,
Жыргалыңды көр, ата ай,
Куралыңды көм, ата ай.

*12/XI 1946, Чолпон-Ата*

## МАЙЧЫ МЕНЕН МАЛ ДОКТОР

Арпадан эки дос көрдүм,
Экөөнү бирдей мактайын.
Жан кыйышпас достордун,
Досчулугун айтайын.

Майчынып аты Мааданбек,
Сол бутунан сылтыган,
Кечээки кандуу согушта
Сонун-сонун иш кылган.

Доктордун аты Дооранбек,
Оң бутунан сылтыган,

Кечеки кандуу майданда
Кыйын-кыйын иш кылган.

Кошомат кылып дардактап,
Докторго майчы май бербейт.
«Ооз басты» болсун деп,
Майчыга доктор кой бербейт.

Мааданбектин максаты:
Ак мамасын эмизген
Апасы үчүн май жыят,
Доорaнбектин максаты?
Жорго тайын мингизген
Атасы үчүн кой жыят.

Апасы ким булардын?
Апасы – алтын Ата Журт
Атасы ким булардын?
Атадан артык Ата Журт.

*12/XI 1946, Чолпон-Ата*

## КҮНДӨР

Күндөр өтөт, күндөр өтөт билинбей,
Өткөн күндүн миңдеринин бириндей.
Кир жукпаган атлас, жибек кийимдей,
Тизмектешкен тизмегине илинбей.

Күндөр өтөт, күндөр өтөт зуулдап,
Көптөн чыккан күлүк аттай дуулдап.
Тоодон түшкөн дарыядай шаркырап
Шамал соккон токойлордой шуулдап,

Күндөр өтөт, күндөр өтөт зыпылдап.
Карлыгачтын канатындай лыпылдап,

Күлүк күндөр өткөн сайын заманам
Күлүп карап, жашка айланып жылтылдап.

Күндөр өтөт, күндөр өтөт байкалбай,
Өткөн күнүн үйүрүнө кайтарбай.
Ого бетер күчкө толот заманам,
Өткөн күндүн өткөнүнө карабай.

*13/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ЖЕЗДЕМ КЕЛЕ ЖАТЫРЫ

Шатыр, шатыр, шатырап
Угулуп жамгыр шатыры.
Ооздугу шалдырап,
Облустук жыйындан
Жездем келе жатыры.

Ай асмандан көрүнбөй,
Билинбей түндүн акыры.
Үзөнгүсү жаркылдап,
Ударниктер жыйынынан
Жездем келе жатыры.

Аттан түштү, атты алдык,
Алы-жайын сурадык.
Чыныда чайды колго алып,
Бул сөздү айтты кубанып:

«Дүкөнүнө киргизди
Чайы менен кант алдык.
Кеңсаларга киргизди,
Ударник деген ат алдык».

*13/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КОШУМЧА ЭМГЕК

Биздин койчу Коёнбай,
Чылк кара боз койго бай.
Ак иштеген иши үчүн,
Сыйлык алды ушул ай.

Он беш кызыл козу алды,
Он беш тармал кошо алды.
Он беш айлык иши үчүн,
Он беш жылга жашарды.

Кою койго кошулсун,
Мен сүйөм мунун турмушун:
Улагын сүйгөн кызындай,
Козусун сүйгөн уулундай.

Соогатташып эл барды,
Бири калбай тең барды.
Элди сыйлап меймандап,
Дасторконун кең жайды.

*13/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ПАРТОРГ КЕЛЕТ РАЙОНДОН

Парторг келет райондон
Бир машина пул алып.
«Анан барып алам» – деп,
Бээ саагандар кубанып.

Парторг келет райондон
Үч машина пул алып,
«Болсун, болсун, болсун!» – деп,
Кой саагандар жарданып.

Карыядан сурасаң:
– Кара баркыт тийди – дейт,-
Жакшы койчу кийсин деп, –
Маскөөдөн берип ийди, – дейт.

Жеңемдерден сурасам:
– Жалаң шайы тийди, – дейт, –
Саанчылар кийсин деп,
Маскөөдөн берип ийди, – дейт.

*13/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ЖАЙЛОО

Жутсаң көңүл ачылган
Жайлоонун суусу көк кашка,
Жаңы кийим жытындай
Жайлоонун жыты бир башка.

Жатсаң көңүл сергиген
Жайлоонун чөбү бир башка.
Жаш баланын жытындай
Жайлоонун жыты бир башка.

Ар адамга жагымдуу
Айран, жуурат, кымызы.
Колхозчунун кызынын
Кийгендери кырмызы.

Көз жетпеген өрдөштө
Сан жетпеген мал жатат.
Колхозуң болсо дөөлөттүү
Жүрөгүңдү жашартат.

*13/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## БААТЫР ЭНЕ

Күн болбосо, Жер да болбос, Ай болбос,
Ай болбосо, турмуш көркү шай болбос.
Июль түнү бешик жасап өрүктөн,
Баатыр эне жылдыз тууган айга окшош.

Көл болбосо, жел да болбос, жер оңбос,
Жер болбосо, жемиш болбос, эл болбос.
Күз болгондо арча бешик жасатып,
Баатыр эне өмүр берген жерге окшош.

Биздин заман – баатырлардын заманы,
Баатыр эмет эне берген маманы.
Оңой эмес ойдогудай өстүрмөк,
Он бир бала – он бир баатыр кабланды.

Чакыр, эне, балдарыңды көрөйүн,
Мен да балаң, мен эмесмин өгөйүң.
Чын энелик эрдигиңе багынып,
Келчи, энеке, маңдайыңан өбөйүн.

*13/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КҮЙГӨН

Эжеңизге келгеним,
Ал менин
Сизди көрсөм дегеним.
Окууң канча дегеним,
Ал менин
Жашыңды билсем дегеним.
Жигиттен жигит иргейсиң,

Жылмая карап күлбөйсүң.
Ферманын кызы Күкүшжан,
Сен менин
Күйгөнүмдү билбейсиң.

Чачыңды сылап көргөнүм,
Ал менин
Акылың бар дегеним.
Топчуңду кармап көргөнүм,
Ал менин
Жүрөгүң асыл дегеним.

Ак, кызыл алма бергеним,
Ал менин
Сүйсөң да сүйгүн дегеним.
Тор атка минип желгеним,
Ал менин
Той жасаймын дегеним.

Уландан улан иргейсиң,
Уяла карап күлбөйсүң.
Ударник кызы Күкүшжан,
Сен менин
Убалымды билбейсиң.

Баладан бала иргейсиң,
Кашкая карап күлбөйсүң.
Койчунун кызы Күкүшжан,
Сен менин
Күйгөнүмдү билбейсиң.

*14/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ЖЫЛКЫЧЫ

Эрдин эри ат токуп,
Ат мине албас аязда.
Жылкычы жылкы кайтарып,
Жылкыга чыгат бир паста.

Жигиттен жигит тандалып,
Жол жүрө албас суукта,
Мурутуна муз тоңуп,
Жылкысын жаят булутка.

Жылкылар тентек, түн узун,
Чыкылдайт чилде күн кыска,
Кабагына кар тоңуп,
Жылкысын жаят жылдызга.

Жылкыда алтын зери бар,
Жылкычы семиз кыпкызыл.
Кемпирлери күлкүчүл,
Келиндери шылдыңчыл.

Жылкычынын дени сак,
Кызынын өңү кыпкызыл.
Уландары оюнчул,
Кунандары уйкучул.

Жылкычы жылкы бакпаса,
Санаага түшүп саргаят.
Бул кесибин алдырса,
Кайгыга түшүп картаят.

*14/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## НАРЫН ДАЙРА

Салтанат салтын чачып сайдан-сайга,
Кабландай катуу тийип капчыгайга –
Күрпүлдөп, күчү кайнап күкүктөнүп,
Буурадай буркулдаган Нарын дайра.

Жаңылбай жарык нуру кыштан-жайга,
Куш учпас, буудан баспас капчыгайга
Түрлөнтүп жаңы өндүрүш үйүн тигип
Ильичтин шамын жаккан Нарын дайра.

*14/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## АЙ, ЖАМИЙЛА, ЖАМИЙЛА

Миң центнерчил Жамийла,
Ааламды бузган дайныңа,
Кусадар болуп өзүңдү
Күндө көрөм деп жүрүп,
Камчым калды айлыңда.
Алып бер үйгө кетейин,
Ай, Жамийла,
Нур Жамийла
Жамийла!

Бир гектарчыл Жамийла,
Бүткүл эл билген дайныңа,
Ынтызар болуп жүзүңдү
Күндө көрөм деп жүрүп,
Күрмөм калды айлыңда.
Алып бер үйгө кетейин,
Ай, Жамийла,
Нур Жамийла
Жамийла!

Атактуу кыз Жамийла,
Биздин эл билген дайныңа,
Ашык болуп өзүңдү
Күндө көрөм деп жүрүп,
Калп эле таштап камчымды,
Калп эле таштап күрмөмдү,
Эми, өзүм калдым айлыңда.
Алып бербе катып кой,
Ай, Жамийла,
Нур Жамийла
Жамийла!

*14/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ЖЕҢЕМДИН СӨЗҮ

Жазгы суук жанга өтөт,
Жааган күнү жаай берсин.
Жалтактык кылып жанды аяп,
Суук тийди дебесмин.

Жай ысыгы жанга өтөт,
Мейли чекем тердесин.
Кызылчамдан кол үзүп,
Ысык өттү дебесмин.

Күзгү шамал күркүрөп,
Мейли күчөп желденсин.
Эгинимден кол үзүп,
Күчүм кетти дебесмин.

Өттү, кетти далай жыл,
Кыйынчылык бир катар.
Бирок колхоз ишинен
Оорубадым бир сапар.

Бул кандай деп сурасаң,
Касиеттүү колхозум
Жамандыкты жолотпойт –
Ак тилектүү жолдошум.

Анча-мынча ажалдан
Алып калат колхозум.
Анча-мынча оорудан
Сактап калат колхозум.

*14/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## МАРИЯ

Кудукта тунук суу турса,
Арыктан келип суу алган,
Мария кимдин жары экен,
Ак марал сындуу суналган?

Башатта тунук суу жатса,
Өзөндөн келип суу алган,
Мария кимдин жары экен
Өрдөктөй мойну суналган?

Айланасы калың бак,
Беш бөлмө тамы бар экен.
Калкына ак нан жедирген
Комбайчынын жары экен.

Тегереги жемиш бак,
Он бөлмө тамы бар экен,
Элине ак май чайнаткан
Механиктин жары экен.

*15/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ЧӨП ҮЙМӨК

Биз жайлоодон түшкөндө
Чабылып барлык жашыл кыр.?
Тоодой бийик жол жасап,
Чөп үймөктөп жатыптыр.

Жутунган жуттан коркпойм деп
Кара атымдын карды ток.
Кызыл көз кыштан коркпойм деп,
Көк өгүздүн көңүлү ток.

Колхозум камчыл колхоз деп,
Ак төбөл козум бойтоңдойт.
Башкармам эстүү адам деп,
Ак серкечим койкоңдойт.

Малына күчүм жетпейт деп,
Аксак бут аяз алаңдайт.
Калкына алым жетпейт деп,
Жыңайлак чилде жалаңдайт.

*15/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## МЕН ПОЧТОБАЙ, ПОЧТОБАЙ

Мен почтобай, почтобай,
Кат ташыймын дем албай.
Аларча менен Акбашат,
Барар жерим бир далай.

Мен почтобай, почтобай,
Чоң-кичүүнү карабай,
Чоочубай кирип барамын
Чогоол өскөн баладай.

Газет берем, кат берем,
Аткан октой бат берем.
Күлкү берем, күч берем,
Көз жаш эмес, шат берем.

Кең өлкөмө жыйналган,
Күлкүнүн баары меники.
Кең өлкөмө жыйналган
Сүйүүнүн баары меники.

Ал күлкү элдин энчиси,
Мен почтобай элчиси.
Калкыма тийген жыргалды,
Бир тыйын албай берчиси.

*15/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## АРТИЛЛЕРИСТТЕРДИН МАРШЫ

Күрсө-күрсө күңгүрөгөн үнү бар,
Күркүрөгөн күзгү түндөй сүрү бар.
Күчкө келсе күкүм кылып тоолорду,
Кара жерди топтой ойнор түрү бар.
Артиллерия,
Артиллерия –
Согуш кудайы.
Согуш кудайын
Жакшы сыйлайлы.
Сырын жат билип,
Анан ырдайлы.

Эсте, курдаш, бекем туткун эсиңе,
Кечээ душман эсиркеген кезинде,
Берлин менен Токиодон келген ажалдын
Башын жулуп, канын бүрккөн ким эле?

Артиллерия,
Артиллерия –
Согуш кудайы!
Согуш кудайын
Жакшы сыйлайлы.
Күчүн үйрөнүп,
Анан ырдайлы.

Согуш бүттү, азыр бизде тынчтык күн,
Беш жылдыктын көркүн ачкан кызык күн.
Эми, биздин тынчтык сүйгөн бул курал
Тынчтыгына таң калтырсын жер жүзүн.
Артиллерия,
Артиллерия –
Тынчтык кудайы!
Тынчтык кудайын
Жакшы сыйлайлы,
Сырын жат билип,
Анан ырдайлы.

*15/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ЖЕҢИШ ЫРЫ

Башка күндөн майрамы көп ушул ай,
Баарыбызга бакыт чачкан сулуу май.
Тоодой тоскон
Тогузунчу май күнү –
Жүрөгүмдөн жаратылган уулумдай.
Жеңиш күнгө салтанат!
Жеңгендерге салтанат!

Башка күндөн күлкүсү көп ушул май,
Баарыбызга өмүр берген улуу ай,
Жердей жети,
Тогузунчу май күнү –

Мага кымбат аба менен суумдай.
Жеңиш күнгө салтанат!
Жеңгендерге салтанат!

Башка күндөн гүлдөрү көп ушул май,
Баарыбызга жыргал берген улуу ай.
Күндөй сексен
Тогузунчу май күнү –
Мага кымбат, мүлдө ааламдын күнүндөй.
Жеңиш күнгө салтанат!
Жеңгендерге салтанат!

*15/XI 1946, Чолпон-Ата*

## КЫЗДАРДЫН КҮҮСҮ

Атам Ленин алып берген жыргалды,
Атам Ленин жеңип берген жылдарды.
Ого бетер гүлдөтөлү саймалап,
Жаңы өлкөнүн жайдары ачык кыздары.
Алга, кыздар,
Алга, кыздар.
Күндөр бүттү,
Биз уялып
Жер карар.
Мугалим бол,
Инженер бол,
Жумушчу бол,
Акылман бол,
Не кааласаң
Баары бар.

Совет элим жеңип берген жеңишти,
Ал жеңиштин большевиктер негизи.
Көтөр кыздар, оң ийинге салалы,
Беш жылдыктай касиеттүү зор ишти.

Алга, кыздар,
Алга, кыздар,
Күндөр бүттү,
Биз уялып
Жер карар.
Мугалим бол,
Инженер бол,
Жумушчу бол,
Акылман бол,
Не кааласаң,
Баары бар.

Тынчтык күндүн тынбай турган иши бар,
Кандуу күндүн камчы тактай изи бар.
Совет кызы кандай кылар экен деп,
Байкап турат батыштагы уу... чуулар.
Алга, кыздар,
Алга, кыздар,
Күндөр бүттү,
Биз уялып
Жер карар.
Мугалим бол,
Инженер бол,
Жумушчу бол,
Акылман бол,
Не кааласаң,
Баары бар.

*15/XI 1946, Чолпон-Ата*

## АЛМА ЖЫЙНОО

Албаган адам армандуу,
Бир жеген адам дармандуу,
Алмасы калың түнт токой,
Биздин колхоз «Алмалуу».

Коромжу колго кыйбайлы,
Келгиле, алма жыйнайлы.
Алма уурдаган жалкоону
Алма менен сыйлайлы.

Ысырап колго кыйбайлы,
Келгиле алма жыйнайлы.
Алмасы жок колхозду
Алма же деп кыйнайлы.

Дабыр, дабыр дабырлап,
Алма жыйсак ыр ырдап.
Сүйүүктүү Маскөө үстүнөн
Алмадан жамгыр жаадырсак.

Албаган адам армандуу,
Бир жеген адам дармандуу,
Алмасы калың, түнт токой –
Биздин колхоз «Алмалуу».

*17/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## МОСКВА

Үйлөрү окшош биздин бийик аскага,
Жолдору түз биздикинен башкача.
Суулары да, тереңирээк, кеңирээк,
Элдери окшош, өз энеме, атама.
Жаштары бар күлкү менен чоңойгон,
Жаштарындай жүрөгү жаш Москва.

Бүркүткө окшош куштары бар асманда,
Чамасы бар, айдан ары ашканга.
Түздүгүндө: адилдиктин бакчасы,
Гүлдөрү көп: жай, күздөн да, жаздан да.

Бул ааламда, барлык бүткөн шаардын
Эң сулуусу, эң сүрдүүсү Москва.

Ырлары бар, ырдап ырлар жазганга,
Күлкүсү бар күлүп көңүл ачканга,
Уйкусу бар эң бир таттуу, эң ширин,
Өмүрү бар, кызыктыгы башкача.
Сөздөрүнө баарыбызды сүйүнткөн.
Акылмандар сүйгөн шаар Москва.

*17/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КОЙ ТӨЛДӨТҮҮ

Төлдүн башы сур эчки,
Төрт улактуу улуу эчки.
Ырысыма келгендей,
Жолу жакшы бул эчки.

Төлдүн соңу куба кой,
Жаныбарым тура кой,
Эгиз кара козулуу
Бул да ушундай ак жолтой.

Мага келген күнүңдөн,
Макмалдай сулуу жүнүңдөн,
Мойтоң, мойтоң секирип,
Маарап койгон үнүңдөн.

Кенен болуп төрүбүз,
Тегиз болсо төлүбүз,
Абийирибиз жабылып,
Кызыл болор өңүбүз.

Оолак болсун оорудан,
Кетсин кырсык тооруган,
Төл тилеги туш келсин,
Жакшылыкка жоруган.

*17/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ЖҮЗҮМ АЛУУ

Кыз баладай буралган,
Тараткандай кумардан,
Өзөн суудан суу алып,
Булбул келип сугарган
саамай жүзүм,
салаа жүзүм,
шербет жүзүм
ак жүзүм.

Жаш сулуудай буралган,
Жандыргандай кумардан.
Көк дайрадан суу алып,
Күкүк келип сугарган
саамай жүзүм,
салаа жүзүм,
шербет жүзүм
ак жүзүм.

Борум кыздай буралган,
Кандыргандай кумардан.
Кашка суудан суу алып,
Каз каркыра сугарган
саамай жүзүм,
салаа жүзүм,
шербет жүзүм

*17/XI 1946, Чолпон-Ата*

## КООН ҮЗМӨЙ

Быйылкы күздүн күчүн ай,
Дарбыздын миң-миң жүзүн ай!
Коону койдой жер жайнап,
Баракелде, түшүмү ай!

Байлыгы канча? Ойлойлу,
Карасаң көзүң тойбойбу,
Аксуудагы таякем,
Мейманга келсе болбойбу.

Дөөлөтү канча ойлойлу,
Көргөндө көңүлүң тойбойбу.
Кайыңдылык эжекем
Конокко келсе болбойбу.
Кайдан келсин таякем,
Кайдан келсин эжекем.
Коонго бизден бай экен,
Дарбызга бизден шай экен.

Кайдан келсин таякем,
Кайдан келсин эжекем,
Мени келер бекен деп,
Күндө күндө түш көргөн.

*17/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КЫЗ ӨПМӨЙ

Курдаштын курдаш жары экен,
Кубанткан кубат алы экен.
Колхозчунун кызындай
Кара көз сулуу бар бекен?

Теңтуштун теңтуш жары экен,
Деңиздей терең алы экен.
Инженердин кызынан
Ак жуумал сулуу бар бекен?

Жолдоштун жолдош жары экен,
Жоругун билсе зар экен.
Жумушчунун кызындай
Ак жуумал сулуу бар бекен?

Жүргөнүм кыргыз шаары экен,
Ойноп-күлгөн шаңы экен.
Ушундай сулуу кыздарды
Бир өпкөн жигит бар бекен.

*19/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## МУРАПТЫН ЫРЫ

Айткыла, балдар, ким экен
Мураптын жайын билбеген?
Буудайы жакшы келинге
Өзөндөн
Эки кулак суу берем.

Күзүндө күлүк минбеген,
Күрдөлсүз мурап мен бекен?
Күздүгү жакшы келинге
Дайрадан
Алты кулак суу берем.

Жазында жакшы ат минбеген,
Жарыбас мурап мен бекен?
Жаздыгы жакшы келинге

Деңизден
Жети кулак суу берем.

Кубанкам[7] жатат жайкалып,
Түшүмү бизге байкалып.
Суктанткан суунун атасы,
Келиндер,
Мураптын жайын айталык.

*19/XI 1946, Чолпон-Ата*

## УЗАТУУ

Кош, Жеңиштай, аман барып, аман кел,
Тааныш болсун талабыңа далай жер.
Сен бактылуу, тынчтык күндүн жигити,
Токой желсиз, толкуну жок деңиздер.

Ырас, ырас учкан мезгил урматтуу,
Бирок тынбас туш тараптан түрлүү чуу.
Асман бети канча тунук болсо да,
Аска үстүндө шаңшыган үн кубаттуу.

Кош, Жеңиштай кол кармашып калалы,
Колуңдагы тынч өмүрдүн жарагы!
Шоокум салбай тынч уктасын, айтып кой,
Океандын... океандын ар жагы.

*19/XI 1946, Чолпон-Ата*

## БОТОЮМ

Жарашыктуу жалжал көз,
Ыйлак белем ботоюм.

[7] *Кубанка* – буудайдын түшүмдүү сорту

Узун шыйрак, айры өркөч,
Чыйрак белем ботоюм.

Сүткө тойсо тайраңдап,
Тентек белем ботоюм.
Чөк дегенде бук деген,
Элпек беле ботоюм.

Бала кезде тартайып,
Атадан чоң ботоюм.
Чоңойгонун билбеген,
Уяты жок ботоюм.

Куулук, шумдук ою жок,
Момун белем ботоюм.
Чоңдугундай күчү бар,
Сонун белем ботоюм.

Кичинени шылдыңдап,
Күлө берсин ботоюм.
Кереги зор колхозго,
Жүрө берсин ботоюм.

*19/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ТОСУП АЛУУ

Алыс кетип кайра кайткан тулпардай,
Күлүк поезд Фрунзеге учкандай,
Күзгү жүргөн кургак желге ысуулап,
Келгин болуп, тоого конгон шумкардай
Кайтты иним солдаттан,
Үйүңө бар, аман бол.
Жүзү жарык, пейли кең
Мына ушундай заман бол.

Темир аяз, карлуу бороон, бурганак
Ыраак, ыраак, ыраак кетип ыраактап,
Кургак сайга тунук кашка суу толуп,
Жадыраган жаз жамынып барлык жак:
Кайтты абам солдаттан,
Шаарыңа бар, аман бол.
Ачык колдуу, март пейил
Мына ушундай заман бол.

Токчулук күн, айылдарга жайылып,
Жокчулук күн, бороонго учуп кайыгып,
Бөксөргөн жай, бөксөсүнөн ашкандай,
Жаралуулар жарасынан айыгып;
Кайтты боорум солдаттан,
Үйүңө бар, аман бол.
Ойлогону жакшылык,
Мына ушундай заман бол.

*19/XI 1946, Чолпон-Ата*

## БЕКБЕКЕЙ

Түнөргөн айсыз түн экен эй!
Түгөнгөн ууру күнү экен эй!

Карарган айсыз түн экен, эй!
Кан жуткан бөрү күнү экен, эй!

Малыбыз колхоз малы экен, эй!
Мал баккан элдин жаны экен, эй!

Бул малдын ээси ким экен, эй!
Бекбекей айткан биз экен, эй!

Бөрү келсе уштайбыз, эй!
Бөйрөгүн жара муштайбыз, эй!

Ууру келсе уштайбыз, эй!
Ууртун айра муштайбыз, эй!

Адырдан ашса табабыз, эй!
Алганын сууруп алабыз, эй!

*19/XI 1946*

## БИЗДЕН КИЙИНКИЛЕРГЕ

Болот миздүү улуу намыс доорунда,
Өрттө туулуп, ок ичинде чоңойдук.
Асмандан кең акыйкаттын жолунда,
Азаматка ал кез болбой оңойлук.

Мисал үчүн бир мүнөттүк жүрүшкө,
Ай жарылып, күн тунарып таң калды.
Жан кыйыштык силер үчүн зор ишке,
Бороон уулу, чагылгандын балдары.

*1946,*

## ӨМҮРГӨ

Шамал айдап көлдүн киргил көбүгүн,
Кашка суудай мөлт дей түшкөн өмүрүм.
Жыл айланып, өткөн сайын жаштык күн,
Улам сулуу, улам ысык көрүндүң.

Мива бактай жемишимен күбүлбөй,
Өстүм дуулап, эртеңкимен түңүлбөй.
Ай, балалык асыл нерсе экен го,
Учкан куунун канатынын күүсүндөй.

Кеттим алыс, кеңдигимен кемибей,
Кери тарткан кербестикке жеңилбей.

Ай, балалык жыргал нерсе экен го,
Карлыгачтын канатынын желиндей.

Жарым саат кабак чытып кайгырбай,
Арамдыкка абийиримди алдырбай.
Өмүр деген – сергек нерсе экен го,
Жаздын күнү тып-тып тамган жамгырдай.

Күлдүм ачык, бир да жерди карабай,
Досторума кылдай кастык санабай.
Өмүр деген – дайым жапжаш нерсе экен,
Улам жаңы жаратылган баладай.

Билсин бизди, жаш муундар мактасын,
Эскиртпесин, эстеринде сактасын.
Алдыбызда өмүр турат түгөнгүс,
Артыбызда өлбөй турган эл калсын.

*20/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КИМ БОЛСОМ

Жериме бороон өткөрбөс
Океан болсом толкуган,
Картайбас болуп эч качан
Жаралсам өлбөс отунан.

Элиме ызгаар өткөрбөс
Чоң деңиз болсом толкуган,
Атактуу уста мен болсом
Жан жаратып олтурган.

Калкыма оору жолотпос
Касаба болсом калдайган,

Жаз күнүндөй жашарса
Өлкөмдө болбой саргайган.

Журтума өлүм жолотпос
Аска зоо болсом бой жеткис,
Ленин атам жолунда
Бул санаага жетербиз.

*20/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КАЧКЫНБАЙ КАЧАК

Ата-энесин кубантып,
Бир топ акча-пул алып,
Фрунзеден окуйм деп
Окууга барды Качкынбай.
Маданият үйрөнүп,
Далай жакшы эл көрүп,
Сонун киши болот деп
Колхозунун көңүлү жай.

Арадан үч ай өткөн жок,
Мындай жорук ойдо жок,
Чемоданын колго алып
Качып келди Качкынбай.
«Окуусун жакшы билбей»... – деп,
Күлүп коёт уялбай.

Турмушунан бөлүнүп,
Колхозго жаман көрүнүп,
Үйүндө жүрөт Качкынбай.
«Атам кетпей түшүмөн,
Качып келдим, кантем» – деп,
Күлүп коёт уялбай.

Жаш кезинде окубай,
Алга карай умтулбай,
Качак болгон Качкынбай.
Замандын калып соңунда,
Китеби жок колунда,
Мазак болгон Качкынбай.

*1946, Чолпон-Ата*

## МЕН КӨЛҮМӨ КЕЛГЕНДЕ

Мен келгенде, токтоно элек баладай,
Бирок өзүн балалыкка санабай,
Жаткан экен Ысык-Көлүм күрпүлдөп,
Толкуп алган толкунунан жаналбай.

Мен келгенде, албуут акын баладай,
Бирок өзүн акынмын деп санабай,
Жаткан экен Ысык-Көлүм шарпылдап,
Ташып алган ташкынынан жаналбай.

Бүттү бороон, Улан жели токтоду,
Түптү түрө Сан-Таш шамал сокподу.
Бул мезгилде мемиреген Ысык-Көл
Өз элиндей күчтүү, сулуу окшоду.

*1946, Чолпон-Ата*

## АТА ЖУРТУМ

Ата журтум, тууган элим, Мекеним,
Жан кубатым, сүйгөн жерим, секетим.
Тоо-ташыңдын, турпагыңдын, сууңдун,
Мен көрбөдүм пайдасы жок бекерин.

Тууган жерим, Ата Журтум, бир боорум,
Мен өзүңдүн гүл багында торолдум.
Заманыңдын мен ырыстуу акыны,
Дарбыз, коон, жүзүмү бар корооңдун.

Сүйөм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,
Сени сүйгөн тагдырыма рахмат.
Өлгөндө да сенин таттуу жытыңды,
Жаткым келет көкүрөккө кучактап.

Мендеги өмүр меники эмес, сеники,
Менин ырым меники эмес, элдики,
Ар бир демим, ар бир соккон секундум –
Өзүңдүкү, алар эмес желдики.

*21/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## КӨЛДҮН КЕЧКИ КӨРҮНҮШҮ

Көлдө жүрдүм, көл боюнда бойлодум,
Токсон ирет көргөнүмө тойбодум.
Кызгылт көйнөк кийгендиги эсимде,
Уурдап алып күндүн батар боёгун.

Билбейм неге... эң жароокер ысыгым,
Кайрат, кубат, оюн-күлкү, кызыгым.
Кыз баладай уялганы эсимде,
Уурдап алып күндүн батар кызылын.

Көргүм келет, көргүм келет миң ирет,
Айткым келет, сүйөм, көлүм, сүйөм деп.
Элесинде көл жатпаса шарпылдап,
Ырларымда анда кайсы касиет!

*28/XI – 1946, Чолпон-Ата*

## АК КАЙЫҢ

Жарашыктуу жаштайың,
Жадыраган жаз сайын,
Жаш күнүмдөн тең өскөн,
Жакшынакай ак кайың.

Тамашалуу жаштайың,
Тармалдаган жаз сайын,
Тай күнүмдөн тең өскөн,
Татынакай ак кайың.

Мен өзгөрдүм, сен көрдүң,
Мен да көрдүм өңгөнүң...
Жаштыгымды кайра бер,
Сурабайм андан бөлөгүн.

Бутагыңа коноюн,
Кыштын жолун тороюн,
Жаштыгыңды менден ал,
Аккан сууң болоюн.

*28/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ЖОГОТТУМ

Кең Фрунзе шаарынан
Балыкчыга келатсам,
Он беш тоонун орду жок,

Кең Фрунзе шаарынан
Тянь-Шанга баратсам,
Отуз тоонун орду жок.

Айткылачы жолдоштор,
Ачык айткан сөз калппы?
Тоо жоготтум ким тапты?

Түшүрбөдүм колумдан,
Алдырбадым жолумдан,
Уурдатпадым жанымдан,
Жулдурбадым жонумдан.

Ошол тоонун ордунда,
Орто Токой көлү бар,
Кардуу Боом ичинен,
Жол жыргалын көрүп ал.

Күм-жам кылып майдалап,
Түзгө айлантты биздин эл.
Мен жоготкон тоолорду
Билгиң келсе мага кел.

*28/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## БИР ЧАКА СУУ

Бир чака суу, мөлтүр кашка, тунук суу,
Кайнар суусу, эмес бул суу кудук суу.
Канатка окшоп бир жак колу делбиреп,
Суудай таза кыз көтөргөн шумдук суу.

Бир чака суу, суу экенин байкагам,
Жаным сергип, кангандыгын айта алам.
Биздин күндөй анын таза күчүнө,
Толкун урган корабльдей чайпалам.

*28/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КОШТОШУУ

Кайда жүрбөйт эр жигиттин жаш башы,
Кайда калбайт сүйгөн жардын көз жашы.
Алыс сапар, кең Маскөөгө жол алып,
Коштошорго толкуну жок көл жакшы.

Аман болсун эр жигиттин жаш башы,
Неге керек сүйгөн жардын көз жашы!
Жолтоо кылып, «кош» дегенди угузбай,
Коштошордо күздүн күнкү жел жакшы.

Кайда жүрбөйт эр жигиттин жаш башы,
Кимге керек ата-эненин көз жашы.
Эгер «Кел!» деп Ата Мекен чакырса,
«Аманбыдан» «кош» деп айткан сөз жакшы.

*29/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## АККАН СУУ

Ай, аккан суу, аккан суу,
Ар адамга жаккан суу.
Алтын аяк ичинде
Абийир, ынсап тапкан суу.

Ай, аккан суу, аккан суу,
Мүлдө ааламга жаккан суу.
Каухар идиш ичинде
Кадыр-урмат тапкан суу.

Ай, аккан суу, аккан суу,
Шылдыр мончок таккан суу.
Турмушта канча түйшүктүн
Баарына жетип арткан суу.

Ай, аккан суу, аккан суу
Алыска канат каккан суу.
Айдалган жерге жан берип,
Апаппак болуп жаткан суу.

*29/11 1946, Чолпон-Ата*

## СЕКИДЕГИ ЖАПЫС ТАМ

Келгин куштай, улам жазга кайткандай,
Мен да өмүргө улам кайра кайта алам.
Бирок мени сүйбөгөнгө уялбай,
Өзүм аны сүйгөндүгүм айта алам.

Эч сөз айтпай, жактырбастай карашың,?
Жанды үшүткөн күзгү түнгө барабар.
Бийлиги зор сүйбөгөндүн кубатын,
Кулдук кылып сүйгөн гана биле алар.

Сен жашаган секидеги жапыс там,
Миң катарлуу алтын үйдөн жаркырак.
Кайраты жок жүзүңдөгү нуруңдан,
Коркуу билбес баатыр жүрөк калтырак.

*29/XI – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## УЧКУЧТАРДЫН ЫРЫ

Мейли болсун, капкараңгы түн айсыз,
Мейли болсун, бороону күч ызгаар кыш.
Жерде турмуш күлкү менен өткөндөй,
Асманда да күлүп гана жашайбыз.

Күмүш канат,
Биздин кубат,
Оюн салсын жаркылдап,

Ай-асманга,
Ак булутка,
Көтөрүлгүн, азамат.

Күр...күр... эткен биздин куштун дабышы,
Күндүн, жердин бир карыштай алысы
Ар бир мотор буроосунун ичинде
Жандай кымбат Ата Журттун намысы.

Күмүш канат,
Биздин кубат,
Оюн салсын жаркылдап,
Ай-асманга,
Ак булутка,
Көтөрүлгүн, азамат.

Кирдебесин самолеттун канаты,
Өлбөс кылып сени заман жаратты.
Ошондуктан, сени менен жүрөктөш,
Тынчтык күндүн ар бир минут, сагаты.

Күмүш канат,
Биздин кубат,
Оюн салсын жаркылдап,
Ай-асманга,
Ак булутка,
Көтөрүлгүн, азамат.

*29/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## САГАТЫМА

Чык-чык эткен сагатым,
Кайда шашып барасың?

Куштан учкул белемсиң,
Болбосо да канатың.

Чык-чык эткен сагатым,
Шашканыңды танасың,
Чылым тартып болгончо,
Чыр айланып аласың.

Чык-чык эткен сагатым,
Кайда шашып барасың?
Тулпар аттай айланып,
Ай менен күн арасын.

Чык-чык эткен сагатым,
Билем кайда барасың.
Жыргал жерге жүр дейсиң,
Советстан баласын.

*29/XI/1946, Чолпон-Ата*

## ЫРЛАРЫМ

Мен сурадым сен сарандык кылбадың,
Сенден алдым сергек өмүр жыргалын.
Уяты жок уйку, өлүмдөн башкасы
Өзүмдүкү... өзүмдүкү, ырларым.

*29/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## БАЛАЛЫК

Кетти, кетти балалыгым кайрылбай,
Аткан октой кайрылууга айныбай.
Күтүлбөгөн көп күндөргө туш болдум,
Майрам түшкөн колхозчунун айлындай.

*29/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ЭМГЕК КҮН

Жаз, жай тынбай тер агызган бермет күн,
Азабы жок тамашалуу эрмек күн,
Жеңем тууган аппак эркек уулдай,
Колхозчуга жаратылган эмгек күн.

Тирүүлүктө, адам тынбас тентек күн,
Тентек эмес, ырыс, кешик бермек күн.
Жаштык кезде биринчи өпкөн сулуудай,
Колхозчуга сүйкүмү бар эрмек күн.

Эмгек күндө чын курбулук, досчулук,
Нечен акын, нечен тилек кошулуп,
Нан эмгеги канча күчтүү болсо да,
Андан күчтүү колхоз жеңген токчулук.

*30/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ЖЕТИМ КОЗУ

Жетим козу, жетим козу,
Сөз сурайын токточу:
Кайда барасың?
– Отунга.
– Отунду не кыласың?
– Камыр жууруп нан кылам.
– Нанды не кыласың?
– Мейман болуп кетсин деп,
Үйүмө сотту чакырам.
– Сотту чакырып не кыласың?
– Атам менен энемди
Союп жеген беренди.
Соттобогон немени
Уят кылып кызартам.

*1946*

## КЫШКЫ БОРООН

Кышкы бороон, жаныма дос жаш бороон,
Өмүрүмө ынтымактуу бурганак...
Чырак жанган, бала ыйлаган короодон
Бүркүт шаңшып, учарына суранат.

Алдуу бороон, алгыр бүркүт эркинен
Жаз жаралат, ошол бала түшүндөй...
Күндөр келет, күндөр келет кепкенен,
Күзгү бышкан ак буудайдын күчүндөй.

*3/I 1947, Чолпон-Ата*

## КОШ АЙДОО

Жан сергитип, жаңы өмүрдү ойлотот,
Күн күркүрөп жарк-журк эткен чагылган.
Жазга салам, жазга урмат, суук жок,
Жарык дүйнө сапарынан табылган.

Келди мезгил, өлбөгөн жан көгөрөр,
Жашоо баркы, кош айдоого уруксат.
Быйыл көрбөс жүз жыл мурун көргөндөр
Тирүүлүк күн, жаңы ырлардай жыттанат.

*3/I 1947, Чолпон-Ата*

## АЙРӨК

Ак иштеген, ак жүрөк,
Ачык көңүл шат жүрөт.
Арамзаада кытмырды,
Ким кадырлап, ким сүйөт?
Ай, ай, сен да кордоо сал,
Көлдө жаткан көп өрдөк.

Айрөк,
Айрөк!

Жакшы ударник, ак ниет,
Өңү жарык, шат күлөт.
Жарыбаган жалкоону
Ким кадырлап, ким сүйөт?
Ай, ай, сен да кордоо сал
Көлдө жаткан сан өрдөк.
Айрөк,
Айрөк!

Кең пейилдүү кең тилек,
Кеңири өмүр өткөрөт.
Кешиги жок жалкоону
Колхозубуз жек көрөт.
Ай, ай, сен да кордоо сал
Жарашыктуу каз, өрдөк.
Айрөк,
Айрөк!

*3/1 1947, Чолпон-Ата*

## ЧОЛПОН-АТА

Чолпон-Ата көл жээгинде көрктүү жер,
Алмасы көп ак кыштактар орногон.
Менде болду далай ысык сүйүүлөр
Мындай жерге, бирок ашык болбогом.

Бир жай жүрсөм, жашым кайра жангандай,
Жашаргандай, жаштыгындай жүрөгүм.
Тагдырымдан кайра сурап алгандай
Ушунда өттү эң бир таттуу күндөрүм.

*9/I 1947, Чолпон-Ата*

## МЕН МАСКӨӨНҮ КӨРГӨНДӨ

Мындан он беш жыл мурун,
Биринчи көргөм Маскөөнү,
Эсимде калды «укем» деп
Мени сүйүп өпкөнү.

Он беш жыл өтүп арадан
Кайра көрдүм Маскөөнү.
Баштагыдан тазарган,
Башкача экен көркөмү.

Амансыңбы, балам, деп,
Мени Маскөө карады.
Шекер салган чай берип,
Маңдайымдан сылады.

Сынап турсам Маскөөнү,
Көрк жасанып алыптыр
Өмүр алга өтсө да,
Көп жашарып калыптыр.

Тандап сүйгөн сулуудай,
Улам сулуу көрүнөт.
Тандап тапкан баатырдай
Улам баатыр көрүнөт.

*1947*

## УЙДУН ТИЛИ

Уйдун сүтүн ичерде,
Ырайым бар биздерде,
Алдап-соолап чакырып:
– Оу, хоу, оу, хоу
Оу хоу десек,

Үнүбүз коңур, жупжумшак
Сылык чыгат деги эле.
Макул болот анткенге
Уйдун тили жалгыз тил:
Мөө... деп гана үн бере.

Уй майына кирерде,
Уят да бар биздерде:
– Бул баягы таргылдан,
Таргыл баягы кашкадан,
Кашка баягы маладан,
Маланы миң сомго алган.
Деп –
Жети атасын бүт мактайбыз
Тим эле.
Уй бечара тим болот,
Айтар сөзү жалгыз сөз:
Мөө... деп гана үн бере.

Чөп саларга келгенде,
Чөпчөңдөйбүз эң эле
Чоң кепшемин кызганып:
– Өш ай, өш, өш, –
Десек,
Сөзүбүз өрттөй өткүр
Деги эле.
Капа болот байкуш уй,
Сүйлөр сөзү жалгыз сөз:
Туруп калат жалдырап:
Мөө... деп гана үн бере.

Уй жаюуга келгенде
Айдайбыз такыр жерлерге.
Бул кордукка чыдабай
Өңкүлдөп чуркап калганда

Кара кыяк дегенге:
– Өлөт ал! Өлөт ал!
Арам маңка!
Деп сөксөк,
Тилибиз заар чыгат эң эле.
Билген сөзү жалгыз сөз,
Жүрө берет тил угуп:
Мөө... деп гана үн бере.

Чай бергенге май берген,
Кой бергенге тай берген,
Деп кубанта сүйлөгөн
Биздин кыргыз март эле;
Жарыктык уй канетсин,
Жакшы сөздөн кем беле?
Ушул кыял, ушул сыр
Кырсык болуп пейилге,
Тармак жайып жүрбөсүн,
Тамыр салып тереңге?!.

*1/X 1948, Чолпон-Ата*

## ТАРАНЧЫ

Бышыкчылык сонун ай,
Колхозчулар сагынып,
Күн саноодон эринбейт.
Дан кыярып калганда:
– Бышсын, бышсын,
Быша түшсүн эгин дейт.
Ошондо ушул таранчы,
Кудайдан мурда уурдап жейт.

Жанын жеген желмогуз:
Чырк, чырк, чырк, чырк

Дейт да, жебирейт.
Коон быша калганда
Чиригенин жек көрөт.
Жыттап туруп эң мурда
Шириninен жеп көрөт.

Дарбыз быша калганда
Ак этүүсүн жек көрөт.
Чертип, чертип эң мурда
Бышканынан жеп көрөт.
Алма быша калганда
Курт түшкөнүн жек көрөт.
Коно калып ыргыштап
Кызылынан жеп көрөт.

Теңине албай өрүктү
Тээп өтөт чыртылдап.
Түшкөнүнө кубанып
Күлүп калат кытылдап.
Жатып алып жүзүм жейт,
Салааланган шагынан.
Шириninен, балынан,
Таттуусунан, агынан.

Муну көрүп колхозчу
Жүрөгү ооруп зырпылдайт.
Бул кезекте таранчы
Суугa түшүп чыркылдайт.
Ушул көпкөн шайтанга
Кандай айла кылабыз?
Колхозчунун доосуна
Кандай кылып жыгабыз?

Чынын айтса, ал бизди:
Өзүнө анча теңсинбейт.

Кыйын болсо атасы:
Баласына бышырган
Май токочтон берсин дейт.

Анткени эмей эмне,
Менин эшик алдымда,
Боорсок сурап, кант сурап
Чырк, чырк, чырк, чырк
Чырк, чырк
Дейт да безилдейт.

*1/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## СӨЗҮ БАР

Түк кайгырбайм, алсыз-чабал түрүмө,
Уу тамса да алтын сабак бүрүмө.
Тирүү кезде мындай элек деп айтып...
Сүйлөшүүгө жер табылбас күнүмө...

Мен кетсем да: тирүүлүктүн көзү бар,
Мен бүтсөм да: тирүүлүктүн өзү бар,
Бирок мага табылбачу эч качан,
Тирүүлүктүн:
Эң бир, эң бир
Жанды ысыткан сөзү бар.

*2/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ЖАЗЫМА

Кош бол жазым,
Көк көпөлөк, ак казым,
Ыр жаза албай, мендей жүдөп, азбасым.
Антсем мейли, бирок өзүң айта жүр:
Азгын көңүл, тилегимдин тазасын.

Кош бол жазым, сени алыска узатам,
Сенден кымбат калк ичинде мен калам.
Кыйын жолдо, канча жабыр көрсөм да,
Өз доорума актыгыма мактанам!

Кош бол жазым, сен кетсең да биз аман,
Биздин балдар, биздей болсун билерман.
Жер үстүндө ыраазылык күнүмдү,
Жердин жети түпкүрүнөн дей алам!

Кош бол жазым,
Көк көгүчкөн, ак казым,
Кенен сайда дайым толо акпасым,
Көз ачкандан ынак болгон жаныма
Картайбаган кулун жаштуу жашташым.

*12/Х 1948,*
*Чолпон-Ата*

## МЕНИН КҮНҮМ

Менин күнүм кирген суудай күрүлдөйт,
Күзүн күтүп мөмөсүнөн күбүлбөйт.
Ыза кылып жарыкчылык дүйнөнү
Карыганда жаш уландай бир гүлдөйт.

Менин күнүм, өлбөсүнөн түңүлбөйт,
Толкун урса, тайызына сүрүлбөйт:
Тирүүлүктө жоктугуна жол бербей
Жер түбүндө чирисе да бир гүлдөйт.

Бар бололу, түгөнбөйлү курдаштар,
Узак, узак, узак болсун бул сапар,

Кылым бүтүп, дүйнөдөн жок болсок да
Кайра кайтып жолугушчуу жолдор бар.

*13/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## БИЗГЕ ТҮНӨЙ КЕТ

Көңүлүм капа, башым туман кеңгиреп,
Үч күн болду, бизге мейман келе элек.
Жолоочунун бул кандайча шылдыңы,
Даамы жоктой,
Жеген токоч, жеген эт.
Сыйлап берер, белен кыргыз даамы бар,
Эй жолдош,
Биздикине коно кет!

Мейман келбейт, келбегени жаман кеп,
Үйүм капа, эмне болуп кетти деп.
Ууру болсоң, тор атымды уурдап ал,
Касым болсоң, каргап өткүн, тамак жеп.
Чаалыкканга соопчулук даамым бар,
Эй, жолдош,
Биздикине түнөй кет!

Биздин үйдө көптөн жүргөн жалгыз шерт:
Кымбат ашты мейман бекер жесе деп,
Ач көз болсоң, өз башымды сурап ал
Кегиң болсо: сабап өткүн, тамак жеп.
Жолоочуга нечен түркүн даамым бар,
Эй, жолдош,
Биздикине түнөй кет!

*13/X 1948, Чолпон-Ата*

## БАЙКА, ЖИГИТТЕР

Калк мүлкүнө карышкырдай кол салган,
Жүз тармактуу каргашалуу жол салган,
Мөөрүн басып, акты менен толтурган
Он чөнтөгү ону бирдей бүт жалган
Эмки кууну
Жакшы тааны,
Байка, жигиттер!
Жорго минген Шермат келет,
Кара, жигиттер!

Мойну калың, кашкулактай буржуйган,
Тердеп тапкан бир күнү жок бир урган.
Ошентсе да арак көрсө арсаңдап,
Алтын сомдун жүз сомдугун суурган
Жат адамды
Жакшы тааны,
Байка, жигиттер?
Күлүк минген Шермат келет,
Кара, жигиттер!

Арамдыкка мас болгондой энтелеп,
Мен келатсам акырайып жалт карап,
Ыркты бузган мына мобул «жазгыч» деп,
Үтүрөңдөп «бир чапсам ээ» деп алат.
Бузукуну
Жакшы тааны,
Байка, жигиттер!
Анын бири ушул Шермат,
Ана, жигиттер!

*14/X 1948, Чолпон-Ата*

## КӨҢҮЛ АЙТАЛЫК

Кетменчинин ак эмгегин азайткан,
Кесепеттүү Наамат деген бир шайтан,
Момунду алдап, элди жазган, эбин таап,
«Ичиш керек, жеш керек!» – деп көп айткан
Бүгүн өлдү,
Барып көңүл айталык,
Жылан салып мүрзөсүнө,
ыйлап кайталык!

Журттан тапкан, күн көрбөгөн мүлкү бар,
Бирөө барса, кашык сууга ичи тар,
Алгыч, жегич, азган-тозгон уурулар
Буга курдаш, буга жолдош, буга жар.
Наамат өлдү,
жүргүлө көңүл айталык,
Мүрзөсүнө бака ыргытып,
ыйлап кайталык!

Ажал күчтүү, кимдер андан талашат,
Жолу туура, кантип анан адашат?
Ушакчынын, кытмыр арам неменин
Бул дүйнөдөн жок болгону жарашат!
Наамат өлдү,
жүргүлө көңүл айталык,
Таш ыргытып мүрзөсүнө,
ыйлап кайталык!

*14/X 1948, Чолпон-Ата*

## БУЛ КАНДАЙЧА?

Баары өзгөрөт, баары өчөт дейт турмушта,
Мен өзгөрбөй, өчпөй койсом не болот!
Өчөр күнүм үйгө бара жатканда,
Токмок жактан келбей койсом не болот?

Токмок жөнөйм,
Таттуу коонун тандап жейм.
Миң жыл бою
Кайра үйүмө бир келбейм.
Айт, кимдин карызы бар?

Баары агат дейт, баары өтөт дейт өмүрдөн,
Мен элге окшоп өтпөй койсом не болот?
Баратканда тааный коюп өңүнөн,
Аксуу жактан келбей койсом не болот?

Аксуу жөнөйм,
Жүзүмүнөн үзүп жейм.
Миң жыл бою
Кайра үйүмө бир келбейм.
Айт, кимдин карызы бар?

Баары сынат, баары өлөт дейт турмушта,
Мен тил албай, өлбөй койсом не болот?
Башка коюп, тумшукка тээп, урушса,
Нарын жакка качып кетсем не болот?

Нарын жөнөйм!
Айран ичип, майын жейм.
Миң жыл бою
Кайра үйүмө бир келбейм.
Айт, кимдин карызы бар?

*15/1X 1948, Чолпон-Ата*

## МЕН КЫРГЫЗДЫН АКЫНЫ

Ким берсе да жакшы берген бактымды,
Ким койсо да жаман койгон атымды,
Ушакчыдан не кылам деп сурасам,

– Беш тыйынга мага сат дейт даңкыңды!
Сатам!
Алсын!
Кайдан билсин баркымы?
Чайга салып жутар кезде
Заар тилин куйкалачу
Мен кыргыздын акыны!

Карлуу күнү берсе керек бактымды,
Аяз күнү койсо керек атымды.
Ичи арамдан не кылам деп сурасам,
Бир тыйынга мага сат дейт даңкыңды!
Сатам!
Алсын!
Кайдан билсин баркымы?
Кантка салып жутар кезде
Кара көңлүн куйкалачу,
Мен кыргыздын акыны!

Таш идишке куйса керек бактымды,
Татты идишке куйса керек атымды,
Кароолчудан не кылам деп сурасам,
Балам алсын, бекер бер дейт даңкыңды.
Берем,
Алсын!
Сатпайм кадыр-баркымды,
Уйчу, койчу,
Кетменчинин
Менмин кымбат акыны.

*15/X 1948, Чолпон-Ата*

## КӨЗҮМ ӨТКҮР

Көзүм өткүр, өрттү өчүрө караган,
Өз жанымдын жамандыгын көрө алам.

Колум ачык, журтка маалым марттыгым,
Бир чыны уудан
Бир чака бал бөлө алам.

Көңүлүм жарык, музда көктөп өнө алам,
Өз жанымдын арамдыгын көрө алам.
Пейлим таза, чаккын десем чага албайт,
Жылан кызын колдон кармап өбө алам.

Сырдаш болсоң, ачык сөзгө келе алам,
Мен өзүмдүн тардыгымды жеңе алам.
Керек болсо чебердигим жетишет,
Дөңгөчкө жан, балыкка тил бере алам.

*15/X 1948, Чолпон-Ата*

## ТӨӨНДҮ БЕР

Эй, Төлөгөн, төөндү бер,
Төмөн түшүп барайын,
Быйыл эмгек мол тийди,
Түгөл ташып алайын.

Эй, Ысмайыл, төөндү бер,
Ылдый түшүп барайын,
Быйыл эмгек көп тийди,
Баарын ташып алайын.

Байбичем сынчыл киши эле,
Сынына бир жарайын,
Бийбичем катуу киши эле,
Кабагына карайын.

Сынына толсо кылганым,
Муштап өтөт жаныма.

Узарар болсо урматым,
Чымчып өтөт далыман.

Мал кыштан түгөл чыкчу эле,
Муштап, муштап алганда.
Ырыскым колдон акчу эле,
Чымчып, чымчып алганда.

*16/X 1948, Чолпон-Ата*

## МЕН КЕМЕ

Мен кеме, келчү жерге эрте жеткен,
Кебелбей эки жагым кычыр эткен.
Көз жеткис бул деңиздин аркы учуна,
Жыңайлак жаштыгымды таштап кеткем.

Мен бир куш, учар жерге учуп жеткен,
Жем алган жалама зоо, жайдак беттен.
Кайдадыр бийик тоолор арасына,
Таарынчаак жаштыгымды таштап кеткем.

Ал кездин алтындыгын эсиме албай,
Жаштыктын ар жагында жаштык бардай,
Ыйлатып, уруп-сабап кете бергем,
Бир өппөй, маңдайынан бир сылабай.

Картайып, кош айтууга кезек келет,
Бир жүргөн жакшы күндө жакшы эл элек.
Бирок да, ошол тоолор арасында,
Жаштыгым ойноп-күлүп жүрө берет.

*17/X 1948, Чолпон-Ата*

* * *

Жакшы ыр жазсам
Бутунан өөп жөнөтөм,
Жаза албасам көз жашымды көлдөтөм,
Ыр жараткан шам чырактын алдында
Бактылуу мен,
Бактылуу менин көлөкөм.

*17/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ЭНЕ ТИЛИ

Тил үйрөнүү:
Жакшы көрмөк – сүймөктөн,
Энем тилин жакшы көрүп үйрөткөн.
Ойротто жок оңой тил бейм биздин тил,
Бир жашымда:
Ата, апа,
ат, эт дегенди сүйлөткөн.

Тил кадырлоо:
Чын көңүлдөн, сүймөктөн,
Атам тилин: сүйгөндүктөн сүйлөткөн.
Эрдик, өнөр, билим менен сүйлөшүп,
Бир жүрсүн деп, бир жашымда үйрөткөн.

Бирге жүрөм, эне тилин кадырлайм,
Бул тил менен: иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди жандай жакшы көрсөм да,
Эне тилин сүйгөнүмдөн жаңылбайм.

*17/X – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## КУБАНАМ

Силерге окшоп мен да күлөм, кубанам,
Орой сүйлөйм, арак ичем, бууланам...
Калк башына кайгы түшсө, кайгырып,
Калкым үчүн таштай катуу тура алам.

Силерге окшоп мен да гүлдөйм, уланам,
Күнөө болсо кечиргин деп суранам.
Сокур байкуш көздүү бала төрөсө:
Чын пейлимден ушунда бир кубанам.

Силерге окшоп менин да бир убадам,
Мен да аяйм, мен да корком убалдан.
Дудук уулу сүйлөп турса жанымда,
Чын пейлимден ушунда бир кубанам.

Силерге окшоп, мен да жүдөйм, кубарам,
Мен да жыргайм, мен да түтөйм, куралам.
Ырымды укпай, жазганымды көрбөсө:
Ыйлабасам, эмнесине кубанам?

*17/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ЖАКТЫРДЫМ

Кайдан таптым, билбейм мындай мүнөздү?
Дос, туугандар күнөкөр деп күлбөспү?
Тирүүлүккө ирегелеш салынган
Жаман көрөм калың мүрзө, күмбөздү.

Бирок сүйдүм, бир күмбөздү жактырдым,
Кубангандан күлүп ийдим, каткырдым.
Көргөн кезде койчу Жапар күмбөзүн
Жарык күндөн кайткан ал бир асылдын.

Кымбат эле кой кайтарган убагы,
Жакшы адамдын жакшысы эле бул дагы.
Күмбөзүнүн күн жагында керилип
Уктап жатат төрт кара ала улагы.

Муну көрүп, эске түшөт ак тилек,
Колдон кармап, айтпаса да асыл кеп.
Күлө карап, «Мен бармын», – деп тургандай,
Баягы эле тирүүсүндөй сезилет.

Мейли түндө, мейли бешим, күүгүмдө,
Жапар күнү башка түшкөн күнүмдө.
Мен өзүмчө – өлбөс күн деп эсептейм,
Бир тирүү жан тепсеп турса үстүмдө.

*17/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## БУЛ ТУРМУШТА

Бул турмушта нечен сонун издер бар
Бороон уруп, кар жааса да кетпеген.
Не бир укмуш, чебер уста адамдар
Миң тепкичтүү шаты коюп жетпеген.

Бул турмушта нечен бекем издер бар,
Добул уруп, сел жүрсө да кетпеген.
Не бир чечен, не бир эстүү адамдар
Дайрадан кең акыл менен жетпеген.

Бул турмушта нечен чоң-чоң издер бар,
Өрттөймүн деп, күн сынса да кетпеген.
Не бир баатыр, не бир канкор адамдар
Балта урса да, ордунан былк этпеген.

Мен да адаммын, мен дагы бир акынмын,
Билинбеген көп майданын бириндей.
Бул турмушка мен да изимди калтырдым,
Кичинекей, кудум шайтан изиндей.

*17/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ПРАГАДА

Прагада ушул өткөн майданда
Бир азамат чексиз эрдик кылган дейт.
Жоону кырып, алдан чарчап тайганда,
Танка астына жата калып тынган дейт.

Бул дүйнөгө бир келгени чын болчу,
Бирок үйгө дайнын жазган каты жок.
Эл жыйналып ат бергени чын болчу,
Атагы бар, мүрзөсүнүн аты жок.

Шол мүрзөгө барар элем жөө басып,
Турпагынан бир ууч алып келүүгө.
Арстандын жүрөк канын канатып,
Ага кошуп балдарыма берүүгө.

*18/X 1948, Чолпон-Ата*

## ДАГЫ АЯЛ ЖӨНҮНДӨ

Аял сүйдүм, бирок ичтен кектедим,
Арам ойлоп, арамдыктан кетпедим.
Жаманынан көңүлдү эзген оору алып,
Жакшысынын кадырына жетпедим.

Анткен менен:
Колум ачык, мен кенен,
Жүз кайталап дагы аялга баа берем:

Аял деген:
чаалыккан көсөм,
сайдырган берен,
бактыдан тайган жигитке
Кемибеген, кебелбеген бир мекен!
*21/X 1948, Чолпон-Ата*

## ФРУНЗЕНИН ТҮНҮ

Бир мен эмес, чын сүйөрүң баарыңдын:
Түндөрү алтын... түндөрү алтын шаарымдын.
Анда калган күзгү сонун түндөрдү
Мени өлтүрбөс эмгегимдей сагындым.

Жылт жылт этип, жылдыз көлү аккандай,
Куттуу бүлө кубанычка баткандай,
Көк мунарык, жашыл шоокум ичинде:
Ырыс көлбөп, фонтан болуп аткандай.

Угулса экен, түнкү бөбөк күлгөнү,
Кубанса экен, жаш бөбөктүн жүрөгү...
Неге десең:
Колун жайган, колун каткан бооруна,
Менин шаарым – акылмандар түнөгү.
*23/X 1948, Чолпон-Ата*

## ЖАҢЫЛУУ

Көл боюнда, биздин колхоз жанында,
Жакшы тамдуу бир топ орус калкы бар.
Тыңшап турсаң күн кеч кирер маалында,
Уйларынын не бир сонун аты бар.

Көңүлү жылып ушул жакшы адатка,
Кийизбай да башын чайкап, жактырат.

Элди туурап, уй бададан кайтканда,
Дөңгө чыгып:
– Зоя ! Зоя!
– Зоинкалап чакырат.

Муну укканда кыт-кыт күлөт келиндер,
Кыздар чалга таң калгандай жалт карап,
Карт орустар, көптөн сырын билгендер,
– Ай Кийизбай, ай Кийизбай, – деп калат.
Ага болбойт, дөңдөн туруп Кийизбай:
– Зоя, Зоя,
– Зоинкалап чакырат.

– Ай аксакал, адаттан терс бул кандай?
Жигит атын койгун дешип каткырат.
Кабыл көрбөй жогорудай сөз оңун,
Биздин ата өз кылганын жактырат.
Дөңдөн туруп эркек кашка торпогун:
– Зоя! Зоя!
Зоинкалап чакырат.

*23/X 1948, Чолпон-Ата*

## КЫЗЫЛ ЖҮК

Дан беребиз, берген данды эл алат,
Алган элдин өмүрүнө саламат.
Берген белек жокко сиңип кетпестен,
Кайра айылга ырыс болуп таралат.

Бат жөнөсүн кызыл жүк,
Бол, жигиттер, ылдамдат.
Атадан калган насаат бар:
Берген март эмес,
Алган март!
Бол, жигиттер, ылдамдат.

Эгин төкмөк өзүнчө бир салтанат,
Эмгек менен көтөрүлмөк биздин даңк.
Берген белек дөөлөтүнөн кемибей,
Кайра айылга байлык болуп таралат.

Бат жөнөсүн кызыл жүк,
Машинаны бери тарт!
Ашык бүтсүн пландан,
Берген март эмес,
Алган март!
Бол, туугандар, ылдамдат!

Эгин бермек бизге урмат, бизге бак,
Сыйлоо керек Ата Журтту кадырлап.
Ушул буудай калк санаасын тындырып,
Кайра айылга тынчтык болуп таралат.

Бат жөнөсүн кызыл жүк,
Бол, туугандар, ылдамдат!
Бергениңе кубангын,
Берген март эмес,
Алган март!
Бол, туугандар, ылдамдат!

*24/X – 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ДАН ЖОМОГУ

Ушул буудай, ушул дан:
Биздин өмүр, биздин жан.
Колдо кубат, белде күч
Жүрөктөгү жылуу кан.

Сонун шаар, сулуу там,
Көккө карай жулунган,

Завод, фабрик, шахтылар
Баары, баары ушундан.

Пароходдор көлдөгү,
Паровоздор чөлдөгү,
Сан жетпеген машина
Баары нандын бөбөгү.

Дүр-дүнүйө, ак, сары,
Көз тайгылткан таштары,
Алтын, күмүш, жакуттар
Баары нандын кыздары.

Танке менен замбирек,
Көп түрлөрүн ким билет?
Болот канат самолет
Оюн салган көк жиреп.

Ааламды жарган ардагы,
Кылымды бузган салмагы,
Өнөрпоз, чебер, көсөмдөр –
Баары нандын ардагы.

Колхозчу эккен ушул дан-
Биздин өмүр, биздин жан.
Коммунизм байлыгы –
Ушул буудай, ушул нан.

*24/X 1948, Чолпон-Ата*

## АТА-ЖУРТ

Жылуу кийин, жолуң кыйын, үшүрсүң,
Кыш да катуу... бороон улуп, кар уруп...
Суугунду өз мойнума алайын,
Жол карайын, токтой турчу, Ата-Журт!

Түндөр жаман... кырсык салып кетпесин,
Наалат келип, ат тизгинин шарт буруп...
Азабыңды өз мойнума алайын,
Из карайын, токтой турчу, Ата-Журт!

Жаз да башка... жел тийбесин, абайла,
Көпкө турбас мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн Ата-Журт!

*24/X 1948, Чолпон-Ата*

## ЭМГЕГИҢ

Сентябрь ай, коон жыттуу сонун ай,
Бышыкчылык... барлык элдин көңүлү жай.
Эмгек күнгө жаңы буудай бөлүнүп
Жакшы иштеген ударниктин баары бай.

Дал ушул ай, үстүдөгү сонун ай,
Мобул буудай сенин энчиң,
– Бери кел ой, Курманбай!

Октябрь ай, жийде жыттуу сонун ай,
Жакшы иштеген колхозчунун баары бай.
Эне эмизген сүтүндөй ак мээнетиң,
Байлыгыңа туура кара уялбай.

Дал ушул ай, ошол айткан сонун ай,
Отуз центнер сенин энчиң
– Көтөр, көтөр, Курманбай!

Кыйын күндүн кыйынына каржалбай,
Ак иштедиң, ала жүргөн балбандай.
Адалдыгың адал эне сүтүндөй,
Өз бактыңа туура кара жалтанбай.

Бүгүнкү ай, эмгек бөлгөн сонун ай,
Кырк беш центнер сенин энчиң
– Көтөр, көтөр, Курманбай!
*25/X 1948, Чолпон-Ата*

## ТАШЧЫЛАР

Колдоруна майышпаган лом алып,
Таш омкоруп, арабага таш салып,
Араң тарткан кош өгүзгө дем берип:
– Соп, соп,
Соп! – деп айдап баратып,
Таш казгандар кеп кылышат өз ара:
– Мобул акын өз-өзүнчө убара.
Ойлойт, басат, бирдеме айтып күңгүрөйт,
Кыйын экен... кыйын экен буларга.

– Андай эмес, кыйын эмес, абалар,
Силер антип аёо көрбөй караңар.
Кээ бир күнүм:
«Соп, соп» десең баса албаган
Кош өгүздүн жаманына барабар.
Кээ бир күнүм – көктө сызган тулпар ат!
*26/X – 1946, Чолпон-Ата*

## МЕНИН ҮЙҮМ

Үйүм сонун, ойдогумдай кең турам,
Ырыскымдан ыраазылык сөз угам...
Түн жармында из жашырган уурудай
– Ким ой бул?
Тереземди тырс, тырс урган,
Тырс урган?
– Жакырчылык, сен белемсиң?
Мен бир убак коломтоңдо жылынгам,

Болду эми жетет, ары кет,
Киргизбейт сени,
Эшигимде дөбөтүм бар жулунган.
Кет ары, кет ары,
Кет ары менден, ант урган!

Үйүм таза, мыкты жашайм, бай турам,
Досторуман жылуу, сылык сөз угам.
Түн жармында мени уйкумдан чочутуп
– К-и-м ой бул?
Тереземди тырс, тырс урган,
Тырс урган?
– Учук оору, сен белемсиң?
Мен бир убак очогунда жылынгам.
Болду эми жетет, ары кет!
Киргизбейт сени
Эшигимде дөбөтүм бар жулунган.
Кет ары, кет ары,
Кет ары менден, ант урган!

Оокатым мол, мейман күтөм, март турам,
Тилегим ак, уу сунганга, бал сунам.
Түн жармында, сүттүү уйкуман чочутуп,
– Ким ой бул?
Тереземди тырс, тырс урган,
Тырс урган?
– Тынчтык өмүр, сен белемсиң?
Мен ар убак сууңду ичип кулпургам!
Кел бери,
Мен жалгыз: аял, баласыз,
Аял менен ыркым келбес мен урган.
Мейли сокур, дөдөй бала туусаң да,
Антым ушул: өлгөнүмчө сени менен бир турам...

*26/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көл, сени сүйдүм, сени ырдадым,
Ырыма өзүң болдуң бел кылганым.
Күнүмдүн ичкен суудай берекеси
Өзүңдүн бир көйкөлүп ыргалганың.

Ысык-Көл, сен ырыскым, сен жыргалым,
Ырыма өзүң болдуң дем кылганым.
Өзүнчө урматтуу бир салт экен го,
Күрпүлдөп көбүк чачып турган маалың.

Ысык-Көл, өзүң барда, менда бармын,
Сен жарым, кереги эмне башка жардын...
Тагдырдын марттыгына мен ыраазы,
Бар тура, кубанарым, мактанарым...

Эй, көлүм, тунугуңдай тунуп турсаң,
Бирок да тунук акыл уул туусаң...
Кубатсыз мендей начар акындарды,
Шарпылдап толкуп туруп, жээкке урсаң.

*26/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## КАЗАКБАЙ

Жакшы айдабай, картөшкөнү жаратпай,
Майдан салып бирөөнө бир кадактай,
Картошканы алдап жейсиң ошентип,
Ай куусуң да...
Ай куусуң да Казакбай.

Күз болгондо жүз пуд эгин табасың,
Отуз сомдон пудун сатып саласың.
Жаз болгондо ошол эле эгинди,

Үч жүз сомдон араң сатып аласың.
Алда сенин соодагерлик каадаң ай,
Куп саткычсың... куп алгычсың, Казакбай.

Кечээ келген тууган элдер бир далай
Мейманчылап келгенине карабай,
Бакча айдады, заңгыраган үй салды,
Чарбасы да сенден мыкты, сенден бай...
Алда сенин эпчил өскөн каадаң ай,
Жыртык тамың жыртык бойдон, Казакбай

Тапкан акчаң үч миң сомдон ар бир ай,
Өз сырымды айткым келет уялбай,
Үй-жайым жок, чай ичерге чыным жок,
Төшөгүм жок, мейман келсе салардай;
Мына ушундай сенин иниң кайран ай,
Жашаганды менден үйрөн, Казакбай,

Айтар сөздү айтуу керек калп айтпай,
Элдер жаман,
Же биз жаманбыз, Казакбай?!.

*26/X 1948, Чолпон-Ата*

## КАР ЖААДЫ

Жааган бул кар, баягы кар… кар эле...
Сергек, чыйрак сезим берген денеге.
Кур олтурбай куп камынып алганбыз,
Бул ак келин биздин үйгө келерде.

Сүт эмем деп кыш эмчегин саaганга,
Бул жааган кар, баягы эле жааган кар...
Бутка муштар, беттен чымчыр келинди,
Көзүнө илбей ойноп жүрөт жаш балдар...

Ойноп жүрөт, от болгон соң денеде,
Балдар эмне бир-биринен кем беле...
Мылтык атмай, бомбу ыргытмай, сайышмай,
Оюндары коркунучтуу эң эле...

Быйылкы кыш шашып түштү эң эрте,
Ала карга эрте конду терекке.
Карап туруп ушул балдар оюнун,
Ыйлайм... ыйлайм... эч кимге айтпа, энеке.

Мен бар болсом, жарарым чын керекке,
Тилегим бар, себеп болор себепке.
Бул оюнду жакшылыкка жоруйлу,
Ичикий суук...
Эшикти жап, энеке.

*27/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## КҮЗ

Калкка берген карыздарын кыя албай,
Мүлкүн чачкан шок балдарын тыя албай.
Кабын алып айлыбызга күз келди,
Жазгы айдаган картошкасын жыя албай.

Элге берген өз энчисин кыя албай,
Ээ-жаа бербес шок балдарын тыя албай.
Кабын алып айлыбызга күз келди,
Жакшы чыккан капустасын жыя албай.

Бул күз өзү көптөн бери көпкөлөң,
Мерес болсом деген оюн көп көрөм.
Жүзүм кызы катуу ооруп жатканда,
Кадыр улап, боору жумшап, өппөгөн.

Бул күз өзү көптөн бери көпкөлөң
Таш боор болсом деген оюн көп көрөм.
Өрүк уулу быйыл каза тапканда
Боору жумшап, бир тамчы жаш төкпөгөн.

Ай, ай балдар, атка минип чапкыла,
Күз кайда экен барып издеп тапкыла!
Көзүн ачсын, колхоз деген кыйын журт,
Жакасынан катуу силкип тарткыла.

Урсаңар да, ал ак көңүл таарынбайт,
Катуу сынып капалыкка багынбайт.
Эрки жетпейт бизди таштап кетүүгө,
Качам десе, качар жагы табылбайт.

Алды жакта жайдак атчан жай мырза,
Арткы жакта ач кыйкырык кыш мырза.

*27/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## МЕН ЖҮРГҮНЧҮ

Мен жүргүнчү көз ачкандан жөө баскан
Жөө басуудан көңүлүм түк жүдөбөйт.
Алган сапар алыс экен карасам,
Баса берем, баса берем,
Баса берем... түгөнбөйт.

Мен жоолочу эс тарткандан жөө баскан,
Мээнет тартып, жөө баскан жол түк өлбөйт.
Алган сапар арбыбаптыр карасам,
Баса берем, баса берем,
Басар жолум түгөнбөйт.

Кырдан туруп, арт жагыман карасаң:
Мен аткан ок, токтоосу жок учкан шыр...
Түзгө чыгып каршы алдыман карасаң:
Мен айбаттуу, тоо көтөргөн бир баатыр.

*27/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ДЕН СООЛУК

Жаш кезиңден жаркылдап,
Жакшы болсо ден соолук,
Кор болбойсуң, өскөндө
Бирде жатып, бирде ооруп.

Бала кезден жаркылдап
Бекем болсо ден соолук
Кем болбойсуң өскөндө
Кээде жатып, кээде ооруп.

Окуп билим аларда,
Теңтушуңа тең болуп,
Керек экен ошондо
Темирдей бекем ден соолук.

Эл коргоого бararда,
Эр көкүрөк кең болуп,
Керек экен ошондо
Эң биринчи ден соолук.

Тоодон шахты казарда,
Тоодой ташты омкоруп,
Керек экен анда да,
Эң биринчи ден соолук

Жолдошуңдун жанында,
Жолборстой кыраан шер болуп,
Теңеле басып тең жүрүп,
Мактанарың ден соолук.

Илимпоз болсоң өскөндө,
Элдин камын ойлонуп.
Талыктырбас эч качан,
Жан жолдошуң ден соолук.

Сүйгөнүңдүн жанында
Сүрүң кайрат дем болуп,
Сүттөй көңлүң агарып
Сүйүнөрүң ден соолук.

Алсыз болуп арбайып,
Алты күндө бир ооруп
Арман айтып, зар ыйлап
Жалынсаң келбейт ден соолук.

Жашоо керек жадырап,
Заманыңа бел болуп.
Бакыт-ырыс таалайың,
Ушул эле ден соолук.

Түгөнбөгүн адамзат,
Кебелбеген кен болуп!
Тукумдан-тукум калтырчу
Мурасы ушул ден соолук.

*28/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## МУЗЫКА

Мен суу ичпейм таңдай катып турганда,
Мен нан жебейм алдан тайып курганда,
Музыкадай мага таттуу суусун жок,
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым кашык музыка!

Мен ыйлабайм капаланып турганда,
Мен кубанбайм бак-дөөлөткө тунганда.
Дарым ушул кайгы жана шаттыкка,
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым ууртам музыка!

Эмнелер жок, бул дүйнөдө – жарыкта,
Не бир сонун... не бир кымбат асыл баа...
Мен кетерде, ошончонун ичинен
Сагынарым,
Эң аярым,
Эң кымбатым – музыка!

*28/X 1948, Чолпон-Ата*

## ЖҮЗҮМ АЙЫ

Ойдогу оюм чыккан менен оңунан,
Аз кечиктим убакыттын жогунан.
Жылдагыдай эми айылга жөнөөрдө,
Жүзүм айы кармап калды колуман.

Ичте санаам чыккан менен оңунан,
Аз кечиктим даярдыктын жогунан,
Машинага эми олтуруп жөнөөрдө
Жүзүм айы тосуп калды жолуман.

Мына ошентип мен айылга барарда,
Кымыз ичип чын суусунум канарда,
Жүзүм айы бир өпкөн соң кучактап,
Жаным жыргап калып калдым калаада.

Мен жүзүмдү капа кылып ар дайым,
Жалгыз таштап, кетип жүргөм жыл сайын.
Сагыныпмын келчи жакын жаныма,
Жаным айым, ширин айым, бал айым.

*28/X 1948, Чолпон-Ата*

## ӨЗҮМДҮ ӨЗҮМ

Мен өзүмдү үй сыртынан тыңшасам,
Күрс, күрс эткен оор жөтөл үн чыгат...
Бүткөн экен кайран өмүр, кайран жан...
Деп жалооруп, көңүлүм шондо бир сынат.

Мен өзүмдү бир көчөдөн карасам,
Баскан өңдүү алсыз, арык сөлөкөт...
Албуут бала, эми болуп араң жан,
Айыкпас дарт болгон өңдүү өнөкөт.

Мен өзүмдү уктаганда карасам,
Жаткан өңдүү бир өлүк жан, каны жок.
Жүрөк күчүн тамырынан санасам,
Чарчагандай араң согот алы жок.

Мен өзүмдү өлгөн кезде карасам,
Күлүмсүрөп керилген бир шер жатат.
Бул акыйкат жазмышына жарашкан,
Тагдырына ракмат айткан азамат.

Билген билер, билбегенге не чара,
Менсинген жаш, муну кимден кем көрөт?

Кең пейилдүү, ачык колдуу бечара
Кыйын жашап, жакшы жазган өңдөнөт.

Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,
Тээ алыста чаң ызгыткан шаң чыгат.
Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан
Эрдигинен нечен тирүү жан чыгат.

*28/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ЖАЗ

Жаздын таттуу...
эртеңкиси, күүгүмү,
Жаздай сүйсөм бардык жашаар күнүмү!
Ташка тийип сынган болот үнүндөй,
Кулагымда шыңгыр эткен бир үнү.

Жаздын алтын...
эртеңкиси, күүгүмү,
Жаздай сүйсөм, барлык көрөр күнүмү!
Чөнтөгүмдөн суугa түшкөн дүйнөмдөй,
Кулагымда шылдырт эткен бир үнү...

Тил албассың, жакшылыкка жолдосо,
Оңолбоссуң, кемтигиңди оңдосо...
Ай, жаным жаз, кымбаттыгың эмнеде,
Жоголгонуң, сынгандыгың болбосо?

*28/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

* * *

Билбейм кандай,
эмне ойдо экен катарым?..

Мен өзүмдүн тагдырыма капамын.
Заманымдын керегине жарабай,
Эрте кургап, муздап бара жатамын.

Билбейм кандай,
кайсы ойдо экен катарым?...
Мен өзүмдүн жазмышыма капамын.
Кыйын күндүн пайдасына жарабай,
Кыйган талдай сынып бара жатамын.

Мен жашадым өз күнүмө таарынбай,
Кара тилек, жаман ойго багынбай.
Түк билинбей өтүп кетет окшоймун,
Бир кеченин жаап кеткен карындай.

Таза жүрдүм кастык ишке камынбай,
Адал жүрдүм арамдыкка малынбай.
Досторума аппак болду максатым:
Бир кеченин аппак жааган карындай.

*29/х 1948,*
*Чолпон-Ата*

## СУУ КЕЛАТАТ

Суу келатат,
Суу келатат бир кулак,
Момун сууну мактап калчу жакшы убак,
Ураа, достор! Арык толо аккан суу
Колхозчуга табылбаган кадыр-барк.
Жер атасы, эл атасы мына ушул,
Өз колунан бере турган бекер даңк.
Ак, ак,
Суум, ак,
Эгиниме балдай жак!

Суу келатат,
Суу келатат бир кулак,
Арзан сууну кымбат алчу бул убак,
Көрүшө элек тууганымдай сүйүнттү
Турган кезде, кызылча өнбөй, жер кургап,
Ураа, достор! Сууга кулдук кылалы,
Мына дөөлөт, мына шекер, мына кант!

Ак, ак,
Шашпай ак,
Түшкөн эмдей жакшы жак.
Ак, ак,
Айланайын, суум, ак!

Эжем менен көрүшкөндөй көңүлүм шат.
Арпа, буудай, жүзүм, коон, дарбызга
Бир туугандай кенен уктап, коно жат.
Тиричиликке сенден кыйын табып жок.
Тамырын бил, кетсин оору, кетсин дарт!
Ак, ак,
Суум, ак,
Калкты сыйла, калкты бак.

*29/X 1948, Чолпон-Ата*

* * *

Катуу жатып, жумшак ойгонуп,
Көңлүм сергип, кенен дем алдым.
Өмүрдө дарт тагын жоготуп,
Өз энчиме жаңы жаш алдым.

Жумшак жатып, таттуу ойгонуп
Көктө турган күндү карадым.
Кайра чыйрак, кайра бек болуп,
Койнум толо ырыс санадым.

Тыңшап, тыңшап боюм балкыды,
Мен укпаган өмүр күүлөрүн.
Жан жыргатар жыргал салкыны
Эх, заман… сенин күндөрүң!

*29/X 1948, Чолпон-Ата*

## ШААРЫМ – АСЫЛ ФРУНЗАМ

Эрте туруп тереземен карасам,
Сүттөн бүткөн таза калаа көрүнөт.
Жарыша аккан жаштык менен сулуулук
Ушул жерден эки айрыкка бөлүнөт.
Кубанычтуу тунук үндүү үн каккан:
Шаарым, шаарым,
Асыл шаарым – Фрунзам.

Кең ачылган каалгамдан карасам,
Канттан бүткөн таттуу калаа көрүнөт.
Эң бир кымбат достук менен ынтымак
Ушул жерден бир дайрага чөмүлөт.
Жүзү жарык,
Мобул өтүп бараткан.
Шаарым, шаарым,
Асыл шаарым – Фрунзам.

Сыртка чыгып үй алдынан карасам,
Жөн турбаган бир шок калаа көрүнөт.
Таза тукум, эсенчилик, токчулук:
Ушул жерден миң табакка бөлүнөт.
Өскөнүнө,
Көркөмүнө таң калткан:
Шаарым, шаарым,
Асыл шаарым – Фрунзам.

*30/X 1948, Чолпон-Ата*

## КООНЧУ

Кана жесем сен айдаган коондон,
Каным сергип кубаттанам, оңолом.
Кабак ачар колхозчунун байлыгы
Калың чыккан шекер көкчөң, тордомоң.

Мен кайрылдым эңсеп сени, чоң жолдон,
Ушул жолдо он беш жылдай жоголгом.
Даам жесем коон үзгөн колуңан
Оорусу жок он бешимдей оңолом.

Мен бул жолдо, жыйырма жылдай жоголгом
Сени сыйлап бир күн калып конбогом.
Коон жесем сенин кары колуңан
Кайгысы жок он бешимдей оңолом.

Алтын бактым катсын үчүн жоголгон,
Сабагыңан коонуңду үзүп оңолом.
Тер жыттанган алачыгың ичинде,
Сенин терчил чапаныңа ороном.

Сенин терчил чапаныңа ороном,
Оорусу жок он бешимдей торолом.
Желдетке окшоп, коон башын шарт алып,
Мээрими кең калыс жолдо оңолом.

*31/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## БӨК, БӨК БӨДӨНӨМ

Бөк, бөк, бөк
Бөдөнөм, бөдөнөм, бөдөнөм,
Турумтайым көрөгөн.

Бекер жатып, бекер жеп,
Беш пулуң жок төлөгөн.
Таруу аңыздан таруу жеп,
Беде аңыздан беде жеп,
Арпа менен буудайды
Көңүлү өч терип жеп.

Токтук сени мас кылып,
Мастыгыңан ыр чыгып:
Быт, быт, бытпылдак,
Бытпылдак, бытпылдак!

Бөк, бөк, бөк,
Бөдөнөм, бөдөнөм, бөдөнөм,
Жагалмайым көрөгөн.
Жатып ичип, жатып жеп,
Бир пулуң жок төлөгөн.

Сени тооруп басайын,
Семиздигиң байкайын,
Пырр...деп учуп кетерде
Топум менен басайын.

Бастырбайсың балакет,
Сенде куулук, көп кылык...
Кеңири айдап, кең жеген
Колхозчулук мас кылып,

Мастыгыңа чыдабай
Быт, быт, бытпылдык,
Бытпылдык, бытпылдык,
Бытпылдыктан ыр чыгып.

Берекелүү биздин эл,
Берешен кол биздин жер,

Эмгек алды колхозчу
Он күнүнө бир центнер.
Байгерчилик күн берди
Кеткен мээнет, аккан тер

Биздин колхоз тоюна
Өзүң басып, өзүң кел,
Эгер колуң тийбесе,
Берекенин ичинде:
Ойноп күлүп жүрө бер.

Кененчилик мас кылып,
Мастыгыңан ыр чыгып,
Кубанганың салтанат,
Өлөңүңдү айта бер:
Быт, быт, бытпылдак,
Бытпылдак, бытпылдак,

Бөк, бөк, бөк
Бөдөнөм, бөдөнөм,
Кыргыйегим көрөгөн.
Эми качар айлаң жок,
Кармап алар өңдөнөм.

Менде сонун капас бар,
Ырыс менен жөлөгөн.
Бир жылына беш жолу
Тынчтык өмүр төрөгөн.

Калк жашасын тынч күндө,
Катуу иштен тыныгып,
Сен, бөдөнөм, сайрай бер
Тынчтык күндү ыр кылып.

Бытпылдык, бытпылдык,

Сени тооруп басайын
Бөк, бөк, бөдөнөм,
Бөдөнөм, Бөдөнөм.

*31/X 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ПОМИДОР

Мен келгенде бул жерге
Коңшу турган короолор,
Айда деди Алыкул:
Помидор,
Помидор!

Чын пейилден ошентип,
Көрсөткөн соң жакшы жол,
Кырка, кырка сап кылып
Айдап алдым:
Помидор,
Помидор!

Кезек күтпөй суу жыгып,
Кыялым бар ороңдор.
Анан мага коңшулар:
– Бизде дагы:
Помидор,
Помидор!

Жакшы айтканга, терс айтып,
Кыялым бар короңдор,
Анда берки коңшулар:
– Бизде дагы:
Помидор,
Помидор!

Урушчудай теригип:
– Бул эмнең дейм, жолдоштор!
Анда берки коңшулар:
– Кээде таяк жегизет,
Помидор,
Помидор!

Мен жаш кезден турмушка
Катуу бышкам жолдоштор!
Суу тарттырган теңиме
Чабал белем,
Помидор,
Помидор!

*1/XI 1948, Чолпон-Ата*

## ВИНО

Ичем вино, ичем – ичким келгенде,
Адалдыкты арамдыгым жеңгенде!
Мен жогортон башка ырымда айткандай:
Экөөнүн тең тамырлары тереңде.
Бирок:
Арамдыкы бир,
Адалдыкы миң!

Ичем вино, бирок ичким келгенде,
Уулландырып ушак мени жеңгенде!
Калк айткандай чагым менен мактоонун
Тамырлары эң бир терең, тереңде.
Бирок:
Чагымдыкы бир,
Мактоонуку миң!

Вино куюп курбалыма, теңиме,
Курсант болуп курбулуктун демине.

Өз жаныма бардыгымды дем кылып,
Урматыма ичпегенде эмне?
Турар күнүм бир,
Калар күнүм миң!

*1/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ЖУМУШЧУНУН МҮНӨЗҮ

Көрүү керек, аманчылык бар чакта
Ким кызыкса: сулуулукка, гүл-бакка.
Таң калдырып чыгышка аккан суулары
Жумушчу аттуу бир дүйнө бар биз жакта.

Колдору алдуу, аяктары басарман,
Жүргөн жери жамандыктан тазарган.
Сакалдуусу: Ваня, Сергей аталып,
Кары өмүрлөр ушул жакта жашарган.

Барга ташып, жокко моюн бербеген,
Адөөлөттүк таразасын тездеген.
Бирин бири: «кыздар», «балдар» аташып,
Карылыктын айлына бир келбеген.

Арам байлык, сөөлөт жыйбай тамына,
Кайрат кылып өзүнүн күч-алына.
Куштар болуп шол дүйнөгө барганды
«Сен» деп сүйлөп, ысык кылган жанына.

Соолур кезде мени өндүрдү, тургузду,
Кымбат жасап, арзан берди турмушту.
Ошондуктан акын атым болбосо,
Турмушумда мен да кара жумушчу.

*3/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## КҮНГӨ

Сен адамга жашоо күнүн тараттың,
Кызыктырдың, таңгалдырдың, караттың.
Төрөтүндө өлүп кайра тирилген
Энеге окшоп бул дүйнөнү жараттың.

Алыс сапар кеткенине сүйүнө,
Далай жылдар келбей коюп үйүнө...
Ата кургур «ооруп калар бекен» деп
Корккон өңдүү... коркконуң бул дүнүйө.

Бирок, дүйнө андайыңа карабай,
Бул дартыңды бир угууга жарабай,
Шоктук кылып чаң салууда эркинче,
Ата-энеге таш боор өскөн баладай.

*1/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## КЕЧКИ УБАК

Күндөгүдөн үйлөрүнө кеч чубап,
Колхозчулар кайткан кезде кечки убак.
Көркөм сулуу, тиричиликтин өлчөмү
Кыз кийминдей жарашыктуу, эң бир чак.

Мына мобул кеч маал үйгө кайткандар,
Ага, жеңе, төгөрөк бет жаш балдар –
Ыракаттай ысык сүйүп чарчоосун
Тагдырына, кагылайын айткандар.

Мына мобул кеч маал үйгө келгендер,
Чымыр ава, буудай жүздүү жеңемдер –
Кээде аз ичип, кээде басып жыңайлак
Өскөн жерим, алтын жерим дегендер.

Кайткан калктын эс алганы туюлат,
Кемегеде жанган оттор суюлат.
Кең казандан, берекелүү сузгудан,
Табак толо таттуу тамак куюлат.

*2/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ФЗОДОГУ ИНИМЕ

Билем иним, мени жакшы көрөсүң,
Агаң аны жакшы ыр менен төлөсүн.
Эс тартканда көңүлүң калар менден да,
Себеби сен, менден ары өнөсүң.

Жакшы көрсөң, агаң аны тыябы?
Жакшылыкты жамандыкка кыябы?
Экөөбүздү теңдеп өлчөп карасаң,
Жумушчунун кененирээк кыялы.

Сага жакшы, бул турмуштун алысы,
Өз колуңда: урмат, даңкы намысы.
Экөөбүздү бирдей өлчөп карасаң:
Жумушчунун бекемирээк далысы.

Мендей эмес, анын жарык көңүлү,
Менден жоомарт, менден сыйлуу көрүндү.
Таразага теңдеп өлчөп карасаң,
Жумушчунун узагыраак өмүрү.

Мени чанба, таамай карап байкап ал,
Жакшымды алып, жаманымды бөлүп сал.
Атак сүйбөс, көтөрүлбөс жагымды:
Жумушчулук сыпатымды сактап кал.

*3/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## МАЛЯР

Маляр келди, бир чоң үйдү майлады,
Кабак түйгөн капалыкты айдады.
Ушул адам, ушул сырдуу кийимчен.
Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагы.

Кетти, кетти, кетти чоң үй капасы,
Кеткенине кубанды уул, атасы.
Ушул адам, ушул эски кийимчен,
Бул дүйнөнүн үстүндөгү тазасы.

Үй тазарды, жарк деп кабак ачылды,
Өмүргө кас, учкан чаңдар басылды.
Сөздөрү орой, чала кызуу бул адам,
Бул дүйнөнүн асылынын асылы.

Эң кеч жатып, элден эрте тура алган,
Ойлогонун ойдогудай кура алган.
Касиеттүү мындай кымбат кесиптен,
Менин атам, билбейм, неге кур калган?

*3/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ЖУМУШЧУ

Жумушчу калк дал өзүмдөй жөнөкөй,
Анда каруу, менде таттуу көмөкөй.
Бизсиз: ырсыз жана эмгексиз
Бул турмуштун бир минуту жөн өтпөй.

Нечен дайра нечен суулар байланып,
Өлкөбүзгө нечен шаар жайланып.
Жумушчу калк кана соруп чылымын,
Мен үстүндө ак куш болуп айланып.

Жумуш күчөп, жыл артынан жыл кууп,
Оңдоп, бүтөп улам бийик, кең куруп.
Жумушчу калк чайын ичип үйүндө,
Мен үстүндө алтын канат ыр тууп.

Бакыт жасап кур темирден чапкылап,
Тынчтык жасап, отту арыга тарткылап.
Бул жашоонун жаны бизде экенин
Мен жар салам, канатымды каккылап.

*3/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ПЛОТНИК

Бул усталар кайда бар да, кайда жок,
Булар менен коңшу турсам көңлүм ток.
Чебердиктен теңирге тең неме экен
Колундагы жөп-жөнөкөй фуганок.

Булар жөн эл: ойнойт, күлөт, шоктонот,
Ырдайт, иштейт, токтоор жерге токтолот.
Күчөйт, өсөт. Колдон көөрү төгүлгөн,
Олжосу мол, куюшкандуу журт болот.

Мен ырдаарда мындан алам үнүмдү,
Мен жазаарда мындан алам күүмдү,
Түз жолунда эп келишкен жакшы ырдай,
Мага кымбат ар бир сүргөн сүрүндү.

Мага кымбат ар бир каккан болот мык,
Ар жагынан жаңы кубат, күч чыгып,
Турмуш көзүн, бүт мүчөсүн жасаган,
Мага кымбат ушул өнөр, ушул шык.

*4/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## УСТАНЫН СӨЗҮ

Эмгектүү жаз алыс эмес балдарым,
Бекер жатып эрикпейли бол камын.
Күчү менен күрс-күрс урган балканын,
Шыгын төксүн шыркыраган көк жалын,
Тракторго бурама,
Кемтигине курама,
Сыныгына улама,
Он тиш соко шай болсун,
Катар-катар чубама.
Иш зарылын күтмөк жок,
Сок! Сок! Сок!

Намысы бар азаматтар, болгула!
Касиеттүү калк тагдыры колуңда.
Кызуусунда алдагыны бери тарт,
Кыя чапчу кыйын уста оңунда.
Соколорго бурама,
Сыныгына курама,
Кемтигине улама,
Кырк тиш мала шай болсун
Кыркы, кыркы чубама.
Иш зарылын күтмөк жок,
Сок! Сок! Сок!

Күчүм сендик, каруу кетип талганча,
Карылык дарт катуу бийлик алганча,
Жерде калар жерге кирген ушул кол,
Элде калсын жерде чирип калганча.
Кемтигиңе курама,
Тетигиңе бурама.
Сыныгыңа улама,
Жасап берет ушул кол
Үйрөнүп кал жаш бала;

Тукум сепкич шай болсун,
Катар-катар чубама.
Иш зарылын күтмөк жок,
Сок! Сок! Сок!

*5/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## КАРАБЕК

Бул Карабек кыргызымдын эң туну,
Мыкты иштейт деп кадырдуу угам мен муну,
Заводумдун ууз сүтүн кана ичкен,
Заводумдун дулдул канат кулуну.

Баатыр болот, балбан чоюн агасы,
Жигит темир, баатыр балка бабасы.
Биздин үйдө туулганы болбосо,
Ал акылдуу станоктун баласы.

Бул – заводдун жаңы күйгөн жарыгы,
Бул – заводдун жаңы түшкөн жалыны.
Зор денеге кубаттуу жаш кан берип,
Жүрөгүнүн жүрүп турган тамыры.

Көптөн берки менде жүргөн бир тилек,
Уулум болуп ушундай бир Карабек,
Чийки болуп менде өскөнчө эркелеп,
Чоңойсо экен Карабектен каккы жеп.

*5/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## МАРЖАНКҮЛ

Таңкы урулган гудок менен тең турган,
Завод менен багы ачылып кулпурган.

Биздин эмки өспүрүмдүн көркөмү
Ай Маржанкүл,
Ай Нуржанкүл,
Бир зтууган.

Ак эмгектин ызатына кол жууган,
Жумушчудан багы ачылып кулпурган.
Биздин эмки сулуулардын тунугу,
Ай Маржанкүл,
Ай Нуржанкүл,
Бир тууган.

Ударниктин даңкы менен кол жууган,
Кайнаган от, курч ичинде кулпурган.
Биздин эмки тукумдардын асылы,
Ай Маржанкүл,
Ай Нуржанкүл,
Бир тууган.

*5/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ТУРСУН САКЧЫ

Турсун апа бай колхоздун сакчысы,
Сан байлыктын ушунда алтын ачкычы.
Кампа ичинде чычкан изи шырп этсе:
– Бул – уурунун колу,
Бул – чычкандын жолу,
Ой бул шырп эткизген ким болду? –
Деп, кыраакы айла тапчусу!

Турсун сакчы колхозчу элдин сакчысы,
Калктын данын өз данындай бакчусу.
Түн жармында күбүр, шыбыр үн чыкса:

–Я койдогу бала,
Я, уйдагы бала,
Я, жылкыдагы уул, –
Деп, мында да амал тапчусу!

Турсун сакчы бай колхоздун сакчысы,
Он сегиз жыл колунда алтын ачкычы.
Миң центнердин бир кадагы кемисе,
Ууруну көзүнөн таанып,
Алганды жүзүнөн таанып,
(Өзү соттоп, өзү каарып)
Жаздым кылбай тапчусу!

Ошондуктан Турсун апа дайым шат,
Адал ишин колхозчулар жакташат.
Урмат кылып, төргө өткөзүп ар бир үй,
Өзүн эмес уулун кошо макташат.
Турсун апа коюу чайдан кана ичип:
Жыргал табат ак эмгекте миң жашап.

*6/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ЖОГОЛГОН ДЕПТЕР

Мен казынамды ачык колдо кармагам,
Аз-көптүгүн капарыма албагам.
Ич күйгүзгөн: таза мүчө, көрктүү кез:
Кырк бөлүнүп кайда сынып калбаган!...

Мен энчимди эркин колдо кармагам,
Сараң тартып, сан-эсебин албагам.
Көзгө толуп, күйүп турган соолук кез:
Миң быркырап кайда сынып калбаган?

Бирок ошол, сынгандардын ичинен
Жокко кетип, жоголгондун изинен,
Кайра тийди эски чөнтөк дептерим
Табылгандай: жаштык кезим, кичинем.

Ачып көрсөм: жазуулар көп четинде,
Бүгүнкүдөй баскан издер эсимде,
Бул күндөгү кары жүздүү Нуржамал
Шол күнүндөй таза турат бетинде.

Окуп көрсөм: не жазуу жок четинде,
Ал балалык бүгүкүдөй эсимде.
Алда качан каза болгон Айжамал
Шол күнүндөй аман турат бетинде.

Ой нелер жок, өчөр-өчпөс изинде...
Өкүнүч күн көп экен го кишиде.
Кээ бир ооруу, кээ бир алсыз курдаштар,
Шол күнүндөй сопсоо турат ичинде.

Кетсе кетсин, кереги эмне ал кездин?
Достор эми күчтүү күндө кездешсин.
Канда калды бирок ошол дептерден
Өлүп кайра тирилгендей бир сезим.

*7/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## КУУ КУМПАЙ

Азуулуунун арстанына алдырбас,
Айткылачы, эр ителги кимден пас?
Салышканда салмагы өйдө болгон соң
Бүркүт баатыр ителгиге катуу кас...

Бир заманда… ушул арпа талаасы,
Боз түшкөндөй асман-жердин арасы,
Боз түшкөндөй бозорсо эгер абасы,
Болжогондо, күз мезгил го, чамасы.

Болгон өңдүү балбандардын согушу,
Зоболу зор зордукчунун зору ушу…
Барган сайын аянычтуу угулат
Ителгинин баркылдаган добушу.

Ал айланат, асманды чарк айланат,
Бир нерсеге эрдик эрки байланат.
Ыйлайт баатыр, бирок кулча жалынбайт,
Жалынбаса, көңүлү кантип жайланат?…

Айланганын эч ким ойго албаган,
Калдаң этип көтөрүлдү бир караан.
Ал эр бүркүт… албарстай курч тумшугун
Ителгинин балдарына кандаган.

Учат, сызат, кекке каныш шаттанат,
Кек канынын таттуусуна мактанат.
Жердеги адам, көктө теңир алдында
Бул кылганым баатырлык деп актанат.

Буга ителги ичиркенген окшоду,
Көктү айланып шаңшыганы токтолду.
Балдарына аза күтүп болгон соң
Кай жаккадыр караан үзүп жок болду.

Кетсе келер, кезмеги бар бул турмуш
Кемтик дүйнө кеңдигине болор туш.
Чай кайнамдай мезгил өтөр-өтпөстө,
Пайда болду көктү жарган бир добуш.

Күркүрөгү жерди ордунан козгоду,
Күткөн өңдүү күч бийлиги ошону,
Эр бүркүттү муштумдай боз бир нерсе,
Шуу дей түшүп, серпип кеткен окшоду.

Бүркүт жатты, кара жерде калдайып,
Как бөлүнүп, канаттары далдайып,
Бир тебүүдөн тең бөлүнүп чалгыны
Буту сынып, жаны кетип шалдайып.

Эрлер-эрди каран түнгө уруntпай,
Колдойт тура, керегинде, унутпай...
Карап туруп күркүрөк үн өчкүчө
Карыялар: «ушул дешти куу кумпай».

*8/XI 1948, Чолпон-Ата*

## БАЛТА ЖУТАР
## (таз жору)

Таз жорунун жумурткасы зоокада,
Уя салат миң жыл жаткан муздарга.
Кай жаккадыр каңгып учуп кетет дейт,
Болжол кылып, кайра барар бир маалга.

Балапанга жан киргенче кыбырап,
Бөгөт болуп, үч күн жатат жылтырап.
Адам көрбөй ал шартынан өткөндө:
Үч күн жатат, күчүк болуп кыңшылап.

Адамзатка кез келишсе бул доору,
Ойлогондой табар эле олжону...
Көзгө түшпөй, алты күндөн өткөн соң:
Балта жутар баягы эле таз жору.

*8/XI 1948, Чолпон-Ата*

## КАЛП АЙТУУ

Шодокондой көзү ачык жок тубаса,
Шокең эмес, жалган сөзгө кунаса.
«Кече күнү бүркүтүңүз эмне алды?»
Деп атайы теңтуштары сураса:

«Сары жондон түлкү көрдү тик салды,
Шашпай туруп оң колуна бирди алды.
Боз кыядан кайып өтө берерде,
Бир түлкүнү сол колуна кармады.

Көк кайкыдан да бир түлкү кызарды,
Аны жакең тумшугуна кыстарды.
Ак түзөңдөн көрө коюп да бирин,
Кыбың-кыбың эки көзүн кысарбы»...

*10/XI 1948, Чолпон-Ата*

## АЛДАР

«Алдар!» – деди көсөөгө бир жай адам, –
«Сага алдаткан эси жок кандай наадан?
Кыйын болсоң алдачы кана мени,
Элди алдаган алдоону көрсөт маган!»

«Аттиң!» деди Көсөкең анда аган:
«Менин алдар баштыгым үйдө калган»,
«Андай болсо, алып кел сен баштыгыңды»
Минген атын Көсөөгө бере салган.

Алдар деген атынын неси жалган?
«Алдайт деген тууганым ушул болот»
Деп атына камчы уруп кетип калган.

*11/XI 1948, Чолпон-Ата*

## МАРТЧЫЛЫК

Жоомарттан жоомарт чыкпас Атантайдай,
Акындар мактоого алган сайрай, сайрай.
Жашы өсүп эр жеткенде не болду экен?
Айтышат уламышта аны ар кандай.

Жатканда бешигинде ээ-жаа бербей,
Кайда али ымыркай кез, бирге келбей.
Тили жок айтам десе, кандай кылсын?
Элиркеп ыйлай берген эмчек эмбей.

Бирөөнүн бир жетимин таап келип,
Эненин бир мамасын ага берип,
Экөөнү бирдей алып эмизгенде
Атантай жыргай түшкөн, эрип, кеңип.

*11/XI 1948, Чолпон-Ата*

## ШУМКАРДЫН ТУУЛУШУ

Баласы ителгинин – шумкар делет,
Асманда өзүмсүнөт алгыр мен деп.
Алыскы суук жакка жазда кетип,
Шуулдап күзгү үшүктө кайра келет.

Жашоодо өмүр жолун канга маштап,
Тукумун туура өстүрүп, туура баштап.
Жол кезет, зарлап тапкан жумурткасын
Кароосуз кышкы аязга үч ай таштап.

Көңүлүндө эсеп кылып ай эсебин
(аскада бир мерзенти бар экенин)
Өзүндөй шумкар кылып алып кетет,
Ким билсин жүз жылда анын бир келерин.

*11/XI 1948, Чолпон-Ата*

## УУРУЛУК

Илгери атыккан бир ууру чыккан
Умтулса умтулганын алып чыккан.
Калсын деп бул өнөрүм өз уулума,
Деп ойлоп: өзүмдөй бир болсун сырттан:

– Ээ, балам эр жигитке өнөр керек,
Ал өнөр мен болбосом кимден келет!
Уурулук өнөр алды, билген эрге,
Сен али балапансың жетиле элек.

– Эмесе үйрөнүп кал, мени кара,
Бактагы уя баскан сагызганга
Атакең шырп дегизбей чыгып барып,
Байкап тур, жумурткасын уурдаганда.

Айткандай, бакка атасы чыгып барды,
Чочутпай уядагы сагызганды,
Билгизбей, басып жаткан жумурткасын
Атасы ошол замат уурдап алды.

– Тос балам калпагыңды – деген кезде:
Дейт, уулу: – Ай, атаке, өзүңдү эсте!
Караса кийип турган дамбалы жок,
Болобу анын уулун ууру дешке?

*11/XI 1948, Чолпон-Ата*

## ЖАМАН КӨЗ

Илгери
Ырым болгон кыргызда
Балдарын
Жаман көзгө көргөзбөс.

Өткөн экен бир кезде,
Кыргыздан
Туякбай деген жаман көз.

Туякбайды биздин эл,
Жан алгычтай жек көргөн.
Жек көрүүнүн себеби,
Анын
Караганы мүрт өлгөн.

Эркелетип жаман көз,
Карап койсо бала өлгөн.
«Жакшы экен – деп, –
Жаныбар»-
Тиктеп койсо жаман көз,
Нечен күлүк ат өлгөн.

Көрүнө калса карааны:
«Туякбай келе жатат» – деп,
Балдарын бекем жашырган.
Көзү тийип калбасын,
Өңдүү-түстүү эле деп,
Келиндерин качырган.

Ал эмес бир топ дубалчы,
Дубалын жаңы бүткөрүп,
Анын сонун көркүнө
Нечен-нечен күч кетип.
Көңүл тоюп ишине,
Карап турса байкоосуз.
Туякбай өтүп баратып;
«Жакшы экен го» – деп койсо,
Дубалы
Кулап кеткен күр этип.

Ошондуктан Туякбай
Тура калып таң заардан,
Төрт саат көзүн ирмебей
Кара ташты караган.
Ташка күчүн кетирип,
Чоочуп катын-баладан,
Эми туура болор деп,
Атка минип, калк ичин
Анан,
Аралоого жараган.

*13/XI 1948, Чолпон-Ата*

## ЖЕР АЛБАГЫР

Ар адамга нээти жат,
Кесиби ууру, сөзү ушак,
Бузуку, арам кишини
Көптү билген карылар:
«Жер албайт» деп сөз кылат.
Андай адам өлгөндө,
Ажалына келип дарт,
Көмөлү деп көр казса,
Кагыраган таш чыгат.

Илгери бир заманда
Алакөз деген бар экен.
Кылган иши кыянат,
Ойлогону кара экен.
Байкушка кылып зордугун,
Акысын жеп момундун,
Ушак айтып, калп сүйлөп,
Малын уурдап шордуунун,
Ак санабай бир жанга,
Көрканачтай күркүрөп,

Жамандык жагын кынадай,
Бай жашаган дүркүрөп.

Ажал жетип, күн бүтүп,
Кийин ошол өлгөндө,
Ак тилегин парз кылып
Калк жыйылган көмгөнгө,

Казган жерден таш тосуп,
Кетмен, күрөк сынат дейт,
Же болбосо суу оргуп,
Бака, жылан чыгат дейт.

Нечен түрлүү айла издеп,
Амалдан амал талаша,
Эптеп коюп эртеси,
Көрүн келип караса:
Жийиркенип көмгөнгө,
Көрү түртүп салыптыр,
Алакөздү жер албай,
Алыс бүркүп салыптыр.

Кайра көрүн жаңыртса.
Кайра сөөгүн ыргыткан.
Эки жолдун кошконго,
Ырым кылып мал союп,
Ыйлаган соң калың журт,
Жер ачуусун тынчыткан.

*13/XI 1948, Чолпон-Ата*

## КЫДЫР, БАКЫТ

Ар адамдын башына
Айланып Кыдыр үч келет.
Дубана, касың, жолоочу

Ууру болуп кубулуп,
Билгениндей түрдөнөт.
Үйгө келген ким болсун,
Ырайым кылсаң көз карап,
Кыдыр даарып өзүңдү,
Ырыска толот ар тарап.
Бакыттын өңү жыландай,
Бирок, такыр карабайт.
Кылчайып койсо кокустан,
Бакытка баткан жыргалды айт.

*13/XI 1948, Чолпон-Ата*

## ЖЫЛ ТАЛАШУУ

Адамзаттын өмүрүн
Жазмыш койгон эсептеп.
Ошондуктан өлчөлүү
Мынча мүчөл болот деп.

Биринчи ирет жарыкка,
Жакын басып жыл жылат.
«Мен жыл башы болом» деп,
Айбанаттар сөз кылат.

Жармы кара, жармы аппак,
Күнгө минип, жыл жылат.
Мурда көрсөк кимибиз,
Ошол болсун жыл башы,
Деп айбандар сөз кылат.

Мына ошентип өз ара,
Жыл талашып, чырлашты.
«Менден ким чоң» дегендей,
Көп кенебей төө басты...

Кирип алган капкачан
Кулагынын ичине,
Көрө коюп биринчи
Чычкан болду жыл башы.

*13/xi 1948, Чолпон-Ата*

## ЧИЛДЕ

Жердин жарык бетине,
Биринчи чилде келгенде,
Баарыдан мурда жолугуп:
Уй, кой, жылкы жана төө
Төртөө көрүп калыптыр:
– «Жоготуу керек чилдени
Мунун катуу киргени,
Жаман экен билгени»,
Дешип акыл салыптыр.

– Кана муну ким басат? –
Деп масылат кылганда:
– Мен басайын курдаштар, –
Деп өтүнөт жылкы анда!

– Жок, сеники туура эмес,
Уй баарыдан аксакал,
Биринчи жол уйдуку
– Бар, чилдени басып кал! –
Уйга буйрук берген соң
Мына ушундай деп чечип:
Мактангансып уй мырза
Жер үстүнөн чилдени
Жоготом го дегенсип,
Жүгүрүп келип алыстан
Баскан кезде, чилде акең

Тилигинен туяктын
Чыга качты бурт этип.

– Кап, мен бассам чилдени,
Жердин жеткен түбүнө
Жеткире басат элем деп, –
Жылкы ыйлап алыптыр,
Уйдан кетип чалалык
Ошол күндөн ушул күн
Чилде
Жер үстүндө калыптыр.

*13/XI 1948, Чолпон-Ата*

* * *

Баланын эне өбөгү,
Эненин бала жөлөгү.
Жигиттикке жеткиче,
Баласы
Энеден жапа көрбөдү.
Карып кетти энеси,
Эринин
Көп болсо керек өлгөнү,
«Ушундай кылса энекем
Кечер бекен ак сүтүн»
Деп баласы, энесин
Мекеге
Жөө көтөрүп жөнөдү.
Бара жатты шартылдап,
Кээде
Чапкан атка теңеле:
Жолуга калып бир адам,
Калаадан чыга бергенде:
– Ээ, чырагым, бул эмнең?
– Эмне болсун, өз энем?

– Жол болсун?
–Кечеби деп ак сүтүн,
Мекеге жете бармакка
Үйдөн чыга жөө келем.

– О акылы жок, кем неме
Сен бала экенсиң дагы эле.
Арылам десең күнөөдөн:
Кадыр билер эмгектеш
Эр таап бер энеңе!
Баласы
Энесин ыргытып ие жаздады:
Энеси:
– а... а... айланайын
Аны билчү уул кайда?
Дегенде.
Баласы көзүн жаштады.

*17/XI 1948, Чолпон-Ата*

* * *

Себеп болор бекен деп,
Оору деген бетбакка,
Кара улактын өпкөсүн,
Садага кылып чапмакка,

Бейшембай менен Дүйшөмбай,
Улак союп жатышты.
Бакалоорго кол салып,
Терисин сыйрып, тартышты.

Колун салган Дүйшөмбай
Өзү шашма эр экен,
Урунбай койсо өпкөсү:

– Ээ, айланайын, Бейшембай,
Кудай урсун калп айтсам,
Бул улак:
Өпкөсү жок неме экен!

*17/XI 1948, Чолпон-Ата*

* * *

Аялына күйөөсү,
Ачуулана калганда,
Каяша айтчу аялы:
Актыгыма антым бир –
Ок аттаймын, тап, кана!

Ишендирчү күйөөсүн,
Таттуу сүйлөп эбиреп.
Каргана койчу, «жаңылсам,
атам эрим болсун» деп.

Айтканына ишенип,
Чынында аппак ой менен,
Бир күнү келип күйөөсү
Аялын туштан шаштырат.
– Бол сыртка чык, иш жаман
Тиги айылда:
Бирөө ок аттоого чакырат.

Чуркап чыгып аялы,
Күйөөсүнө учкашат,
Чын пейилден күйөөсү:
Тез жетели деп шашат.
Мингени жорго ат болуп,
Орто жолго келгенде,
Бир кечмеден жаңы эле

Шартылдап өтө бергенде:
Аялы айтат эрине:
– Я, берекем!
Ок аттай турган аял:
Бир жаңылып койсо,
Эчтеке болбойт дешет ээ...
– Эчтеке болбойт деп эри,
Чу! – дейт атын темине.
Жайылган малдар көрүнүп,
Айылга кирип келгенде:
Орто суудан шартылдап
Эми кече бергенде:
Аялы айтат эрине:
– Я, берекем!
Ошол ок аттай турган аял:
Эки эле жаңылып койсо,
Эчтеме болбойт дейт ээ...
–Ооба, – дейт да күйөөсү,
Чу! – дейт атын темине.
Ок аттай турган айылга,
Жете кирип келгенде:
Чоң кечмеден шартылдап
Кечип өтө бергенде,

Аялы айтат эрине:
– Я, берекем!
Тиги, ок аттай турган аял дейм,
Үч эле жаңылып койсо,
Эчтеме болбойт дейт ээ...
Белгилүү го андан соң,
Эринин берер жообу эмине?...

*17/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

* * *

Өңгө жалган, өлүм ак,
Өлүмдүн адил бийлиги,
Аябайт асыл жаныңды,
Карабайт алтын кийимиңди.

Бактылуу барат баш ийип,
Мансапкор барат үшкүрүп.
Аракеч барат темтеңдеп,
Асмайчы барат чүчкүрүп.
Ошондо:
Жаакка чуу дедире бир коюп
Үңкүр-маңкүр, жааракун
Сурагына алганда,
– Ээй, күнөкөр, ойгон деп
Күрсү менен салганда.
Асмайчы:
Тура калат селт этип.
Сезилбей,
Келген өлүм, жаткан көр,
– Мен чатагыңды билбеймин,
Келе,
Бир атым асмай бере көр.

*17/XI 1948, Чолпон-Ата*

* * *

Бул айтылуучу кеп,
Шаршенбай кеби,
Ар нерсеге анын сонун эби.
Бир жакка сапар баратып,
Аты жүрбөй калганда
Арылбай али жолдун теңи.
Атынан түшүп

Ээр токумун алып,
Чогултуп таңып,
Анан аны далыга салып,
Өзү көтөрүп алып,
Атына жайдак минип,
Кайра кете берди,
Бирөө жолдон чыгып,
– Ээ, Шаке, мунуң кандай – десе:
– Атым баспаган соң
Ээр токумун көтөрүп алдым
Деди!

*17/XI 1948, Чолпон-Ата*

## САГЫНУУ

Кадыр сыйлап, калк тапшырган иш улуу,
Эл ишинде жаштык өтсүн жалындуу...
Кай жактадыр, кен казгандын тоосунда,
Кандай жакшы сүйгөн шаарын сагынуу.

Анда калып ойноп-күлгөн достору,
Балалыктын эң бир ысык бир доору.
Жарыгы жок айы эскирген түндөрдө,
Тоодо жанган көмүрчүнүн оттору...

Сагынычтуу шаарын көрсө алтын баш,
Жашарганга тең болору ыпырас!
Кандай кымбат, кандай таттуу, курдаштар,
Ошондогу бир тамчы жаш... тамчы жаш.

*4/VII – 1949,*
*Чолпон-Ата*

## ВАСИЛИЙДИН САРЫ ТОРУ АТ

Кээде көмүр, кээде чоюн, таш тартат,
Жаралгандан оор кызмат аткарат.
Элпек, жоош, ырайымы жанга ысык,
Васенька аттуу Василийдин сары тору ат.

Оор жүктүн оордугун кенебей,
Чымыркanat намыстанган немедей.
Мээнетинин тазалыгын көргөндө,
Четтеги адам: жарыктык ай дегендей.

Мындай адат ак жашоонун татыгы,
Мына жигит, азаматтын артыгы,
Сар тору аттын кыялынан белгилүү:
Ат ээсинин ниетинин актыгы.

*7/VII 1949,*
*Чолпон-Ата*

* * *

Кээде жымжырт, сүзүлүңкү тартканың,
Кээде сүрдүү, күчтүү толкуп жатканың.
Баары сонун, сенсиң менин кубатым,
Сенсиң бакыт, күч-кайратым, канатым.

Сүйөм сени өмүр күнүн сүйүнтүп,
Санаркабай нечен сансыз жыл күтүп.
Бала сүйүү, эне сүйүү, жар сүйүү
Сени чындап сүйгөнүмө бир күндүк.

*10/VII – 1949,*
*Чолпон-Ата*

* * *

Айлык сапар кетсем дагы агылып,
Жүз көрүшөр ырыстуу күн табылып.
Жыл айланбай кайра келем кайрылып,
Ысык-Көлдү жан боорумдай сагынып.

Бир аз жүрүп, көңүл тынчып дегдеген,
Пейли кенен кенч эмеспи эл деген...
Чаң ызгытып кайра жөнөө эң кызык,
Акылдуулар жаралуучу жер менен.

*10/VII – 1949, Чолпон-Ата*

## КЕТМЕНИМ

Көктөсүн деп мээнет менен эккеним,
Тер агызып, терең айдап, сепкемин.
Тегиз бөлүп колхоз данын сугарган,
Тең эмгектеш теңтушумсуң, кетменим.

Кимдер билбейт кубанычым экенин,
Чымга тийип сенин бир жарк этккениң!
Күн ысыкта бирге кулак байлашкан,
Тең кубатташ курдашымсың, кетменим.

Билбейм сени ким кетилтип кеткенин,
Тегиз чыңап кемтигиңди эптедим.
Ташын бузуп, жаңы арыкты казышкан
Ак тилектеш артыгымсың, кетменим.

Түзөп, ондоп кыңырт жердин беттерин,
Сенсиң менин жанга тирек эткеним.
Бизге тийген таттуу бакыт ичинде:
Сени менен мен экөөмүн, кетменим.

*11/VII 1949, Чолпон-Ата*

## КОЛХОЗДОГУ ТҮН

Колхоздо күз – жылда келчү бир майрам,
Буудай оргон, кырман баскан кең сайран.
Бул бир алтын эстен кеткис мезгилдер,
Күлай сулуу түндө комбай айдаган.

Мында достук, ызааттуулук, курбулук,
Пейли тоюп, токчулуктун жыты уруп.
Бир гектардан бир жүз сексен пуд деген,
Март колдордон жаңы сөздөр туулуп.

Дан түшүмүн былтыркыдан мол алып,
Кеңип, көктөп, улам эски жол калып.
Жүз сексен пуд деген жаңы сөз менен:
Мен колхоздо дагы бир жыл жашарып.

Түндөр жакшы... түндөр жакшы колхоздо,
Дагы эртеңки кемчиликти оңдоого.
Ай жарыгы тийбес эле мынчалык,
Комбайнчы Күлай сулуу болбосо.

*11/VII 1949, Чолпон-Ата*

* * *

Кыйратам деп, мейли, кыян, сел акса,
Өчүрөм деп караңгы түн басса да,
Бир кыядан – ар жагынан алардын,
Чыга келет ыракат күн бир паста.

Өмүр жолу кээде бийик, кээде тар,
Тардыгы эмне, күч болгон соң кармашар.
Көңүлдү эзип, жан кейиткен кайгынын
Ар жагында түгөнбөгөн шаттык бар.

Кең сапарда учкан мезгил зуулдап,
Кандуу агын тосмолорго урунат.
Жетишпестик, кемчиликтин ичинен
Намысы күч Ырыс деген туулат.

Мен турмуштан көптү үйрөндүм, көп көрүп,
Бек, чыдамкай жигит болдум өзгөрүп...
Адам күнү – өлүм менен бүтүүнүн,
Адатында, чындыгы жок өңдөнүп.

*12/VII – 1949, Чолпон-Ата*

## ЖАМГЫР ЖААДЫ

Жамгыр жаап жакшыртканы дүйнөнү,
Жаш жашарды биздин жапыс үйдөгү.
Биринчи ирет Бекен козу кайтарып,
Тармал козу биринчи отту үйрөндү.

Көзү да окшош, кашы да эне каштанып,
Тилге көнбөс тентектикке баштанып.
Так секирип ойноп турган улактын
Жашоо күнү эми гана башталып.

Жамгыр жаады, жааганына ыракмат.
Чөп өнгөндөй дүр дей түштү ыракат.
Бекен жайган козу-улактын үйүнүн
Эшигинде күткөн кызык күн жатат.

Жаасын жамгыр, колхоз даны көгөрсүн,
Эл кубансын береке аксын, көлдөсүн.
Жакшы ыр менен жакшы күндөр туулуп,
Багы ачылып жаш балдардын көнүлү өссүн!

*14/VIII 1949,*
*Чолпон-Ата*

## БАЛАЛЫК

Жарык көрүп, көз ачканы ойгонуп,
Биз турмуштун таш жолдорун бойлодук.
Чарчоо тартып, аз эс ала калганда
Сагыныччтуу жылуу сезим ойгонуп.

Эрке желдей беттен сылап желп эткен,
Ал кез калып, токтоо, толук жаш жеткен.
Эстүү болуп бүгүнкүдөн эртеңи,
Кечекиге уялышкан кез кеткен.

Тарчылыкка, мартчылыкка көнүгүп,
Жокчулукта ашып, ташып өнүгүп.
Жапыс болуп кечээ көргөн бийиктер,
Ыраактыктын баары жакын көрүнүп.

*16/VII – 1949, Чолпон-Ата*

## ЖЫЛДЫЗ КАЛАА

Мен айлымды көп сагынам, көп барам,
Таттуу аккан сууларынан эс алам.
Койлор чуулап, уйлар кайтар мезгилде
Кырдан туруп кең калаама көз салам.

Жашыл түзү көз учуна илинбей,
Бой талашкан бактар гана бириндей,
Чаң да чыкпай, жапыс тартып дүнүйө
Ээси жоктой жүргөн дабыш билинбей.

Алсыз тартып көрк жоголуп, түр жүдөп
Бир аз жатып жылт дей түшүп түн күлөт.
Ээсиз тынчтык жылдыз тагып боюна,
Көккө карай агым алат күлдүрлөп.

Ушул ойду, ушул кырды билгендер,
Өзү көргөн кереметке баа берер.
Жылт-жылт этип күн өмүрүн гүлдөткөн
Жылдыз калаа биздин шаар, биздин жер.

*18/VII 1949,*
*Чолпон-Ата*

## ТҮНКҮ КЕҢЕШ

Бүгүн ээн, бакчачы жок коруучу,
Кары үйүндө меймандар бар конуучу!
Музоо кирген четки арыктын боюнда,
Сары коон бышып калган болучу.

Асман таза, бүгүнкү түн ай жарык,
Жүргүлө, балдар, Карынын коонун уурдайлык!
Кары үйүндө жолоочу бар конуучу,
Чолосу жок, анан кантип коруучу?..

Бөдөнө учкан беде аңыздын четинде,
Кара дарбыз бышкан өңдүү болучу.
Көк да тунук, бүгүнкү түн ай жарык,
Жүргүлө, балдар, дарбызынан уурдайлык!

Жетер кезде торгой болуп чулдурлап,
Чымчык болуп көккө чыга качалык!
Асман тунук, бүгүнкү түн ай жарык,
Жүргүлө, балдар, жүзүмүнөн уурдайлык!

Ушул кезде берки туштан ит үрөт,
Чалгын салып, Айша апа сак жүрөт.
Сезе коюп, чөп алачык ичинен,
– Ай, ай, ким? – деп,
Кары калптан жөткүрөт.

Элең этет турган балдар кол курап,
Миң кайрылып келер беле бул убак?..
Дарбыздардын караласы кашкайып,
Коондордун жыты чыгып буркурап.

Кантет анан, жүрөк дегдеп ич күйөт,
– Ай, ай ким? – деп
Кары калптан жөткүрөт.

*19/VII – 1949,*
*Чолпон-Ата*

## ЭРИККЕНДЕ

Эриккендин ыр эрмеги, ал ырас,
Ыр кубаты: чыккан күлкү, чыккан жаш.
Ыр күүлөрү канчалык көп болсо да,
Мен ырдоочу эсте калган күүлөр аз.

Жакшы күнүн жакшы ыр менен белгилеп,
Кантсин көңүл, эстейт аны эригет....
Бир сүйлөмү, бир гана ырдын бир күүсү
Бир доорду түгөл эске келтирет.

*19/VII 1949,*
*Чолпон-Ата*

## ЖЕҢИШКАНДЫН АТАСЫ

Ырыс берип ыраттуу иштин аркасы,
Таш майдалап астында аттын такасы,
Айсыз түндө үзөнгүсү жаркылдап,
Тизгин каккан Жеңишкандын атасы.

Атак берип кылган иштин тазасы,
От чыгарып, минген аттын такасы.

Караңгыда ооздугу шалдырап,
Аттан түшкөн Жеңишкандын атасы.

Үй ичинде алсыз күйүп май чырак,
Сөз сүйлөнбөй үнсүз болуп бир убак...
Баатыр деген наамды алды дегенде,
Маңдайынан жылдыз учуп жылтылдап.

Нур төгүлүп, жарык басып үй ичин,
Мындагылар кана карап бири-бирин.
Чокою да алтын болуп көрүнөт,
Жакшы көрүп өкмөт сүйгөн кишинин.

Текке келбей ушул урмат, атактар
Өз ишинде эрдик кылган бир катар.
Момун койлор адал жолун кең кылып,
Багын ачып тил билбеген улактар.

Баатыр ойлуу, сыймык көлбөп, сый толкуп
Даражасын боо жетпес зоо окшотуп.
Жүрөк жарар көкүрөктө ташкынын
Балдай ширин бала жыты токтотуп.

Колхоз күчтүү, данга толук, малга бай
Үйлөрү аппак сүт булактын шаарындай,
Женишкандын атасындай бир баатыр
Керек болчу көзгө сүртөр дарыдай.

*25/VII 1949, Чолпон-Ата*

## МОСКВА

Тунук үмүт, кетпей ууз көңүлдөн,
Санааркатып, мени аздырып өңүмдөн.
Москва шаары суу башына конгондой
Мен эч качан жетпес жердей көрүнгөн.

Өттү күндөр, заман озду, зуулады,
Келди күндүн жамгырлуу жаз убагы.
Сагындырды бактылуу жаш күнүмдү
О ал жактын чыгышка аккан суулары!

Көз ачкандан түк көрө элек жер кандай...
Баарын каалап, баарын сүйөт тандабай.
Оңумдабы, солумдабы Москва деп
Бир күн, бир түн карап баргам уктабай.

Көптү билип, көптү үйрөнүп, көп жүрүп,
Оройлукту сылыктыкка көндүрүп,
Москва мага биринчи азиз сүйүүдөй
Улам сулуу, улам жакшы көрүнүп.

Үндө шаттык, көкүрөктө жаңы ой,
Акыл кеңип, асылданып бүткөн бой,
Жакшы колдон түлөк алган куш өңдүү
Кайра кайткам мурункума окшобой.

Кара мүртөс, анткор болсом мен мурун,
Эми адилдик, көңүлү аппактын досумун.
Кеңдик, марттык, адөөлөттүк сыпатты,
Ошол жактан ала келген болчумун.

Мендеги жок жана ушундай далайды
Ал бергенин айтпаганым жарайбы...
Ким бир ирет Москва шаарын көрбөсө,
Мен өзүмдөн жапыс санайм андайды.

Унутулгус бир элес бар эстеткен...
Түн Москваны таңкы уйкуга терметкен...
Мавзолейде алмашылган часовой
Тең кадамдуу бут дабышы жарк эткен...

Жарык болуп баткан күндөн өзгөсү,
Сокур болуп карай албайт түн көзү.
Ошондуктан Москванын түнкү аты:
Жылдыз шаары,
Жылдызстан өлкөсү.

*28/VII 1949, Чолпон-Ата*

## ПУШКИНГЕ

Куюн өңдүү боз айланткан алыстан
Мен жыңайлак бактым менен жарышкам.
Он үчүмдө ыр көлүнөн суу ичип,
Он бешимде сени менен таанышкам.

Кыялы терс бир кез эле ал күнүм,
Анда күчтүү өзүмчүл, курч бүтүмүм.
Ар бир кыйын, ар бир улуу акындан
Көңүлүм калып, муздаганды сүйчүмүн.

Ошол өңдүү кез келишип өзүңө,
Күч жетпеске үстөм кылган күнүмдө,
Мен өзүңдү чөктүрүүнү ойлогом
Жарым кашык дарыямдын түбүнө.

Бирок, чөкпөй, сен күчүмдү кенебей,
Кантсең дагы калкып чыгам дегендей.
Ошондо эле ызат кылып баш ийгем,
Бүт өмүрүмө зор жаралган немедей.

Ошондуктан, акындыктын жолу улуу
Илимдүүлөр баары өзүңдөн окуду.
Неге десең, акын түзөт эмеспи:
Университет,
Академия, доктурду.

*30/VII – 1949, Чолпон-Ата*

## КОЛХОЗЧУГА

Суу башында колхозчу эл,
Суусун ичкен тазарсын,
Жүзү жарык, дени сак
Колхозчулар жашасын.

Тоо алдында калың бак,
Бакка барган тазарсын.
Пейли кенен, колу март
Колхозчулар жашасын.

Бак ичинде ак кыштак,
Кыштак көргөн жашарсын.
Жаным, боорум, алтыным,
Колхозчулар жашасын.

Жай толугу, күн ысык
Алмага бур суу башын.
Алма терип, жүзүм жеп
Колхозчулар жашасын.

Саратан ай күнү ысык,
Коонго бур суу башын.
Коон жеген калк гүлдөп,
Колхозчулар жашасын.

Келди күздүн алтын күн,
Орсун буудай, арпасын.
Айланайын колхозчу эл
Миң мертебе жашасын.

*8/VIII 1949,*
*Чолпон-Ата*

## САРАҢДЫК

Дөөлөтү батпай дүйнөгө,
Дөгүрсүп турган Карынбай.
Эч бир байда болбогон,
Карынбайдын малындай.

Канча экени саналбай,
Бүт дүйнөнү ээлеген,
Ач, карыпка боору ачып,
Бирин кайыр бербеген.

Бей-бечара жетимге,
Зекет, битир бербеген.
Ошончонун ичинен
Бирин союп жебеген.

Карынбайга зары өтүп,
Элдин муңу жеткен соң,
Сараңдыгы, тардыгы
Чектен чыгып кеткен соң:

Карынбайга жолугуп,
Агасы Муса пайгамбар:
– Өтүп кеткен дүйнөдөн,
Өрүшкө малын жайгандар.

– Баатырлыкка, байлыкка
Кимдер түтөп жанбаган?
Дүйнөнүн малы дүйнөгө,
Дүйнө кимден калбаган!

– Кызыгына дөөлөттүн,
Эч бир пенде канбаган.

Антпей элге кайыр бер, –
Десе да кулак салбаган.

Болбогон соң акыры,
Жогоркудай дегенче.
Өзү келди пайгамбар
Үмүт кылып бирдеме.

Сараңдыгын агасы
Койгузам деп ойлоду.
Ырым кылып бирдеме
Сойгузам деп ойлоду.

Пайгамбарга мал союу
Кыйын болду Карынга,
Мышык союп иниси
Коё койду алдына.

Билди муну пайгамбар,
Көңүлүндө айран-таң.
– Мыш! Мыш! – десе мыяулап.

Айкырык салды пайгамбар,
Барлык каарын келтирип:
– Соргун деди кара жер,
Тизесине жеткирип!

Соруп алды кара жер,
Айткан шерттен жаңылбай,
– Эми кайыр бер, десе:
– Бербейм! – деди Карынбай.

Анда Муса пайгамбар,
Чын ачуусун кетирип:

Соргун деди эмесе,
Бел курчоого жеткирип.

Соруп алды кара жер,
Ак буйруктан жаңылбай.
Эми кайыр бер, десе:
– Бербейм! – деди Карынбай.

Анда Муса пайгамбар,
Чындап каарын келтирип:
– Соргун деди кара жер!
Алкымына жеткирип!
Соруп алды кара жер,
Соңку шерттен жаңылбай.
– Эми кайыр бер, десе:
– Бербейм! деди Карынбай.

– Такыр сор! деди кыйкырды,
Намыс-ары козголуп.
Сорулуп кетти Карынбай,
Чур... чур этип жок болуп.

Ага каары токтолбой,
Анан минтип каргады:
– Ташка айлансын дүйнөсү,
Талаада калсын малдары!

Карынбайды сөз кылды,
Кийинки өткөн замандар.
Ташка айланган ордосун:
Алайкудан көргөн бар.

Кулжа, теке, эчкилер,
Карынбайдын малы дейт.

Жапайы кылып агасы,
Каргап койгон аны дейт.

Жазмыш күчү өз кегин,
Кантип кайра таратат?..
Сорулган бойдон Карынбай
Дагы эле кетип баратат.

*1948*

## ПРЖЕВАЛЬСКИЙГЕ

Жөн гана: «Жолум улуу-кичүү» дешпей,
Эсен-соо сен жеримде жүргөн кездей,
Озунуп менден мурда сүйгөн Көлдө,
Сен менен тургум келди маңдай-тескей.

Көл бою кандай сулуу, кандай кызык,
Үстүндө күн өткөрсөң куштай сызып...
Ал бир кеп... Толкуну күч түндөрү асыл,
Сен менен сүйлөшүүгө кыйкырышып.

Сүйлөр сөз: өнөр кууган саякатың,
Узарткан сапарыңды, өлбөс бактың.
Дал ошол бактың турган көл боюнда,
Бир турса кичинекей менин атым.

Ызаттап мрамор ташка тамга баскан,
Эстүү журт арбагыңды кадырлашкан.
Сага окшоп көл боюнда атым турса,
Эмне арман?.. Муштумдай бир кара таштан.

Көл сонун... Алдан тайбайт кышта тоңуп,
Бул көлдө бир учалы, бирге конуп.

Үстүндө сенин жаның бүркүт болсо,
Үстүмдө менин жаным жылдыз болуп.

*4/X – 1949, Чолпон-Ата*

## КҮЛЖАМАЛ

Биздин жолдон өткөндөр,
Бизге келе кеткиле!
Үйдөгү ойнок Күлжамал
Быйыл туура жетиде.

Биздин үйгө келгендер
Баары бирден көтөрөт.
Күлжамалды кучактап
Баары сүйөт, баары өбөт.

Неге десең энеси:
Ак ишинен даңк алган.
Кадыр кылып урматтап,
Өкмөт сүйгөн жакшы адам.

Бизге дагы ушул салт
Парз экен го ойлосок.
Өкмөт сүйгөн сүйүүдөн
Ашып түшкөн сүйүү жок.

*9/VIII 1949, Чолпон-Ата*

* * *

Алыкул атым болгондо,
Жашабас элем, бир жыл да.
Акындык атым болгон соң,
Жашагым келет миң жылга.

*1949*

# БАЛДАР ҮЧҮН ЫРЛАР

## ЖАШ ЖЕТКИНЧЕКТЕР

Кайрылып арт жагыңды караганча,
Канча деп жыл эсебин санаганча,
Жарк этет көз алдыңда жаңы өспүрүм,
Окшогон тунук мөмө, бышкан алча.

Алардын баары тааныш, баары жакын,
Бирок да бардыгынын билбейм атын;
Сылагам акындыктын колу менен
Ката элек алтын саңоор ак канатын.

Кээ бирин колума алып көтөргөмүн,
Көтөрсөм, көтөрүлгөн көктөп көңүлүм.
Келишкен кең далылуу улан болгон,
Кечеги кетик тиштүү жаш бөбөгүм.

Көз сараң, көкүрөк арсыз, үмүт терең,
Өткөн жаш, өчкөн күнүн билдирбеген;
Тил алса, эгер өмүр кастык кылбай,
Көп күндү кайра жашап келер элем.

Кой, болбос, карттык деген жакшы каада,
Жетүүгө картчылыктын заманына,
Сак дене, сансыз ырыс, бакыт керек,
Тилегим: жүзгө жетип карыгыла!

Кел, иним, кел, бөбөгүм, жолуң ачык
Замандын кызматына биздей машык.
Өлкөнү өз көркүнө келтирели,
Сынган таш, кирпичтерин кайра ташып.

*9/II 1945, Койсары*

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАЗДАР

Түлкү:
Каа, каа, калың каз,
Кача албайсың, алың аз.

Каздар:
Ой, ой, куу түлкү,
Куулук кылбай, оозуң бас.

Түлкү:
Каа, каа, калың каз,
Кармап жеймин, кардым ач.

Каздар:
Ай, ай, ач түлкү,
Андай дебе, балам жаш.

Түлкү:
Май, май, майпаңдап,
Майпаңдабай, бери бас!

Каздар:
Кой, кой, шум түлкү,
Кичүү балам жылаңбаш.

Түлкү:
Бой, бой, бойтоңдоп,
Бойтоңдошуң эң ырас.

Каздар:
Эй, эй, куу түлкү,
Эки балам жылаңбаш.

Түлкү:
Укпаймын сөзүңдү,
Кармап жеймин, кана кач!
*(Каздар качышат, түлкү кубалайт, аңгыча күчүк чыга калат).*

Күчүк:
Ау, ау, ач түлкү,
Казды күчүк алдырбас.

Түлкү:
Борс, борс, борсулдак,
Кайдан чыктың корсулдап?

Күчүк:
Шып, шып, шыпылдак,
Шыпылдаган куу чунак.

Түлкү:
Мага үрүүгө,
Сенин башың жаш.

Күчүк:
Ау, ау, ач түлкү,
Баатыр болсоң, кел, кармаш.

*(Түлкү качат, күчүк кубалайт).*

Каздар:
Ка, ка, ка, ка,
Нээти жаман ач түлкү,

Бизди жебей, жегин таш,
Ка, ка, ка, ка,
Бизди жебей, жегин таш.

*(Түлкү качып кетет, күчүк каздарды кайтарып калат).*

*3/II 1945, Койсары*

**БАТ АЙТМА**
*(Жаңылтма)*

Көпкөк
Көгүчкөн,
Көгүлтүр
Көркkө
Көмүлгөн.
Көрдүңбү
Көйкөлүп
Көрүнгөн,
Көк түстүү
Көлдү өөп
Көлбүргөн.
Көпкөк
Көпөлөк,
Көп болуп
Көкөлөп,
Көргүн деп,
Көксөтүп,
Көңүлдү
Көтөрөт.

Көңүлдү
Көтөрүп,
Көк, кызыл
Көйнөгүн

Көп кызга
Көрсөтөт.

Аппак
Ак ыргай,
Ак ыргай
Агын ай.
Алсам дейм,
Акыйтат
Аска таш
Алдырбай.
Аска таш
Акыйтат,
Атаны
Арманы ай.
Азабы
Аз эмес,
Ар иштин
Ар кандай.

Бек тоо,
Бекем тоо,
Бер жагы
Бермет зоо,
Бермет зоо
Берметин
Берери
Бекер го.
Белгисиз
Бир бейбаш,
Бейжайлуу
Бек зоого,
Бермет деп,
Бекерге
Бек атты

Берген го.

Балдар,
Баарыңар,
Бул ырды
Башынан,
Байкап,
Баарыңар,
«Б»ны
Бат «б»лап,
Бат окуп
Багыңар.
Бабыр,
Бабырар,
«Ба-ба»лап
Балдырар,
«Бай-бай»
«Бай, байлап»
Баш чайкар,
Бабырлар.

*3/II 1945, Койсары*

## ЧЫМЫН-ЧИРКЕЙ ЫРЛАРЫ

**1. Чымын**
Чымын, чымын, чымылдак,
Чыга калат дыңылдап.
Жумуш кылып жаткансып,
Мурдунан ырдап кыңылдап.
Абийри жок балитбай,
Аш-тамакты бүт булгап.
Балдар, муну жолотпо,
Үйүңөн айда, ыраактат.

**2. Чиркей**

Чиркей, чиркей, чекчегей,
Аштык жыйнап экчебей,
Күзгү мезгил болгондо,
Эрте дебей, кеч дебей,
Шишитип кетет этиңди,
Көйнөгүңдү чеч дебей.
Безгек деген заары бар,
Балдар,
Муну койбогула эстебей.

**3. Ийнелик**

Ийнелик, ийнелик,
Иш кылуудан ийменип,
Кыш болгондо карды ачып,
Жатып калат иймейип.
Сен жалкоосуң, ийнелик,
Сени менен дос болбойм.
Тамагыңды ичпедик,
Көйнөгүңдү кийбедик.

**4. Кумурска**

Кумурска, кумурска,
Кыйын экен жумушка.
Талыкпаган мээнеткеч,
Татынакай турмушта.
Ачууңду кой, аке,
Жер талашып урушпа.

**5. Аары**

Аары, аары, арбагай,
Аягы бар тарбагай.
Адашып кетип кокустан,
Аары айлына барба ай.
Чагып алса ачуусу ай,
Ак балынын таттуусу ай.

**6. Көгөөн**
Көгөөн, көгөөн, дөөпөрөс,
Маңдайында жалгыз көз.
Сайгак менен санаалаш,
Тийген жери кызыл көш.
Мындан өжөр неме жок,
Себеп болбос айткан сөз.

**7. Жаачы**
Жаачы баатыр түк коркпос,
Көк айбанга саал окшош.
Боорукерлүү жайы бар,
Карлыгачка жан жолдош.
Жыланды көрсө көзгө уруп,
Бир ордунан козголтпос.
Бала кезде жаа менен,
Далай күнү болгом дос.

**8. Чегиртке**
Чегиртке, чегиртке,
Секирип кетет эликче.
Ырдай берет чырылдап,
Карды тоюп эриксе.
Эмгекке алган даны жок,
Бир малы жок керилште.
Мындан өткөн жалкоо жок,
Мындан өткөн аңкоо жок.

*17/II 1945, Койсары*

## ЖАМГЫР ЫРЫ

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Жумшарт эгин тамырын.
Кара көсөө көз ачпай,
Өлсүн каран калгырың.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Кызылчаны кандыргын.
Жаштайынан түйүлтүп,
Жанга кубат алдыргын.
Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым
Гүлдөт шактын бардыгын.
Алма, өрүктү бүрдөтүп,
Текши мөмө алдыргын.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Жыргат жердин жандыгын.
Карлыгачты чакырып,
Короомо үй салдыргын.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Жыргат элдин бардыгын.
Колу тарды март кылып,
Сандыктан нан алдыргын.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Семирт малдын арыгын.
Кайын энем катуу баш,
Карын майын жардыргын.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Көгөрт тоонун ой, кырын.
Коңшубуздун сүр этин,
Казанына салдыргын.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Күтпө күндүн сабырын.
Эки бетин ийлеп өт,
Ысык деген бабырдын.
Чегирткени чертип өт,
Ташбаканы таптап өт.
Ударникти мактап өт,
Жалкоолорду каптап өт.

*5/XII 1945, Койсары*

## КАРА ЧЫЙЫРЧЫК

Кара чыйырчык көрсөңөр,
Урбагыла таш менен.
Жыгачтан уя салгыла
Ала шалбырт жаз менен.

Кара чыйырчык көрсөңөр,
Атпагыла жаа менен.
Тал башына коооздоп
Үй салгыла кепкенен.

Эгинге зыян келтирген,
Чегиртке менен кармашат.
Жазмыштын өжөр колунан
Адамдын багын талашат.

Чоңго айланат акыры,
Турмушта майда кырсыктар.
Майданын майда баатыры
Биздин кара чыйырчыктар.

*10/XII 1945, Койсары*

## БАЛДАР МЕНЕН ТУРНАЛАР

– Эй, эй, каркыра, турна,
Кайдан келе жатасың?
– Алтын саамай кыз алып,
Кыштан келе жатамын.
– Эй, эй, каркыра, турна,
Эми кайда барасың?
– Күмүш көкүл бала алып,
Күнөс жерге барамын.
– Эй, эй каркыра, турна,
Күнөс жерде эмнең бар?
– Жакшы окуган байкем бар,
Таза жүргөн эжем бар.
– Эй, эй, каркыра, турна,
Бизден таза, ак бекен?
– Силердей эмес эжекем,
Мектебинен кечиккен.
– Эй, эй, каркыра, турна,
Кана дагы бирдеме айт.
– Коңгуроолор шыңгырайт,
Бизди ээрчибей, кайра кайт.

*10/XII 1945, Койсары*

## САМОЛЁТ ЫРЫ

Самолёт, самолёт,
Кайда шашып барасың?
Чөнтөгүңө сала кет
Командирдин баласын.

Самолёт, самолёт,
Кайда шашып барасың?
Канатыңа ката кет
Ударниктин баласын.

Самолёт, самолёт,
Кремлге бара кет!
Кремлде атага
Бизден салам айта кет!

*10/XII 1945, Койсары*

## НУРГҮЛ

Ысык-Көлдө Койсары,
Койсарыда бир кыз бар.
Көктөгүдөн сулуураак,
Нургүл деген жылдыз бар.

Кундуздай кара чачы бар,
Сегизге келген жашы бар.
Жүрөгү бар дикилдек,
Мектеп десе ашыгар.

Оңой менен кеч кирбей,
Оңой менен таң атпайт.
Эки төртүң сегиз деп,
Жадыбалды бат жаттайт.

Өз үйү сонун болсо да,
Мектеби андан жакшыраак.
Апасы тамак ич десе,
Партасына жашынат.

Арипти түгөл үйрөнүп,
Калем учун колго алып,
«Энекем» деп жазат да,
Күлүп калат кубанып.

*11/XII 1945, Койсары*

## «2» МЕНЕН ЭМИЛБЕК

Эмилбек, Эмилбек,
Эбелектей жеңилбек.
Биздин берген суроого,
Жооп берет мындай деп.

Кырк алтынчы жыл кетти,
Кырк жетинчи жыл жетти.
Жарым жылдык белгиңиз,
Кандай экен билели.
– «2»иң канча?
– Жети!
– «4»үңчү?
– Эки.
– «3»үң канча?
– «3»үмбү?
Үчүм…
Таң…
Эсимен чыгып кетти,
Айтор,
Төртпү… Бешпи…
– Тартибиңчи?
– Тартибимби…
Тартиптен:
«1» жок,
Эмесе, «1» берет элек дешти:
Андан да «2».
– «5»иң канча?
– «5»им…
Тиги… тиги…
*(Башын тырмап)*
«Ж»ны,
«Ш» кылып,
*(Мурдун тартып)*
«5»им «Шок» деди.

*5/XI 1945, Чолпон-Ата*

## КАЛПЫЧЫ КАНЫМКҮЛ

Канымкүл быйыл жетиде,
Жаңы кирген мектепке.
Тили келбейт, эрке өскөн,
«Й» деп сүйлөйт «Р» десе.
– Кечээ неге келбедиң?
– Бутум ооюп...
– Бейшембидечи?
– Муйдум ооюп...
– Бешиндечи?
– Мысыгым ооюп...
– Онундачы?
– Күчүгүм ооюп...
– Үчүндөчү?
– Басым ооюп...
Айткыла, балдар, Канымкүлгө
Жакшы окусун,
Калп ооруп,
Калп айтканын коюп.

*6/XI 1945, Чолпон-Ата*

## ТАЙ КҮЛҮК

Борбуй байлап борсоюп,
Торгойдой учуп торсоюп,
Тай-тайдан мурда талпынып,
Каз-каздан өтүп каз туруп,
Басат экен, Акентай,
Шашат экен, Акентай.
Бир колуңа май берем,
Бир колуңа эт берем.
Кел, келегой жүгүрүп:
Тай күлүк,
Тай күлүк!

Тай күлүк,
Тай күлүк!

Сен жетиге келгенде.
Чайнап таруу жегенде,
Мектебиңе жиберем,
Жетелетип эжеңе.
Басат экен, Акентай,
Шашат экен, Акентай.
Бир колуңа кат берем,
Бир колуңа кант берем
Алыс эмес жети жыл.
Кел, келегой жүгүрүп:
Тай күлүк,
Тай күлүк!
Тай күлүк,
Тай күлүк!

Сен он бешке чыкканда,
Он беш көйнөк жыртканда,
Иш кадырын билсин деп,
Ишке салам кырманга.
Бир колуңа ат берем,
Бир колуңа дан берем.
Алыс эмес он беш жыл.
Басат экен, Акентай,
Шашат экен, Акентай,
Кел, келегой жүгүрүп:
Тай күлүк,
Тай күлүк!
Тай күлүк,
Тай күлүк!

Он жетиден ашканда,
Окуп кумар жазганда,

Учкучтукка жаздырам,
Ойноп жүргөн асманда.
Бир колуңа ант берем,
Бир колуңа даңк берем, –
Алыс эмес он жети.
Басат экен, Акентай,
Шашат экен, Акентай.
Кел, келегой жүгүрүп:
Тай күлүк,
Тай күлүк!
Тай күлүк,
Тай күлүк!

*6/XI 1946, Чолпон-Ата*

## КУЛОЙ, КУЛОЙ, ТОРПОГУМ

Кашка музоо кашка уйдан,
Жакшы музоо жакшы уйдан,
Ургаачы белем жарыктык,
Сүйүнчү, апа, сүйүнчү,
Сузгуга ууз сүт куйсаң!

Сузгудан ууз сүт ичип,
Кулойлоюн моминтип:
Кулой, кулой, торпогум,
Карышкырдан алыс жүр!
Уурулардан оолак жүр!
Буудай уурдап жебей жүр,
Коонумдан албай жүр.
Картөшкөмдү ачпай жүр,
Бакчаларга баспай жүр.

Көк мээ көрбөй кетсин,
Айланпаш аттап кетсин.
Кулой, кулой, торпогум,

Кулой, кулой, торпогум!
Жорго болсун торпогум,
Соргок болсун торпогум.
Кулой, кулой, торпогум,
Кулой, кулой, торпогум!

*7/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

**ФИЗКУЛЬТУРА**

Кышында куштай сызып лыжаңды ойно,
Конёк теп, конёгуңду теппей койбо.
Атка мин, ат өнөрүн жакшы үйрөнгүн,
Секиртип сур коёндой кырдан ойго.

Жазында, жайында, жылуулукта,
Көлгө түш, күнгө кактан, жаткын кумга.
Унутпа, эсиңе тут, барлык байлык:
Баатырлык, сулуулук да, мына ушунда.

Футбол теп, шахматты бил, чебер жүрүп,
Жеңип чык жигиттерди четке сүрүп.
Жарышкын, секиришкин, диска көтөр,
Антпесең теңтуштарың жүрөр күлүп.

Жарашпайт жабык жүрүү жаш муунга,
Ачык бол, өнөр үйрөн, бекер турба.
Ооруну соолор сүйбөйт, оору жаман,
Соолуктун атасы ким? – Физкультура!

*7/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ТОРУ ТАЙ

Ай, тору тай, тору тай,
Жоргосу бар сонун тай.
Кунан болсун өскөндө,
Кылар ишиң момундай.

Мектеп менен айылдын,
Арасы он беш чакырым.
Китеп кабым асынып,
Мен барамын акырын.

Бышты болуп өскөндө,
Жигит болуп өлкөдө,
Чек арада турабыз
Жол бербей жолбун өткөнгө.

Экөөбүз бирдей эр болуп,
Көкүрөктөр кең болуп,
Коёндон жапыз сен болуп,
Куштан илгич мен болуп.

*8/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## ТЕЛИБАЙ ТЕНТЕК

Илгерки өткөн заманда,
Телибай тентек болуптур.
Азыркы биздин Темирбек,
Ошол атка конуптур.

Чектен чыккан тентекти,
Телибай дейт биздин эл.
Темирбек жайын айтайын,
Угам десең, бери кел.

Өзүнүн аты Темирбек,
Эл койгон ат Телибай.
Тентектигин сурасаң,
Тентектиги момундай:

«Эсеп окуу» болгондо,
Эчки болуп бышкырат.
Мугалим айткан сөздү укпай,
Улар болуп ышкырат.

«Эне тили» болгондо,
Карга болуп какылдайт.
Мугалим эже кой десе,
Кулакка илбейт, тил албайт.

«Физкультура» болгондо,
Бака болуп бакылдайт.
«Ыр үйрөнүү» болгондо,
Сагызган болуп шакылдайт.

Дем алуу мезгил болгондо,
Парталарга секирет.
Мугалим агай кой десе,
Абийирин такыр кетирет.

Биздин жакшы мектепте,
Тентек болуу жарабайт.
Бул адатын таштасын,
Темирбек деген балага айт.

Катуу айтып, жакшы айтып,
Тыялбайт бекен атасы?
Баласын жаман өстүргөн,
Уялбайт бекен апасы?

*12/XI 1946, Чолпон-Ата*

## ЭКИ МЕТР ЭСЕНКУЛ

Партасына олтурса,
Башы чыгат Эсенкул.
Бардыгынан бөлүнүп,
Чачы чыгат Эсенкул.

Катар сапка турганда,
Мойну чыгат Эсенкул.
Башкалардан коржоюп,
Бою чыгат Эсенкул.

Биздин балдар айткандай:
Эки метр Эсенкул.
Мындай шылдың болуунун,
Себептери мына бул:

Ата-энеси ээрчитип,
Окууга алып келгенде,
Биринчиге өткөндө,
Билбей калган Эсенкул.

Экинчиге келгенде,
Эки жыл калган Эсенкул.
Үчүнчүгө чыкканда,
Үч жыл калган Эсенкул.

Сая кетип далай жыл,
Ылдый болгон Эсенкул.
Окуусу өспөй, мойну өсүп,
Шыргый болгон Эсенкул.

Катуу айттым, түшүнсөң,
Мени кечир, Эсенкул.
Окуусу өспөй, мойну өскөн,
Эки метр Эсенкул.

*12/XI 1946, Чолпон-Ата*

## УЧКАЯК БОЛГОН БАЛАПАН

Учкаяк болгон балапан,
Учуп келди жаныма.
Ичине дептер катылган,
Китеп кап койду алдыма.

Бирден алып окусам,
Чотурбайдын колу экен.
Тайраң-туйраң эткизип,
Шашып жазган жолу экен.

Белгилерин санасам,
Жалаң «2», «3» экен.
Орус тилден катасы,
Калп айтпайын, жүз экен.

Башымды чайкап: «ай, айлап»,
Отуруп калдым шол жерде.
Уят,
Уят,
Уят деп,
Балапан учту мектепке.

*12/XI 1946, Чолпон-Ата*

## КИТЕПТИН ДУШМАНЫ

Ким китепти кирдетсе,
Китеп баркын билбесе,
Жулуп алып барагын,
Орой койсо бир нерсе:
Ал китептин душманы.

Ким китепти сүйбөсө,
Кадырына күйбөсө,

Чылым ороп шарт айрып,
Калжың-кулжуң сүйлөсө:
Ал китептин душманы.

Ким китепти кордосо,
Ырайымы болбосо,
Сүрөттөрүн уурдаса,
Уурдап көнгөн колдорчо:
Ал китептин душманы.

Бардыгынан ким жаман?
Китеп жырткан шум жаман.
Китепти сүйгөн балдардан,
Наалат алсын ал адам.
Ким китептин душманы?

*29/XI 1946,*
*Чолпон-Ата*

## БИРИНЧИ СЕНТЯБРЬ

Күлө карап барлык жак,
Келген кенже билимге.
Салам айтат куттуктап,
Сентябрдын бирине.

Кары билим жол ачат,
Кичинекей билимге.
Мектептердин баары аппак,
Сентябрдын биринде.

Так келе элек тил менен,
Таттуу билим алганы.
Биринчи келди мектепке,
Биринчи класс балдары.

Акыл менен окуткан,
Кулак салып апага,
Жети жашар Жеңишкан,
Жакшы олтурат партада.

*19/XI 1946, Чолпон-Ата*

## КИТЕПТИ СҮЙ

Китепти сүй, баркын бил,
Китептин көп акылы.
Ким китепке дос болсо,
Ал ошонун жакыны.

Сүттөй таза тилеги,
Деңиздей кең талабы.
Көктөй тунук акыйкат,
Анын ар бир барагы.

Таалайдын жолун көрсөтүп,
Чакырып турат келчи деп.
Арамдыктан тазалап,
Жакшылыкка ээрчитет.

Ошондуктан баркын бил,
Кирдебесин бир чети.
Сыя төгүп булгабай,
Жакшы сакта китепти.

*19/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## КУШТАР КЕТТИ

Чабалекей жакшы эле,
Жарышып чуркап ойносок.
Бүгүн келип карасак,
Уясы турат, өзү жок.

Кара чыйырчык жакшы эле,
Жарышып күлүп ойносок.
Кайда кеткен балдары,
Уясы калган, өзү жок.

Күз келгенде бардыгы,
Учуп кеткен алыска.
Кышкы кийми жок экен,
Болбойт экен калышка.

Сасык үпүп, күкүк жок,
Жакшы эле мында жүргөнү.
Кырк-кырк эткен асманда,
Кеткен турна үндөрү.

Бизден кеткен келгин куш,
Жакшы жерге консо экен.
Кайра бизге келгенче,
Аман-эсен болсо экен.

*19/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## БАК ТИГЕЛИ

Бак тигели, жүргүлө,
Биздин мектеп алдына.
Кең казалы арыгын,
Бирден күрөк алгыла.

Алма, өрүктүү бак өссө,
Биздин мектеп алдына,
Кубантар жазгы гүлдөрү:
Кызыл-тазыл, агына.

Арча, кайың, тал өссө,
Биздин мектеп багына,

Тазалык менен сулуулук,
Өзү келер жанына.

Сергип турар көңүлүң,
Жашыл тартса барлык жак.
Жарашык кирер жаштыкка,
Жайкалып турса жашыл бак.

Кыянат кылып сындырбай,
Жакшы баксак кадырлап,
Береке берер өмүргө,
Биздин колдон өнгөн бак.

*19/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## МУГАЛИМ

Билим менен көгөртүп,
Эстүү болсун деп тилеп:
Заманына жарашкан,
Жакшы балдар болсун деп.

Тарбия берип тазартып,
Ырыстуу болсун деп тилеп:
Өлкөсүнө жарашкан,
Өткүр балдар болсун деп.

Жазгы сонун гүлдөрдөй,
Кооздонтуп гүлдөтүп,
Ууз талдай буралтып,
Ак кайыңдай бүрдөтүп.

Маңдайынан нур төгүп,

Күлө карап турган ким?
Ал –
Эмгеги көп ушундай,
Биздин асыл мугалим.
Бизге тирек күч болуп,
Алдыбызда турган ким?
Ал –
Мээнети көп ушундай,
Биздин алтын мугалим.

*20/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

## ПИОНЕР КИМ?

Жаш жеткинчек пионер –
Комсомолдун бөбөгү.
Кичи пейил, тартиптүү,
Тазалыктын өрнөгү.

Жаш өспүрүм пионер –
Комсомолдун бөбөгү.
Сылык мүнөз, адептүү,
Жакшылыктын өрнөгү.

Жаман окуп мектепте,
Эне тилден «2» албайт.
Жооп айта албай жер карап,
Энесинен уялбайт.

Көңүл койбой сабакка,
Жат жазуудан «2» албайт.
Жооп айта албай жер карап,
Атасынан уялбайт.

Жок, пионер «2» албайт,
Пионер деп ушуну айт.
Ача салсаң дептерин:
Жалаң «4», «5» жаркырайт.

Ошондуктан пионер –
Комсомолдун бөбөгү.
Кайсы жерде болбосун,
Бардык иштин өрнөгү.

*20/XI 1948,*
*Чолпон-Ата*

# ПОЭМАЛАР

**КҮЛҮЙПА**

Жарышкан туш-тушунан туура суулар,
Жарашкан көлбүп ойноп өрдөк, куулар.
Сары өзөн, жумшак желдүү салкын сайда
Гүл жыттуу «Күмүш Булак» колхозу бар.

Дал ошол «Күмүш Булак» колхозунда,
Көп эмес, эки ай жүрдүм быйыл жайда.
Чын сүйүп, мажнун өңдүү ашык болдум,
Кара көз Күлүйпа аттуу сулуусуна.

Билгенге чын ашыклык сүрү кандай,
Мас кылган илебине даап бара албай,
Балача, сөз айтууга күчүм жетпей,
Бир күнү кат тапшырдым мына мындай:

«Таң нурум – таалай-бактым, Күлүйпажан!
Сен үчүн кайгы, капа, тарткан санаам,
Учалы, жүр алыска колуңду бер,
Сызалы жибек булут арасынан»...

Кыз маган кыйналбады жооп берүүдөн,
Чакырып алып чыкты үйдө жүрсөм.
«Мен бүгүн зор кубаныч, урмат менен
Алыстан жандан артык жанды күтөм.

Эгерде чын сүйгөнүң ырас болсо,
Үйгө жүр, тосушууга бирге кошо.
Шерттешкен үч жыл мурда теңим келет,
Эмне дейм, капа болбо, жообум ошо»…

Жер тиктеп көпкө турдум, айран калып,
Түбү жок ойго батып, кыялданып,
Так билдим, жаш жубайы келатканын
Согуштан бир жеринен жараланып.

От болуп, бирде ысып, бирде тоңуп,
Алсырап мас болгонсуп, кайра оңолуп,
Турдум да кыз үйүнө сапар алдым,
Калп эле этегимди каккан болуп.

Не бир көрк… кыздын үйү жасалгалуу,
Кызыл, көк жибек килем, кымбат баалуу…
Ким билет? Ата-энеге айтыла элек,
Аларда түшүнө албай таңыркануу…

Алыста… боз чаң чыгып зырылдаган,
Бир үндүү жылаажындар шыңгыраган.
Айылга кош ат чеккен кире келет,
Ичинде мас жигиттер ыр ырдаган.

Сыр билги, Күлүйпанын жеңелери,
Тандалып арасынан чеберлери.
Энени бери бөлүп ортого алып,
«Келаткан кызыңыздын жары» деди.

Бул курч сөз мындан мурда угулбаган,
Кыз сырын эне момун сурабаган.
Андыктан чагылгандай жарк-журк этип,
Кубаныч өтүп кетти көз алдынан.

Сезгендей элдин тобун келаткандар,
Бир даары башка айылдык чоочун балдар.
Кайсы деп Күлүйпанын үйүн сурайт,
«Бери тарт, мында!» деген ызы-чуулар...

Кош атты үй жанына чукул бурду,
Күтүнгөн улуу-кичүү курдаш курбу,
Кадырлуу жаш күйөөнү көрүү үчүн,
Чуркашып, жол талашып, текши умтулду.

Аңгыча эки жигит эки жактан
Аярлап жумшак кармап колтугунан,
Жигитти кыз үйүнө алып кирди,
Бул кезде келгендердин бардыгы таң.

Боз туман, уйгу-туйгу кар бороондоп,
Далайлар кайра кайтпас кандуу жолдон,
Азыркы келип турган жаш жигиттин
Катыгүн, эки көзү бирдей соолгон.

Кыз көрөт, бирок кызды жигит көрбөйт,
Өчкөн көз, гүл сыяктуу кайра өнбөйт.
Кандайдыр өз-өз ара күбүр-шыбыр
Барлыгы жер карашат, баш көтөрбөйт.

Ошондо жигит кургур кайрат жыйнап,
Кыз жакты көрбөсө да болжоп карап,
Сөз сүйлөйт, эл көңүлүн өзүнө алып,
Жай гана, шашпай гана мындайчалап:

«Күн элем, күлүп чыккан заманыма,
Мөмө элем, бышкан ырахат сабагында,
Кезинде башка түшкөн ажал үчүн,
Жан кыйып, мен айландым караңгыга...

Жаңылбай көзгө тийди душман огу,
Башкача кайгылуу экен көздүн жогу.
Күлүйпа, мына ошондо, кыйын кезде,
Баягы айтылган шерт ошондогу

Күтүүсүз, таттуу түштөй, түштү эсиме,
Өмүргө таамай карап берген шертке.
Соңку ирет сыналууга сага келдим,
Жүрөк даап, бара албадым ата-энеме.

Кимдер бар, мен көрө албайм, айланамды,
Таба албайм, сен кайдасың, жер караңгы.
Жооп бер, уят, намыс мындай турсун,
Ошентип, акыркы сөз сенде калды!»

Жаш жигит айтып болуп мына ушуну,
Жарынан эң кымбат сөз күтүп турду,
Эл жым-жырт бир далайга үнсүз, сөзсүз,
Бат күчөп, бат тараган толкун курдуу.

Күлүйпа жашын аарчып мөл-мөлт аккан,
Сезими кайра жанып таң калуудан.
Себеби: кызга келген кат ичинде –
Жигиттин көрбөстүгү айтылбаган.

Жарына күлө карап жакын туруп,
Муну айтты: мөл булактай үнү тунук.
«Экөөбүз жаңы гана кошуларда
Тилекти тагдыр бөлдү кылыч уруп.

Акыры жүз көрүүгө мезгил келди,
Ата Журт сүйгөнүмдү кайра берди.
Андыктан: уят эмес, айып эмес,
Сен өңдүү азаматтын кемтик жери!

Жашынып далдоо жерден чагып алган,
Күлө албас батыштагы чаар жылан;
Жообум бул: баштагыдан ысык сүйүп,
Душманды ыза кылып, өчүмдү алам.

Ырахмат! Майтарылбас тилегиңе,
Ушинтип мени унутпай келгениңе,
Уруксат бер, өмүрлүккө бир болууга,
Уруксат бер, жаным ата, жаным эне!»

Атасы эмне айтууга сөз таба албай,
Укмуштуу бул жорукка таң калгандай.
Көңүлүндө канткен менен кызын аяп,
Жигитке макул дешке ою барбай:

«Түшүнбөйм мен силерге, эмки балдар,
Кандайдыр бир башкача ачыксыңар,
Күлүйпа, сен аркылуу теңиңе айтам,
Чырагым, деги кандай өнөрүң бар?»

Бала анда: «Ырас башка биздин күндөр,
Адилдик жана чындык доорон сүрөр,
Чындыкты тааный билем, сүйө билем,
Менде жок андан башка эч бир өнөр...»

Бул кепке эне такыр түшүнө албай,
Балага көзү тойбой, кызын кыйбай,
Чалына: «Күлүйпаңды кой десеңчи,
Уятко эл алдында катыгүн ай»...

Атасы, кыз энесин сүрдүү карап,
«Сынай бил адам уулун, туура баалап,
Бул өңдүү чындык сүйгөн эр жигиттен,
Заманга кара кулак эр туулат!

Ыраазымын азыркы айткан ак сөзүңө,
Адилдик – тең эмеспи миң өнөргө!
Көп жаша, уулум, кызым, батам ушул,
Мен макул, жыргап, ойноп гүлдөгүлө!»

Келин-кыз муну укканда жөн турабы?
Урматтап, эки ашыкты ортого алды.
Ыр-ырдоо, бийлөө менен сайран түшүп,
Созулду эки күнгө той аягы...

Өзүмчө ойлой калып кээ бир маалда,
Таң калам, мен кат берген Күлүйпага:
Багынып эрк күчүнө кул болгонсуйм,
Колхоздун жөп-жөнөкөй бир кызына.

Бир күнү издеп таап кызды атайы,
«Катымды кайра бер дейм, – жаштык айбы»...
«Катыңыз көп эссиздин бир каты деп,
Бек жерге катып койдум» деп жылмайды.

Жарышкан туш-тушунан туура суулар,
Жарашкан көлбүп ойноп, өрдөк-куулар,
Сары өзөн, жумшак желдүү салкын сайда
Гүл жытуу «Күмүш Булак» колхозу бар.

Дал ошол «Күмүш Булак» колхозунда,
Көп эмес, эки ай жүрдүм быйыл жайда,
Чын сүйүп мажнун өңдүү ашык болдум,
Кара көз, Күлүйпа аттуу сулуусуна...

*16/XII 1944,*
*Койсары*

## МАЙДЫН ТҮНҮ

Ар башка ар адамда ар кыл кыял,
Бирөө куу, бирөө момун, бирөө кыяр.
Бирөө март, бирөө шайыр, дагы бирөө
Кызганчаак, аялына жүрөгү тар.
Мына ушул көп мүнөздүн эң соңкусун
Май түнү К. айлынан көргөнүм бар.

Жакшы кез... эл-журт түгөл, согуш жок кез...
О, ал күн, кайра айланып кайтса экен тез!
Жактырып Баян жигит Бүбүш кызды,
Бир болгон гүл бакчада эртели-кеч.
Ошентип, таттуу турмуш курган менен
Негедир Бүбүшкө эри ишенчү эмес.

Эмне үчүн? Түшүнө албайм, оюм туман,
Жайдары шаракташып көп боз улан.
Майрамдап үйлөрүнө келип калса,
Күйөөсү терс тиктөөчү жер алдынан.
Тек ишке неге мынча күнүлөйт деп,
Бүбүшжан бүлк-бүлк этип күлө турган.

Жыл учту, айлар акты, жазгы суудай,
Калкылдап канат каккан ак куулардай.
Кан күйгөн Ата Журттун чоң күнүнө
Багжаңдап Баян кетти мылтык кармай...
Журт сактоо, эл коргоону сүйүү менен
Ишенбей Бүбүшүнө зарлай... зарлай....

Бүркүттөй мыкчый кармай ажалдарды,
Өлтүрүп, өпкөгө тээп, тажаалдарды,
Ал жакта «кыргыз» деген атын актап,
Эр Манас бабасынча кармаша алды.

Айсыз түн, көктө жылдыз толгон маалда,
Чабуулда оң бутунан жараланды...

Козголбой үч ай жатты госпиталда,
Укмуштуу эң бир сонун чоң шаарда.
Өзүнүн бир боорундай алпештеген
Ак кыздар оң жагында, сол жагында.
Бир күнү күтүлбөгөн кабар келди,
Айлыңа жөнөйсүң деп эртең таңда.

Баяндын санаасы ырбап, тынчы кетти,
Алыста тууган элин элестетти.
Андан соң... Бүбүш жары келе түшүп,
Зырп этип жүрөк учу тыз-тыз этти.
Жан эркем кантип жүрөт болду экен деп,
Оюнун токтоор жерин минтип чечти.

«Кат алдым, мен да жаздым улам-улам,
Ыр тиздим уйкаштырып курам-курам,
Барам деп, же барбайм деп белги айтпаймын,
Себеби: майып буттан үмүт кылгам,
Күтүп ал, тосуп ал деп кабар бербей,
Түн менен аңдып барып, карап турам...»

Бул кызык... кайталанбас бир гана учур,
Асыл жар же кирдүүдүр, же тунуктур.
Эмесе, ачыктыгын билүү үчүн
Чалмасын арам ойдун таамайлап ур!
«Ичиң тар, арамзасың, алтыным» деп,
Жаш төгүп жалынчу эле Бүбүш кургур»...

Жел тынып, түн термелип ак таң атты,
Таң менен күн ойгонуп, нур таратты...
Баяндар машинадан түшөр замат,
Вокзалдын коңгуроосун эки какты.

Алдейлеп, жараланган баатырларды,
Күркүрөп күлүк поезд бара жатты.

Жол узак... вагон ичи бака-шака,
Чолпондой жаш өспүрүм, теңтуш бала.
Көргөнүн бир бирине маек кылып,
Далайы оор жара, жеңил жара...
Туп-туура тогузунчу күн дегенде
Кеч кире келип түштү Фрунзеге.

Эртеси даңгыраган чоң кара жол,
Автобус зуу-зуу учат, тынбай оң-сол.
Бууданды тосуп туруп минген курдуу,
Бул жерде, тигил жерде, сунулган кол.
Жаңы эле Боом куйрук үзгөн кезде,
Көйкөлүп кең Ысык-Көл көрүндү ошол.

Эх, жер ай... жерин эри сагынганбы?..
Бошоңдоп анын муун тамырлары,
Кайран көл, эне жыттуу жер эмеспи,
Көзүнөн эки-үч тамчы жашы тамды.
Бах, десең... антпегенде, анан кантет?
Көл чиркин анын жаны, анын багы.

Көңүлү шат Баян бүгүн кеме ичинде,
Толкун жок... жумшак жылжып, илке, илке.
Ой-ойлойт, көзүн жумат, өмүр учат,
Кээде чоң, кээде болуп кип-кичине.
Мына эми, туулуп өскөн айлын көрдү
Май түнү айдын туура он бешинде.

Пароход кайра жылды кош! – деп эми,
Жаш келгин ылдам түшүп кала берди.
Жаңылбайм, үч чакырымдан алыс эмес,
Жер тарап, дүкүйгөн бак тээ-тетиги.

Кантсе да киндик кесип, кирин жууган
Баяндын маркабаттуу бир боор жери.

Урматтап жарга урунуп, көл шарпылдайт,
Ак чабак, айга атылып, түн жаркылдайт.
Кайдадыр, көз жетпеген тереңдикте,
Канатын көлгө ургулап, каз каркылдайт.
Табият көк менен көл ортосунда
Өзүнчө селкинчек тээп, күлөт... ырдайт.

Ах, кандай, ырахатка бай майдын түнү,
Ак, кызыл, жашыл, сары түркүн гүлү.
Акынды өз көркүнө ашык кылып,
Сайраган сан кубулткан булбул үнү.
Баян дос үйү алдына келип турду,
Ушундай эң бактылуу жакшы күнү.

Айыл тынч, эч былк этпейт, кыймылдабайт,
«Ай, ач!» деп, дабыштоого оозу барбайт.
Өз үйү, өз короосу, өз чарбагы,
Бирок ал, буларды анча көзүнө албайт.
Энтигип, терезеге кол калкалап,
Үй ичин, Бүбүш жарын шектүү карайт.

...караса, созулуңку жары жатат,
Ай тийип, ак жүзүнө болуп аппак,
О, шумдук!.. Баян азыр муну көрөт:
Оң колун Бүбүшжанга арта таштап,
Мемирейт ашыклыктын илебине
Кер мурут, кең далылуу бир азамат...

Өңү өчүп, көтөрө албай бул укмушту,
Калтырап, каны кайнап, жүрөгү учту.
Кийикке тырмак салган жолборс курдуу,
Тез жетип, жез тутканы катуу булкту!

Ачылып, тааныш начар каалгасы
Көзүнөн от чачырап тиктеп турду.

Не кылат мындай кезде кандай айла?
Кол барбайт Отеллочо муунтууга,
Эрки бош Тегерандын бозою эмес,
Сүйүүнүн намысы үчүн уу жутууга.
Бул жигит күнөөнү түк кечпей турган
Сабырлуу, бирок кекчил кыргыз бала.

«Заман март, не десең бар, бер деп кол сун,
Азаттык мансабынан, күндөн чоңсуң...
Андыктан, бир-биринин көңүлүн сыйлап,
Жаш-кары жыргалчылык балын сорсун...
Ак күнүн эрте булгап, кара кылган
Эси жок Бүбүштөрдүн жолу болсун».

Деп ойлоп, Баян жигит демин алды,
Калп сүйүү, калп күлкүгө кол булгады.
Бирок ал, кан ичинде чарчоо билбей,
Үйүндө чарчаганга ызаланды.
Май түнүн жары ордуна эркелетип,
Акырын, коңур жумшак ыр ырдады:

«Сен элең, жандан кымбат ай жамалым,
Жаңылбай, жакшы тандап сүйгөн жарым.
Сен элең, бай колхоздун бакчасынан
Өлбөстүн суусун берген махабатым.
Алыстан азып келген жолоочуга
Бир ууртам суу берүүгө жарабадың»...

Ырды угуп, ыргып турду сулуу Бүбүш,
Чүрөктөй сымбаты артык, бою күмүш,
Бер жакта Баян турат күлүмсүрөп,
Ишенбейт... уйкулуу көз, көргөндөй түш.

Тааныды, күйөөсү экен... өбөт, ыйлайт...
Бирок ал боюн тартат, анткор күлүш.

Түшүнбөйт, Бүбүш буга, таң калгандай,
Жалынат, жароокерсип жаны калбай.
Кучактайт, сүйөт, кысат, жыттайт, ыйлайт,
Эң таттуу сөздөрдү айтып жаш баладай.
Унчукпайт, Баян көзү канга толот,
Кер мурут азаматты карай, карай:

«Кой Бүбүш, жалган ыйлап, жалган күлбө,
Бар болсо, кылдай чындык жүрөгүңдө.
Дүйнөгө бир келүү бар, ак жашоо бар,
Экөө эмес, таза сүйүү жалгыз бирөө!
Уят жок, сенде бет жок, жарың экөө,
Бирөө мен, бирөө менин төшөгүмдө!»

Жаш Бүбүш байкоо бербей, күлөт ха... ха...
«Таарынба, койчу алтыным, жок кепти айтпа!»
Ачуулуу Баян анда ого бетер,
«Таарынба!» бу кандайча таарынбаска?!
Бүбүшжан: «Баян келди, амандаш» дейт,
Баягы уктап жаткан азаматка.

Ал жигит калдаң-кулдаң тура калып,
«Я... я»... лап, бүтүк көзүн жумуп, ачып
«Аманбы, кагылайын абаке?» – деп,
Умтулат, алп көкүрөк койнун жазып,
«Тарт ары, менин сендей иним жок!» деп,
Чегинет Баян боюн ала качып.

Кер мурут чоң каккы жеп, абдан сынып,
Баяндын кыялынан эси чыгып,
«Абаке, иниңмин деп айткан ким бар?
Деги, айтор, жакыныңмын иши кылып,

Кандайча тааныбайсың»... деген кезде,
Бүбүшжан кыт-кыт күлөт бетин чымчып:

«А... кокуй, катаны эми билбедимби,
Карачы күзгүдөн өз ирецинди,
Сен Баян, жан урматым, менин бактым,
Байкабай эркекпи деп ишендиңби?
Көнүлүңдү ач... бул бир жаш кыз, сага тааныш,
Сеники үстүндөгү кийген кийми».

«Менде айып, байкабаган, абакежан,
Колхоздо чоң той болуп, эң кеч кайткам.
Чарчоодон жана катуу иш кылуудан
Жуунбай ошол бойдон жатып калгам...
Кел аба, кайра баштап көрүшөм» дейт,
Караса тракторист чоң Батмажан.

Бул кезде жаш Баянды шаттык басат,
Ааламга сыйбоочудай, толкуйт, ташат.
Жоготкон жогун тапкан бактылуудай,
Жалжалын кубанычтуу өбөт, шашат.
Сүйүүдөй таза, таттуу, май түнүндө
Бул үчөө алмак-салмак кучакташат.

Сагыныч бир азыраак тараган соң,
Батмадан Баян сурайт, мунусу оң,
– «Эмне үчүн сен эркекче кийиндиң?» дейт.
Батма айтат: «Сага арнашып оюн койгон,
Оюнда жигит ролу кемчил болуп,
Анан мен арга жоктон эркек болгом»...

«Кандайча мага арналган?» дейт жаш Баян,
Батма анда: «Кабар келди Москвадан,
Ата Журт орденинин биринчиси,
Бозоев Баянга деп так жазылган».

Кубаныч кайра басып бул үчөөнү
Өбүшөт, кучакташат, улам-улам.

Май түнү көзүн жумат, уяң карап,
Атар таң коңгуроосун шыңгыр кагат.
«Коем деп ишенбестик адатымды»...
Жаш Баян каталыгын мойнуна алат,
Ушинтип, нечен түрлүү сыноо алдында
Кымбаттуу кызык күндөр өтүп жатат.

Ошентсин, өтсүн күндөр чебер, кылдат,
Заманга адамдык парз, эмгек кылмак.
Жөн гана биздин күндүн бир адамы
Каарман Баянга даңк, Баянга урмат!
Себеби: Ата Журтун сүйө билди,
Ата Журт бардыгынан таттуу-кымбат!

Урматтап, жарга урунуп көл шарпылдайт,
Ак чабак айга атылып, түн жаркылдайт,
Кайдадыр көз жетпеген тереңдикте
Канатын көлгө ургулап, каз каркылдайт...
Табият көк менен көл ортосунда
Өзүнчө селкинчек тээп, күлөт, ырдайт...

*2/I 1945,*
*Койсары*

## КИМ БОЛДУ ЭКЕН?

Жери асыл, ар жыл сайын түшүмдүү жыл,
Түзү, ою текши буудай, баары бир кыл.
Тагдырдын кырсыгынан сактап калчу
Суусу бар, тынбай аккан шылдыр-шылдыр...
Кечке жуук май жыттанган тамдар менен
Орногон тоо алдына биздин айыл.

Айылда бир жаш кыз бар гүлдөй болгон.
Сыналып бойго жетип, сынга толгон.
Жакшы өңдүү, күлүк аттуу далайларга
Кашкайып өйдө карап күлбөй койгон.
Аялдар Сонун атын тетир тергеп,
Аталган Күлбөс делип ошол бойдон.

Жана да Бактыбек деп ардакталган,
Момун бар, кой оозунан чөп албаган.
Көп жерден көңүлү калган жеңелери:
«И байкуш барк албас»... деп шылдыңдаган
Балдар да, карылар да ушуну айтат,
Бирок, ал анын баарын барк албаган.

Жаман көп, асыл да көп эл билбеген...
Баркалбас Күлбөс кызды сүйгөн белем?
Сөз айтпай, кызды алдыртан тиктей берип,

Үшкүрүп улам кайра кире берген.
«Сен эмес, сельсоветке жок деп койдум»...
Деген соң катуу басып чыгып кеткен.

Ошондон бир жумача мезгил өтпөй,
Дүр эткен, зор Ата Журт күйгөн өрттөй,
Толкуган жер көтөргүс ыза менен
Кеч күздө долуланган Ысык-Көлдөй.
Бириндей – көп уулунун, кең замандын
Аттанган Баркалбас да жоону көздөй.

Ага-ини, дос-тууганы, жолдоштору
Мындагы «Көк-Бел» аттуу колхоздогу,
«Э оён, кыйратарсың»... деп күлүшүп,
«Аман бол, кайран Бакем» дешкен болду.
Турмуштун арзан баалуу бир затындай
Эч кимге билинген жок анын жогу...

Билбесин... бирок муңдуу, дарттуу асман,
Заман да сабыры суз, өңдөн азган.
Ажалдын айбаалы окшоп танкелери
Калдаңдап улам бери, жакын баскан,
Маскөөнү дүрбү менен даана көрүп,
Немецтер санын сабап ха... халашкан.

Тынч уйку, таттуу тамак келбей эске,
Тирешип, күч салышып, таңдан кечке.
Атанын намыска бек шер балдары
Эл үчүн курман болуп эрегиште:
Өлүмдүн кылдан ничке таразасы
Кылтылдап орто ченде турган кезде:

Адашпай кара туман, жаман түндөн,
Жигиттер улуу жолдо, шаңдуу жүргөн.
Фашисттин ажыдаарын белден кесип,

Жоо колун кыргынга алып кайра сүргөн.
Айнегин оңдоп кийип басып кеткен
Төрөлөр «не болот»... деп кулак түргөн.

Таанылып мына ошондо ата журтка,
Жазылып эң ардактуу сыймыгына.
Такшалып, катуу багыт, кандуу жолдо,
Урматтуу жаңы аталган «гвардия»....
Атагы дүйнө жарып, ааламды экчеп-
Дүңк эткен сегизинчи дивизия!

Өлкөнүн бир кенже уулу Кыргызстан
Мактанып, күлүмсүрөп күн чыгыштан,
Андагы баатырларга рахмат айтып,
Кары-жаш кат жазышып, ар бир туштан.
Жүктөлүп катары узун вагондорго
Эң кымбат, тартуу, белек кетип жаткан.

Ал элден Күлбөс кыз да четте калбай,
Жаш кездин көкүрөктөгү оту кандай,
Белгисиз көп эрлердин бирине арнап.
Жиберди: сүрсүгөн эт, бал, сары май,
Жана да, сонун жибек жоолук салды,
Эт жүрөк мас болорлук, карай-карай...

Жоолуктун жазуусу бар, саймасы алтын,
Кармаса колго кубат, бетке салкын:
«Суранам: менин ушул сыйлыгымды
Баатырдын чын азамат баатыры алсын,
Эгерде жүрөгүнө ылайык келсе,
Болочок өмүр оту бирге жансын»...

...Штабда бир зарыл иш талкууланып,
Ал бүтүп, эр генерал ээн калып,
Көзүнөн жаш чыкканча жыргап күлгөн,

Панфилов жоолукту улам эстеп алып...
Чакырткан Осмонбеков тез келсин деп,
Ошого кыз жоолугу ылайыкталып.

Ал келип, ызат кылып тура калган,
Панфилов алкыш төгүп кабагынан.
«Кечээки эрдигиңе урмат ушул,
Болууга мындан өткүр, чындап кыраан»
Жаш кабылан күмүш көлдөн суу ичкендей
Жанына жан кошкондой жагалданган.

Кубанып, сүрдөгөнсүп, ашыккансып,
Караса бери келип, жоолукту ачып,
«Баатырдын баатырына» деп сайылган.
Жана да адреси бар айдан ачык...
Жаштыктын көйрөң каны сапырылат
Күчүнө жерди ийилтип көктү чапчып.

Окуйт да: «Кайыңды» айлы...
«Көк-Бел» колхоз...
Шумдук ай, бул кандайча колхозу окшош?...
Айылы да... менин айылым... району да...
Бакыттын болгонубу, мага жолдош?
Бул кайсы Асанова?... аты Сонун?...
Атыр жыт жоолугундай, аты да кооз?»...

Кыюулап тегерегин ак жибектен,
Майдалап чын сүйүүнүн шертин чеккен,
Көрүнбөс эң бир чебер касиети бар,
Алыста жигит көңлүн элжиреткен.
Бул суроо азаматка түшүнүксүз:
«Бул өзү ким болду экен?... ким болду экен?..»

Ал эми сүйлөп турган ушул сөздү,
Эң жаккан командирге күч-мүнөзү,

Майдандын кыйын-татаал жүгүн тарткан,
Чымыр бой, жазы маңдай, сүрдүү көзү,
Күлбөс кыз, бир убактарда сүйбөй койгон
Баягы Баркалбастын таамай өзү.

Ары ойлоп... мындай ойлоп, жанып, тердеп...
Ыр менен жооп жазды эптеп-септеп,
«Эң назик, сиздин жылуу сыйыңызга,
Милдетим, чоң өч алып жооп бермек.
Барамын аман болсом, күткүн секет»...
Кол койду «Осмонбеков Бактыбек» деп.

Күлбөс кыз эч нерседен кабары жок,
Бир күнү, эң кеч кайткан, кызылча отоп.
Почтобай: «бул сизге» деп бир кат сунат,
Шашылып чаап баратып, чукул токтоп,
Тык этип, эсине эми түшө калды,
Ай-айлап күтүп жүргөн ардактуу жооп.

Олтуруп катты окуса, дал ошондой,
Чын эле өзү самап ойлогондой.
«Мен барам, күткүн секет», деген сөздү
Кайталап он сыйра окуйт, көзү тойбой,
«Бактыбек?... кулагыма жакшы угулат,
Чиркин-ай, ким болду экен?» – деген бир ой...

Ошентип, бир жарым жыл өттү арадан
Кылымдын кийген кийими дагы эле кан,
Согуштун өлүк жегич элестери
Түшө элек, таш дөңгөлөк арабадан...
Бир тарап, далай чоочун дарбаза ачып,
Варшава... Будапештке барып калган.

Согуштун согуш деген аты катуу,
Кайгылуу, коркунучтуу, жаман аттуу.

Белгилүү, эки түрлүү тагдыры бар:
Окко учуп, жер кучактап, өлүп жатуу.
Же сөзсүз, алты сандын бирин берип,
Түк жанбас ачуу менен кайра кайтуу.

Бирок ал, эң адилет, ардактуу өлүм,
Эл сыйлайт, жер урматтайт жаткан көрүн,
Биз – бүтүп, жаңы эл өскөн, жаш доорлор,
Урматтат, таап алып алтын сөөгүн,
Кор болбой түбөлүккө аман турат,
Чүй, Алай, зор Тянь-Шаным, Ысык-Көлүм,

Баркалбас жараланып төртүнчү ирет,
Төрт жолу жыгылганын жакшы билет.
Бул жолу он бир айча жатып калды,
Шонтсе да тажаал немец канын тилеп,
Бул жактан, өз айлына узатышты,
«Жок, укпайм, арзыңды кой, жөнөгүн?» деп,

Кышкы убак, аккуу түстүү жердин үстү,
Үйүнө эл жатарда келип түштү.
Жыйналып чала уйкулуу кемпир-чалдар
Чай коюп, нан бышырып, бүлүнүштү.
«Буту аксак, сол колу жок, арык» дешип,
Кемпирлер жашын арчып, үшкүрүштү.

Бах, чиркин, кыштын күнү айыл кандай,
Бозосу дөөнү алкымдап жыга ургандай.
Сүр, чучук, муздай кашка жал-жаясы,
Түпкүрдө дарт атасын сууругандай.
Баркалбас эки аптада тура келди
Энеден экинчи ирет туулгандай?

Тоё жеп түндөгү эттин калгандарын,
Токунуп жеңил аяк тор кунанын,

Күлбөстүн үйүн карай келе жатты,
Белендеп айтар сөздүн агымдарын.
Тоотпой, чып эттире бетке чаап,
Чыкыроон, темир аяз кар бувагын.

Баркалбас дабыш берип үстүн кагат,
Күлбөс кыз жылуу-жумшак кабыл алат.
Төр жакта чылым күлүн чертип коюп,
Атайы көрбөгөнсүп кытмыр карап.
Кызыл бет сельсоветтин секретары
Чыйтайып кош жаздыкты чыкканактап:

«Ээ, баатыр, жол болсун»... дейт, өйдө турбай,
Беркинин сыпайы айткан жообун укпай:
Өзүнчө: «ким болду экен?» деп күңк этет,
Тамшанып, кыздан сурап эки-үч курдай.
Кыз аган: «мендеги сыр, мына ушундай,
Коюңуз, текке элирип, текке умтулбай...

Антым ак, убадам бир, күтөм... күтөм...
Айныбайм, үмүт үзбөйм, чыдайм, түтөм,
Жаштыктын салкын, чалкар мухитинде
Жеткирбей чабак урам, ойноймн, сүзөм.
Эгерде: кайтпай калса... тоо гүлүндөй
Өзүмдүн сабагымда соолуп бүтөм»...

Баркалбас күтүп туруп өз кезегин:
«Күкүшжан, сенин калбайт кесирлериң,
Эми да, тынч кезде да: «жок, сүйбөйм» деп,
Томсорттуң жигиттердин нечендерин.
Какканың унутулбайт, баягыда
Ошонун кегин кууп, сага келдим.

Айтайын, андай болсо муну угуп ал,
Жазмыштын мага дагы жазганы бар.

Болжолдойм, көрө элекмин, бир бото көз,?
Элестейт, карагансып мени жал-жал.
Эң назик... сага окшогон орой эмес,
Жүзү ачык, сөздөрү алтын, тили кант-бал.

Жана да сага окшогон күлбөс да эмес,
Ал күлөт... күлбөс ишке, күлө бербес...
«Кайыңды»... «Арчалынын» жайлоосундай,
Өмүргө кызык сүрөт, кымбат элес.
Ал кызга өзүң менен баруу үчүн,
Ушинтип келип турмун, салып кеңеш»...

Кандайдыр, көңүлү жылып, кыз жылмаят,
«Ах, кандай, Баке, сенин жүрөгүң ак,
Атайы мага ишенип келгениңе –
Милдетим, жолдоштукка кызмат кылмак,
Баралы... үйү кайда? Кыз аты ким?
Жарыңды билүү кызык: сүйлө бол бат».

Сага окшоп билсем деген, тилек менде
Деп Бакең чай чынысын коёт жерге:
«Ия, Күкүш... мен укпаган, мен көрбөгөн,
Айылда Сонун аттуу кыз бар беле?
Дал ошол акылдуу кыз тарабынан
Командир жакшы белек берген эле».

Күлбөс кыз жүрөгүнө бал куйгандай,
Толкундап өзүн өзү токтото албай,
«Жок, жалган, жалган! Жалган! Андай эмес,
Сөзүңдүн ырасын айт, кур мактанбай!
Сен эмне... журтка атыккан баатыр белең?
Колунан командирдин байге алгандай?

Кой, Баке, мени ишентпейт андай дешиң,
Эрдиктин урматына тең эмессиң!

Кимдендир сурап билген амалыңа
Ишенчү жеңил кыял мен эмесмин.
Үмүт үз! Азыр да айтар жообум ушул,
Мен күнү, мен бактысы Бактыбектин!»...

Баркалбас: «Бактыбектин?» деп таңыркап,
«Эмне үчүн, бул мынчалык туталанат?»
Ишенбейм... жалган... бекер мактанбагын...
Аябай намыстанат, ызаланат.
Андыктан, жомоктой көп окуянын
Бир-экөөн айтпай кантип чыдай алат?

«Күн суук. Н... суусунун боюндабыз,
Жарылып дүңк-дүңк эткен сүрлүү дабыш...
Мен солдат артиллерия бөлүгүндө
Карасам көз жиберип алыс, алыс.
Душмандын көп танкасы келе жатат,
Зымырап бизди көздөй күүлөп арыш.

Командир буйрук берет, бизге мындай:
«Аткыла, орто жерин болжоп таамай,
Чачкыла, танке тобун тараткыла!»
Биз куп деп атуудабыз ал айткандай.
Аңгыча, буйтап чыгып алтоо, жетөө,
Ажылдап сала берди бизди карай.

Чынында бул болот деп күтүлбөгөн
Куу немец, биздин кылдат жайды көргөн!
Ушинтип, жандан артык зор замбирек
Атылды! Жерди бузуп, дүңгүрөгөн.
Билебиз, аны тосчуу тоскоол да жок,
Кумсарып, ачуу кайнап, кеттик өңдөн.

Бул кезде жүз кадамдай чуркап келип,
Чуңкурга жата калдым беленденип.

Бир танке кулач жетер жакындыкка,
Эпкиндеп тырмак салат ойду эңшерип,
Үч-төрттөн боо-боо болгон гранатымды
Ыргыттым, как маңдайга берип... берип...

Жумшалып, аз калганда бел кылганым,
Мен көрөм, үч танканын жалындарын.
Көркоонун төртүнчүсүн тооруй жылып,
Ошондо эң соңкусун колума алдым...
Жаш жаным сени менен кошо өчсүн деп,
Бек кысып танка жолуна жата калдым.

Бирок ал, төртүнчүсү басат десем,
Көргөн жок, шарт бурулду ошол жерден,
Корккондой тиги үчөөнүн тагдырынан
Чегинип караан үзүп эрбең-эрбең,
Ага ээрчип башкасы да качып берди
Бүт бойдон үйрү менен, тобу менен.

Генерал: «Сенин мунуң эрдик деди,
Колумду катуу кысып, муну берди»...
Деп Бакең боз шинелин ачкан кезде,
Төшүндө жарк-журк этти ордендери.
Күлбөс кыз, мас болгондой туруп калып,
«Сельсовет»... оозу ачылып элеңдеди.

Баркалбас анан минтти сөзүн улап,
«Түгөнбөйт айта берсем, эң көп узак...
Эрдиктин да бирине жоолукту алдым,
Мынакей бүгүнкүдөй жыт буркурап.
Күкүшжан, ишендиңби? Жүр баралы,
Бол кийин... отурбайлы, күн бир убак»...

Күлбөс кыз: Жарайт, Баке... маакул... жакшы...
Окугам, Сонун кызга келген катты.

Ал катта, жигит аты сага окшобойт,
Андыктан бузулбасын, кыздын анты...»
«Бактыбек өз атым, – деп күлүмсүрөйт, –
Баркалбас келиндердин койгон аты».

Анда кыз: «Ак бозорот, кызыл оңот,
Бир гана жаштык үмүт бекем болот,
Мен Сонун! Күлбөс дешип эл аташат,
Ойнотсун! Адил заман бактыга ороп»...
Ошентип Бактыбектин кучагында
Сонун кыз, миң буралып, миң толгонот.

Ичигин чала кийип, карбаластап,
Делдейген боз калпагын унут таштап,
Уялып... уятына чыдай албай
Акырын артка жылып чыга баштап...
Сельсовет көчө учунда чаап барат
Кашка атын олбуй, солбуй сабап шак-шак...

Жат, термел, бир аз эс ал, укта жаштык,
Алдыңда жибек шейшеп, жумшак жаздык,
Деп күлүп, тоюн тойлоп тиги экөөнүн,
Сыйына чын көңүлдөн ыракмат айттык.
Буркурап арак, бозо, эт жыттанып,
Шаттанып, колтукташып ырдап кайттык.

Күлбөс кыз, күлгөндө да шаңк-шаңк күлөт,
Чынардай, адам жеткис, бийик бүрдөп.
Бактылуу Бактыбектин каршы алдынан
Өтө албайт мен-менсинген жигит сүрдөп.
Замана, жаш өлбөсүн, жаш көгөрсүн,
Таалай бер, келечегин гүлдөнт, түрлөнт.

*10/I 1945,*
*Койсары*

## МАХАБАТ

Калаага бир иш менен шашып бардык,
Кайтарда көп таза пул сатып алдык.
Ат жүрбөй, карааны алыс айлыбызга
Жете албай Күрмөнтүгө конуп калдык.

Конгон үй эң бир таза, кенен экен,
Мейманга аш-тамагы белен экен.
Үй ээси сакалынан ырыс тамган
Ак көңүл Сагдат аке деген экен.

Каттама, мамиле чай, шекер, каймак,
Тамактын ар түркүмү бирден жайнап.
Насиптин буйругуна айла барбы,
Казанда сүрсүгөн эт бүлк-бүлк кайнап.

Чарчабай бир жаш улан кесе сунган,
Тартынбай канганча ичип бозосунан,
Оолжуп орто кызып алган кезде,
Муну уктук карыянын өз оозунан:

«Ээ, балам, айланайын Алыкулум,
Сүйлөйүн жаңы кептен элден мурун...
Башкача ачык өсүп бара жатат,
Азыркы жаш өспүрүм, жаңы муун.

Эстүү кыз Күлшайы аттуу биздин жээн,
Касымга ашыклыгын билдирбеген,
Ашыгы кан майданга жөнөгөндө
Ичинен бакыт тилеп жаш ирмеген.

Анысын Касым бала сезген да эмес,
Беттешип эки ооз сөзгө келген да эмес.
Махаббат ошондой бир ылдам нерсе,
Күтүүсүз жарк этери эске келбес.

Жигиттен туура эки жыл дайын чыкпай,
Жаш үмүт күтө... күтө жайдыр-кыштай,
Өңү өчүп күзгү гүлдөй болуп калды
Күлшайы, буралган кыз тал чыбыктай.

Ашыклык махаббаттын зардабынан,
Саргарып санаа тартып, ажарлуу ыраң,
Сүйүүнүн чындап күйгөн күйүтүнөн,
Таптакыр эки көзү соолуп калган.

Бир күнү, күз айында, кечке таман,
Ок тийип эки аяктан ажыраган.
Касымжан кайтты деген кабар келди
Айылга көңүл ачык, эсен-аман.

Чакырат күндө бирөө, Касым барат,
Ошентип сагынышкан чери тарап,
Кез келип биздикине мейман болуп
Олтурду ойноп-күлүп тамашалап.

Шол замат көрбөй басып, басар жерди,
Күлшайы үстүбүзгө кирип келди:
«Аманбы, Касым курдаш, уруксат болсо,
Бир суроо суроо үчүн келдим,» – деди.

Жаш жигит даана тиктеп, таң калгандай,
Сураңыз, эгер болсом – чече алгандай,
Кыз анда: «Махаббат дейт, ашыклык дейт,
Мааниси ушул сөздүн, курдаш, кандай?»…

Касымжан берер жообун белендеди,
Канжарын белиндеги кемердеги,
Тез гана шып эттире суурул алып:
«Кылда учун бул канжардын карма» деди….

Кыз ойлоп «канжарынан кандай ийги?»…
Сунду эле ак колуна учу тийди,
Мизинин ошончолук ысыгынан
Бир минут чыдай албай таштап ийди.

«Карындаш, деди жигит – аңдап алгын,
Махаббат мына ушундай ысык жалын,
Мен сүйдүм мекенимди, ата журтту,
Ошого бердим сүйүү ынак канын…»

Кыз анда: «Камчың болсо мага сунчу»
Касымжан камчы алууга өйдө умтулду,
Берди эле, кыз уч жагын кармап бир аз,
Жигитке: «Карма, – деди мына муну»…

Ал анда: «Камчысынан кандай ийги?
Кармады, камчы учуна колу тийди,
Кыз колу, тийген жердин ысыгынан
Бир минут чыдай албай таштап ийди».

Кыз айтты: «Касым курдаш, аңдап алгын,
Махаббат мына ушундай ысык жалын…
Мен сүйдүм, сени сүйдүм, таза сүйдүм,
Сүйүүнүн сага бердим ынак канын».

Касымжан мени тиктейт, толкуп, кеңип,
Биз анда экөөң бирдей жүргүн дедик.
Той жасап, туш-тараптан эл чакырып,
Экөөнүн өмүрүнө алкыш бердик.

Ой, бали ай, ашыклыктын ана күчү!
Кырк күндөн, кырк бирине оогон түнү,
Уялтып биздин көздү жалжылдаган
Күлшайга эки кара кой көз бүттү.

Ой, бали, махабаттаттын ана күчү!
Кырк күндөн, кырк бирине оогон түнү,
Мекенди жана жарды сүйүү эркинен
Касымга кайра жаңы аяк бүттү»...

Биз конгон ошол күндүн таң эртеси,
Үйлөрү тетиги ойдо, баргын дешти.
Сүйлөштүк Күлшайы тың саанчы экен,
Касымжан шол колхоздун уй фермасы.

*11/III 1945,*
*Койсары*

## ЖЕҢИШБЕК

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырлуу мындай жолдош күткөн жокмун.

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун.
Турмушта канча курдаш күтсөм дагы,
Бир кыял мындай курдаш күткөн жокмун.

Ысык-Көл Ата Журттун күчүн сынап,
Өзүнчө өйдө-төмөн жүрүш кылат.
Күчү ошол, күйбөй турган суу болсо да
Көк түтүн, ала буурул жалын чыгат.

Эл тынчып, журт кеңиген күнгө эркелеп,
Күйөөлөп, тынч өмүргө кызын берет.
Толтуруп жер сагынган уулдарын,
Көл менен көздөн учкан кеме келет.

Анткени, ар бир жандын күткөнү бар,
Ашык жар, тааныш, тууган, ини-агалар.
Адамзат көзү барда көп байкалбай.
Жок болсо «кайран ай» деп сагындырар.

Бул жерде эне-аталар, жаш-карылар,
Түрлүү түс, түрлүү улуттун барлыгы бар.
Адамзат тирүү жүрсөң көңүлгө албай,
Жок болсоң, аттиң ай деп, арман кылар.

Эл түшөт, кеме токтойт, аркан салып,
Азоодой тизгин бербей, албууттанып.
Бирөөлөр: «абакебай», «байке» десе,
Бирөөлөр: «кулунум» дейт жашы тамып.

Бах, кандай бейпил күндүн берекети!
Тууган жер: түбү чалкар кең эмеспи,
Ушинтип кайра жанат жакшылыкка,
Кечеги кайгы-зардын кенемтеси.

Жөөлөр көп, арабачан-кээлери атчан,
Ар туштан кубанычтын суулары аккан.
Турмуштун жарык шамдуу шаарын карай,
Келгендер сүйүнүчтүү кетип жаткан.

Көчкө окшоп саптар чубап, тоону карап,
Жигиттер күлкүгө мас, кетип барат.
Аа, чиркин! Турмуш канча мол болсо да,
Ар дайым бир жеринен толбой калат.

Күткөндөр тарай-тарай суюлганда,
Аксакал бир чал калды пристанда.
Сүрдүгүп, ташка тийген тулпарга окшоп,
Жарыктык аяк шилтейт араң гана.

Ким десең бул карыя, Миңбай ата,
Көз салып эртели-кеч батыш жакка.
Көп менен бул да кошо уулун күтөт,
Күткөнү дайым чеки, дайым ката...

Жеңишбек анын уулу жеңишке бек,
Жеңиш деп, жакшы үмүткө жеңиш тилеп,
Турмуштун жеңип чыккан күнүнө арнап,
Ат койгон баласына Жеңишбек – деп.

Бир эмес, ындыны өчүп нечен курдай,
Кур кайткан азыркыдай шордуу Миңбай.
Бирок да үмүт чиркин курч эмеспи,
Тереңден оргуп чыгат, тим тура албай.

Чалга айтпай, эне келет кээ кездерде,
Толтуруп ууз кымыз ак кесеге
Ичкин деп жүргүнчүгө тартуу кылып,
Жаш төгөт: «Кечигет деп уулум неге»?

Билгизбей ата-энеге кээ күндөрдө,
Токтоткон толкун уруп терең түндө,
Булардын кызы келет пароходго,
Ой жоруп, муңдуу кайтат, нечен түргө...

Баары бир, азыркы бул Миңбай чалга
Кур үмүт курч тийди бейм кары жанга.
Уулу жок... бир адам жок пристанда,
Бир гана жалкоо толкун тийген жарга.

Дүйнө – өмүр, уул бердиң, бала бердиң,
Дүйнө – өмүр, алоолонуп жана бердиң.
Неге сен, алыс кеткен сапарыңан
Ээриң жок жайдакталып кайра келдиң?

Дүйнө – өмүр, энчи бердин, үй-жай бердиң,
Күн көр деп, бар керекти белеңдедиң.
Неге сен, ыраак кеткен сапарыңан,
Эскиртип канатыңды кайра келдиң?

Миңбай чал көпкө олтурду ушуну ойлоп,
Элестеп Жеңишбеги алдында ойноп,
Ай жазган, берериңби, аларыңбы,
Ким билсин? – деп өзүнчө күңк деп коёт.

Байлануу четте турган атын алып,
Бошобой, болочокко кайраттанып,
Жапжалгыз адетинче кайра кетти,
Көңүлсүз, күрөң атын камчыланып.

Барууга өз үйүнө дити барбай,
Үй-бүлөм эмне дейт деп, дагы кандай,
Ат оозун чукул тартып бери бурду,
Курдашы Курманбектин үйүн карай.

Курманбек, эл кутманы жетимиш жашта,
Кемпири алтымыш жашта ушул жазда.
Небир алп уландарды кайкалатат
Экөө тең тамашалап учурашса.

Миңбай чал салам айтат эшик ачып,
Курманбек алик алат, бери басып;
Чай ичип, бир аз мезгил өткөн кезде,
Улууга улуу сүйлөйт жубаткансып:

«Эй, Миңбай, кайратың жок, кем экенсиң,
Күйүткө күйүп жүрөт эрте, кечиң,
Жалгызым, жалгызым деп арман кылып,
Жарабас башыңды ийип жер тиктешиң.

Замана бойго жетет айлап, жылдап,
Өзүнө эрлер камдайт тандап кылдат:
Эр жигит эрте аттанып, алыс кетет,
Ок учуп, ат кошкуруп, туу кылкылдап.

Соо болсо, кайра келет күчүн сынап,
Жок өлсө, ата журту кайгы кылат.
Көмүлгөн боз топурак мүрзөсүнө –
Жыл өтсө бир түп чынар өсүп чыгат.

Ал эмес, алтоо кетти дал өзүмөн,
Канча экен уул, ини өзгөсүнөн...
Ошондон экөө кайтты жараланып,
Шондо да жаш тамган жок бул көзүмөн.

Тагдырга арман кылбайм, чексиз бактым,
Мөмөсү солуган жок карт бутактын,
Жетимиштен сексен жашка оогон кезде,
Карагын, мына мындай уул таптым.

Замана керек десе муну да алсын,
Журт коргоп, жарак кармап, жоого барсын,
Күттүрсүн, эр азамат сагындырсын,
Мындагы аз уйкулуу эне-атасын!»

Дегенде Миңбай ата бешикти ачат,
Караса, аппак болгон уул жатат.
«Жеңишбек аты болсун, Курмаке» деп
Кубанып, кубаттанып көңүлүн басат.

Өмүрдүн кар болгон жок конгон кушу,
Жетимиш жаш – жаштын алыс жолдогусу:
Жеңишбек болсо-болсун, жеңиш күнү,
Дал бүгүн өткөн жылдын май тогузу.

Миңбай чал ат токунуп, кайра аттанат,
Кайрылып, үйгө барбай көлгө барат.
Көл терең, шарпылдаган долу толкун,
Тереңден эмнени издеп, эмне табат!...

Жеңишбек, жалгыз уулу, кайран бала,
Жаракөр, ыманы ысык эне-атага
Ойгонбой, көпкө аралаш уктап жатат,
Күмбөздө, Варшаванын бер жагында...

Ал эми ата-энеге эркелебейт,
Биздерге абакелеп колун бербейт,
Канчалык үмүт үзбөй күткөн менен
Калкылдап кеме минип кайра келбейт.

Жеңишбек жеңиш тилеп курман болгон,
Ок тийип маңдайына ара жолдон.
Атама мени өлдү деп айта бар деп,
Сөз айткан көл толкуткан борошодон.

Көл толкуйт, атасына белги берет,
Антпесе, кур толкундун неси керек...
Бирок да үмүт кургур кыйын тура,
Атасы кайра кетет, кайра келет...

Кой ата, жолдош болбо жок пайдага,
Жол карап, көл боюна ат байлаба.
Жеңишбек сенин уулуң, жеңиш күнү –
Жадырап келип турар жыл айлана.

Ысык-Көл Ата Журттун күчүн сынап,
Өзүнчө өйдө-төмөн жүрүш кылат.
Күчү ошол, күйбөй турган суу болсо да,
Көк түтүн, ала буурул жалын чыгат.

*13/12 1945,*
*Койсары*

## ӨЛҮП ТИРИЛГЕНДЕР

Чаңдатып сан-миң жылдын эки арасын,
Турмуштун даңканга уруп майда ташын,
Өмүрдү салмоор кылып зырылдатып,
Тагдырдын сазга айлантып зоо-аскасын,
Адамдын эс-акылын камчыланып,
Замана, кайда зуулап баратасың?!

Түнөртүп, тумандатып кылым башын,
Кургатып алсыздардын аккан жашын,
Дааналап, күн нурундай жарык кылып,
Көрсөтүп келечекке жол тазасын,
Казатчыл каблан жүрөк баатырга окшоп,
Замана, кайда кетип баратасың?

Албырып жерден чаңдар аптабыңа,
Илешпей океандар шардабыңа,
Шер эмес, баян жабыр теңдеше албай,
Шартылдап сенин чалган чалгыныңа,
Аркырап тизгин улаш баратабыз,
Советтин эр балдары, биздер гана!

Белгилүү, барар жериң маркабат жай,
Кондурар чарба жериң ак күмүш сай.
Эртеңки биздин укум-тукумдардын,
Жыргалдуу орундары кырк катар шай.

Тамшанып, эч бир адам жашай албайт,
Чиркин ай, биздин совет адамындай.

Бара бер, сен эркеси жердин, көктүн,
Өчүрөр мүрөк суусу өлүм өртүн.
Саймалуу алтын мунар чатыр тигип,
Жашоонун түрлөнтө бер түрлүү көркүн.
Ушундай укмуштуу зор сапарыңда,
Заманам, мобуларга күлүп өткүн.

Биринчи: Кара-Кыяс, Кайыңдыда,
Бай колхоз, дөөлөттүү элдин айылында,
Калкымды уялтарлык бир иш болду,
Канетсин, эссиздиктин айыбы да.
Жамы журт жеңиш тоюн тойлоп жатты,
Кан кечип, кече күнү баткан ыйга.

Мерезбек өмүрүндө түк күлбөгөн,
Аялы эркек тууса сүйүнбөгөн. –
Туугандар, согуш бүттү, – деген сөзгө
Жадырап, «я, кудайлап» күлүңдөгөн.
Эс алып, терин аарчып күлүп турат,
Үй-үйгө сүйүнчүлөп жүгүргөндөн.

Сараңкул мейманзатты жаратпаган,
Ырымга чычкан мурдун канатпаган.
Жеңишке боз токтуну чалып уруп,
«Бере гөр»… «бере гөрлөп» алактаган.
«Эй, Болжур, үч бригатың бир келсин», – дейт,
Жогортон төмөн сабап бараткандан.

Келиндер кайнагасын «аке» дешкен,
Акелер ыйба кылып жер тиктешкен.
Жеңелер кайнилерин уяң карап,
«Силер» деп сылык айткан, «сен» дебестен.

Баарынын бети ачылып ушул күнү,
Той жасап дуулап жатат ондон-бештен...

Чын эле согуш бүттү, азап бүттү...
Жылдыздан бакыт кушу жерге түштү.
Үкүлүү жакшылыктын аттары узап,
Кошулду байкерчилик үстүнө-үстү.
Жамандык жылан минип тентип кетти,
Эл бүт мас, туш келгендей көргөн түшү.

Кабар бар, уулу эсендин кабагы ачык,
Бир-бирин далыга уруп кажаңдашып,
- Ой, Тепе, болду эми, – деп каткырышат,
Куу чалдар «актан куй» деп көз ымдашып.
Ал эми «Өлүптүр» деп сөз уккандар,
Шаттыктын оюн бузат ичтен жашып.

Боору таш өжөр турмуш оңуна акты,
Терс кеткен анткор турмуш кайра чапты...
Кыйын жол, жан каттабас тар коолорго,
Өмүрдүн жарык шамын кайра жакты.
Батыштан жабыла учкан боз куштардай,
Жигиттер эл-жерине келип жатты.

Жигиттер келип жатты... келип жатты...
Жай башы барлык жакты келгин басты.
Күжүлдөп кымыз, бозо доору жүрүп,
Сүр эттер казандардан ашып-ташты.
Саргайып жер сагынган жаш уланга,
Өскөн жер кандай жылуу, кандай жакшы.

Көп сыңар Султангазы (ушул жерлик),
«Барам, – деп, – он күндөрдө» кат жиберип,
Төрт жылча алыс жүргөн сапар карып,
Айылына жума күнү түштү келип.

Түн бир убак... станцияда бир адам жок,
Ала-Тоо тосуп алды боюн керип.

«Карагоо» жолдун алды – айлы жакын,
Алмалуу, жемиши көп, багы салкын.
Данга карк... малга жайлуу... соолукка сеп,
Меймандос, март өстүргөн колхоз калкын.
Бери аттап тар кечмеден Султангазы,
Тамына катуу басып, жетти бачым.

Жетти да, үстүн кагып, демин жыйнап,
Жүрөгүн басып көрүп соккон туйлап,
«Көрөрбүз сүйгөн жарды, ата-энени...»,
«Шашпа» деп өзүнө-өзү кайрат кылат.
«Эй, ким бар, ач эшикти, мен келдим», – деп,
Үйүнүн каалгасын тарс-тарс урат.

Бир урат, үч-төрт урат... күтүп турат,
Ким мурда ойгонот деп түрүп кулак.
Жароокер жыпар жыттуу колуктусу,
Элестеп колоң чачы булак... булак...
Шаңкылдап күлүп өткөн өмүрлөрү...
Эч качан жаман айтпай өскөн куунак.

Келер деп уйкуга сак картаң эне,
Чочуур деп, ата үн берип: «Эмне?.. Эмне?..»
Бир жылдай бир секунддун аралыгы
Шаштырат мына ушулар эске келе.
Кубанат садагасы Султангазы,
Күлүңдөп: «Чын эле эми көрөмүн ээ...»

Дабыш жок, эч ким ага эшик ачпайт,
Жары да, энеси да бери баспайт.
«Мына азыр... ой, шашпагын», – бүлүк түшүп,
Ойгонуп эч ким туруп чырак жакпайт.

Зарыгып бир саатча күтө... күтө...
Жаш улан ак үмүткө суусайт, чаңкайт.

Бир эмес, нечен уруп жооп албады,
Жадатты текке урушу каалганы.
Шумдук ай, неге мынча катуу уктайт деп,
 Акырын терезеден шыкаалады.
Түнөрөт, адамзаты көзгө түшпөй,
Себеби: кара нөшөр, түн караңгы.

Улантай ат сарайга басып келип,
Олтурду тыным алып, черге кеңип.
Түн менен сыр талашкан акындардай,
Өткөнгө, болочокко ой жиберип.
Тазартып асман бетин таңды ойготту,
Тоо жактан Чүйдү карай желдер желип.

Жылт эткен эң алгачкы жарык менен,
Жаш улан үй ичине көз жиберген.
Үй ичи... сүрү суук күмбөз курдуу,
Бош бөлмө, адамзат жок мыдыр эткен.
Апкаарып, өңү өзгөрүп кирип барды,
Досуна кашаттагы Жапар деген.

Жапарлар кучакташты ыргып туруп,
Аңгыча эл жыйналды ууруп-чууруп.
Бетинен өөп-жыттап кетип жатты,
Жаш кыздар абакелеп колун сунуп.
Бирок да, ата-энеси, аялы жок,
Сыр бербейт Султангазы көңлү сууп.

Жайнатты дасторконго дүр тамакты,
Ар түрдүү ырым-жырым кылып жатты:
Түкүр деп чыныдагы таза сууга,
Башынан «алас» айтып, үч айлантты.

Баргын деп, атасына кабар бер деп,
Бир жакка Жапар досу киши аттантты.

Муну угуп көңлү жылып, жаралуу жаш,
Эс алды – «соо экен» деп эми бир аз.
«Бар болсун... неге көчүп кетти экен?» – деп,
Түрлүүчө ойго жоруп тунжурайт баш.
Уландын көкүрөгү күйөт, жанат...
Татыбай ичкен арак, жутулган аш.

Сабалап кеч бешимде келди атасы,
Аталап чуркап чыкты жан баласы.
«Мынакей, айтпадыкпы балаң бар», – деп,
Бир азга дуу-дуу этти эл арасы...
Түн кечтеп, үлпөт күтө баштаганда,
Атасы: «Жүр үйгө, –дейт, – Султангазы».

Баласы: «Үйүң кайда, атакебай?
Томсорот биздин короо талангандай.
Тал тигип, бак гүлдөтүп, гүл жайнаткан,
Неге үчүн тебеленген касиет жай?
Атаке, кайдан жаңы үй тапкансыз,
Мен турам эч нерсеге түшүнө албай?..»

Карыя жооп айта албай ылдый карайт,
Жүзүнө уялуунун нуру тарайт.
Бурулуп жолдошуна Султангазы:
«Не сыр бар, жашырбагын, бардыгын айт...»
«Эй, Суке, айып бизде», – деп Жапары,
Кыскача болгон ишти мындайчалайт:

«Өзүңдөн кат үзүлдү эки жылдай,
Эки жыл эңгиреттиң дайның чыкпай.
Бал ачып, төлгө тартып, түш жорутуп,
Ата-энең күтүп жүрдү ыйлай-сыктай.

Бир күнү «өлдү» деген кагаз алдык,
Кантели, жаман кабар болду чындай...

Жашырып жарым жылча айтпай жүрдүк,
Кайгырып, капаланып катуу күйдүк.
Көбөйтүп сүрөтүңдү бирден алып,
Сукелеп өзүбүзчө ыйлап сүйдүк.
Бирөөлөр үй-бүлөңө угузуптур,
Жаман сөз кандай учкул, кандай жүйрүк.

Жаш төгүп энең кургур бетин тырмап,
Атаңдын сакалынан жаш тамчылап.
Жаркынгүл – ынак жарың убай тартып,
Жарыкта жарык көрбөй түндө чыгат.
Үшкүрүп, колхоз журтуң деп кейишип:
«Аттиң ай, өчкөн экен алтын чырак...»

Арадан да бир жылча өтүп кетти,
Кыш бүтүп, колхоз баба үрөн септи.
Аялың Жаркынгүлдүн ою өзгөрүп,
Жүрөгүн бузуктуктун дарты тепти:
Бир кемге (Орто-Арыктык) тийип алып,
Бозортуп ата-энеңди жер тиктетти.

Ата-энең көтөрө албай кайгы-зарды,
Аш берип, көп мал союп чыгымдалды.
«Бул жерге туралбайм», – деп журт которуп,
Жогорку Бек-Ашырга көчүп барды.
Анда да эл катары түтүн булап,
Ошондон ушул күнгө туруп калды.

Аның жөн, билбегенди билгиң келет...
Бош тамга көңүлүң бошоп келсең керек...
Кейибе, кеткен ишке Султангазы,
Жараткан жаш жаныңа кубат берет...»

Жапары мына ушинтип сөзүн бүтөт,
«Сукентай, өлүп кайра тирилдиң», – деп.

Сукентай ыйлай албай, же күлө албай,
Эми араң бүлө сырын аңдагандай.
Себепсиз «өлүп кайра тирилгенин»,
Өзүнчө ойлоп алып таң калгандай...
Күч берип адил заман касиети,
Көзүнө элес келет алда кандай.

Замана жибек киет, шайы киет,
Кийгени көктөн туруп жерге тиет.
Обдулуп кызыл издүү каламды алып,
Сабырлуу уландардын атын чиет.
«Ай, ата... Ай, Жапыке, кызык кеп», – деп,
Сукентай өйдө карап күлүп иет.

Экинчи: ушу айылдын дал өзүндө,
Укпадым, өзүм көрдүм, өзүм күбө.
Уяттан уят кеткен уятты ачам,
Азыраак окшобогон өйдөкүгө.
Чынында эр жигиттин канаты го,
Өзгөчө жамандыкка түткөн бүлө.

Колхоздун ортон колдой ири активи,
Атагын район билген Жумадилди,
Достору, туугандары, курбулары,
Жоктошту: «Жигит эле бирдин-бири».
Себеби: кара кийген кара кабар,
Үйлөрдү тырс-тырс кагып ачып кирди.

Ал мындай: звеновой Зыйнат деген,
Пункитке эгин ташып барган экен...
Жарадар бир азамат өрүктүлүк,
Жолугуп, амандашып ошол жерден:

– Жумадил госпиталда бир жыл жатып,
Айрылып кала берди бул дүйнөдөн...

Зыйнатка деп бир жигит айткан имиш,
Кыргызда дуу дей түшөт угуш-билиш.
Канчалык тил тартынчаак болсо дагы,
Жол ачып алаксытат куураган тиш.
Бат эле бирден өтүп, бирге жетип,
Өрт болуп өөрчүп кетти бул жаман иш.

Кээ бирлер өздөрүнчө кошуп алып,
Калп эле кабак бүркөп, кайгыланып:
«Башкарма Жумадилдин жайын сурап,
Кайрылып военкомго кирсе барып,
Өлгөнү анык дептир, андагылар...» –
Дегенде, ондон жүзгө, миңге жайып.

Карды ток, кайгысы жок калыс күндөр,
Кээде ачык, кээде бүркөө алыс түндөр.
Өмүрдү түртүп, жыгып өтүп жатты,
Көбөйүп жайдары ачык күлгөн үндөр.
Шонтсе да, Жумадилдин үйү жактан,
Эрте-кеч чыкчу болду өкүрүктөр.

Өкүрүк бара-бара чанда угулуп,
Энеси, аялынын алы куруп...
Заңкылдап, муң-зары көп жаштан бүткөн,
Аңгыча кошок чыкты түрүн буруп.
«Ай, аттиң, асыл элең, Жумаке», – деп,
Карылар басып кетет өйдө туруп.

Замана закымданат закым желдей,
Заркырап зарылдыкка токтоп бербей.
Көргөн түш – өткөн жаштык, балалык кез,
Кайрылып калыбына кайра келбей.

Замана зуу-зуу этет өз жолунда,
Кырынан бир да кыйшык тегеренбей.

Узатып салкын жайды, коңур күздү,
Эскиртип жашыл жазды, кыш күмүштү...
Көп күтүп Жумадилдин үй-бүлөсү,
Акыры чыны менен үмүт үздү.
Атасы жана бир топ карыялар,
Баш кошуп мына мындай ойго түштү:

«Келин жаш, сөөгү таза, теги жакшы,
Алдынан чык үзбөгөн эне-атасы.
Ак тамы, килем-төшөк, дүнүйөсү,
Жукендин бузулбасын мал чарбасы.
Кетпесин, болгон бала – бала болсун,
Артында иниси бар, өлсө агасы.

Таштабай бабалардын жол-жобосун,
Келиндин кери кетпей иши оңолсун.
Иниси Жумадилдин Асанкелди,
Эскиче жеңесине күйөө болсун...»
Дешти да, бата кылды этке тоюп:
«Жоготкон жок жоголбой, орду толсун».

Аялы Жумадилдин муну укканда,
Жалт этип бото көзү мөл-мөл кара.
Ортончу жеңесинин колун кысып,
Үшкүрүп, улутунуп жумшак гана:
«Айтып бар, элдин сөзүн эки кылбайм, –
Деп коёт, – тагдыр жазса барбы чара».

Так ыргып калтыс сөзгө Асанкелди,
Жай таппай жашынарга элеңдеди.
Кандайдыр муздак сезим дыр дей түшүп,
Ал сезим жүрөктү өйүп тереңдеди.

Жармашып жолдон өткөн автобуска,
Ак-Ссуда эжесине качып келди.

Ал күндүн эртеси эмес, дагы эртеси,
Артынан кууп жетип таякеси,
Жумшатты бал тилге алып, анткор күлүп,
«Ага ордун ини басат» бар эмеспи...»
«О, чунак, балалыгың башыңа», – деп,
Жепилдеп жемеге алды өз эжеси.

Жаштыкка, балалыкка айла барбы,
Не кылсын, жок дей албай кайра барды.
Жер сабап ачууланып чоң атасы,
Көзүнүн чаары чыгып аландады.
Жаш бала ого бетер ыза болуп,
«Май-Төргө» из жашырып жатып алды.

Жөн койбой ал жерге да куугунчулар,
Тандалган, көпкө чечен ашкан куулар,
Кеч кире өз үйүнө алып келди,
«Ой, бали, төргө өт», – деген кадыр-чуулар.
«Бул жакка», «ой, жинди», – деп жай бошотуп,
Лыпылдап эт бузчулар, суу куйчулар.

Бир ырчы жамап кирди жамак ырын,
Чепилдеп жеңил чертип чертмек кылын:
«Жигиттер, мен айтылуу ырчы эмесмин,
Жөн гана шайырымын заманымдын.
Деңиздин тереңинде жаян эмес,
Тек гана четиндеги чабагымын.

Эмесе, жаш күнүңдө ойно, дуула,
Өлүмдү өлүм чиркин көрбөс ыраа...
Асаке, ак тилекке ичип жибер,
Мага айткын, каяша айтпай бул чыныга...»

Дегенде, жутуп ийди Асанкедди,
Карабай көздүн ымыр-чымырына.

Аңгыча сармердендин салты келди,
Жөн бербей, «тентек сууну» ырдап берди.
Башкага бир сыйрадан жетпей жатса,
Балага төрт-беш сыйра тегеренди.
Бир билет «суу..». дегенин Асанкелди,
Билинбей андан ары эмне экени...

Ойгонуп эртең менен көзүн ачса,
Жаткан жай, жамбаш алды такыр башка.
Оң колун арта салып катуу уктаптыр –
Өзүнүн жеңесиндей «калам кашка»...
Иш бүттү, баш айланды, бут тушалды,
Калсынбы эми бала кара ташка?!..

Жыл жылып, жыл артынан жылдар кууп,
Төгүлүп маржан таштай күндөр чууруп,
Арадан дагы бир жыл узап кетип,
Кырк төрттөн кырк бешинчи жыл туулуп.
Жаш келин уул тапкан, бирге чыккан,
Кубанат «ат... аттаган» үнүн угуп.

Күндөрдүн бир күнүндө... марттык... кеңдик...
Кеткендин азы келбей, көбү келип,
Төмөндөп күндөн-күнгө базар наркы,
Токчулук тойтоң басып экиленип,
Бул экөө шаракташып олтурганда,
Жумадил кирип келди салам берип.

Иниси бир тууганын таанып таамай,
Кумсарып канын тартып карай, карай...
Аялы каткан бойдон туруп калды,
Калтырап тулку-бою жин ургандай.

Жумадил төргө олтуруп карап турду,
Экөөнөн алмак, салмак көзүн албай.

Ар туштан адетинче калк жыйналды,
Бажактап бирөө күлүп, бирөө ыйлады.
Ак пейил, ракым менен ыраазы кылып,
«Жукелеп», «абакелеп» кол сунганды.
Адатка жөрөлгөлүү иш сыяктуу,
Жумадил көпкө сырын алдырбады.

Жол бүтөп, эркек-аял батпай ыгып,
Бир азга жым дей түшүп көлдөй дымып.
Билгизбей, кабыргага түрткүлөшүп,
Бир андан, бирде мындан шыбыр чыгып...
Карылар оор басмырт каада кылып,
Келиндер жер карашат бетин чымчып.

Суроого жооп берип ирет менен,
Салмактуу, салабаттуу токтоо кенен,
Жайдарым жалбыраган мүнөзүнөн,
Акылдуу сөздөр чыгып терең... терең...
Жеңишти кызып айтып жаткан кезде,
Уккандар жыла олтуруп «балилеген».

«Арман жок, айланайын асыл журтум,
Майышпас чоюн экен сенин тулкуң.
Мекендин медери сен, бели да сен,
Курч экен курч болоттон сенин курчуң.
Эсен-соо колхозума келип түшүп,
Мындагы болгон иштин баарын уктум.

Чырагым, иничегим Асанкелди,
Заманам не тилесең баарын берди.
Көр казып көөмп салды улуу турмуш,
Эски адат, чирик каада эрежени...

Жүз жылдап артка кетип кылган ишиң,
Жашаган заманыңа пар келеби?

Ини алмак айбанчылык ага аялын,
Эмки элди жийиркентет, ал го дайын.
Азыркы өзүң өңдүү жеткинчектер,
Андайды өрттөө керек өскөн сайын.
Туугандар, силерде да чекилик бар,
Арданам, намызданам, кайгырбаймын.

Аялым, кор болдуңбу, эмне болдуң?
Шылдыңдайт, маскаралайт өскөн дооруң.
Аталар, эмки өмүргө түшүнгүлө,
Тоспогун жаңыча аккан жарык жолун.
Карабайм экөөңөрдү, бирден кечтим,
Көрүнбө, иним дебейм, эсен болгун».

Деди да, туталанып өйдө туруп,
Жумадил сыртты карай терс бурулуп,
Шинелин төрдөн алып чыгып кетти,
Келген эл кала берди бугуп-бугуп.
Кээ бирлер шып этишип шыпшынышып,
Кээ бирлер «сөзү ак» дешет улутунуп.

Эпчилдер этек улаш ээрчий чыгып,
Жөтөлүп, жөткүрүнүп, үнүн кырып:
«Жумаке, ката бизден, кечирип кой,
Жаңылдык, жаштык кылып... мастык кылып.
Себеби: сени өлдү деп сөз укканбыз,
Ушунда нааданчылык жана чындык».

«Жоо өлдү, мен өлбөдүм, көңлүм таза,
От кечип, октор менен аралаша,
Жан кыйып, эл милдетин актап келсем,
Кызык го, – дейт Жумадил, – күткөн аза?!

Айтып кой, андай аял аял эмес,
Эр баркын эки-үч жылга сактабаса...»

Замана шайы киет, атлас киет,
Кийгени көктөн туруп жерге тиет.
Колуна алтын издүү каламды алып,
Акылдуу эр жигиттин атын чиет.
Жумадил: «Өлүп кайра тирилдим», – деп,
Каткырып, жерди оё тээп күлүп иет.

Көрүнбөй көөдөнүңдү жара тепкен,
Баарынан уят деген кыйын экен.
Кыялбай эркек уулун, жеңе-аялын,
Жашынып эч адамга билдирбестен,
Көл жакта совхоздогу тууганына,
Асакең адатынча качып кеткен...

Үчүнчү: дагы эле ушул колхоздогу,
Сыйланган ударник деп нечен жолу,
Бир дыйкан аты Калдаң, өзү балбан,
Картачыл, аракка ынак, ышкыбозу,
Айылдан кеткен күндөн бир кабар жок,
Көп болду дайны чыкпай жоголгону.

Аялы – Мактым эже кер жаак аял,
Башы эмес, ортосу эмес, аякκы аял.
Жебиреп бирдин сөзүн бирге ташып,
Эпилдеп эки ортого от жакчу аял.
Карды ачып, бир күн ушак айтпай калса,
Бөйпүлдөп бүлө бузса ток жатчу аял.

Шол аял уктап жатып калп түш көрөт,
Түшүндө: шаар экен чоочун, бөлөк.
Колунда кара желек, бир топ солдат,
Аскага күмбөз салып, ташты жөлөп,

«Кош, Калдаң, түбөлүккө жакшы жат», – деп,
Табытын алып кирет көтөрмөлөп...

Эртеси Мактым эже бууракандап,
Өңгүрөп долуланды көзүн кандап.
Маалында балдарына тамак бербей,
«Жуттуңар»... «жедиңер» деп тилдеп, каргап...
Жөн сурап теңтуштары «кой Макелеп»,
Суу берип, «башы ысык» деп башын кармап.

«Неге ыйлайт, эски оорулуу дарты барбы?
Же байкуш Калдаңбайын сагынганбы?
Макенгай, эмне болду, я, берекем...», –
Аялдар ушуну айтып ортого алды.
Ташкындап өжөрдүктүн өлчөөсүнөн:
«Өлүптүр, кат алдым», – деп айтып салды.

Айтты да, оозун жыйып токтото албай:
«Неге айттым, өлүптүр деп, аттиң, дүйнө ай...»
Азыраак ошону ойлоп өкүндү да,
Бузулду, бузугунан кайра жанбай.
Калп ушак каадасынча тарап кетти,
Мен айткан мисалдардай, жогоркудай.

Айла жок кошок кошту Мактым эже,
Азанын күүсүн созду теребелге.
Үстүнөн күнөө жүгү басып турду,
Ташындай тегирмендин тегерене.
Чапкылап сельсоветтен бирөө келди,
«Кагаз бар сизге деген... мына, менде...»

Окутса чаар ала калем тагын,
Бүктөлгөн эки барак эки жагын.
Калдаңдан кабар чыгат мындай деген:
«Айылга көп шашылбай жай барамын...

Кокустан бирөө менен кумар ойноп,
Утуктан миң жети жүз акча салдым...»

Ишенбей Мактым эже кежирленди,
«Ким билсин, пулу экенин, куну экенин...»
Деп сүйлөп, күйөөсүнүн күйүтү эмес,
Өзүнүн күнөөсүнө күйө берди.
Заңкылдап кошок кошуп олтурганда,
Калдакең эшик ачып кирип келди.

Келди да, жерге коюп көтөргөнүн,
Биле албай кими өлгөнүн үй-бүлөнүн,
Шектенип карап чыкса, балдары аман,
Өпкүлөп чери таркап чөжөлөрүн:
«Я, апа, – деп сурады бир кемпирден –
Кандай ый, тез айта көр, тынсын көңлүм...»

Ал кемпир белимчирээк кемпир эле,
Чочуган уят сүйлөп бир немеге:
«А... балам, билесиңби, Калдаң деген,
Өлүптүр алыс жерде, чоочун элде...
Ошонун жогун жоктоп, зарын тартып,
Озондоп кошуп жатат жаман неме...»

«О, арам, бол, өйдө тур, казан аскын,
Той жаса, кымыз, бозо көлдөп аксын.
Мен билем, мени өлдү деп сөз тараткан,
Баягы боло жүргөн сенин калпың...»
Кыңк этпей кыйгач карап кылыксынат,
Кылтылдап кызмат кылып шайтан Мактым.

Замана шуру киет, бермет киет,
Кийгени көктөн туруп жерге тиет.
Түк өчкүс күмүш издүү калемди алып,
Ак көңүл азаматтын атын чиет.

Калдакең: «Өлүп кайра тирилдим», – деп,
Бырс этип, ичкен чайын бүркүп иет.

Кайра оңдоп колхоз калкым кетиргенди,
Уяттуу ушул өңдүү чекилерди,
Турмуштун кайгысы жок жолун ачып,
Сыйлашып жоону жеңип келген эрди;
Ал жерде чанда болгон бул бир мисал,
Үчөөнүн мына мындай чечилмеги:

Биринчи: Султангазы жакшы ой тапты,
Үч апта айылчылап көңүл ачты.
Токмокто комбайндын курсун угуп,
«Өтүнөм, алыңыз», – деп арыз жазды.
Калп эмес, өз колуна келип тийди,
«Он күндө барамын», – деп берген каты.

«Ай-айлап» почтоочуга башын чайкап,
«Байкасам бул жакта экен кээ бир чатак,
Кеп эмес, кемчиликтин баары оңолот...» –
Деп коёт, катын айрып-тытып таштап.
Буурулду камчыланды район беттеп,
Такасы ташка тийсе этип чак-чак.

Курс окуп кышты-кыштап, жазды-жаздап,
Үйрөнүп комбайнды эң эле бат,
Күзүндө буудайды оруп, басып кирди,
Кызылдан арабаларга төгүп таштап.
Кызыгат карап турган кыз-келиндер,
«Аттиң, жар болсочу мага, – деп, – кап...»

Экинчи: Жумадилдин алын билсек,
Колхозго жаны менен жанып иштеп,
Иреттеп барын бардай, көбүн көптөй,
Чапкылап ар тарапка жогун издеп,

Кадырлап улуу, кичүү ийменишип,
Бир болуп, эки болбой эл айткан кеп.

Каныккан кыйындыктын калетине,
Машыккан талыкпастык адетине.
Согушта, эмгектеги эрдиги үчүн,
Таанылды атак алып калың элге.
Шайлоодо депутаттык даңкын алды,
Кыргыздын Жогорку Улуу Советине.

Көңлү жай, иши жакшы, турмушу шат,
Бактыга белден батып кыбыла жак.
Жете албай мен-менсиген асылкечтер,
Көйнөктөн көйнөк кийип жасанышат.
«Азамат сыймыгы бар эр экен», – деп,
Биз эмес, бизден чоңдор жол ачышат.

Үчүнчү: Калдаң аба жайы мындай,
Нан тиштеп, жегени май, ичкени чай...
Колхозго ак ниеттүү койчу болуп,
Жайлоолоп жарпын жазды дал ушундай.
Бакыбат, күч-кубаттуу жашап жатат,
Мактымдын кошокторун эрээн кылбай.

Чаңдатып сан-миң жылдын эки арасын,
Турмуштун даңканга уруп майда ташын,
Өмүрдү салмоор кылып зырылдатып,
Тагдырдын сазга айлантып зоо, аскасын,
Адамдын эс-акылын камчыланып.
Замана, кайда зуулап баратасың?!.

*31/XII, 1945,*
*Койсары*

## ҮЧ АЯК

Сай-сайдан суулар акса салкын, тунук,
Пейилге бейпилдиктин жыттары уруп,
Беш күнүн беш кылымдын жыргалына –
Бер десе, бербөөчүдөй «Көк-Жар», «Турук».

Бел жайнап, белес жайнап, малы чууруп,
Мал десе, аркар экен, тайган кууп...
Кыйкуулап кушун салып турмуш өзү,
Үй-үйгө алтын көкүл ырыс тууп.

«Туруктун» «Чаар кудук» бер жагында,
Жапжашыл жарашыктуу жай маалында,
Жаш бала ууга аттанып чыккан экен,
Мен айтчу ушул кыска казалымда.

Караса, капталды өрүп кийик качат,
Бышкырып бугу өңкөңдөйт чалкак, чалкак...
Маңдайдан марал чуркап, кулан үркүп,
Аюулар антаңдашат санап чаттап.

Колунда таамай мылтык, кундагы өрүк,
Жүгүрүп, боортоктоп, жылып өңүп...
Келтирип кароолуна басып калды,
Тийген жок бирине да, жаңырык дүңк...

Кайра атат, кайра ок салат, ызаланат,
Эликтеп илбесиндер маскаралап.
Тоо-тоого тарап житип жок болушат,
Жаш бала күчү кетип салмактанат.

«А... баса, – деп ой жоруп, – суур атам»,
Кандырып чаңкаганын ак булактан,
Коолорду, ой, өтөктүү өзөндөрдү,
Кыдырат кайберенден ылдам, чапчаң.

«Бир паста тоодон туруп түзгө жетем,
Чиркин ай, бут кадыры кыйын экен...»
Оюнда канкор Гитлер өңүн буруп,
Ийинге суур болуп кирип кеткен.

Шаңк этип кулагына жаңырык үн:
«Аңтаргын чоло койбой дүйнө жүзүн,
Үйүңө Гитлерди издеп таппай кайтпа,
Кордогон жашчылыктын жазын, күзүн...»

Жөн койсо, чаар жылан туур имиш,
Итке окшоп дөңгө чыгып улуур имиш.
Ааламдын арам заты Гитлер куну –
Бир эмес, туура бир миң суур имиш.

Эл атып, миңге туура бири кемин,
Эсепте, өзүң сана канча экенин.
Атууга эң соңкусун ушул бала,
Буулугуп жандыра албай ачуу кегин.

Айдөөштөн, апай төрдөн карап жүрөт,
Арман ай, тапсам ээ деп туйлап жүрөк.
«Бир миңдин соңку бирин атып алсам,
Гитлердин эң акыркы куну бүтөт...»

Дегенче, ажал кууп, өлүм кууп,
Көркоодой тиши сасык, өңү суук,
Адамча эки колун бооруна алып,
Бир суур тура калды аңкыш уруп.

Балажан дем чыгарбай шыкаалады,
Кашкайтып так маңдайды кароолго алды.
Атты эле, колу менен бетин басып,
Адамча «ай» деп барып жатып калды.

Атарман «атуучуну аттым» деди...
Чуу басты «бали» деген теребелди.
Зып этип, бир жармындай убак өтпөй,
Байкаса, Фрунзе экен жүргөн жери...

Буралган жаш бураң бел колтугунда,
Сүйүүнүн жанга кубат толкунунда.
Бий бар дейт институттун клубунда,
Арналган дал өзүнүн сыймыгына.

Бий эмес, кирип барса банкет экен,
Төрү эмес, орун алат беркичеттен.
Оркестр Штраустун вальсын ойноп,
Кыз-жигит чимирилет эки-экиден.

Мындайга жатык эрки болбос кыйык,
Чарпылбай жаштык деми турбас сыйып,
Бала да көрк чыгарып бийлеп кетти,
Чиркин ай, буту соолук кандай ыйык...

Зал учун бир айланды, эки айланды,
Үчүнчү, төртүнчүгө жетпей алы.
Энтигип, чекесинен тер тамчылап,
Аягы кыймылдабайт андан ары.

Таң калып: «Не болдум, – деп, – мунум кандай?»
Бөлүнүп бери чыгып, топко барбай.
Сол бутун сынамакка силкип көрсө,
Бир нерсе катуу тийип урунгандай.

Жаш бала урунганга колун сунду,
Сунду да, ошол кезде көрдү муну:
Оролуп аягына өлүп калган,
Баягы миңинчи деп аткан сууру.

«О, балээ... бу кайдан!» – деп башка тепти...
Тепти эле, тээп алды керебетти...
Сыздатып кесик буту орууй түшүп,
Жаш бала «ай, апалап» чочуп кетти.

Түшү экен, чочуп кетип көзүн ачса,
Ушинтип мергенчилеп жүргөн башта.
Ал эми кошумча аяк: жыгач таяк,
Тайтаңдап ээрчип алат кайда басса.

Курч эле, учкул эле соо кезинде,
Чарчабай жол баскандын эртесинде...
Майышпай азыркыдай, желдей учуп,
Атканы: суур, түлкү – баары эсинде...

Эсинде, эч бир жанбайт душман кеги,
Эл үчүн алты сандын бирин берди.
Баланын бир жак бутун алып кеткен,
Чынында Гитлер өңдүү калктын жеги.

Үч аяк, жыгач таяк кимдерде жок?
Талууга таамай тийип таарыган ок.
Өлгөнчө ойлорунда жакшы тилек:
«Заманга мындай кылсак... мындай болсок...»

Үч аяк: бирөө соо бут, бирөө таяк,
Жерди эмес, жеңген жоосун көзгө саят.
Сыр бербей, жылмайышып күлүп өтөт,
Шонтти да, жан достору ичтен аяп.

Биз бассак, биз баскандай баса алышпайт,
Чуркасак, чуркай албайт, катуу шашпайт.
Үч аяк өмүрүнө көнмүш болуп,
Бир кылын көңүлүнүн бууп таштайт.

Бийлесек, бийлей албайт, эби келбейт,
Энтигип соо кезиндей көңлү дегдейт…
Кейибей күлүмсүрөп катуу мүнөз:
«Өмүрдүн ырыскысы бут экен», – дейт…

«Аттиң ай, салтанат жок соо чагыңдай,
Адамга соолук деген кымбат кандай…
Өмүрдүн, чолоктуктун кектери үчүн,
Жер шарын бир айланып чуркап албай…»

«Чиркин ай, ыракат жок соо чагыңдай,
Бир бутуң бир миң короо болгон малдай…
Соо кезде ай менен күн аралыгын,
Арыштап, буудан аттай аттап албай.

«Заман ай, кубаныч жок соо чагыңдай,
Адамга соолук деген жазгы таңдай…
Турмуштун бул мүнөзүн билген болсом,
Көктөгү пери кызын өөп албай».

Үч аяк: бирөө соо бут, бирөө таяк,
Жерди эмес, жеңген жоосун көзгө саят.
Сыр бербей, күлүмсүрөп күлгөн менен,
Курдаштар, кадырлап өт ичтен аяп.

Үч аяк: калкындай эр, калкындай бек,
Кааласа, канат тагып учуп кетет.
Алардын басып өткөн кайратынан,
Кара жер капшырылып калч-калч этет.

Сай-сайдан суулар акса салкын, тунук,
Пейилге бейпилдиктин жыттары уруп,
Беш күнүн беш кылымдын жыргалына –
Бер десе, бербөөчүдөй «Көк жар», «Турук...»

«Туруктун» «Чаар кудук» бер жагында,
Жапжашыл жарашыктуу жай маалында,
Жаш бала ууга аттанып чыккан экен,
Мен айткан ушул кыска казалымда.

*5/XII 1945,*
*Койсары*

## ЖҮЗ ЖЫЙЫРМА ЖАШТАГЫ АЛМА БАК МЕНЕН ЖҮЗ ОН БЕШ ЖАШТАГЫ ШЕВКЕТ ГИРЕЙ

Онунчу ай, айдын тогу, айдын марты,
Ар жанга энчи берген айдын алпы.
Күүлдөп биринчи урган бороон менен,
Сүйлөшөт жер үстүнүн эки карты.

Алма бак ушул күздө жүз жыйырмада,
Шевкетке мөмө берет жыл арада;
Карт Шевкет жүз он беште, чебер багван,
Чарчабай жолдош болгон көп заманга.

Жаш күндөн кесип кылган ак эмгеги,
Гүлдөтүп алма бакты багып келди.
Бергени табийгатка аз болсо да,
Акысын андан арбын алып келди.

Дал быйыл, жогорку айткан бир алма бак,
Картайып, алма бербей, калды куурап.
Жанына багван ата басып келип,
Сүйлөндү, ачууланып, алын сурап:

«Не болдуң? – деди багван алма бакка, –
Сен минтип кежирленбе адамзатка!
Күз келди, белди ийилтип бороон сокту,
Сени эми сооп болор жарып жакса».

«Эй, – деди анда алма бак өйдө карап, –
Кантейин, карттык экен, атаганат!
Өзүң бил, жарсаң мейли, жаксаң мейли,
Жооп бер, суроо берем эки сабак.

Эсимде, мен беш жашта, сен бирде элең,
Ошондон ушул күнгө мөмө берем.
Адамзат эч болбосо өлөрүмдө –
Бир жолу ракмат айтып коёр дегем.

Айтпагын, какбаш кары, бооруң катуу,
Сага эми кезек келди жерге жатуу.
Баркың жок, кадырың жок бир пендесиң,
Адамга бакыт эмес жүздөн ашуу.

Алың жок, дарманың жок, какчаңдайсың,
Өзүңдөн жашы улууга чакчаңдайсың.
Адамдын жамандары жүздөн ашат,
Сен неге жүз он бешке чарчабайсың?

Уулуң жок, жаныңда жок жан курдашың,
Сап болгон жер алдында замандашың.
Түгөнгөн, жолдош-жороң текши бүткөн,
Сен эми мынча жашап не кыласың?

Түрүңө көргөн жанды күлдүрөсүң,
Оңдобой, оң нерсени бүлдүрөсүң.
Ай, шордуу, адамдыктын атын булгап,
Бул күнгө өлүп калбай не жүрөсүң?

Киши окшоп атка минип жүрө албайсың,
Жадырап кабак ачып күлө албайсың.
Ушинтип жарты жандуу жан болгуча,
Тагдырдан неге өлүмдү сурабайсың?

Күрсүлдөп мени менен урушасың,
Куу багван, карттыгымды унутасың.
Мен кечээ алмасы бар гүл бак элем,
Ал бүгүн кубаты жок куу жыгачмын.

Сен өлсөң, мен көгөрүп бүрдөр элем,
Коюлса как түбүмө кары денең.
Булкүлдөп сенин соңку майыңды ичип,
Кайрадан мөмө берип гүлдөр элем...»

«Хэ... – деди анда багван, ызаланбай, -
Сураган эки сабак суроoң кандай?
Суроо эмес, сен, алма бак, сөгүп салдың,
Шонтсең да, бекер кетпе жооп албай.

Адамзат жүздөн ашса кесир дейсиң,
Жүз жашоо бакты эмес деп келжирейсиң.
Э, наадан, сага да жүз, мага да жүз,
Адамзат жүз жашаткан, не билбейсиң?

Эгерде кан соолбой кары денден,
Жүз эмес, мен адамзат миңге жетсем,
Куштар да, айбандар да миң жыл жашап,
Сен дагы миң жыл жашап куурар элең.

Жүз ашкан мен адамдын жаманы эмес,
Жаш кезде кимдер экен мага теңдеш?
Мен адам, адамзатка талоон кылып,
Куу дене, башка толгон далай белес.

Жашоодон чарчабайсың деп сүйлөндүң,
Алма бак, жакшы тыңшап кеп үйрөнгүн:
Адамзат карылыктан түк чарчабайт –
Өмүргө эң соргогу бул дүйнөнүн.

Жороң жок, жолдошуң жок дедиң жана,
Жаным соо аман болсом бул ааламда.
Сүйүнүп ысык жолдош болор элем,
Жаны жок төрт дөңгөлөк арабага.

Уулуң жок, ырыскың жок дедиң бая,
Алма бак, айтканыма аңдап кара.
Артымда өлөрүм жок, мен бактылуу,
Түгөнөм, жер томпойтом өзүм гана.

«Бул күнгө өлүп калбай не жүрөсүң?» –
Ай, баатыр, Алма багым, кандай сөзүң?
Бир тирүү миң өлүктөн артык деген,
Айтып кой, өлүм өзү өлүп көрсүн.

«Тагдырдан неге өлүмдү сурабайсың?!» –
Ай, Алма, менден такыр уялбайсың.
Эгерде тагдыр аке калыс болсо,
Мен эмес, өлүм көзүн жыра сайсын.

Тирүүлүк, жарыкчылык беш күндүк жай,
Көр… өлүм… адамзатка түбөлүк жай.
Эгерде тагдыр аке адил болсо,
Не жүрөт алды-артына алмаштырбай?

«Сен өлсөң, мен кайрадан гүлдөйм», – дейсиң,
«Эң соңку майыңды ичип бүрдөйм», – дейсиң…
Жок, Алма, адам күчтүү табийгаттан,
Сен арсыз карыганда жөн жүрбөйсүң.

Жер күчү сеники эмес, адамдыкы,
Биздики, баатырдыкы, балбандыкы!..» –
Деди да, Шевкет Гирей каарданып,
Алмага балта согуп, кыйып жыкты.

Талаада күүлдөгөн күчтүү бороон,
Бул бороон – Хан-Теңирден, Ала-Тоодон.
Алманын ысыгына боорун тосуп,
Карт багван от алдында алоолонгон.

Шевкеттин сай-сөөгүнө ысык жетти,
Жашы улуу алма ысыгы мемиретти;
Узарып карылыктын кыска уйкусу,
Ойгонгус катуу уйкуга батып кетти.

Уктады, кайра экинчи көзүн ачпай,
Алмага тирүүлүктүн суусун чачпай.
Өлсө да табийгатка үстөм кылып,
Какчайып, кары колун жазып ачпай.

Журт келди, эртесинде бир күн бою –
Жыйналып жамы журттун кыры, ою;
Баягы өзү кыйган алма ордуна,
Ырымдап көрүн казып көөмп койду.

Жаңылап алмаштырып эки-үч кышты,
Бур этти көңүлдү ачып жаздын жыты.
Баягы Шевкет жаткан мүрзө үстүнө,
Буралып бир түп алма өсүп чыкты.

«Бул кандай, багван өлүп, Алма өнмөгү?
Тагдырга сырымды айттым көңлүмдөгү.
Өлсөм да, аны өстүргөн менин күчүм», –
Деп Шевкет жер астынан күңгүрөндү.

Карадым, бирок буга таң калбадым,
Жактырдым бул турмуштун алма багын.
Шевкеттен кылдан чебер өнөр калды,
Билгенден анын жайын сурап алдым.

*28/XII 1945, Койсары*

## ЭШИМКАНДЫН ТЕРЕГИ

Сүй курбум, заманымды жакшы сыйла,
Сыйлоонун салтанаттуу салты кыйла.
Адил бол, ак пейил бол, ак ниет бол,
Биздин парз касиетине кылмак ыйба.

Акыйкат анын көркү, анын күчү,
Адилдик анын нуру, анын жүзү.
Калыстык, туура жүрөк, таза көңүл,
Замандын эң бир зарыл керектүүсү.

Ушулар: байлык, бакыт, ырыскысы,
Ушулар: урмат, атак, даңк ырысы,
Булардын миллиондон бир сыныгына
Тең эмес жер алтыны, көк жылдызы.

Эшимкан биздин күндүн жай адамы,
Өзөндүн так боюнда үй-чарбагы.
Ал өзөн: шары катуу Жыламыш суу
Сан кылым танбай ичкен калк ардагы.

Дал ошол Жыламыштын берки өйүзүндө,
Кулпуруп көркүн төккөн күндөн-күнгө,
Колхозчу Эшимкандын ак пейлине
Кокустан пайда болгон жер үстүнө:

Саргайтпас күзгү бороон, суук, ызгаар,
Кууратпас, чилде аязы, жайкы ысыктар,
Дайым жаш, дайым жашыл жалбырактуу
Көз жеткис бийик өскөн бир терек бар.

Ал терек бул теректен башка терек,
Жан курбум, сен да көрүп өтсөң керек.
Теректин «кыдыр ээси» кары Эшимкан,
Жомогу ал теректин мындай делет:

Эшикем бул турмушта көп жол баскан,
Күйүгүп нечен түтөк өрлөр ашкан.
Бирок да мындай заман көргөн эмес,
Бактылуу колхозу бар, куп жарашкан.

Ал сүйдү колхоз журтун чын пейилден,
Ак ниет, чын адилет пейли менен.
«Ал» деди заманына кенч үлүшүн
Ар жылы эмгек менен тапкан жерден.

Ак күчүн, ден кубатын, көкүрөк дилин,
Окубай, өзү үйрөнгөн көп билимин.
Колхоздун казынасына тартуу кылып,
Байытып, эки кылып бирин-бирин;

Март кыял, дайым ачык куунак көңүлүң,
Тагдырдын сараң жазган бар өмүрүн
Колхоздун байлыгына мурас кылып,
Жүрөктүн ар бир соккон түрсүлдөгүн.

Эшимкан удаама-удаа, беш жыл удаа,
Сыйланып ударниктин сыймыгына,
Урматтап жаңы күндүн жаз элесин
Кубанды көтөрмөлөп айыл-калаа.

Беш эмес, бешке беш жыл, он жыл удаа,
Сыйланды ударниктин сыймыгына.
Замана Эшимканды дүңгүрөттү
Жашартып, карылыкка көрбөй ыраа.

Эшимдин ак көңүлү, ак ниети,
Ансайын арбындалды, тереңдеди.
Багынып табигаттын жазмыш жолу
Берерин бербейм дебей бере берди:

Бир жылы: он эчкиси отуз тууду,
Отузу жыл айланбай жүздү тууду.
Ошентип, майда жандык дүр дей түшүп,
Азайтпай жайдын жааны, күздүн суугу.

Бир жылы, көк кунаажын сыйлыкка алды,
Барк албай мал ичине кошуп салды.
Жаз алды кырк литрден ашып кетти,
Үч жолу байбиченин сааган сааны.

Бир жылы: (эсимде жок кайсы экени)
Эшимкан калаа жактан түндө келди.
Аялы ушул жашка төрөбөгөн
Ап-аппак эркек уул төрөп берди.

Эртеси эми бошоп коноктордон,
(адети кеч жатса да эрте ойгонгон;)
Эшимкан эшик ачып чыга калса,
Мамысы кучак жеткис терек болгон.

Ошондон терек деген ушул терек,
Эч бир жан биле албаган боюн ченеп...
Арбын эл ат мамыга айраң калып,
Аташкан: «Эшимкандын терeги» деп.

Ошондон терек делген, ушул терек
Жан курбум, сен да көрүп өтсөң керек.
Айныбай эч кырсыкка моюн бербей
Көгөрүп, көктөп, бүрдөп, гүлдөп келет.

Ал өспөйт, башка бактай: айлап, жылдап,
Ал өсөт биздин күндөй: күлүп ырдап,
«Жарыктык, жакшылыктын тереги» деп,
Суу үзбөй колхозчулар урмат кылат.

Картайып кары кышта кары болбойт,
Саргайып сары күздө сарыга оңбойт.
Жашарып, жай күнүндөй дайым жашыл,
Анткени, ак ниеттин күчү колдойт.

Эс алып, колхозчу ава кайткан чардап,
Бир азга терин арчып, демин басат.
Күч берип терек түбү ошол замат,
Боюна кубат толуп ишке шашат.

Теректи мына ушинтип пайдаланат,
Колхоздор байлыгына пайда табат.
Оорулар, бир түн конуп-түнөп кетсе:
Үч күндө сак-саламат соого айланат.

Аз болсо, мындагылар жүзгө жашап,
Жүз эмес, кай бирлери андан ашат.
Оору аты ойго келбей унутулуп,
Заманды соо денелүү калктар басат.

Уландар ырдап, бийлеп, оюн курат,
Секирип жаш селкилер кошо чуулап,
Кыз-күйөө турмуш куруп кошулушат,
Теректен өмүрүнө бакыт сурап.

Андайлар өмүр бою көңүлү шат,
Олжолуу, кайда барса жолу жумшак.
«Ай сен» деп бир бирине терс айтпаган
Эң ысык, айрылгысыз жар болушат.

Жыргалда жылжып өтүп, жылдар өттү,
Жыл сайын көрккө толуп терек көркү,
Кучагы нечен кулач жеткис болуп,
Жарашып, бойго толуп, далайга өстү:

Кубаты медер кылган, жан эрмеги,
Баягы эркек уулу үчкө келди.
Эшимкан баласына сүннөт жасап,
Эл жайнап, эстен кеткис чоң той берди.

Той берди, тойго тойду далай адам,
Бир базар мезгил өттү эки арадан.
Таңга жуук дабыш угуп тышка чыкса,
Тереги саргыч ирең тартып калган.

Эшимкан өз көзүнө өзү ынанбай,
Дааналап көпкө турду карай, карай…
«Ээ, кудай терегиме не болду» деп,
Таң калды бул жорукка шек табалбай,

Ал күнү адетинче түнгө калды,
Кеч жатып, талаа жакка кулак салды.
Тыңшаса: терек ичи күңгүрөнөт
Билинбей ырдаганы, ыйлаганы.

Көз жумбай кузгун заар ылдам туруп,
Терекке ак ниеттик жүзүн буруп,
Караса, саргыч өңү кеткендир деп,
Көркү жок, андан жаман, андан суук.

Бул мезгил жай айынын биринчи айы,
Теректин саргайганы бул кандайы?...
Эшимкан түлөө кылып, коюн союп,
Түрүлө түгөл келди барлык айлы.

Жабыла колхоз журту жарданышып,
Терекке не болду деп таң калышып,
«Колхоздон ак ниеттик оюн бузган:
Мен эмес, мен эмес» деп карганышып.

Дегенде терек барки жерге түштү,
Кандайдыр, суук шамал элди үшүттү.
«Эй терек, менин кандай күнөөм бар» – деп,
Эшимкан ылдый карап, тизе бүктү.

Бүккөндө, келген элдин алды-кийни,
«Айткын» деп баары тегиз башын ийди.
Термелип терек бир аз күтүп туруп,
Баркинен кыпкызыл кан төгүп ийди.

Жалпы журт жабалактап жарданышты,
Терекке не болгон деп таң калышты.
«А... кокуй... кан төгүлөт турбайбы» деп...
Карылар жакаларын карманышты.

Калп эмес, ошол күндүн эртесинде,
Ошол күн бүгүнкүдөй али эсимде,
Күтүүсүз ажал душман согуш ачты,
Ата журт, бүткүл совет жергесине.

Намыска жарак кармап азаматтар,
Жаркылдап, оттой жанып ошол чактар,
Душмандан кек алууга кетип жатты,
Толкундай бирдей тийип барлык жактар.

Жар калды, сүйгөн калды, сулуу калды,
Сулуудан ысык болду жер ардагы.
Бул жакта ата калды, эне калды,
Турмушта туулган жерден кымбат барбы?...

Нечен бир менменсинген боз уландар,
Нечен бир кырчын талдай ууз балдар...
Кез келсе, мекен үчүн жан берүүгө
Жөнөштү күн батышка, күчөп шаңдар.

Батыштын басаңдабай кандуу өртү,
Эң кыйын, эң бир татаал күндөр өттү.
Согуштун соргок мүнөз арааны өсүп,
Азайтты, айыл ичин көп бөксөрттү.

Эшимкан терек сырын эми билип,
Кыштактан бери чыкты, атын минип.
Эрте-кеч жолугары: кемпир, чалдар,
Жаштардын жаш кубаты эриктирип:

Өзүнчө арман кылып жаш күнүнө,
Аттиң ай, жаш болсом деп ушул күндө,
Кемитип алтымыш жашын кырк беш жашка
Жөнөдү бул да кошо чоң дүбүргө.

Кетерде аялына насаат айтып:
«Туз буйруп мен келгенче кайра кайтып,
Өзүмдөй терегимди жакшы сакта
Чакырат мени алыста октор кайкып»...

Дүңгүрөп согуш күнү өтүп жатты,
Шаркырап сай-сай толуп, кандар акты.
Немецтер улам бери жакын келип,
Каптатып танкелерин калдаңдатты.

Бул кезде терек муңдуу күңгүрөнүп,
Майышып жерге ийилип, аз көгөрүп,
Калкына коркунучтуу белги берет,
Баркинен шуудур-шуудур мөндүр төгүп.

О чиркин, элдин күчү кандай ачтык,
Кеменгер сөзүн сүйлөйт кайраттанып,
Биздин эл атырылат алга карай
Душмандар чегинишет кайра тартып.

Бул кезде терек шаттуу күңгүрөнүп,
Бат бүрдөп, баштагыдай бат көгөрүп,
Калкына кубанычтуу белги берет:
Баркинен өрүк менен мейиз төгүп.

Баатырлар ажал колун артка сүрүп,
Замана ыраазы болуп шак-шак күлүп,
Бир күндө нечен-нечен шаарды ээлеп,
Жакшылык биз жакка ооду мына ушинтип.

Аз-аздап, кеткен кайтып эл-жерине,
Ок тийип жаралантып кээлерине,
Ушундай укмуштуу ыкчам бир күндөрдө
Дарт түштү Эшимкандын терегине.

Түшкөн дарт кандай десең, мындай эле:
Дарт эмес, нээти жаман кастык эле:
Эзелден эмгек күндөн энчи албаган,
Атыккан кош жалкоо бар ушул элде.

Ким десең: бири Калмат, бири Шоорук,
Кур эмес, ар күн сайын бир жери «ооруп»
Жумушка кыш күнүндөй сейрек чыгат.
Шылтоолоп: «карттык басты» деген болуп.

Карматпайт чебер кылган кылмыштарын,
Союп жейт, кээ-бир үйдүн майда малын,
Из кууп, түтүн улап, шек кылганча,
Сыр бербейт, карганышып, сабап санын.

Зайыбы жок, экөөнүн тең балдары жок,
Чынында кара нээт шундай болот.
Малы жок, ак үйлөрү кара болгон,
Чыгынбайт эч нерсеге, иштен, коркот.

Калматтын бир кездеги жакшы тамы,
Эскирип, бир жак боору кулап калды.
«Кой Шоке бир туралы экөөбүз» деп,
Шоорукка Калмат досу көчүп барды.

Досуна досу шонтип көчүп барды,
Бул кыштын кары өзгөчө калың жаады,
Шооруктун кайран тамы көтөрө албай
Дүрс этип, дал төбөсү түшүп калды.

Отурду эки жалкоо далайга ойлоп,
«кап атааң... үй эле» деп кейип коёт,
«суук ий»... деп бойлорун кымтынышат,
Баштадан бейкут өскөн эки «бойдок»

«А... Шоке, акыл таптым»... деди Калмат:
«Үйүнө Эшимкандын бизге бармак,
Өзү жок, эптеп-септеп зайыбын алдап,
Терегин карылыкка сурап алмак»...

«Хаа... ха...» лап, бүтүк көздүү күлдү Шоорук;
«буюрса эртең кайра тамдуу болдук»...
Чын эле эртесинде эки жалкоо
Барышты Эшимкандын үйүн тооруп.

Айтышты: «терегиңди кесебиз» деп,
«көп акча акысына беребиз» деп.
Аялы Эшимкандын кууп чыкты
Экөөнү эки коюп, катуу тилдеп.

Камынып, эки жалкоо ошол түнү,
Теректи кесмек болуп билек түрдү.
Араалап, эки-үч тартып алган кезде,
Араасы араалабай тарс бөлүндү.

Корс мүнөз, кара нээт, өжөр Калмат,
Терекке сокмок болду балта кармап.
Ар качан ак ниеттин күчү күчтүү,
Жыгылды Калмат кулап, калды алактап.

Шек бербей үйлөрүнө кетип калды.
Бүрүшүп жайларына жатып калды.
Күн өттү... айлар өттү... жылдар өттү...
Жарашып, биздин терек жашылданды.

Жакындап жеңиш күнү мүнөт санап,
Биздин эл күндө бирден бакыт табат.
Сайратып жер куштарын кубулжутуп,
Колхозго терек шаттуу кабар салат.

Ал кабар: май тогузу, жеңиш күнү,
Жоголгон келбес болуп согуш түнү.
Биз турган, биз жашаган планетке
Ай берген, Чолпон берген сүйүнчүнү.

Кайтчуулар тынбай агып, кайтып жатты,
Кайрадан калкка толду колхоз айылы.
Бирок да Эшимкандын кабары жок,
Билинбей кайда экени, чыкпай дайны.

Жок эмес, кары Эшимкан тирүү, аман,
Айбы бар, орусча сөз айта албаган,
Билгичтер карылыгын байкап коюп,
Кемеге жүкчү кылып кабыл алган.

Ал кайда? Ленинград тарабында,
Жүк салат, жүк көтөрөт анда, мында.
Эшикем ак ниеттик пейли менен
Дагы эле урмат, кадыр ардагында.

Кечигип, бир топ элден кеч бошонгон,
Кош айтып, барыңыз деп кармап колдон,
Узаткан өз айлына андагылар,
Эшикем жерин көрүп кушбак болгон.

Тереги баягыдай өз көркүндө,
Саламат жүзү жарык, барлык бүлө.
Канетсин, карылыктын салдары окшойт,
Эс алды сыртка чыкпай эки-үч күнгө.

Бул кезде Калмат, Шооруk кулак кагып,
Той түшкөн, кой союлган үйлөрдү аңдып,
Сорпо ичип, этти жайкап, арак серпип,
Күүлдөп мас болушат чери канып.

Ошондой көп мастыктын бир масында,
(жараткан жанды мындай кылбасын да)
Эки шум үйлөрүнө араң жетип,
Ой тапты ошол мастык арасында.

Терегин неге бербейт биз сурасак,
Үйүбүз жаңы үй болмок биздин эчак.
Зайыбына Эшимканды өлүптүр – деп,
Өкүрүп, жалган ыйлап кабар салсак.

«Өлүптүр Эшимиң» деп кабар салсак,
«кайраным... ардагым»... деп ыйлап калсак,
«ээси өлдү... терегиңди телмиртпе» деп,
Өзүнөн ыраазылык жооп алсак...

«Өзүнөн ыраазылык жооп алсак,
Теректи как түбүнөн кыйып салсак,
Түз жерин, жоон жерин кары кылып,
Үч кесип, отун кылып жарып жаксак»...

Дешти да тамтаң-тумтаң басып барып,
Туралбай бир жайында буту ыргалып,
«Эшимим... Эшимим» деп өкүрүштү
Бул экөө эки колун бооруна алып.

Эшимкан коюу чыккан чайга тердеп,
Оронуп төрдө олтурган жел тиет деп.
«Өлүптүр эсил кайран Эшимканым»
Эки шум ушуну айтып ыйлап келет.

Аялы Эшимкандын байкай коюп,
Сүйлөдү болгон иштин баарын толук;
«Булардын жаман ою мага маалим,
Оолугат терегиңди кыймак болуп»...

Эшимкан ачууланып тура калды,
Экөөнү бирден-бирден жыгып алды.
Сүйрөлтүп короо ичине алып чыгып,
Терекке бекем чырмап, байлап салды.

Терекке бекем чырмап, байлап салды,
Бул экөө үч күн калды... төрт күн калды...
Үч күндө эки шумдун биздин терек,
Бар бүткөн арамдыгын соруп алды.

Эки ууру эки сонун адам болду,
Таптакыр жалкоолугу тамам болду.
Ичкилик, жолдошуна кастык кылуу
Буларга мындан ары арам болду.

Экөө тең ак ниеттүү адам болду,
Сыйлады бакыт берип заман жолу.
Ак үйдө, ак бешикте баласы ыйлап,
Энчи алып, эмгек күндөн байлык толду.

Эки шум эки акылдуу адам болду,
Үйүнөн мейман кетпей ырыс толду.
Жалкоолук, арамзалык колхоздо жок,
Алмашты ак ниетке анын орду.

Бай терек, баатыр терек, көркүн курап,
Бир укмуш шаани төгүп көктөп турат.
Эшимкан салты менен, даңкы менен
Жадырап өмүр сүрөт, дайым куунак.

Саргайбайт, мындан ары түк картайбайт,
Кайгылуу кабар берип кайгыланбайт.
Ак ниет, адилдиктей өлбөй жашайт,
Жан курбум сен да барып, бир көрүп кайт.

Ар түнү жаштар келип оюн курат,
Теректин өмүрүнө бакыт сурап,
Жок дебейт, күлкү берет, шаттык берет,
Ушинтип биздин жаштар өсөт дуулап.

Ар туштан жаралуулар келип жатат,
Пайдасын биздин терек берип жатат.
Кол бүтүп, аяк бүтүп, жүрөк бүтүп,
Айыгып баары үйүнө кетип жатат.

Ошондон терек деген ушул терек,
Эч бир жан көргөн эмес аны ченеп,
Арбын эл ат мамыга айраң калып,
Аташкан: «Эшимкандын терегi» деп.

Дал ошол Жыламыштын берки өйүзүндө,
Кулпуруп көркүн төккөн күндөн-күнгө,
Колхозчу Эшимкандын ак пейлинен
Кокустан пайда болгон жер үстүнө.

Саргайтпас күзгү бороон, суук, ызгаар,
Кууратпас чилде аязы, жайкы ысыктар,
Дайым жаш, дайым жашыл жалбырактуу,
Көз жеткис бийик өскөн бир терек бар.

*7/I 1946,*
*Койсары*

# ЭЛДИК УЛАМЫШТЫН НЕГИЗИНДЕ ЖАЗЫЛГАН ПОЭМАЛАР

## КАЙГЫ

*(илгерки бир мергенчиден)*

Бир кедей туура элүү жашты басты,
Ошондо Чолпон деген уул тапты,
Булбулдай таттуу тили чыгар кезде,
Байкуштун жалгыз уулу каза тапты.

Саргайтты сары убайым, өңдөн кетти,
Камалып жалгыз үйдө санаа чекти.
Ойдолоп түн уйкусуз ойлоп чыгат,
Алдына бала ойногон кызык кезди.

Өткөргөн жаштык доорун замандашы,
Теңтушу, бала күндөн чын сырдашы,
Жүр деди, сергип капа кетирели,
Биз үчүн көл болду го көздүн жашы.

Замандаш досу анын мергенчи эле,
Ак бараң бош кетчү эмес мээлегенде.
Өзүнүн күндүк гана оокаты үчүн
Зыпылдап желдей учкан жерден жерге.

Эки дос, эки ат минип жолго аттанды,
Мергенчи далыга аскан ак бараңды.
Уулу үчүн жүрөгү ооруп, убай чеккен
Досуна дүйнө күңүрт, жер караңгы.

Аралап калың токой кечке жүрдү,
Тыңшашты нечен мукам түркүн үндү.
О, дүйнө ай, жердин бети ый экен го,
Деп досу жараланып ыйлап жүрдү.

Бир жерден карап турса коён качат,
Байкуш ай, жан талашып кайда шашат.
Шордууга жерде кордук аз келгенсип,
Асмандан куштар келип тырмакташат.

Кайгылуу досу көрөт жер зорлорун,
Күчсүздөр күчтүүлөргө кор болгонун.
О, дүйнө ай, бизге дагы күн берсеңчи,
Мынчалык таш боор болуп, эмне болдуң.

Жүрүштү кечке чейин тоодо аң уулап,
Келишсе бир жайыкка каман турат.
Мергенчи ак бараңды сунар кезде
Асмандан күркүрөгөн үн угулат.

Мергенчи ак бараңды четке ыргытты,
Жүргүн деп досу менен мындай чыкты,
Карап тур, өз көзүңө көрсөтөйүн
Жан достум, сен көрө элек бир кызыкты.

Күркүрөк асмандагы экөө болду,
Экөөнүн каман экен торогону.
Энеси жар башында карап турат,
Баласы түз атылып сунду колду.

Бар экен бала бүркүт балалыгы,
Каманды алууга күч чалалыгы.
Бир буту жонго тийип, бири калып,
Каманды чала-була жара кылды.

Кыраанга кызыгы жок тим туруштун,
Чапчыды бала бүркүт бир чоң устун.
Жетерлик душмандын да күчү бар го
Жонуна жулуп кетти бир жак бутун.

Тырмагы далай жерге батып калды,
Камандын жонунан кан атып калды.
Каруусу жаш бүркүттүн аздык кылып,
Талаада жан талашып жатып калды.

Асмандан зуулдап доош шукшурулду,
Күч топтоп, эки канат куушурулду.
Каманды асманга лып илип кетип,
Бийиктен үйдөй ташка мээлеп урду.

Аздан соң, бүркүт келип ташка конду,
Чиркиндин бар го шумдук ойлогону.
Кандуу жаш, баласына аза тартып,
Чуп этип кайра учту тик жогору.

Асмандан аткан октой шукшурулду,
Ызалуу эки канат куушурулду.
Кайгылуу бул дүйнөдө жашоо бекер,
Дегендей ташка келип өзүн урду.

О, дүйнө, досум, сөзүң чын турбайбы,
Мынчалык неге азап тырмак жайды.
Бала деп өлдү бүркүт, сен жанымда,
О, досум тегерегим терең кайгы.

Мергенчи жан досуңдун ушул айбы,
Турмуштун агылышы ушундайбы?
Уулуу огу ак бараңдын оокат үчүн,
О, досум кызык эмес, кайгы, кайгы!

*16/IV 1937, Жети-Өгүз*

## МҮНӨЗ ОЙНУ

Силер жок, биздер тентек бала чакта
Көк орой жашыл ыраң Көл-Төр жакта.
Кадимки Кула мерген өзү сүйлөйт,
Болгонун төмөнкүдөй бир окуя.

Кең мейкин, үстү зоока, алды токой,
Чиркин жер, сулуу кыздай айбы жоктой.
Азуулуу, тырмактуулар оюн куруп,
Аркырап, күркүрөгөн чоочуп коркпой.

Бир күнү жата-жата зерикти да,
Жаш эмес өмүрү улуу токсон жашта.
Ээрчитип жалгыз уулун Кула мерген
Аң уулап мында келди жаасын тарта.

Мергендин бир ою бар төмөнкүдөй:
Эрке уулу калбасын деп өнөр билбей,
Үйрөтүп мергендигин калтырсам дейт,
Күүгүмдөп өчөр кезде батар күндөй.

«Уулум, – дейт Кула мерген, – ушундай тур,
Сен эми бала эмессиң, эрдикке умтул,
Аркар көп, теке да көп, кулжа да көп,
Сен аткын, мен айдайын, сонун учур».

Деди да жер таянбай, желдей сызып,
Унутуп карылыгын, жаштай кызып,
Жок болду Кула мерген, шумдук мерген,
Зоокадан, аскалардан аттап, зып-зып.

Ошол күн, ошол мезгил бир учурда,
Азуусу албарстан курч, чын кыл кыйма
Эр каман торопоюн баштап чыкты,
Өнөрүн үйрөтмөккө ойлоп бу да.

Ар жактан калың камыш арасынан,
Жонунан чаар жүнү жаркыраган,
Күркүрөп жаш, карт жолборс келе жатты,
Ирмелбес көздөрү бар канталаган.

Аңгыча, зоо жаңырып дүр-дүр этет,
Кең асман тең жарылып гүр-гүр этет.
Калдайып баласына жандап алып,
Чабыттап бир олжо издеп бүркүт келет.

Ар жандын, ар айбандын баласы бар,
Баарынын бул өмүрдөн талашы бар,
Эгерде колу жетип кубат келсе,
Дүйнөнү жалгыз ээлер чамасы бар.

Эмесе, бул айтканым адил болсун,
Жаштарга маани берер тамсил болсун,
Көйкөлгөн көп сырга бай Көл-Төр бети,
Ушул жер бардыгына далил болсун.

Биринчи сөздү улайлы азаматтан,
Жаш бала бугуп жаткан жанагы айткан,
Корс этип, бала каман сезе коюп,
Чалмакка жөнөп калды арка жактан.

Билбеймин атайыбы, же теккеби,
Карт жолборс, жаш жолборско белги берди,
Баланы каман эми чалар кезде
Жаш жолборс шып дей түшүп, серпип кетти.

Жолборстон шонтип каман өлүм тапты,
Жаш мерген арка жагын карай калды.
Караса, эр көкүрөк жаш шер турат,
Маңдайга мээлеп туруп атып салды.

Карт жолборс бул жорукка жини келип,
Айкырып жерди чапчып эпкинденип,
Күнөөсүз баласынын күйүтү үчүн,
Баланы жарып кетти эки бөлүп.

Аңгыча, шек алгандай айкырыктан,
Кулжа айдап Кула мерген келип калган,
Түш курдуу, көз алдында укмуштуу иш,
Бала өлгөн, ал жер да кан, бул жер да кан.

Чал ыйлайт, туш-туш жагын шашып карап,
Бет бойлоп жолборс качып бара жатат,
Атты эле тийбей калды, бирок жолборс
Аскадан учуп өлдү боюн таштап.

Ал учту баласынын азасы үчүн,
Таанытып чын өрнөгүн эрктин, күчтүн.
Армандуу Кула мерген өзүнчө аң-таң,
Турмушта жаза атканы биринчи күн.

Жанагы кыл кыйма тиш кара каман,
Баятан баарын билип, байкап турган.
Мергенден өч алууга чуркап калды,
Дугдуңдап, түз качырып туура жактан.

Ким билсин, аядыбы азаматты,
Эл айтат, өзүң талда, чынбы калппы.
Мергенге болушкандай күр дей түшүп,
Каманга бала бүркүт тырмак салды.

Бир колу бата түштү калың жондоп,
Кармады бир түп талды да бир колдоп.
Карт каман күчтүү эмеспи, жулуп кетти,
Жонуна бала бүркүт бир колу орноп.

Эң ылдам, бир дегенче убак өтпөй,
Кичирип, куушурулуп дал көөкөрдөй.
Каманды ата бүркүт илип алып,
Жөнөдү көтөрүлүп көктү көздөй.

Уламдан-улам бийик-бийик учуп,
Күн ыйлап, бороон боздоп, улуп-уңшуп,
Каманды тырмагынан коё берди,
Таамайлап, зоока ташка болжоп туруп.

Антти да кайра ылдыйлап жерге конду,
Камандан кек алганга көңүлү толду,
Бирок да баласы үчүн кайра атылып,
Бир тийип зоока ташка күм-жам болду.

Айрылып Кула мерген баласынан,
Кош жолборс, кош каманды олжо кылган.
Бат эле бала зары унутулду,
Бирок да жаза атканга дайым аң-таң.

*27/XI 1944*

## ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ
*(Биринчи варианты)*

Бир койчу ээн талаада коюн жаят,
Колунда жаш жолдошу ыргай таяк.
Олтурган баш кучактап чалды көрөт,
Жаш төгөт бул эмне үчүн, эмнени аяп?

Качанкы күнгө какшып куурап калган,
Белгисиз өлгөн башты таап алган.
Жашынып койчу келип карап турса,
Чал ыйлайт кудайга айтып мындай арман:

«Толубай сынчы экеним сен билсеңчи,
Жаныбар, тулпардыгың мен билсемчи.
Аттиң ай, колдо болуп өзүм таптап,
Эликкен казат издеп эр минсечи».

Кеч кире койчу айлына кайтып барды,
Ханына көргөнүн бүт айтып барды.
Тарттырып сурнай, керней, журтун жыйнап,
Табууга Толубайды хан жар салды.

Бир тарап багыт алды түштүк жакка,
Бир тарап түз бет алды күн батышка.
Күң дебей, малай дебей баары аттанды
Санаалуу хан көңүлүн тындырмакка.

Эртеси Толубай сынчы өзү келди,
«Таксыр хан, Толубай деген менмин», – деди.
«Эмесе, Толубай сынчы, сынчы болсоң,
Жылкымдан тулпар тандап бергин», –деди.

Хан айтты: «Тулпар тапсаң такка коём,
Көңүлүңдү тындырамын эмне ойлосоң.
Сынындын бир жеринде айып болсо,
Билип кой муну дагы, көзүңдү оём».

Тактыда хан жанында Толубай турду,
Жүз-жүздөп нечен миңдеп мал чубурду.
О, кокуй, бул миң санда бир тулпар жок,
Жактырбай Толубай сынчы башын бурду.

Бир өттү өңкөй чүрөк жээрде кашка,
Көк, кызыл аргымактар башка-башка.
Өңкөй боз, өңкөй жээрде, бөлөк өттү,
О, кандай, өңкөй күлүк шатырашса.

Толубай мал санына таң калган жок,
Өткөндүн бирине да караган жок.
Хан айткан тапкын деген тулпардыкка,
Жылкыдан бири дагы жараган жок.

Күлүктөр сынчы астынан өтүп жатты,
Башталган таң азандан, күн да батты.
Мына эми хандын өзү тулпар деген,
О, чиркин, дүйнөдө жок түр келатты.

Ар бирин кырк жигитке жетелеткен,
Кырк жигит баласындай эркелеткен.
«Жылкы эмес, бул жаныбар тарткан сүрөт, –
Дешти эл, – саяпкери ким болду экен?»

Өтөрдө: «О, жигиттер, токтот бери! –
Деди да, хан тактыдан түшүп келди. –
Миң-миңден жактырбадың баракелде,
Кана эми, сынчым, сынап кара», – деди.

«О, таксыр, көп ичинде өтө берсин,
Макоолор сулуу, сымбат көркүнө эрсин.
Мен билген бир кедейдин чаар аты бар,
Бир гана ошол калды, кошо келсин».

Бир убакта чаар ат өттү, кейпи эшек,
Баса албай мүдүрүлөт кезек-кезек.
«О, бали ай, мына, таксыр, тулпар, – деди, –
Биз мындан жаңылбаспыз тулпар десек».

«Жаңылды акмак сынчы», — деди калкы,
Заардуу хан сынчыга ачууланды:
«Булгадың кудай берген дөөлөтүмдү», –
Деди да, эки көзүн оюп алды.

Толубай ойгон көзүн басып туруп,
Ичинен кан аралаш жашып туруп,
Таксырлап ханга мындай бир сөз айтты,
Калайык калың журт да турду угуп:

«Таксыр хан, өрүшүңө тулпар толсун,
А, кудай, дөөлөтүңө бакты консун.
Сурарым: чаар эшекти мага бердир,
Мейли эми, эки көзүмдүн куну болсун»,

Сынчыга хан өкүрүп алгын деди,
Толубай өз жолуңа баргын деди.
Мактанып: акмактар да билип жүрсүн,
Ушундай бир сөздүүлүгүн хандын деди.

Ушинтип шордуу Толубай азап тартты,
Сокурлук соо жүрөктү жаралантты.
Бирок да сынчылыкты көрсөтүүгө,
Чаар атты жер алдында багып жатты.

Ай, тур деп, кемпирине жем бердирет,
Көңүлүн убак-убак желдендирет,
Чаар аттын түлөй баштап эшек жүнү,
Кулпурган ар күн сайын түргө кирет.

Толубай: «Чаар ат күчкө толду, – деди,
-Чаар ат чаар тулпар болду, – деди,
-Кемпирим, эртең узак жол тартчу күн,
Жаңылбай жакшы кара жолду», – деди.

Эртеси кемпири экөө таңда ойгоно,
Азапсыз муңдуу аткан таңды ойлоно,
Учкашып чаар тулпарга сыртка чыкты,
Табыты туура кырк бир күн болгондо.

Келаткан сан кол менен чалып чалгын,
Толубай тосуп чыгып хандын алдын:
«Рахмат, таксыр ханым, эшегиңе,
Эшекти тулпар менен жетип алгын».

Чу деди, чаар тулпар зымырады,
Туяктан үйдөй таштар быркырады.
«Жигиттер, бул эмне дейт, кармагыла!..» –
Сан күлүк кой изиндей тапырады.

Учкашкан Толубай сынчы өзү алдына,
Деп коёт: «Толубай сынчы, ур такымга».
Камчы урса чаар тулпар арка керип,
Бир гана аяк таштайт бута атымга.

Толубай күндүк жерге жеткен кезде,
Тулпардан тер аз-аздап кеткен кезде,
Толубай чал уга калды ат дүбүртүн,
Бул укмак күтүлбөгөн жок эле эсте.

Кемпири: «Кудай, кандай балаа?» – деди,
Сынчы анда: «Бул эмне экен, кара», – деди.
«Капырай, жетип келип калган тура,
Кадимки Жээрде кашка», – деп жооп берди.

«Кемпирим, жолдон чыгып таштакка сал, –
Деп койду шашпай гана Толубай чал,
-Атагы Жээрде кашка болгон менен,
Билчү элем, ташка түшсө аксагы бар».

Айткандай, жолдон чыгып ташка салды,
Үйдөй таш адетинче талкаланды.
Чын эле башын силкип Жээрде кашка,
Жүрө албай ошол жерде аксап калды.

Толубайлар күндүк жерге жеткен кезде,
Тулпардан тер тамчылап кеткен кезде,
Толубай чал ат дүбүртүн уга койду,
Бул укмуш күтүлбөгөн жок эле эсте.

Кемпири: «Кудай, кандай балаа?» – деди,
Сынчы анда: «Бул эмне экен, кара», – деди.
«Капырай, жетип келип калган тура, –
Кемпири, – Кызыл тору», – деп жооп берди.

«Кемпирим, жолдон чыгып өргө салгын,
Тулпарды мээге тийген күнгө салгын.
Атагы кызыл тору болгон менен,
Жука мээ, билем анын ата салтын».

Айткандай, жолдон чыгып күнгө салды,
Өчөшүп чаар тулпар өрүшкө алды.
Чын эле сынчы айткандай мээси кайнап,
Бышкырып чуркай албай жолдо калды.

Үч күндүк жолго булар жеткен кезде,
Тулпардан тер жамгырдай кеткен кезде
Толубай чал ат дүбүртүн уга койду,
Бул укмуш күтүлбөгөн жок эле эсте.

Кемпири: «Кудай, кандай балаа?» – деди,
Сынчы анда: «Бул эмне экен, кара», – деди.
«Капырай, жетип келип калган тура,
Кадимки Көк желмогуз», – деп жооп берди.

«О, кемпир, Көк желмогуз өзү тура,
Жүрө бер, ушул жолдон четке бурба.
Жука мээ, жука туяк оорусу жок,
Айып жок көрүндү эле», – деди мында.

«Тулпарды бекер кыйнап салба терге,
Токтоткун, күтөлүчү түшүп жерге.
Кадимки Жайдак тору өз атасы,
Мактоого жүрбөй калат дешчү эле».

Ошондо Толубай жерге жата калып,
Дүбүрттү угуп турду кулак салып.
Тулпарга тулпардыгын көрсөтүүгө
Чаар ат жерди чапчыйт ызаланып.

Желмогуз аркан бою келип калды,
Зыпылдап төрт аякты керип калды.
Ошондо тура калып Толубай сынчы,
Мындай деп Желмогузду мактап салды:

«Ассалоома алейкум, Көк желмогуз,
Мынчалык күйүп-бышып не болгонсуз?
Жарыктык, чабышыңыз чабыш экен,
Зыпылдап жаа огундай жел болгонсуз,

Ой, бали ай, Көк керемет, мүчөңүз ай,
Ой, бали ай, учканын көр канат жайбай.
Эки көз, эки кулак кайдан бүткөн,
Төрт аяк, куйрук, жалың... пай, пай.

Жаныбар Көк керемет өзү жакшы ат,
Жарыктык, сөзгө келгин, токто, так, так!» –
Дегенде Көк желмогуз дердендеди,
Жүрө албай ошол бойдон калды аксап.

Толубай Чаар тулпарга ыргып минди:
«Кемпирим, жүр жөнөдүк, ал тизгинди».
Мына эми арга келди Чаар тулпар,
Жер дүйнө көзгө илешпей чимирилди.

«Тулпардын кызыганда бир адаты,
Жайылып учкан кезде кош канаты,
Кемпирим, анда эч жерге токтолуу жок», –
Деди да, Толубай сынчы бир сөз айтты:

«Эрким жок жүрөктө ар өзүмдү алар,
Эч ким жок Толубай сынчы сөзүн алар.
Жерим жок, Чаар тулпар, сени сактар,
Элим жок, Толубай сынчы, өзүңдү алар.

Зыпылда, учсун, тулпар, кош канатың,
Алмашып нечен түндөр, таң дагы атсын,
Өлсө өлсүн, Толубай сынчы атым өлсүн,
Бир сенин Чаар тулпар атың калсын.

Баркыңды, Толубай сынчы, билишкен жок,
Калың журт бир сөзүңдү илишкен жок.
Кайран көз далай күлүк таптар эле,
Таптаган тулпарымды минишкен жок.

Мейли эми, көрбөгөн жан аман болсун,
Жаштарда Толубай деген арман болсун.
«Сынчы эле, о чиркин!» – деп айтып калар,
Толубай, арт жагыңда заман болсун.

Замандан четтеп калдык бир жазасыз,
Жолуңар болсун деген, же батасыз.
Кемпирим, Чаар тулпар, Толубай сынчы
Максатсыз учуп кетип баратабыз...»

Сапарды жин, перилер тегеректеп,
Тулпарды мокотууга жарга кептеп,
Аскадан же деңизге түшүп кетип,
Ошентип Толубай сынчы өлсө керек.

*15/VII 1937,*
*Жети-Өгүз*

## ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ
***(Экинчи вариант)***

*«Толубайдай сынчы бол,*
*Токтогулдай ырчы бол»*
***(элден)***

Замана кандай кары, кандай кереӊ,
Закымдап учкан сайын түбү тереӊ...
Ошондой унутулган бир күндөрдө
Кыргыздан Толубай сынчы өткөн экен.

Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар,
Не билсин ал жөнүндө жаш уландар.
Суусаган таттуу жомок ширесине
Сөз кылат тамшанышып карыялар.

Жай бүтүп, күз аяктап, кыш жакындап,
Келгин куш отор кетип, ордун таптап...
Кете албай мында калган карт куштардай,
Карылар көктү карайт, талган канат...

Заманды жакшы көрөт, баркын билет,
Жаштарды алдына алып эркелетет.
Төмөнкү Толубай аттуу кыска дастан
Эски аван, эски ырлардай эске келет...

Бул чындык, бир болгон иш алда качан,
Эл түгөл, азая элек Чынгыз хандан.
Алтайдан Алай четин тегиз камтып,
Ал кезде Азиз падыша хандык кылган.

Азиз хан жер көтөргүс күчкө толгон,
Кол жыйнап нечен миң сан, ондон-солдон,
Кытайдан доо алам деп кыргыз үчүн,
Чабуулга аттанууга ой ойлонгон.

Ой ойлоп, чексиз ойго көңүлү тынбай,
Ааламдын кучагына батпай, сыйбай,
Сайратып салтанаттуу ырчыларды,
Калкына жар чакырткан мына мындай:

«Көл кечип, ашуу ашып, жол жүрүүгө,
Кабыландай кайра тартпай, жоо сүрүүгө,
Сынчылар сындан тайбай тулпар тапсын,
Намыска кан сапарга мен минүүгө.

Урмат чоң тунук туяк тулпар тапса,
Сынчылык сынга толот ушундайда.
Шерт ушул: эки көзүн оюп алам,
Эгерде бир жеринен жазып калса»...

Уккан соң бул жардыкты албан дубан,
Калдайган көз алдына кара туман.
Аптыгып Азизхандын амиринен
Сынчылар башын чайкап, көзүн жумган.

Ушундан бир аз кийин, көп күн ообой,
Жашыл кыр, төрдөн түшүп, талаа бойлой,
Чарчаган бектер менен келе жатса
Азизхан уучулуктан жолу болбой.

Чөк түшүп, тизе бүгүп, кыбыла карап,
Качанкы куурап калган башты кармап,
Күбүрөп, күңгүрөнүп бирдеме айтып,
Алыста бир укмуштуу чал олтурат.

«Баргын, – дейт – жанындагы жан жөкөрүн,
Ким экен, жакын барып байкап көргүн».
Ал келип салам айтса алик албай,
Чал сүйлөйт эки жакка бурбай көңүлүн:

«Аттиң ай, Толубайлыгым сен билсеңчи,
Тушуңда тулпардыгың мен билсемчи.
Туйгундай колду жарып, кайкып учуп,
Туйлатып, туу кармаган эр минсечи»...

Келген жаш Толубай чалга минтип сүйлөйт:
«Сен кимсиң? Билбей кайтсам көңүлүм кирдейт,
Бул эмнең?» – деп сураса, чал энтигип,
«Бул куу баш Алпамыштын чаар аты» дейт...

Ушинтип Толубай сынчы сүйлөр менен...
Жаш мырза шаңдуу топко белги берген.
Күтүрөп көпкөн жаштар ортого алып,
Азиздин ордосуна алып келген.

Эртеси Азиз падыша Толубай чалды
Вазирден тез чакыртып жанына алды.
Астынан эсеп жеткис жылкы айдатып,
Ичинен тулпар тап деп кыйноо салды.

Куп дебей, жарайт дебей, же жок дебей,
Түнөрүп күзгү узун түн түнөргөндөй.
Көрөгөч алп каракуш сыяктанып,
Толубай бир туякты кур жибербей.

Алдыртан ичтен сынап, карап турат,
Нечен бир жибек жал ат, камыш кулак,
Көрктөнүп, көккө атылып көйрөңдөнөт,
Сынчынын көңүлү тойбойт, кандай кылат?

Жортуулга тандап минчү шок боз балдар,
Буулуккан азоо күлүк, буудандар бар.
Сынчы аке, кумурскадай кунсуз беле,
Ушунча жер жайнаган жаныбарлар?

Ошентип күн чак түштөн бешимге ооду,
Макталуу сан учкулдар өтүп болду.
Азиз хан бул көрккө мас, бул көрккө таң,
Бирок чал жерден башын албай койду.

Аңгыча, ай-жылдыздай асмандагы,
Асемдүү алтын тубар жабуулары,
Бир-бирден шаани менен өткөрүлдү,
Азиздин тулпар деген тулпарлары...

Эрке өскөн байдын жалгыз баласы окшоп,
Тулпарлар жибек килем үстүндө ойнойт.
Хан тиктейт, эми сынчым эмне дейт деп,
Бирок ал каадасынча карап койбойт.

Азиз хан ызаланат жини кайнап,
Баркылдап кулдарына минтип айтат:
«Шаардан ат бүткөндүн бирин койбой,
Кесирлүү сынчы алдынан өткөр айдап!»

Буйрук бир... кулдар макул, ошентишет,
Мейли антсин, баары бекер, пайдасыз тек.
Сынчы ата бейит окшоп, үнсүз, сөзсүз,
Былк этпейт, дабыш бербейт, көз ирмебейт.

Улуу хан бул жорукка айран калды,
«Канакей, өткөргүлө дагы барбы!»
Дегенде жооп беришти чур этишип,
«Бир гана Кармыш кулдун бозу калды!»

Кырчаңгы, арык, ачка, эшек кейпи,
Кыбырап, сылтый басып боз да келди.
Кубанып, Толубай ыргып тура калып,
«Падышам, анык тулпар ушул» деди.

Азиз хан муну укканда калтырады,
Кабагын карыш түйүп каарланды.
«Арсыз чал, шылдыңыңа жазаң бул» деп,
Сынчынын эки көзүн оюп алды.

Бирок ал бул бүтүмгө таарынган жок,
Оюлган эки көзүн эки колдоп,
Аярлап аккан канын басып туруп,
Муну айтты, хан алдына келип токтоп:

«Датымды ук, акыркы жол, улуу ханым,
Жаман боз көз куну үчүн мага калсын,
Тагдыр бир, жараткан бир калыс болсо,
Ким-кимден жаңылганын талдап алсын».

Азиз хан ары кетти топтон чыгып,
Сынчыга «ал» дегендей белги кылып.
Жетелеп жаман бозду жолго түштү,
«Болду» деп Толубай ата ичтен тынып.

Ошентип көп күн батты, көп таң атты...
Шылдырап бир калыпта суулар акты.
Көрсөтпөй эч адамга, жер түбүндө
Толубай жаман бозду багып жатты.

Чаалыкпас, арбас кылып ашуу, зоодо,
Кайыкпас, талбас кылып борошого,
Кулпунтуп тулпар кылып минип чыкты,
Сынчы ата туура кырк бир күн болгондо.

Кемпирин (жолду көрбөйт) алдына алып,
Артына кең олтуруп, өзү учкашып.
Сейилден көңүл сергип келе жаткан
Хан жолун туура тосуп тура калып:

Сынчы айтты: «Амансыңбы, Азиз ханым,
Биз минген өзүң көргөн боз жаманың.
Кош эми, жигитчилик арың болсо,
Бул тулпар сага ылайык, жетип алгын!»

Кемпири аттын оозун коё берди,
Кара жер камгак болуп тегеренди.
Азиз хан өзү баштап: «жет, кармалап»
Ана көр, көтөрүлүп кууган элди.

Аз-аздап барган сайын ызы-чуулар,
Алыстап калып жатты куугунчулар.
Аркырап учкан боздун арышына
Жер да тар, асман да тар, аалам да тар...

Шумдук ай, көзгө илешпейт эч бир нерсе,
Учат бейм, бул боз айбан чуркайт десе.
Арт жактан жалгыз дүбүрт дабыш чыкты
Толубайлар күндүк жерге жеткен кезде.

Деп сурайт, Толубай анда: «бул кандай ат?»
Кемпири: «чоң күрөң боз» деп унчугат.
Сынчы анда: «Билем аны, жука туяк,
Күрөңдү кудай алсын, таштакка тарт».

Боз тулпар шарт бурулду, аркырады,
Тоодой таш кумдай болуп быркырады.
Чоң күрөң жолдон тажап, бутун силкип,
Жете албай, ошол бойдон калып калды.

Эртеси, экинчи күн түш мезгилде,
Угулат жер силкинткен да бир нерсе.
Кемпири «жээрде кашка» деп жооп берет,
Сынчы ата: «бул кандай ат» дегенинче.

О билем, жээрде кашка – жеңил кашка,
Карт эмес, эки жарым асый жашта,
Кемпирим күнгө салгын, эсимде бар,
Бир гана мээси жука, малдан башка.

Кемпири күнгө тартты боз тулпарды,
Ансайын кызыгандай кош канаты,
Күн өтүп, жээрде кашка чуркай албай,
Ыраактап, карга болуп караандады.

Ал эми: үчүнчү күн таң алдында,
Эң сүрдүү дабыш чыгат бир башкача,
Кемпири жооп берет: «Жибек көкүл –
Жээрде ат. Өзү окшойт деп, – Азиз падыша».

Сынчы анда «Жибек көкүл чын тулпар ат,
Бирок да бир айбы бар – мактоо жакпайт.
Азиздин өзү экени жакшы болду,
Кемпирим, ханды беттеп алдына тарт!»

Кемпири ханга тартты сынчы айткандай,
Сынчы ата ачык ырай, жазы маңдай,
Кашкайып күнгө карап көкүрөк тосуп,
Жээрде атка мактоо салды мына мындай:

«Чиркин ай, жибек көкүл не укмуш ат,
Чолпон көз, чүрөк моюн, алтын туяк,
Ыракмат сымбатыңа...», – деген кезде
Жүрө албай туруп калды жер чапчылап.

Сынчы ата сөзүн буруп Азиз ханга:
«Жаман боз мен минген ат, таанып кара!
Падышам, сын баркына жете албадың,
Акыры ээн талаада сен маскара.

Менде жок арманды угар тууган, досум,
Жана да өнөр билген жан жолдошум...
Кантейин, Жаратканга айтарым бар,
Артымда атымды айтар заман болсун».

Деди да камчы салды боз тулпарга,
Боз тулпар жакшы кызып эми гана,
Дайынсыз сапар алып зымырады,
Эли жок, жери жоктой бул ааламда.

Жер жүзү, жер бүткөндү бүт тебелеп,
Ай менен күн ортосун жалгыз ээлеп,
Акыры бир деңизге түшүп кетип,
Ошентип Толубай сынчы өлсө керек.

Аз кеп бар хан жөнүндө эки-үч сабак,
Кытайга аттанган дейт колун санап.
Канетсин, тулпары жок, канга батып,
Жеңилип кайтыптыр деп кеп кылышат.

*26/XI 1944,*
*Койсары*

## КАРАГУЛ

*Кулуну өлгөн бээдей, ботом,*
*Кууратып кеттиң, Карагул ботом,*
*Ботосу өлгөн ингендей, ботом,*
*Боздотуп кеттиң, Карагул ботом.*
*О, о Карагул ай, ботом...*

Кылт эткен кыймыл көрсө кылайтпаган,
Илешип из аңдыса из кайтпаган.
Шарт этип шагыл таштан кулап кетсе,
Сырдашка сына карап сыр айтпаган.

Аңдыса аңдыганын кылайтпаган,
Из кууса кууп жетпей кур кайтпаган.
Абайсыз аска таштан учуп кетсе,
Учтум деп жолдошуна сыр айтпаган.

Калпы чын, чыны да чын, баары чындай,
Сүйлөсө сөзмөр ата таң калгандай.
Куюндай өткүр өскөн тоо уулуна,
Кумар жок мергенчилик кумарындай.

Билгенден билбеген аз биздин элден,
Атагы катуу чыккан Тумаш мерген.
Мал этин ырымдыкка ооз тийип,
Канаттуу, кайып этин кактап жеген.

Тумаштын терс жайылып, малы батпай,
Тие албай ууру-бөрү дити бакпай,
Карматпас кайберендин этин жеген,
Көңүлгө короо малы анча жакпай.

Дос келсе мейманчылап туш-туш жактан,
Желп этип мерген учкан желден чапчаң.
Зайыбы: «Азыр кийик апкелет» – деп,
Күтүнүп, отун жагып, казан аскан.

Чын эле башы энчилүү өз малындай,
Артынып тоо эчкини сулай, сулай.
Бир паста Тумаш кайра келе турган,
Жүргүнчү түтөтө албай, туурай, туурай.

Жаш кетти, өмүр өттү, карттык жетти,
Сезген жок, сергек мерген сексен бешти.
Токсон жаш тулку боюн чалган кезде,
Карттыкты кайран Тумаш шондо сезди.

Эскиртти нечен ойду, нечен кырды,
Жайында сансыз кийик мойну сынды.
«Арман ай, алты оңкого[1] жетпедим», – деп,
Бейбаш чал беш жарымга арман кылды.

Бул кезде жалгыз уулу Карагулу,
Жыттаса жыпар төгүп, чыккан муңу,
Эселек сегиз жашта, ойноок бала,
Окшогон тоонун азоо тай, кулуну.

---

**[1] Оңко — аткан кийик миңге толгондо миңинчи кийик оңко турат деген лакап бар.**

Атасы эркелетип, эрке баккан,
Жок дебей, тап дегендин баарын тапкан.
Бел байлап, перзентине, медерине,
Түк жазбай, таамай-таамай октор аткан.

Карагул көп күндөрдүн бир күнүндө,
(Мергендин айлы конгон Көк күдүргө),
Таарынып, ыйламсырап кирип келип,
Маминтип атасын салды күнөө:

«Атаке, эжем Жаркын келген экен,
Санагын, элик чүкөм канча десем,
Санады араң эле эки миңдей,
«Аз го»... деп шылдыңдашты Карып, Эсен.

«Эмне үчүн үч миң эмес, атакебай,
Таап бер атканымды таңдан калбай», –
Деди да жер тепкилеп жатып алды,
Аң уулап ата кетти жок дей албай.

Он-ондоп, ой элигин ойноп атты,
Кырылып, кыр кийиги кыйрап жатты.
Тектирдин текелерин терип жыгып,
Маш берген милте кармап, маша тартты.

Күнөөсүз канга боёп адырларды,
Карт Тумаш каадасынча кызып алды.
Түнөрүп зоо беттери караңгылап,
Күн батып, кеч киргенин билбей калды.

Шол кезде, шабыр этип как алдынан,
Артында улакчасы ээрчип алган,
Энтелеп эне кийик качып берди,
Тумаштын эң акыркы огу калган.

Улагын эне-кийик далдалады,
Карачы, жанталашкан жаныбарды.
Бирок да эрегишип өжөр мерген,
Так мээлей, жаш улакты шыкаалады.

Койсунбу, колтукка атып жыгып салды,
Энеси андан ары жүрүп калды.
Кайкактап кара үңкүргө кирген кезде,
Мерген да арт жагынан кирип барды.

Күндүздөй үңкүр ичи сүттөй жарык,
Бир кемпир түпкүрүнөн чыга калып.
Деп карап: «Баланды ат, ай... баланды ат, ай,
Сакайтып жаралууга дары жабып...».

Мергенчи салам айтты шашып кетип,
Ал кемпир «олтур» деди, ракым этип.
«Ичиңиз, мергенчим», – деп айран сунду,
Чөйчөккө (туяк заттан) мелтиретип.

Карт Тумаш бир ууртады, үч ууртады,
«Бир жутум айран го деп ушундагы.»
Көп ичти, калыбынан бөксөрбөдү,
Көңүлдүн жарпы жанып, суусун канды.

Ошондо кемпир минтти Тумаш чалга:
Экинчи ак милтеңди колуңа алба,
«Жалгызың Карагулдун күнүн көргүн,
Сен эми кайберендин жолун чалба...

Балаңа мындан ары чүкө ойнотпо,
Баланды кызыктырба кийик тонго...», –
Деди да, көздөн кайып каран үздү,
Караса, Тумаш жатат ара жолдо.

Бир күнү жаш Карагул жашын төгүп,
Жаш кезден атасындай көпкө көнүп,
«Ашыгым үч миң эмес, беш миң болсун», –
Деп ыйлап жатып алды өжөрлөнүп.

Буулуккан кумардыкка себеп чыгып,
Атасы ак милтесин алды ыргып.
Белестен белес ашып алыс кетти,
Бир кезде сан кийикти аткан жыгып.

Кемпири бул жорукту көрүп туруп,
Шертине кайберендин көңүл буруп:
«Карагул, бир балээни баштайсың», – деп,
Чүкөсүн көмүп салды тигип тулуп.

Эр Тумаш туманданган тоодон ашты,
Бир жолу түк баспаган жолдор басты.
Ырымга бир кийикти кезиктирбей,
Кесирге ого бетер атаандашты.

Шартылдап анда барды, мында барды,
Жылмышпай басып өттү жаламаны.
Бүткөндөй кайберендин тукумдары.
Бирин да караманча таба албады.

Жинденип өзүнө өзү ачууланды,
Кабландай ого бетер каруулanды.
Ак милте өз өзүнөн атылчудай,
Сурданат бу да канды сагынганбы?

Сагынсын, сагынды деп не кылалы,
Жок күчтү, жогун тоо-таш бар кылабы?
Дүйнө ошол: кээде толо, кээде кемчил,
Эң кыйын анын кайра табылмагы.

Тумаш чал жашаганы ушул жашка,
Кур кайтуу келген эмес курган башка.
Үшкүрүп, ак милтесин бир чапты да,
Олтурду көчүп коюп бийик ташка...
Карагул энесине чуркап келди,
Апалап адетинче эркеледи:
«Чүкө ойнойм балдар менен, бол батыраак,
Таап бер, таап бер», – деп кежирленди.

Энеси: «Кой, каралдым, Карагулум,
Кудайдан зарлап алган жалгыз уулум.
Шыйкырлуу кайберендин каргышы бар,
Ойнобо, ойнуң курсун, чүкөң курсун».

Баласы баягыдай бултуңдады,
Эркелеп энесине тултуңдады.
Энеси: «Мындан ары минтпей жүр», – деп,
Жалгызын биринчи ирет уруп салды.

Карагул элик тонун кийип алып,
Көзүнөн таарынычтын жаштары агып.
Жашынып балдырканга жатып алды,
Атанын өтөр жолун тосуп барып.

Оюнда: «Энем издеп келер», – деди,
«Айласыз айтканымды берер», –деди.
Билебиз бала уйкусу кандай ылдам,
Бат эле көзү үргүлөп, мемиреди.

Атасы чыны менен жолу болбой,
Кайгырып, ылдый карап ойлой, ойлой,
Үңкүйүп үйүн көздөй келе жатты,
Кең колот, узун сайды бойлой, бойлой.

Бүлк этти түп балдыркан бир оокумда,
«Я, кудай, – деди мерген, – олжо мына!»
Караса, жылдыз чаар кийик жатат,
Курч мерген мылтык сунду туруп кырда.

«Олжосуз кур кол кайтуу эрге намыс,
Мен үчүн чексиз ыза көтөрө алгыс.
Ак милте мени менен дос болгону,
Эч качан кайткан эмес кызыл кансыз».

Деди да, мээлеп туруп басып калды,
Кубанып ок артынан жетип барды.
Элиги: «Атакебай!», –деди дагы,
Үзүлдү, башка сөзгө келбей алы.

Мергенге жер титиреп, ай тутулду,
Арбайып азезилдер колун сунду.
Көтөрүп колуна алып, карап көрсө,
Өзүнүн жалгыз уулу – Карагулу.

«Мен айттым, айтканыма тил албадың,
Билдиңби, эми, мерген, бала ардагын.
Бизди да далай ирет сыздаткансың,
Ал эми, баланды жеп тоюп алгын».

Кайберен ушуну айтып кайып болду,
Мергенден тер тамчылап шорголоду.
«Э, кудай, түшүм болуп калсачы», – деп,
Жалынып, жанталашты... кантсин шордуу.

Түш эмес, акыйкат иш өңүндөгү,
Ингендей ботосу өлгөн мөңгүрөдү.
Калдайып аалам жүзү караңгылап,
Көзүнө жарыкчылык көрүнбөдү.

Жок болду жан кубаты, жан ардагы,
Айлана аза тартып, ыйга канды.
Чиркин ай, жараткандын жазганын көр,
Дүйнөдө мындан күчтүү кайгы барбы!..

Ошентип, далай, далай күндөр өттү,
Кайрадан сынган чынар бүрдөмөкпү?
Баары бир ыйлоо менен эркке көнбөйт,
Ошондой бул турмуштун ажал өртү.

Мергенди мерес оору тооруй чалды,
Күн санап күңгүрөнүп кайгы ырбады.
Канетсин, шордуу эне, күйүтү күч,
Темселеп эки көзү көрбөй калды.

Атаны уулуу аза алсыратты,
Шал кылып, муундарын шалдыратты.
Саргайып санаа тартып, чачы агарып,
Былк этпей бир төшөктө беш жыл жатты.

«Ал ырас, өлүм күчтүү адамзатка,
Тирүүлүк андан күчтүү алда канча.
Басынсаң турмуш сени басып алат,
Кайрат кыл, кур кайгыга алданганча!..»

Деди да, Тумаш ата өйдө турду,
Чыңданып, кубаттанып, белин бууду.
«Каргыштуу кайберени, кайдасың?» – деп,
Карт каблан баласынын кунун кууду.

Бирок да издегенин таба албады,
Азайды барган сайын кубат-алы.
Айтылуу Карагулдун кошогу деп,
Калың журт бул жомокту сактап кадды.

*23/I 1945, Койсары*

## МЫРЗА УУЛ

Алайдан чыккан Мырза уул жигит,
Кундуздан телпек кулпунта кийип,

Ноокаттан чыккан Ак Саткын сулуу,
Абайлап басса, ак айдан сулуу.

Кербен жол баштап Мырза уул жигит,
Ноокаттан келген Саткынды билип.

Ак Саткын сулуу алдынан тосуп,
Ыргалып ырдап, аванга кошуп,

Жигиттин сугун суктанткан бала
Ырдаган ырын уксаңыз ана:

– «Алыс жол баскан атың бейм, жигит,
Алтындан жабдык салтың бейм, жигит.

Узак жол баскан атың бейм, жигит,
Күмүштөн жабдык салтың бейм, жигит.

Түспөлүң көрсөм туйгунсуң, жигит,
Көркүңдү көрсөм айкөлсүң, жигит.

Көздөрүң панар чачырайт, жигит,
Тилиңен тилле тамчылайт, жигит.

Сыныңан сурпат таппадым, жигит,
Шондуктан сизди мактадым, жигит.

Бирок да бактың туюк бейм, жигит,
Не десең о да буйрук бейм, жигит.

Сундурган колуң сундурбайм, жигит,
Тилимди ал, сага буйрулбайм, жигит.

Кайтар бир жолуң кандуу бейм, жигит.
Душманың сенден алдуу бейм, жигит.

Не десең мейлиң, каргыш айт, жигит,
Атыңды буруп, кайра кайт, жигит».

Саткындын сыны сур таштан сүрдүү,
Сүйлөгөн сөзү кырдуудан кырдуу.

Мырза уул мырза кезмегин алды,
Кериле карап, кеп жолун салды:

– «Күлүккө салган көрпөчөм, кыз эй,
Күлкүсү жакшы өзгөчөм, кыз эй.

Жакшы атка салган көрпөчөм, кыз эй,
Жакшы бир бала өзгөчөм, кыз эй.

Жомок бир жомок түйүнү, кыз эй,
Жакшы бир бала өзгөчөм, кыз эй.

Табышмак учу курамдыр, кыз эй,
Ойнуңду коюп кубандыр, кыз эй.

Үйүм бир үйүм желдедим, кыз эй,
Үйүмдү таштап сен дедим, кыз эй.

Малым бир малым тергемин, кыз эй,
Малымды таштап сен дедим, кыз эй.

Көңүлдү билбей неткениң, кыз эй,
Көрүнбөй жатып кет дедиң, кыз эй.

Тизгеним тилле сооруттум, кыз эй,
Неден бир көөнүң ооруттум, кыз эй?

Канжыгам кайыш сооруттум, кыз эй,
Кандай бир көөнүң ооруттум, кыз эй?

Адырда аркар аңкаят, кыз эй,
Алтүндө барам айлыңды айт, кыз эй.

Будурда бугу аңкаят, кыз эй,
Үйүңө барам, үйүңдү айт, кыз эй.

Убал бир сообум өзүмө, кыз эй,
Уктачуу жериң кай жерде, кыз эй?»

Жабыр бир опа өзүмө, кыз эй,
Жатар бир жайың кай жерде, кыз эй?

Көңүлүн кыйбай Ак Саткын пери,
Муңая карап мындайча деди:

– «Айлыбыз жакын акбашат, мырза,
Азамат жүзүн дат басат, мырза.

Үйүбүз четки ак өргө, мырза,
Зарыкпагын көрөргө, мырза.

Жатар бир жерим сурасаң, мырза,
Оң жак бир жүктүн бурчунда, мырза.

Арс ичигин төшөнүп, мырза,
Түлкү ичигин жамынып, мырза.

Ана шол жерде мен жатам, мырза,
Келбегин тил ал, бейжаздым кылба».

Алты аркар чыгып аңкаят асман,
Жети аркар чыгып чаңкаят асман.

Мырза уул келди ай чыккан тушка,
Атынан түштү аларман кушча.

Мырза уул келди үч үркөр тушка,
Атынан түштү кыраан көз кушча.

Өргөнүн өйдө капшытын ачты,
Ак Саткын кызга жүрөгү ташты.

Капшыттан кызга шыбырап жатты,
«Качалы, жүр» деп чын сырын айтты.

Ак Саткын пери: «келбечи, койчу,
Сүйгүн да кет» деп ак бетин тосту.

Мырза уул кантсин сүйөйүн деди,
Артынан шап-шуп бир дабыш келди.

Жонуна келип күрс этти канжар,
Оргуштап агып, төгүлдү кандар.

Арбайган колдор көтөрүп алып,
Жашырып салды көк жонго барып.

Канжарды малган ким десең, курдаш,
Алтымыш ашкан Ажыбек куубаш…

Шамшарын малган ким десең, курдаш,
Жетимиш ашкан Ажыбек куубаш…

Ак Саткын кыздын калыңын берген
Алуучу күндүн учуру келген.

Мырза уул жаштын сүйгөнүн билип,?
Жол аңдып жүргөн коңултка кирип.

Артынан келип канжарын малган,
Ошентип, жаштын эсебин алган…

Ай айга өтүп, ай башы тоңуп,
Мырза уул иши билинбес болуп,

Күн күнгө өтүп, күн башы тоңуп,
Күлүстөн иши билинбес болуп,

Куугунчу кайткан, куугундап келип,
Таба албай кеткен, кур бекер желип.

Чабарман келип, чалгындап келип,
Таба албай кеткен, чапкылап желип.

Атасы баштап, кырк жигит ээрчип,
Саткынга келди шектенип-шекип.

Ак Саткын бейбак жаштатып көзүн,
Ыр менен айтты жашынмак сөзүн:

– «Кой дедим коомай, күймөлдүң досум,
Каяша кайым сүйлөдүң досум:

Жөн дедим, жөнсүз күймөлдүң, досум,
Жүйөөлүү сөзгө сүйлөндүң, досум.

Тургун деп тушум көтөрдүм, досум,
Тура албай тушуң, алдырдың, досум.

Качкын деп, капшыт көтөрдүм, досум,
Кача албай, капшыт талдырдың, досум.

Жез камчы тийди сооруңа, досум.
Курч канжар тийди жонуңа, досум.

Курч канжар мизи май болду, досум,
Көк жонго барып жай болду, досум».

Ак Саткын баштап, көк жонду ачты,
Көк жонду ачып Мырзаны тапты.

Мырзанын сөөгү чирибейт, бүтүн,
Кызыл нур баскан кыялкеч жүзүн.

Ашыктык жыты жыпардай аңкыйт,
Жыттаган адам жыргалга балкыйт.

Ак Саткын бейбак бетинен сүйдү,
Көрүнбөй түтөп, жалынсыз күйдү.

– «Мырза уул өлсө, куп болсун, калкым,
Ак Саткын менен жуп болсун, калкым».

Деди да Саткын саамайын кармап,
Шалк этти кулап, жүрөгүн кандап.

Мөңгүрөп текши, турган эл жардап,
Аза күн кылды, кыбыланы карап.

Арадан көп-көп замандар өттү,
Өчкөн жок бирок эки ашык көркү.

Көк жонго кош түп ак кайың өстү,
Саргайбай көктөп, жыл сайын өстү.

Түбүнөн тунук кош булак акты,
Чаңкасаң, суусун шип-ширин татты.

Кош кайың бактын ортосун жарып,
Көк тикен өстү, жашарбай карып.

Көк тикен ал ким? Ажыбек куубаш,
Анда жок көктөш, бир гана куураш.

Кош булак суунун ортосун жарып,
Сасык суу акты, ылайга канып,

Сасык суу ал ким? Ажыбек какбаш,
Адамга жакпас, заманга батпас.

Кош кайың менен кош булак суусу,
Мырза уул менен Саткындын туусу.

Кош кайың менен кош булак шары,
Мырза уул менен Ак Саткын жары.

Кайыңга келип карчыга сүйлөйт,
Булакка келип кабыландар түнөйт.

Кайыңга келип кыргыек түлөйт,
Булакка келип арстандар түнөйт.

Майрамдан майрам, майрам күн дуулап,
Майрамдап келип, боз балдар ырдап.

Сайрандап сайран, сайран күн дуулап,
Сайрандап келип, жаш кыздар ырдап...

Ойгонуп кээде Ак Саткын, Мырза,
Кошулуп кетет ырдаган ырга.

Тирилип кээде Ак Саткын, Мырза,
Биригип кетет жыргалдуу жылга.

Кош кайың менен эки айрым булак,
Эки ашык жарды эстетип турат.

*24/XII 1945,*
*Койсары*

## ДОМОНУН КЫЗЫ

Тең карап, айгинелеп актай агын,
Дааналап катка салып агын анын.
Айтылган уламыш сөз болсо дагы,
Угалы кушка тилмер кыз баянын.

### *I*

Кезинде кызы да өткөн, Домо да өткөн,
Сермесе колго түшпөй эрк көксөткөн.
Күн бүтүп, Домо карып калган кезде,
Калкына мына мындай сөз көрсөткөн:

Асманда бүркүт шаңшып үйдү айланат,
Добушун Домо жерден байкай калат:
«Ээ, балдар бул баягы сарежи экен»
Деп анан калдырканын урат, кагат...»

Кете албай көктө бүркүт бул белгиден
Ээрчитип балапанын түшүп келген,
Караса: туура отуз жыл салып жүрүп
Домо чал азат кылган сарежи экен.

Өмүрлүк айрылышып асыл колдон,
Сарежи кеткенине төрт жыл болгон.

«Карыдың, жаныбарым, кош» деген соң
Соңку ирет өтсөм деген ушул жолдон.

## *II*

Домодон эркек болбой, бир кыз калат,
Не чара? Кыз болсо да болор канат.
Өзүнүн көзү тирүү бар чагында,
Оокаттуу жерге берип, канааттанат.

Кыз эркин жазмыш оту ысытпаган,
Ээрчитип, элиркетип кызытпаган.
Барган жер дөөлөткө шай болгон менен,
Куш салуу сөөлөтүнө кызыкпаган.

Ошентип, жыл артынан жылдар өтөт
Адаттай: сайлар кургап, кырлар көктөп.
Домонун ыраактагы кызы үстүнөн
Армандуу күндөр учат, нечен көп-көп...

Бир күнү бир себептен, иши кылып,
Акеси келинине көңүлү жылып:
«Я балам, кимди көрүп иттер үрөт? –
Деген соң, – «Карап көрчү сыртка чыгып».

Келини кайра кирип жооп берет:
«Карадым. Үч бүркүтчү бизге келет,
Бири шат, биринде чоң өкүнүч бар,
Биринде күчтүү күйүт терендeнет».

Акеси: «туюнтуп айт, балам маган»,
– «Бүркүтү сүйүнгөндүн калтар алган,

Бүркүтү өкүнгөндүн жазып калган,
Бүркүтү күйүнгөндүн кур калтырган…»

Үчөөнү аттан алып, эшик ачып,
Колдогу сый тамакты төгүп, чачып,
Чечилип сыр сырлашып олтурганда
Окуя жогоркудай болгону ачык.

Эртеси бүркүтчүлөр аттанарда:
«Акебай, айтканымды жаман алба,
Бүркүттүн үчүнчүсүн сатып бергин,
Дал ошол жаманы үчүн мени карга».

Акеси бул буйрукка кантип барбайт:
«Сат баатыр, мунуңду» деп, жакын жандайт.
Багжаңдап өкүнүчтүү бүркүт ээси:
– Бекер ал! Бекер ал! – деп жаны калбайт.

«Жок аке – дейт келини, анткен болбос,
Ызатка качан болсун убал жолдош.
Эң кеми: айгыр үйүр жылкы бергин,
Бүркүттүн ошондо да куну толбос».

Ээсине айтканындай жылкы айдатты,
Ээ бербей бүркүтчүнү айгайлатты,
Эң мурда: «шылдың кылып жүрбөсүн» деп,
Андан соң, көңүлү каныл көз жайнатты.

Акеси: «бул бүркүттүн өнөрү эмне?»
Дегенде берген жообу мындай эле:
– Бул бүркүт, биринчи ирет мен бүркүт деп,
Үмүтүн биринчи ирет сермегенде:

Түз тийип, таамай мыкчып каман алган,
Каманга каарданып тырмак салган.
Ошондо жалын бүткүл жутуп ийип,
Ошол жал коё болуп катып калган.

Эртелеп ак боз бээни союу керек,
Казысын бөлүү керек үчкө теңеп:
Табактай, аяктайдан, чыныдайдан,
Сугунтуп, коё түшөр күнгө ченеп.

Түшкөн соң көкүрөктөн каман жалы,
Бүркүттүн башкача эле каранганы,
Дейт анда Домо кызы: бул бүркүттү,
«Төө комдот» деп атайбыз мындан ары.

«Төө комдот» деп атайбыз деген себеп:
Бул бүркүт көргөнүн бүт терип берет.
Жайылып чалгын салып учкан жакка,
Түрүлө төөнү комдоп барыш керек.

Күн санап арбый берсин элдин саны,
Кошулуп жаңы санга улам жаңы.
Анткени, эл канчалык арбын болсо:
Бүркүттүн ошогон тең келер табы.

Эртеси, айткан шартты көңүлгө ала,
Чер жазып, канмак үчүн бир санаага.
Тандалган кырк жигитти жанына алып,
Жайылып күйөө чыкты кең талаага.

Сайрандын ушул болуп жан эрмеги,
«Төө комдот» албаган жок эмнелерди...

Карышкыр, түлкү, кулжа, текелерди
Ар жүздөн, жүз ашырып бере берди.

«Төө комдот» илбирс алды, каблан алды,
Умтулуп мырза күйөө салганды алды.
Жаркылдап ат туягы калган жерде:
Күйөөгө: урмат, сыйлык, атак калды.

Бир күнү... ой жорубай эч шумдукка,
Бак – дөөлөт жете тийип ак булутка...
Байкоосуз Домо кызы карап турса,
«Төө комдот» коно калды туурдукка.

«Акетай, болор бир иш болгон экен»,
Деп алып, анан сурап акесинен:
– Кеткен эл, бүгүн аке арбын беле?
– Жок балам! Балам менен бешөө кеткен!

– Кудурет күйүттүү күн салган тура,
Салтанат сайран күнү жалган тура.
Чабытта эрдик анты канбаган соң,
«Төө комдот» бешөөн бирдей алган тура».

Деп анан, баш тарта албай эрдик анттан,
Кайгырып ичтен күйүп, кыял тарткан.
Бүркүттү кармап туруп, балта менен
Колунун ортоңкусун кыя чапкан.

Кош энди бир болор иш болгон экен,
Кир күнөө сенден кетпей, кетти менден.
Шертиң ак, жаныбарым аман бол деп,
Бүркүттү азаттыкка коё берген.

*9/XI 1948, Чолпон-Ата*

## АК МӨӨР[1]

Ай батат, жылдар өтөт, зуулап бат-бат,
Жебедей кароолуна тийип шак-шак,
Түгөнгүс эртеңкинин эшиктерин
Китептин барагындай ачып шарт-шарт,
Жортуулдан жолдуу кайткан жигиттердей
Өмүрлөр муңду таптап, күлөт шат-шат...
Кылымдар кыз эскирткен шайыга окшоп,
Кайдадыр желп-желп этип калып жатат.

Өткөн күн, опосуз күн бейбактылуу
Тынчы жок токсон миздүү, токсон кырлуу,
Жаанчыл булуту көп март айындай,
Ал күндүн сулуулары жаштуу, ыйлуу,
Шол күндүн бир сыныгын колума алып,
Милдетим окуучуга баян кылуу,
Доорумдун абасы кең үйүндөгү
Олтуруп үстөлүнө жайлуу, сыйлуу.

Элде бар элдин кыраан акылманы,
Элде бар сөзмөр, чечен, көсөм, кары,
Тарыхчы, түркүн-түркүн илимдүүлөр
Биринен бири акылдуу акындары,

[1] Поэма бүтпөй калган.

Мен бирөө, түк жете албай ошолорго
Бараткан бардыгынын артындагы,
Болбосо беш-он күнгө келип кеткен
Өмүрдүн силер өңдүү бир мейманы.

Мен жазбайм ал замандын баатыр алпын,
Тереңдеп талдай албайм жалган-калпын,
Мен билем сансыз кылым агып, агып,—
Азайган дарыядай кыргыз калкым,
Акыры ушул күнгө туура келип,
Болгонун тулку бою туташ алтын;
Эгерде сиздерге да ылайык келсе,
Жазууга Ак Мөөр кызды туура таптым –

Дүйнө арбып дөөлөт тиреп ичтен-сырттан,
Дүркүрөп төрт түлүк мал, ашып миң-сан,
Митедей шордуулардын канын соруп,
Тирүүлөй отко кактап майын сыккан,
Кийиктей коргологон кесептерден —
Момун эл удургушуп жар-ташка ыккан,
Айкырып төбөсүнө камчы ойнотуп,
Тынайдан[2] Жантай аттуу «баатыр» чыккан.

«Баатыр» дейт, «хан» деп да айтат, эски эл муну,
Хан Жантай — Карабектин «каблан» уулу,
Наурузбай, Кене[3] менен найзалашкан,
Чоюн жон, бекем белдүү балбан уулу.
Чалкалап Чүй атанын кең төрүндө,
Кыргызга кыйын бийлик салган уулу,

---

[2] Уруунун аты.

[3] *Наурузбай, Хан Кене* — Ормон менен Жантайдан курман болгон казак хандары.

Атадан бала даңкы кыйын чыккан
Жантайдын кечеги өткөн Шабдан уулу.

Хан Жантай хан дегендей так күтпөгөн,
Ак сарай, ак ордолуу салт күтпөгөн,
Алайдын ханыша кызы Курманжандай
Дубанды калтыраткан даңк күтпөгөн.
Кадырлап даражасын көтөрө айтып,
Анчейин салабаттап «ханым» деген,
Жангай да бул атакка машыр болуп,
Ат жалын апчый тартып минген белем.

О, ал бир журттун чексиз даана байы,
Жулунган жылдызга эргип кулун, таиы,
Башынан малдар бөгөп суу жутканда
Кулдурап куурап турган Чүйдүн сайы.
Тепселип ошол малдын туягына,
Кедейдин кайгысы ашып, кеткен шайы,
Шайы эмес көр оозунда тирлик этип,
Жоголуп житип жаткан чыкпай дайны.

«Бак» кетпей анын ата-бабасынан,
Жантайдын кымыз ташып сабасынан,
Багландын бал куйругу кылк-кылк этип,
Тууралган эт үзүлбөй салаасынан,
Жашоодон эч камы жок борс-борс күлүп,
Май агып салаасынын арасынан,
Санаасыз дуулап өткөн өмүрлөрү
Күн, кулдун, карыптардын көз жашынан.

Жарк этип күлө бакпай алсыздарга,
Боор ооруп, райым кылбай байкуштарга,

Жер чалып желип-жортуп кете берет,
Түбөлүк чүмкөп салып боз туманга.
Тизгинин жыя кармап бек олтуруп,
Дыр берип түз жерлерде анда-санда...
Бир күндүк өмүрүнүн түштүгүнө
Шаркылдап жорго минип келатканда,
Ой түштү жүрөктү уулап дартка чалып...

*28/ I—1945*
*Койсары*

# ДРАМА

# АК МӨӨР

**4 актылуу, 8 сүрөттүү драма**

**КАТЫШУУЧУЛАР:**

Ак Мөөр – Адылдын кызы.
Адыл – Ак Мөөрдүн атасы.
Болот – Жылкычы жигит, баатыр.
Султан – Болоттун курбусу.
Сайкал – Ак Мөөрдүн курдашы.
Келдике – Бий.
Баян – Келдикенин уулу.
Кундуз – Баяндын жеңеси.
Тажалбүбү – Кемпир, Баяндын тыңчысы.
Жантай – Хан.
Баяке,
Аламан – Жантайдын жигиттери.
Сейилда – Жантайдын байбичеси.
Мыскал – Жантайдын токолу.
Бойлош – Ажы – Жантайдын молдосу.
**1-жуучу**
**2-жуучу**
Мындан башка эл, жылкычылар, келин-кыздар.

## I АКТ

### 1-СҮРӨТ

*Соң-Көлдүн түнкү көрүнүшү – кыз оюн курган келин-кыздар, бозойлор Баяндын сөзгө жыгылышын табалап күлүп жатышат. Оюн-күлкү.*

**Сайкал.** Мөөркан ырас айтты. *(Баянды көрсөтүп)* Чын эле бул какылдаган кайсы урган? *(Күлкү).*

**Баян.** Кантет, кантет... Мен айтсам Мөөрканга кеп айттым, теңтуш курбу деп айттым. Жамандарга кошулуп табалаштын жөнү жок.

**Сайкал.** Уктуңарбы, жамандар?

**Баян.** Жаман деп койгонго эле жаман болуп калдыңарбы, ой кеп билбеген кемпайлар!

**Сайкал.** Уктуңарбы, кемпайлар? *(Күлкү).*

**Баян.** Сайкал, сенин бул сыйлаганыңбы, сындырганыңбы? Мөөр айтса эркелеп айтты. Кыз сүйгөнүн катуу чагат, бирок уулантпайт. Ага эмнени күлкүсү?

**Сайкал.** Уктуңарбы, кыздар! Баян кыз бүткөндүн баарын жылан кылып салды.

**Баян.** *(Сайкалга)* Алды-артымдан тооруйсуң, деги менде сенин эмнең бар? *(Кыздарга)* Күлө бергиле, силер курдуу асылкечтердин оюн-күлкүсүнө териге турган жеңил жигит мен белем?

**Сайкал.** Аның жөн. Жигиттин кыздан жеңилиши, билгенге чоң намыс! Ошентсе да сен...

**Баян.** Бир байталдын жообуна намыстанчу мен эмес. Мына билгиң келсе!

**Мөөр.** Сөзүң ак, Баян мырза. Сөзүңө сөз – жаман байтал кайда жок, сен өңдөнгөн жетпес тору кайда жок! *(Ого бетер табалоо, Баян кошо күлүп).*

**Баян.** Олда, Мөкүш, ай, э, мына ушунуң катуу тийди. Жебенин огундай жүрөгүмө сайыла түштү. Бирок мен көтөрөм.

**Сайкал.** Жетпес тору болгондон кийин, көтөрбөскө айлаң канча? *(Дагы табалоо, дагы күлкү).*

**Баян.** Каап, ушунуку өттү да. Кундуз жеңе, бирдеме деп, Сайкалдын жаагын жап кылчы, деги жаныма өтүп кетти.

**Кундуз.** *(Кыздарды жарып өтүп)* Ал эчтеке эмес, балекетиңди алайын уул, өзүң айткандай сүйгөн кыз катуу чагат, бирок уулантпайт деген ошол Сайкал. Сөзгө көтөрүмдүү болгонуң – анык жигитчилигиң. Кыздар, уулду азамат дегиле, анча-мынча жеңил неме болсо таарынмак. Мынчалык күлө турган деле жөнүбүз жок эле. Уул: «Мөөрдүн алкымынан жыттасам, койнунда ай батканча уктасам» деди. Мөөркан: «Адепсиз сүйлөп үн салып, бул какылдаган кайсы урган» деди, анын эмнеси бар?

*(Ого бетер табалоо).*

**Баян.** Кундуз жеңе, сен да болбодуң, ого бетер ырбатып жибердиң. Курбум Болот, ушундай тар жерде бир ишке жара. Байкадыңбы, катуу жыгылдым. Сөзмөр элең, намысымды жаап бер. Ыраазылыгым кымбатка турар.

**Болот.** *(Жанындагыларды экиге бөлүп).* Кана, мындай боло бергилечи. Баян курдашымдын жообу мындай...

**Сайкал.** Мөөркандын айтары да даяр. Кана ырчы дешип макташат, үнүңө бир кусадар кылчы!

**Болот.** Кусадар кылбасам да, ынтызар кылармын. Эки-үч сабак ыр билбеген кыргыздын кайсы жигити бар.

**Мөөр.** *(Алдына кашкая чыгып).* Кана, Болот, мени түз карап туруп туруп ырда.

**Болот.** Айтканың болсун, Мөөркан. Түз карап туруп ырдайм. *(Үнүн жасап).* Эмесе: *(Аптыга түшөт, кыздардын баары күлөт).*

**Сайкал.** Э кудай, аптыга түшкөнү эмнеси? Кыздар, Болот ушундай беле? Ээй, тобокел де!..

**Баян.** Болду! Аптыккан эткен жок. Угуп тургула.

**Болот.** Мөөркан, сөзүм ачуураак чыккан турат, аны айтып коёюн.

**Сайкал.** Кана, татып көрөлүчү! *(Дагы күлкү. Болот эми чыйралып, ырдамакчы болгондо, баятан берки күлкүгө кыжыры келген Тажалбүбү кирип келет).*

**Тажалбүбү.** Какылдаган кагындар, безилдеген бейбактар, түн баласы уктатпай, мазамды жаман алдыңар! Карагылачы асманды, жылдыз суюлуп түн түрүлүп барат. Болду, какшабай үй-үйүңөргө тарагыла, тарагыла! *(Колундагы таягы менен тап берип таратып жүрөт).*

**Кундуз.** Иштин болбой калганы ушул. Бизди таратмайын бул тажаал тынбайт, тарайлы.

**Тажалбүбү.** *(Таратып).* Кайда барып конбоюн, дал жанымда кыз-оюн!

**Сайкал.** Энеке дейм, элдин баарын тажатып бүткөндөн кийин атыңызды Тажалбүбү коюшкан ээ!

**Тажалбүбү.** Балакет бас, өлүксүз! Кудайдын берген куттуу аты да *(таягы менен чала-була чаап калып).* Токтой турчу, ушул кебиң үчүн маңдайыңдан чертейин да, тамагыңан сороюн. Чачыңды жулуп бир-бирден боор этиңе тоёюн. *(Тарай башташат).*

**Мөөр.** Болот, арманда калдың.

**Болот.** Арманды жазышарбыз. Бери токточу. Бир азга каласыңбы?

**Мөөр.** Күт!

**Тажалбүбү.** Тарагыла! Тарагыла, тарагыла! Болот, сен эмне токтоп калдың?

**Болот.** Жылкыма барам, үй алыс, ушул жерде бир аз Соң-Көлдүн көркүнө бөлөнүп, сулуу таң, күн шооласын тосуп алам.

**Тажалбүбү.** *(Акырая карап, таягын кесеп).* О балакет! *(Кетет).*

**Баян.** *(Бир аз тынымдан кийин Болоттун жанына чуркап келип).* Болот, курбум Болот, эч бир пендеге айта элек бир сырым бар. Аны бүгүн сага айтпай жүрөгүм тынбайт.

**Болот.** Аныңа ыраазымын, Баян курдаш. Жайылган малым, тигилген өргөөм жок болсо да мен дегенге жарай алармын деп ойлойм. Айт сырыңды!

**Баян.** Ал мындай, бери басчы... Болот, ал мындай...

**Болот.** Ал кандай сыр?

**Баян.** Болот курбум, таежең Мөөргө көзүм түштү.

**Болот.** *(Боюна жолотпой).* Таежең дегени эмнеси? Ал анчейин эле алыс тууган.

**Баян.** Жок, курбум, антпе, сени абдан кадырлайт, алардын үйүндө эркин жүрөсүң. Андан көрөкчө жигитчиликке жара.

**Болот.** Ошондойбу? Мөөргө көзүң түшүп калдыбы? Ашык болгон жоксуңбу деги?

**Баян.** Ашык дегени эмнеси? Ургаачыга киши ашык болобу? Аларга жалбаруу жигитке намыс.

**Болот.** Ашык болбосоң, аны жакшы көрбөсөң, кандайча көзүң түшөт?

**Баян.** Көзүм түштү дегеним, алгым келди деген сөз. Чеченсинип шакылдап тили менен көңүл сындырган мындай кыздарды аяк астына таптап, жүрөгүн мыкчып, жарык дүйнөдөн кор кылып өткөргүм келет деген сөз.

**Болот.** Ачууң катуу, курбум. Мен айтканыңа жарай албайм го дейм? Баса, кудалашкан жери бар дешчү эмес беле? Сайкал сенин колуктуң эмеспи?

**Баян.** Өзүм баатыр болгон соң, кимди аяйын дегендей, мал өрүшкө батпай тескери жайылып, ырыс төгүлүп, дөөлөт ташып, атам бий, мен Баян болуп турганда бул дүйнөдөн дуулап өткүм келет. Мейли, оюмдагыны кылам! Сайкалды чансам, мени бирөө чаап алабы?

**Болот.** Оюңду айтчы?

**Баян.** Оюм – алмай. Сөзгө чоркок жайым бар, менин атама четин чыгарып айтып көр, эмне дээр экен? Сынагым келет.

**Болот.** Жарайт, айтып көрөйүн. Ал колдон келчү иш.

**Баян.** Ап, баракелде, ошент. Жообуна шаш, Болот! Эми кетели.

**Болот.** Жарайт. Мен мында калам. Жакшы укта, мырзам. *(Баян кетет).*

**Болот.** *(Бир аз анын артынан карап калып).* Ырас сыр экен. Баян мырза, бул сырың... сыр экен? Жараткан! Бул сырды өзүң ойлоп, өзүң чеч. Эртеңки күн, эртеңки жолум күүгүмдөнө түштү. Алтын Соң-Көл, сен менин жибек төшөгүм. Байлык-дөөлөтүм, ырыс-бактым, ойлосом – ой чечерим, кайгырсам – кайгы таратар касиетимсиң. Сен Баяндын сырын түшүндүңбү? *(Ойлуу олтуруп калат. Короо кайтарган кыз-келиндердин уну угулат).*

Бекбекей качты, бел ашты эй,
Белине белбоо жарашты эй.
Саксакай качты, сай ашты эй,
Санына салмоор жарашты эй.
Укурук башы долоно эй,
Ууру, бөрү жолобо эй.
Ууру келсе – уштайбыз эй,
Ууртун айра муштайбыз эй.
Төбөгө чаап жайлайбыз эй,
Төөгө чиркеп айдайбыз эй.
Айдуук!
Бекбекей, бек кайтар эй,
Саксакай, сак кайтар эй.
Айдуук!

*(Шашкан Мөөр келет).*

**Мөөр.** Болот, Болот! Кайдасың Болот?

**Болот.** Мөөркан! Келдиңби? Өөх, мен...

**Мөөр.** Келбейт дедиң беле? Убада менен өлүм бирдей эмеспи. Же көңүлүңдү калтырган жайым барбы?

**Болот.** Жок, Мөкүш. Деги айттым да.

**Мөөр.** Укканым болсун, Болот. Убакыт тар. Үйдөгүлөр сезип калбасын.

**Болот.** Айтар сөзүм оозума кирбей жатат. Кап, эмне дейин дедим эле?

**Мөөр.** Бу сен деги эмне болгонсуң, Болот? Жана ырдай албай аптыктың, эми оозума сөз кирбейт дейсиң. Сайкал айткандай мындай эмес элең?

**Болот.** Себебин билбейсиңби, Мөкүш?

**Мөөр.** Билбейм, билсем да билбейм!

**Болот.** Андай болсо күткөн үмүт, тилеген тилек, сунган талап текке экен го?

**Мөөр.** Болсо болор...

**Болот.** Орду бар дейм да, эмне үчүн мындай дейм да. Ошондой экен го.

**Мөөр.** Түшүнбөйм. Дейм да, эмне үчүн дейм да?

**Болот.** Айтканым тескери угула баштаган экен го?

**Мөөр.** Анан дагы... дагы бир жагын айтсаң?

**Болот.** «Дагы»... эмнеси «дагы»...

**Мөөр.** *(Бардык үнү менен күлүп жиберип)*. Болот, кантип билбейин. Кантип түшүнбөйүн?.. Экөөбүз арзышып калдык... Сен көз алдымдан кетпейсиң. Бул жаман оору экен...

**Болот.** *(Жарпы жазылып)*. Мөкүш, мен үчүн ааламдын жалгыз көркү сен. Көптөн бери биздин адил, таза жаш жүрөгүбүздүн жалыны билинбей жанып, оттон ысык алоолонгондон бери көкүрөгүмдө чоң дем, чексиз кубат жүрөт.

**Мөөр.** Мен үчүн башкалардан башкасың, баатырлардан баатырсың, жакшылардан жакшысың. Муну мен

айтпайын дедим эле... Бирок жазмыштын күчү айттырып жатат.

**Болот.** Аныңа ыраазымын. Мындай сөздү жалгыз гана сенден угам. Сен үчүн мен, мен үчүн сен деп түшүнөм.

**Мөөр.** Болот, билгенге, ашыктык кыйын тура!

**Болот.** Ошон үчүн жана өмүрүмдө биринчи жолу ырдай албай сүрдөдүм, азыр сен келгенде сөз таба албай аптыктым. Ашыгыңдын сымбаты бирде көркөм чынар, бирде кол жеткис аска болот тура.

**Мөөр.** О эл көзүнө ого бетер кайраттуу, ого бетер чечен, ого бетер шайыр болуп көрүнүшүң керек.

**Болот.** Жашчылыктын тилегин бир жакка оодарыш керек. Ансыз жүрөк баатыр боло албайт.

**Мөөр.** Кандайча? Ал эмне дегениң, Болот? Ачыгыраак кылып айтчы.

**Болот.** Биздин тилектин токтой турган жери кайсы? дегеним эмеспи, Мөкүш...

**Мөөр.** Ал айтылбады беле. Жалган дүйнөдө жаныбыз бир болот, өмүрдүн жүгүн бирге көтөрүшүп, ашыктыктын жан жеткис күлүк бууданын минип алыска, *(асманды көрсөтүп)* тээ алда кайда, перилердин торуна, тээ алыска учабыз дебедик беле?

**Болот.** О, мен теңиң боло аламбы? Жылкычы болсом, жарды болсом...

**Мөөр.** Мен деле кайсы чиренген байдын кызы элем. Арзышкан ашыктарга бай да, падыша да тең эмес.

**Болот.** Кокус Баян көз артып калса кантесиң, өзүң да сезгендирсиң...

**Мөөр.** Баян өңдүү бай балдары бул турмушка эрке жаралган, көңдөй, өңүндө ырайым, тилинде жылуу сөз, колунда жакшылык, оюнда адилдик жок, супсак жаралган арсыз пенде. Аны менен өлгөнчө каным кошулбайт, миң аракет кылса да Мөөр атым барында жаныма жолотпойм.

**Болот.** Эми көңүлүм жай алды. Маңдайга жазылганды көрөрбүз, Мөкүш. Эмки айтарым мындай *(Аны эркелетип жаракөр кучактап, ары карай басып)* биздин шертке батып бара жаткан ай, тарап бара жаткан жылдыз, көл боюнда биз сыяктуу ысык дем менен бир-бирине ыкташып таттуу уктаган каз, өрдөк, ак куу, касиеттүү Соң-Көл күбө эмеспи! *(Экөө ысык сүйүү белгисинде турат, бул кезде аңдып жүргөн Баян байкатпай алардын арка жагынан келет. Экөөнү карап, таң калып турат).*

**Мөөр.** Ушундай түндөрдүн бир гана деми миң дөөлөткө, миң байлыкка, эсепсиз казына, нече дүр-дүнүйөгө, менсинген нечен арсыз жүрөккө тең эмеспи. Мен кетейин, сен ар дайым биздикинде бол, атам сени жакшы көрөт. Эч шек албайт.

**Болот.** Кош, эмесе, Мөкүш, айтканыңдай кылам. *(Экөө бөлүнүшөт, Баян өзүнчө).*

**Баян.** Баракелде. Түк мындай деп ойлогон эмесмин. Кудая тобо, ушундай экен ээ? Сырымды айтчу кишиге айткан экенмин да! Ургаачынын чачы узун, акылы кыска деген ушу да. Болоттун эмнесин жакшы көрдү? Болот ким, мен ким? Токто, эми чындап киришейин *(өзүнчө кезенип)*. Таанытармын силерге! *(Кетет).*

**Болот.** *(Толук ыраазылыкка ташып, түндү жаңырта кыйкырът)*. О-у... Султан, о жылкыларды бери кайры, мен алдынан тосом. О бери кайры, бери кайры. Бах, чиркин дүйнө ай. Ашыклык деген өзүнчө бир чексиз күч экен го. Күлүк менен жарышкым келет. Кабылан менен кармашкым келет, ажыдаар менен арбашкым келет, азуулуу менен алышкым келет, эртеңким кандай болор экен? Кандай болмок эле? Кылычка моюн сунуп берчү мен эмес. Мына, таң атып келе жатат. Бир аздан кийин Мөөркандын үйүндө болом. Мага андан артык эмне рахат? Мөөркандын үйүндө болом! Таң тезирээк атса экен!

## 2-СҮРӨТ

*Мөөрдүн үйү. Атасы Адыл жана өзү.*

**Мөөр.** *(Жаракөрлөнүп).* Ата-ай, я ата, атаке дейм, көптөн бери айта албай жүргөн бир сөзүм бар...

**Адыл.** Айта гой, кызым, *(эркелетип)* айта гой, жарыгым.

**Мөөр.** «Жердеги жумуртка – көктөгү канаттуу» дегендей, ар бир куш жумурткадан чегилип балапан болуп, анан канаты жетилип, кайдадыр азаттык кучагына учат. Тай – тулпар болуп, бала – азамат болуп, темир канат бала-бүркүт – кыраан болуп, жараткандын ай-күнү, жер-асманы ортосунда дооран сүрөт. Бир гана менин таалайым белгисиз, мен кайда барам, кимдин чынарына коном?

**Адыл.** Олда, кызым ай э. Ким менен кудалаштың, ким менен сөөктөштүң, мени кимге бермек болдуң дегениң го? *(Күлүп).* Ушундай го, кызым?

**Мөөр.** Андай болбосо да, ошого жакын, атаке...

**Адыл.** Бир кудайдан зар какшап тилеп жүрүп көргөн перзентим сенсиң, кызым. Көрсөм көңүлүм тоёрум, карасам кайгымды ачарым өзүңсүң, жылдызым. Куда-сөөк болуш парз, бирок сенин көз жашың убал. Мен убалдан корком жана өз ичимен айтып койгон антым бар.

**Мөөр.** Кандай ант, атаке?

**Адыл.** Азамат дүйнөгө бир жаралат, миң алаамат азаптардан, кайгы-муңдан өтөт. Сен бир жаралдың, мен тирүүмдө көз жашыңды көрбөйүн, бирөөгө колуңдан кармап бере албайм.

**Мөөр.** *(Кубанып).* Кудай ай, таалайым атакемдин колунда экен го. Атаке, андай болсо... андай болсо...

**Адыл.** Өз көзүң менен көрүп, өзүң жактырганга гана берем. Антым ушул.

**Мөөр.** *(Жаракөрлөнүп).* Жараткан ай, жер жүзүндө мендей бактылуу бар бекен... Атаке, заман көтөрбөйт го?

**Адыл.** Өзүм жаман болгон менен Соң-Көл айланасындагы элдерге анча-мынча кадырым бар, аксакалдар сөзүмдү угат. Келдике бий да салам берсем алик алат. Сага берген антым майышпайт да, чайпалбайт, кызым.

**Мөөр.** Аныңыз жакшы экен. *(Жаракөрлөнүп).* Атаке, өзүм каалаганга ээ?

**Адыл.** Ооба, ырыскым, өзүң каалап, өзүң арзыганга, өзүң каалап, өзүң арзыганга.

**Мөөр.** *(Аябай күлүп).* Эгер менин каалаганым тогуздап, жүздөп бере албасачы?

**Адыл.** «Барган жериң кутман болсо, төркүнүң султан болор» дейт, кызым. Колунан көөрү төгүлгөн, башынан бакыт күнү кетпеген, жүзүндө мээр чөбү гүлдөгөн, маңдайынан ырыс шамы көрүнгөн жерге не жетсин. Андай жерге жолуксаң, бешигинде алтын көкүл талпынар, кызым.

**Мөөр.** «Кызды берсең чогоолго бер, кызды алсаң зордоп ал» дешкени эмнеси, атаке?

**Адыл.** Ал жүйөлүү кеп. «Чогоолго берген кыз куурайт, жети атаң, тууган-досуң тең куурайт» дейт. Бул көңүлгө түйөр сөз, кызым.

**Мөөр.** Жок, атаке, мага «каалаганың» деген сөзүңүз жагат. Муну түк эсимден чыгарбайм. Абдан таттуу сөз.

**Адыл.** Айтканым айткан. *(Болот кирет).* О-о, мына жээн да келип калды. Бу айдай, күндөй болуп сен кайда жүрөсүң? Кел, төргө өт.

**Болот.** Кулдугум бар, таяке. Кол тийбейт, кол тийсе моюн жар бербейт. Ошентип эле бир аз күндөн бери четтеп кеттим. Эми келе берип тынчыңызды албасам болгону.

**Адыл.** Тынчыңызды албасам дегени эмнеси. Мына, Мөөр менен тең чоңойдуң. Тай-кулундай алышып балалыкты өткөрдүңөр. Эми четтеп кетпей күлкүң менен, ырың менен, бөлөк жигиттерде болбогон тамашаң менен Мөөргө эрмек бол. Уялба, келип жүр. Кымыз куй!

**Болот.** Ооба, таяке. Мөөр менен көңүл ачуу мага кумар. Сиз айткандай бала кезден бери үйрөнүшүп калыппыз. *(Эшикти көрсөтүп)*. Мейман келатат. *(1-жуучу кирип салам айтып, ызат кылат)*.

**Адыл.** Кел, мырза, кел, төр сиздики!

**1-жуучу.** Теңир жалгасын, жайынча келип калганым.

**Адыл.** Жол болсун, мырза, элиң кайсы, жериң кайсы, кайсы уруктансың, айта отур?

**1-жуучу.** Элим, жерим мындан салт аттууга алты күнчүлүк. Уругум моңолдор, өзүм бирөөнүн аманатчысы.

**Адыл.** «Бөрү чабар жигитти бөркүнөн тааны» дегендей сенин бөркүңө караганда жуучусуң го, балам!

**1-жуучу.** «Ырыстуу үйгө жуучу, ырысы жок үйгө доочу». Сиздин ырысыңызга ырыс кошоюн деген кудайдын кулумун.

**Адыл.** Аның жөн. Сүйлөй отур.

**1-жуучу.** Кызыңыз Мөөргө бир болушту былк эттирбей сураган Асылзада деген бектин ыкласы түшүп калыптыр. Калыңы канча болсо да көтөрөм дейт. Сиз менен сөөктөшөйүн деп келдим. Жооп берсеңиз экен!

**Адыл.** Асылзадаң, Асылзадалыгын кылып үстүмө алтындан үй тигип, өрүшүмө мал айдап, маңдайыма чынар терек тигип, үй жанына күмүш көл орнотуп, бүткүл эл-журту менен асылса да кызымды бербейм.

**1-жуучу.** «Кыздуу киши кыр ашат» дегендей, катуураак кеттиңиз.

**Адыл.** Жообум ошол, жуучум. Башка кеп жок.

**1-жуучу.** Кулдугум бар! *(Ызаат кылып чыгып кетет)*.

**Мөөр.** *(Моокуму канып).* Атаке, дайым ушундай таамай айтсаңыз, менин турагым бейиш жарыгындай бейкут болот.

**Адыл.** Деги жадатып жибериштi. *(Сайкал кирет).*

**Сайкал.** Эшикке мейман келди. Түспөлүнө караганда алыстан чыккан неме окшойт. Аты ыргайдай, өзү торгойдой болуп бүтүптүр. *(Аңгыча 2-жуучу кирип салам айтып ызат кыпат. Адыл алик алат).*

**Адыл.** Кел, жуучум, кебиң болсо айта олтур.

**2-жуучу.** Теңир жалгасын, касиеттүү карыя. Сураттпай билгениңерге таң калам.

**Адыл.** Э, анча-мынча олуялыгым жок эмес. Айтарыңды да билип турам.

**2-жуучу.** Ой тобо ой, укмуштуу киши го *(сүрдөп),* эч деле сөзүм жок. Анчейин... Алыстан... Сиз жакка...

**Адыл.** «Куда болгончо кулу, бийин сураш, куда болгондон кийин кул да болсо сыйлаш» дечү эмес беле. Тартынбай айтарыңды айта олтур.

**2-жуучу.** *(Кубанып өзүнчө).* Мунуңуз жаман эмес го. О кудай бере көр. Көл башы арык тукумунанмын. Ашкан манап Алтымышбай болуп, анын уулу Жетимишбай болуп, кызыңыз Мөөрдүн даңазасын алыстан угуп, түшүндө жактырып калыптыр. «Кымызды ким ичпесин, кызды ким сурабасын» деген кеп да.

**Адыл.** Пай, пай, пай, түшүндө жактырып калса... бул чатак экен. Эмесе, ошол Алтымышбайың менен Жетимишбайыңа айта бар, түшүндө арзыганга ал өңүндө такыр кошулбайт. Сөзүңдүн аягы кымыз менен эт болуп бүттү белем, кызды көргүң келсе, көрсөтөйүн – мына! Кымыз ичкиң келсе, кана, кымыз сун, Мөөр!

**2-жуучу.** *(Тартып жиберип, Мөөрдү карап калып).* Чиркин ай, арзырлык перизат экен э! «Кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер» дечү эмес беле?..

**Адыл.** *(Шашып).* Кокуй, я, Мөөр, бер кымыздан, бер, аябай суусаган окшойт. Жуучум, бир кызды миң киши сураса, биринен алып бирине өткөр дегениңби?

**2-жуучу.** *(Аябай сынып).* Мен жыгылыштуу болдум. Мени кудай урсун. *(Мөөрдү карап).* Бах... Жакшы торгой экен э... Жообу болор бекен?

**Адыл.** Айтылбадыбы, жуучум, көп таарынбай бир-эки күн коно жатып, кайра келген жагыңа кайтарсың.

**2-жуучу.** Кулдугум бар! *(Кетет).*

**Мөөр.** *(Күлүп).* Атаке, бул жолкуңуз сыйыраак чыкты.

**Адыл.** *(Ыраазы болуп).* Жуучу келүү ал ырыскы болот. Баарынын тилеги ак. Кызым, сен алардын баарынан кымбатсың. Ошондуктан көңүл калтырууга туура келет. Э, кудай, кесириңен сакта. Мөөр, Сайкал, Болот! Кымыз ичип, ыр ырдап, ойноп-күлүп олтура бергиле, чырактарым. Мен өлбөс оокат менен алышайын. *(Кетет).*

**Сайкал.** Дүйнөдө жуучудай шүмшүк бар болду бекен? *(Күлүшөт),*

**Болот.** Сайкал, сенин тилиң уу, аябай курч. Курчтугуң менен Баянды таарынттың. Аның жакшы эмес.

**Сайкал.** Таарынса Таласка кетсин. «Жигит өзүн менсинет, жигитти ким теңсинет» дейт. «Көпкөн жарылат, толгон төгүлөт» дейт. Ал сөөмөйүнө чиренбей эле койсун. Айланып жүрүп өзүмө келет, ата жышаанын бузмак беле?

**Болот.** Сен аша сүйлөйсүң, Сайкал. Колуңан баары келет.

**Сайкал.** Менин колумдан баары келет.

**Мөөр.** *(Жаракөр).* Сакин деймин, биздин кол кыска, жолубуз тар эмеспи. Бизде эрк барбы? Аны коюп сөздүн ийгилигине көчөлү. Эркекке караганда кыз сырга бек болот. Сага айткандарымды оозуңдан чыгарган жоксуң-

бу? Жалгыз сырдашым бир сенсиң, Сакин. Менин убалыма калбагыдай бол.

**Сайкал.** *(Жумшап)*. Жаным айлансын сенден, Мөкүш. Болот экөөңөрдүн байчечекейдей жадыраган өмүрүңөргө суу сеппесем, уу сеппейм. Колумдан келген жакшылыгым силерди ого бетер ысык, ого бетер таттуу, ого бетер көркөм кылса экен дейм. Сен билбейсиңби, Мөкүш? Тили ачыктын жүрөгү жабык болот...

**Болот.** Жакшы айттың, Сайкал. Ушундай туйгун эле дейм да!

**Мөөр.** Эмесе, Болот, сага арнаган белегим бар. Үч тилектештин ортосунда ошол аманатты тапшырайын. *(Ары жактан кылыч алып чыгат)*. Душманың көп. Эми ого бетер көбөйүп бара жатат. Экөөбүздүн тагдырыбыз үчүн башка түшкөн кара түндө керекке жарайт. Бул сага жакшы жарашат. *(Кылычты Болотко тагат)*.

**Болот.** Мунуң чоң сый! *(Кылычты кындан сууруп)*. Атаң көрү ай, курал деген кандай сүрдүү... Ырас, душманым көп, биз дагы аз эмеспиз, бирок биздин кол байлануу. Экөөбүздүн азаттыгыбызга, ашыклыгыбызга тоскоол болгон тар кыяда, айсыз түндө бул берген белегиң эч кимге жеңдирбес күч болот. Анткени, бул ашыклыктын белеги, ашыклык баарынан күчтүү! *(Кылычты өөп, кынына салат)*.

**Сайкал.** Болот, «Кылычты ар ким байланат, чабарына келгенде кандай баатыр шайланат» дейт. Ошого татырлык бол.

**Болот.** *(Кубанып)*. Жарармын, жарармын деп ойлойм, Сакин! Кана байкап көрөйүнчү. *(Кылычын сууруп аябай ыраазы болуп)*. Ойда, элпек, жеңил, өткүр, майышпас, алдырбас! *(Баян кирет)*.

**Баян.** Болот, сен урунаарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай калгансың го!

**Сайкал.** Абайла, Болот. Мырзаны чарпый кетпесин!

**Баян.** Каап, ушунуку өттү да. Астафрулла! Чымын болсом да эмне болуптур! Мен менмин го дейм?

**Болот.** *(Жадырап-жайнап).* Э... Баян мырза, Сайкалдын эрке сөзү да. «Үйдө баатыр – жоодо жок» дешчү беле. Кыздардын алдында мактанып жатканым.

**Баян.** *(Күлүп).* Баса десең, бери басчы, айтор шыбырым бар.

**Сайкал.** Мөөркан, бери жүр, шыбырын шыбырап алсын. Биз шыбырына шыбыр кошолу, шыбыры шыдыр кетсин! *(Экөө өздөрүнчө сүйлөшүүдө).*

**Баян.** *(Алдыга чыгып).* Болот, кечээки сөздүн аягы эмне болду? Укмайынча тынчый алгыдай эмесмин. Атайы ошон үчүн келдим. Эмне дейт деги, айтсаң!

**Болот.** Айттым, мырзам. Экөөңөрдүн араңарга жүрүшүм мен үчүн уят болсо да, кадырың үчүн айттым, мырзам.

**Баян.** Эмне дейт?

**Болот.** «Баян мырзанын көзү түшүп калыптыр, буга эмне дейсиң?» дедим эле: «Мен арзыганыма барам, бирок Баян экөөбүздүн ортобузда андай лаззат ачыла элек» деди.

**Баян.** Ошондойбу? Арзыганына? *(Өзүнчө кыжыры келип).* Ага арзыганды ким коюптур? Каап, тилегин кара... *(Болотко).* Арзыганыма дейби? Барсын, арзыганына барсын! Жообу андай болсо кыйын экен. Бул жерде туруп не кылам? Кой, мен кетейин! Айтып кой, Болот, Мөөр арзыганына барсын!

**Сайкал.** Токто, Баян, токто! Таарынба, таарынычыңды жазайын. Бул ушундай көк болучу. *(Анын сыртынан карап калып).* Апэ-эй, Мөкүш, бий акем келе жатат.

**Мөөр.** *(Кошо карап).* Тигиниси атам экен. *(Кубанып).* Бийге сөзүм өтөт дегени чын экен го. Сакин, кокуй, үйдүн ичин иреттеп жиберели. Жок, таза эле экен. Жүргүлө, улуу меймандын камын көрөлү. *(Кетишет. Адыл менен Келдике бийкелет).*

**Келдике.**

«Кырдан ашкан түлкүдөй кылактаган дүнүйө,
Сууда сүзгөн кундуздай булактаган дүнүйө.
Каухар, жакут, берметтей чубактанган дүнүйө,
Сунган колго жеткирбей ыраактаган дүнүйө» – деген ушул эмеспи, Адыл!..

**Адыл.** Ырас го, замана чиркин миң сыр, жүз кыр турбайбы!

**Келдике.** «Кары билет кааданы, качырган алат соно-ну» дегендей, дагы эле болсо кадырга жетер өзүңсүң. Мына, бизге окшоп дөөлөттүн терең жеринен кечпесең да, аталган бай, же бек, манап болбосоң да, өзүңдүн ак жүрөк, адилдик жана акылга дыйкан касиетиң менен эл арасына өтүмү бар кишилердин бирисиң. Мунум калппы, я, Адыл?

**Адыл.** Чындыгы бар, бийим.

**Келдике.** Ап, бали, «Баштаганың жакшы болсо, эмкинин карысы болорсуң» дегендей, биздин дем менен ушу кадырга жетип отурасың. Мунум кандай, Адыл?

**Адыл.** Бетке айткан сөздүн заары жок дегендей, жалынып алдыңарга барганым жок, жалбарып мал сураганым жок, эч кимге залалдыгым жок, кудайдын жазган күнүн эптеп көрүп келатам.

**Келдике.** Ооба, дечи. Сөздүн ыгын бурба, ооба деп турсаң.

**Адыл.** *(Борсулдап күлүп).* Айта бериңиз, бийим, айта бериңиз, бийим.

**Келдике.** Айтсам, түндөтөн бери мага бир жаңы ой түштү. Ал ойдун чечилүү түйүнү сеникинде болгондуктан, бастырып келип калганым ушул болду.

**Адыл.** Колдон келер иш болсо, баш тартууга эрк кайда, бийим.

**Келдике.** Экөөбүз замандашпыз, таалайыбыз башка болгон менен акыры тиги дүйнөгө барар тагдырыбыз бир. Өзүңө акыл салайын деп келдим, Адыл...

**Адыл.** Эмне жөнүндө экен, бийим?

**Келдике.** Элге окшоп арага киши салбай, ашык түйшүк, бекер уу-чуу чыгарбай, бир жагы теңтуштук, карылыкка салып, намыс кылбай, уялбай өзүм келдим, Адыл... Менин сөзүмөн чыкпайсың го деп келдим, Адыл...

**Адыл.** Бийлик тизгини колуңузда, дегениңиз туура болбоско айласы канча, бийим?

**Келдике.** «Тулпар тушунда, күлүк күнүндө» дегендей, эр жетип, бирөө көл боюнда чынардай, бирөө таңкы соккон жыпардай, бирөө үлпүлдөк сулуу жылдыздай, бирөө ааламга тийген жарык ай болуп жуп келишип турганда, тизгинин жыя карматып, куюшканын бек тартып, үзөңгүсүн алтындап кош күлүктү жаратып: «ал эми экөөңөрдүн өмүрүңөр бирге болсун, аллохакпар» – десек эмне болот? *(Каада күлкүсүнө салып)*. Мунум сөз бекен я, Адыл? *(Дагы күлүп)*.

**Адыл.** *(Өзгөрө түшүп)*. О бий аке, коюңузчу тамаша кепти. Бала болуп кеткенсизби?..

**Келдике.** Эмне дейт? Бала-маласы жок эле чыным ошол. Балам, Баян улам-улам айттырып жанымды алды. Анын көңүлүн баспасам аталык баркым кайсы?

**Адыл.** Менде да аталык намыс бар, бийим.

**Келдике.** *(Өзгөрүп)*. Ой, сен эмне деп дөөрүп олтурасың, о кадырды билбеген каадасыз! Мени менен сөөк болгонго кубанбайсыңбы?

**Адыл.** Бийим, Баян балаңызга Сайкал кыз кай жеринен жазды экен?

**Келдике.** Тарт тилиңди! Анда сенин ишиң жок. Балам Мөөрдү каалады, аны алат!

**Адыл.** Кызым кимди кааласа, ким кызымды кааласа ошого берем деген антым бар. Кааласа барсын Баянга, эрк кызда!

**Келдике.** Сага антты ким койду, кызыңа эркти ким берди? Ал кандай алсыз эрк? Баятан берки айтканым

сый сөз, сыйды билбесең ыйды билерсиң. Эми мен келбейм, өзүң келгидей бол! Бүгүн-эртеңден баштап тоюна камынабыз.

**Адыл.** Алдыңызга аяк басып барбайм, айтканым айткан. Өкүмүңүз болсо, мына – кыска өмүрдүн жашык жүрөгү даяр!

**Келдике.** Сыйды билбеген айбан, кийин өзүң өкүнөрсүң! Айтарым ошол, кызыңдын тоюна даярдан! Даярдан тоюна. *(Кетет. Жүгүрүп Мөөр кирет).*

**Мөөр.** Атаке, эмне болду? Бий акем эмнеге сүйлөндү? Атаке, неге чөгө түштүңүз, неге кабагыңыз бүркөө, неге сабырыңыз суз?

**Адыл.** Эчтеке эмес, жарыгым, эч нерсе болгон жок. Жайынча кеп. Мындай ишти сурабай жүрчү, кызым, сага тиешеси эмне?

**Мөөр.** Антпечи, атаке, деги жамандык эмеспи?

**Адыл.** Жок, кызым, ойноп-күлүп жүрө бер, ай-күнүм.

**Мөөр.** Ошондой десең, бий акем үйдөн эң башкача чыкты. Деги бир нерсе бар го. Мына, мына кабагың дагы бүркөлө түштү. *(Жарөкөрлөнүп колу менен кабагын таратып).* Ачыңыз кабагыңызды, ачыңыз, атаке, мына, мына, мына эми баштагы калыбына келди. Эгер анчалык эч нерсе болбосо күлүп коюңузчу, атаке *(жарөкөрлөнө).*

**Адыл.** *(Жайдары күлүп).* Ушинткен кызымды, таалай, ырысымды, кубат-алымды, кайрат-намысымды кимге колунан кармап бере алам? Антым – ант! Кыйкырба, бийим! Адамзат оюн эмес! Сенин зордугуң болсо, менин кудай алдында танбай турган ак антым, аталык жүрөгүм, кызым үчүн тобокелге бара турган кайратым бар... *(Жайдары күлүп, кызын эркелетип).* Эч нерсе эмес, кызым, эч нерсе болгон жок, кызым. Эми ишендиңби, эч нерсе болгон жок, кызым. *(Мөөр жарөкөрлөнөт).*

## II АКТ

## 3-СҮРӨТ

*Кыз оюн болгон жердин күндүзгү көрүнүшү. Карыялар аңгемелешчү дөбө. Алдыңкы планда – Мөөр менен Сайкал.*

**Мөөр.** *(Аябай шашып).* Бүгүн кечинде дейсиңби? Анан эмне дешти? Атам макул болуптурбу?

**Сайкал.** Атаң тайманбай туруп: «Айтканым айткан», – деди, анда Бий акем: «Мындай айбандын колу-бутун байлап, өзүн сууга салып, үйүн өрттөп жибергиле», – деди.

**Мөөр.** Айткам, бий акемдин биздин үйдөн чыгышы жаман эле. Бир балакет болоорун ошондо эле сезгем, Кудай ай, бул жаман жорук го? Сакин, дагы эмне уктуң?

**Сайкал.** «Күндү текке өткөрбөй, балам Баянды жүрөкзаада кылбай, бүгүн эле күйөөлөп, бүгүн эле Мөөрдүн никесин кыйдырып алып берем», – деп каарданды бий акем.

**Мөөр.** Бул эл-журт дегенди сел каптап, бороон алып кеткенби? Калыстыгын айтар жан жокпу?

**Сайкал.** Бийдин сөзүнөн ким чыксын? Аның атаңа кесенип: «Бул итти мен айткандай кылып көзүн тазалагыла, же кепке келтиргиле» деди эле, бир-эки карыя: «Кой, бий аке, ачууңду тый, сен болуп, Адыл болуп, биз болуп дагы бир жолу ийри олтуруп, түз кеңешели. Адыл элден чыкмак беле» дешти. Бий акем да жумшай түшкөндөй болду. Ана, көрдүңбү, бери карай басышты, эми мобул дөбөгө келишет.

**Мөөр.** Ошентип, менин тагдырым чечилген экен го. Болот неге кечигет? Кудай ай, чын эле ушундай болобу?

Сакин, эмне айла кылам? Кандай жол табам? *(Болот, Султан жана алардын жолдоштору киришет).* Болот, кайда жүрөсүң? Жакшы келдиң! Бирдемени билдиңби? Дүйнө менен кабарың барбы? Турмуштун ызгаары, бороонун сезесиңби? Бизди куушуруп келип калды го... Чын эле Баян алдуулук кылабы?

**Болот.** Баарын уктум, баарын билдим. Адыл атаңдын адилдиги, Келдике бийдин кечээки сүйлөгөн өкүмүнөн да кабарым бар. Баянда да айып жок эмес. Анын кытмыр көз карашы, эрки, тилеги ушул экен го?

**Мөөр.** Кана, Болот, эмне кылабыз? Жазмыштын өкүмүнө моюн сунуп барабызбы, же ашыклыктын акыйкат таза шерти үчүн намыс көтөрөбүзбү?

**Болот.** Майышууга эрте, бирок алар алдуу. Кандай айла? Кандай акыл? Кандай чара... Анын үстүнө баары бүтүп калган турбайбы... Бүгүн, бүгүн кечинде дешет...

**Мөөр.** Эч качан, эч качан Баяндын чирик тагдырына өзүмдүкүн кошпойм. Болот, эгер менин Болотум болсоң, алдыңа бир шерт коём. Жигитчилигиңди ушундан сынайм.

**Болот.** Айт, Мөөркан, ал эмне болгон капсалаңдуу сын?

**Мөөр.** Сен эмне кылсаң да бүгүнкү кесепеттен сакта. Андан аркысын өзүм табам. Ашыклык оор күндөрдө күчүнө келет дечү эмес беле?

**Болот.** Бүгүн той болбой калсын, сен ошого жол тап дегениң эмеспи, Мөөр?

**Мөөр.** Ошондой, Болот! Ушул күнгө чейин биз жаштык менен ашыклыкка мас болуп, келечектин татаал ашууларын, көл-дайраларын эске албаптырбыз. Эгер бүгүн менин айтканыма жарасаң, аркы милдетин мойнума алам. *(Султан жана бир топ жигиттер киришет).*

**Болот.** Султан, жанагы менин айтканым туура чыкпадыбы курбум? Айтчы, чыныңды айтчы. Акыры тилек бир да.

**Султан.** Абдан орундуу. Сен ал оюңду Мөөргө сүйлөп бер, биз өз ишибизди билели. Ошондой эмеспи, жигиттер! *(Беркилер: «Анын эмнеси бар», «экөөнө өзүм»... дешет).*

**Мөөр.** Болот, жүрөгүм жакшылыкты сезет. Сүйлөчү, Сайкал экөөбүз угалы. Тигилер да келип калышты, сыр бербегиле... *(Султандар кетишет. Адыл, Келдике жана башкалар дөбөгө олтурушат).*

**Болот.** Ал мындай... *(Мөөр менен Сайкалга бирдемелерди айтып жатат).*

**Келдике.** Муну адам деп жатасыңарбы? Ошол эле «кызым билет» деген жообу. «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт» дегендей, кудаадан бир өңдүү кыз бүткөн экен, буга төрө да, бай да, бек да, бий да Жаманкул малайдын чокою!

**Адыл.** Амириңе даярмын, бийим. Бирок өзүңүз айткандай, жообум ошол. Эрк кызда.

**Келдике.** Мына, мына, мына уктуңарбы, бул наадандын ириген оозунан чыккан чириген сөздөр.

**Адыл.** Жок, бийим, андай эмес, бул акыйкат жооп. Баарынан акыйкат, таза!

**Келдике.** *(Эмне кылаарын билбей).* Кудай кылат экен да. *(Өйдө туруп).* Оой, жигиттер, бери ыкчамдагыла, эң мурда менин буйругумду уккула! Мына бул Адыл аттуу ырыс кескини колу-бутун байлап, атка сүйрөтүп жүрүп өлтүргүлө! Канча малы болсо бүт талап, өргөсүн өрттөп жибергиле!

**Бирөө.** Бий аке, «Ачуу душман, акыл дос. Акылыңа акыл кош» дегендей азыраак сабыр кылыңыз. Кыз оозунан да кеп угалы. Мөөр эмне дээр экен, ага да сөз салып көрөлү. Эгер кыз да ата жолун жолдоп, ата сөзүн сөздөсө, анан айтканыңыз болсун...

**Келдике.** *(Четке).* Коё тургула эмесе, жигиттер. Мөөр балам мында турбайбы. Болот, Сайкал баары мында тура,

о жадырап жайнаган мээнетиңи алайындар. *(Жанагы кишиге «бирдеме дебейсиңерби» дегендей белги берет).*

**Бирөө.** *(Жанагы).* Мөөр балам, атаң Келдике бийди таарынтып койгон өңдөнөт, таарынычы катуу таарыныч болуп, бийдин каары атаңды катуу өкүмгө салганы турат. Бирдеме деп айтарың жок беле, балам?

**Мөөр.** Атакемде күнөө жок. Айып болсо мендедир. Бий акемдин каалаганы эмне экен? Атакемди каардар себеби кайсы экен?

**Келдике.** Мөкүштай, менин түз айтмай каадам бар. Бүгүнкү күн Баян балам менен сен экөөңдүн нике кошор күнүңөр болгон турат. Атаң жүйөгө келбей баш тартты, эми жооп өзүңдөн.

**Мөөр.** Бүткөн ишке кандай жооп? Атакемдин деле каарыңызга кала турган жөнү жок экен.

**Келдике.** Буга кандай деп түшүнүүгө болот, Мөөр балам? Улууларды уялтпа, кичүүлөрдү кейитпе. Жооп бер, балам!

**Болот.** Мөөркан, бийге макулдук жообуңду айт. Ансыз да бүткөн иш турбайбы...

**Мөөр.** Даярдана бергиле. Андан аркысын тагдыры өзү көрсөтөр. Таң калба, атаке *(жарөкөрлөнүп).* Атаке, сага ыраазымын, бул ойлонуп айтылган жооп. Ошентиңиздер, даярдана бериңиздер. Ушунча кишинин эркин кантип жалгыз токтото алам?

**Келдике.** *(Чери жазылып, каада күлкүсүнө салып)* «Кыз жакшысы зыйнат» деген ушул. Кайран сага айтылган сөз *(Адылга).* Мына ушинтип эле бүтүрүп алчу иш турбайбы...

**Адыл.** Кызым каалады, менде эми кеп жок.

**Келдике.** *(Жайбашкалап).* Союш март, март союлсун. Кымыз көлдөй көлдөсүн, бал-мейизге чайкалсын, шекер, шербет төгүлсүн, кыз оюн бир жак, миң түрлүү шаан-шөкөт бир жакта. Бул ааламда жок сайран менен

Мөөркандын тоюн өткөрөлү. Мына, мен эми жазылбадымбы. *(Каада күлкүсүнө салып).* Жүргүлө, жүр, Адыке, ак тилек, ак ниеттин жолун жолдойлу. Силер, балдарым, оюн-күлкүңөрдү күчөтүп, шапар тээп дуулагыла! *(Келдике, Адыл жана алардын жанындагылар кетишет).*

**Мөөр.** Арзыганым Болот, биз бүгүн мына бул тумчуктурган сасык тумандан эптеп кутула алсак, анан...

**Сайкал.** Кудай ай, өз ордунан чыккай эле...

**Болот.** Мындан башка эч арга жок, Мөөркан. Эмне болсо да тобокел! Мына Баяндар келип калышты, жаракөр күлкү менен тосуп ал. *(Баян баштаган жигиттер, Кундузду ээрчиген кыз-келиндер киришет).*

**Кундуз.** Балакетиңди алайындар, ушинтет дегем. Мөөрканымдын эси бар эмеспи... Күкүк менен Зейнептей ысык жар болгула. Кудайым мындай бакытты бардык пендесине бербейт.

**Сайкал.** Кундуз жеңе, Күкүк менен Зейнеп өмүрүндө кошулган эмес, экөө кошулган күнү акыр кыямат болот дейт.

**Кундуз.** Тек, о такылдаган бейбак. Кошулган эле. Мына эми ойноп күлүп, жалган дүйнөдөн жыргап өткүлө.

**Болот.** Баян мырза, талабың текке кеткен жок. Жаза серппес кыраан эмессиңби?!

**Баян.** Сен өкүттө калбасаң болду, Болот. Мен бул турмушка жаза серпүү, чала тебүү үчүн келген эмесмин.

**Сайкал.** Чиркин ай, дүйнөдө жаза серппес жалгыз кыраан куш бар, куштун аты – Кулаалы деген сен экенсиң го...

**Баян.** Кундуз жеңе, муну кой дейсиңби. Деги мени жеп салмак болду.

**Кундуз.** Болду, андан ары ээленип кетет.

**Сайкал.** Ээй, тобокел. Кундуз жеңем бүгүн тим эле күл-күлүнөн жанат, эч болбогондо эшик ачаарынан энчи алат го дейм.

**Кундуз.** Бул бейбакка сөз жок турбайбы. Мөөркан, уул менен тең басып, мындай ээн чыгып жашчылыктын балына канышпайсыңарбы.

**Мөөр.** Баары өз кезеги менен эмеспи, Кундуз жеңе. Баян баягы Баян да... Мени таанproblemsбаган Баян дейсиңби...

**Баян.** Көңүлүңө тийген жерим бар беле, Мөөркан... Эмне мынчалык менден үркөсүң?

**Мөөр.** Жок, мындайча айтам, Баян. Сенден неге көңүлүм калсын.

**Кундуз.** Балакет, мээнетиңди алайын ий, Сүйлөшсөңөр тим эле тилиңерден бал тамат. Ал эми бирге жашап, бирге туруп, бирге өткөргөн күнүңөр кандай гана болор экен а... Койгула, балакетиң алайындар, бири-бириңердин көңүлүңөргө тийген жериңер бардыр, азыр кол алышып койгула, өткөн-кеткендин баары унут калсын.

**Мөөр.** Ал баланын ойну, Кундуз жеңе. *(Болотко)* Болот, бирде ойлоп көтөрүлө түшөм, бирде жүрөгүм муздап чөгө түшөм. Мен дагы эле муну айтам, Болот. Колуңан келер бекен?

**Болот.** *(Сөзүн буруп)*. Бул эмне деген туруш, Баян менен Мөөрдүн сөөлөтү кайда? Жигитчиликке жатпайт мунубуз. Кыздар, оюн-күлкүңөр кайда? Уят минтип туруш... Кана, баштап жиберели... *(Баары уу-чуу, күлкү. Болот Мөөргө)*. Мөөркан, менин күчүмө шек келтиргениңби? Күмөн санаба, татый алам...

**Кундуз.** Баракелде, Болот. Жигит болсо сендей болсун, кана эми, өзүң бирдеме баштап жибер. *(Булар оюн аракетинде жүргөндө, ар жактан Аламандын үнү угулат)*.

**Аламан.** *(Ары жактан кыйкыра сүйлөп)*. Жол ачкыла, жол ачкыла, жол ачкыла! Арстан келе жатат, кабылан келе жатат, кара кулак шер келе жатат! Жол ачкыла, жол ачкыла. *(Аламан алдына түшүп жол тазалап,*

*анын артынан аябаган шаң менен Баяке кирет. Беркилер бөлүнө түшөт).*

**Баяке.** *(Сүр менен карап).* Аламан!

**Аламан.** Ляппай!

**Баяке.** Соң-Көлдүн сонолорун көрдүңбү... Атаң көрү ий... Чүрөктөрү бир башка, ак куулары бир башка, тотулары бир башка, каз-өрдөгү бир башка, сонун кушу бир башка болуп, экөөбүздүн келишибизди күтүп турган экен э?..

**Аламан.** Сен тыягынан чык, мен быягынан чыгайын. Бир-бирден сынап өтөлү, сулууларын өөп өтөлү, көңүлгө жаккандарын ала кетели. *(Экөө эки тараптан куушуруп кирет).*

**Сайкал.** Алы-жайын айтпаган, көпкө салам бербеген, ызат-урмат билбеген, келе сала кол салган булар кудайымдын кайсы жибергени эле?

**Баяке.** *(Биринчи кызды карап).* Жин эмес, үр кыздарына келген перизадаларбыз. Биринчисин сынайынчы: турна моюн бото көз, сыйда мүчө жайык төш, бирок өңү чийкил, бул жакпайт. *(Экинчи кызга барып).* Айдай нурлуу ак маңдай, тиштери күмүштөн чеге каккандай, жүзүнөн эр бактысы көрүнөт, бирок бою кыска, бул да жакпайт. *(Сайкалдын жанына барып).* Аламан!

**Аламан.** Ляппай!

**Баяке,** Сага жакканы болдубу?

**Аламан.** Мен көргөндүн баары эле: «Бетиң аппак көмүрдөй, этиң жумшак темирдей, сага ашык мен болуп, качып жүрөм көрүнбөйлөр го»...

**Кундуз.** *(Ыза болуп).* Муруntугу жок кандай топоздор эле... Жигиттер, жооп кайтара аларыңар жокпу?

**Баяке.** Аламан!

**Аламан.** Ляппай! Мына мунусу жаман эмес. *(Тийишип).* Атың ким сулуу, чоочуба, чоочуба...

**Сайкал.** Атым Сайкал, жолбун баатыр. Бул эмне деген ээн баштыгыңар? Адамдык сыпатыңарды чечип таштаган немесиңер го.

**Баяке.** Кыз көрүп жүрөбүз, сулуум.

**Сайкал.** «Кыз көрүп жүрөбүз?» «Тетиги жигит кыз көрөт, ал жигитти ким көрөт» дегендей, силерди ким көрөт.

**Баяке.** *(Андан өтүп Мөөргө барып, таң калып).* Аламан!

**Аламан.** Ляппай!

**Баяке.** Көктөн издегенибизди кудайым жерден берди белем! Мына бул кыз адамбы, же сүрөтпү! Айбы, же күнбү? Төрт кыбыласы бап келген, пендеден чанда табыла турган сулуулардын сулуусу экен э... пай, пай, пай, пай! Мунун аты ким?

**Мөөр.** Атым – Ак Мөөр... Ашыра мактадыңыз, көңүлүңүз калар. Жаман нерсе биринчи көргөндө жакшы көрүнөт.

**Баяке.** Менде, жаңылбастыктын касиети бар, сулуум... Ак Мөөр? Пай, пай, пай, пай, өзүнө жараша атын карачы. Дүйнөнүн жаңылышканын көр, эмне үчүн төрөнүн, бийдин, падышанын, баатырдын Мөөрү болбодуң? Пай, пай, пай...

**Мөөр.** Алардын Мөөрү чөнтөгүндө. Мен азаттыктын өмүрүнө Мөөр болгум бар...

**Баяке.** Сөзүн карачы, сөзүн карачы... Антсең жаман эмес. Сени менен жакын сүйлөшөйүнчү... *(Айбат менен Мөөргө басат. Баян «Мөөр меники эмеспи, буга сес көрсөтөйүн « дегенсип Баякенин алдынан тооруйт).*

**Баяке.** Тигини, тигини, Аламан!

**Аламан.** Ляппай!

**Баяке.** Мунусу чыйраксынат, Мөөргө көз салгандардын бири го! Сендей, сендей балдардын терисин тескери сыйрып, башына кийгизе турган күчүм бар! Мунун кай-

ратын! Жол тосо турган сенсиңби! *(Кылычын суурул, кесеп).* Эне сүтүңдү оозуңа татытайынбы? Чык, эр болсоң бер жакка!

**Баян.** *(Кыздарга корголоп, эси чыгып).* Кантет? Кантет? Мен тим эле, жөн эле... кандай неме?..

**Сайкал.** Баян, о жигит болбой кал. Намысы жок неме турбайсыңбы...

**Баяке.** *(Борсулдап күлүп).* Ак Мөөр... Пай, пай, пай, пай, кана мени жаадырап карап койчу, мас кылчы... Бул эмне деген көрктүү кыз, я.. *(Жакындамакчы болгондо Болот алдын тосот).*

**Болот.** Жакындабаңыз, баатыр. Баятан бери мейман деп сыйладым... Сыйга келиңиз... Бул кандай адепсиздик? Жакындабаңыз!

**Баяке.** *(Кекетип). Я...* Жакындабаңыз... адепсиз... сыйладым? Мунун бышыксынганын!.. Аламан!

**Аламан.** Ляппай!

**Баяке.** Мунусу эң кур дегенде көңүл жакыны, же таякеси, же жээни, же тууган сөрөйү, айтор, бирдемеси го дейм?

**Аламан.** Шаңдуу турушуна караганда, айтор, жок дегенде алыс тууган, деги болбогондо сорпосунун сорпосудур да. Ким экениңди таанытып кой, кабыланым!

**Баяке.** *(Кылычын суурул чыгып).* Жаныңды жаандамдын төрүнө жиберейин! Менин жолумду тосконду ким коюптур сага? Андайлар бул дүйнөдө жарала элек! *(Кагырат).*

**Болот.** *(Аны кетенчиктете түртүп, кылычын суурул).* Өз жаныңа бек бол, баатырым. Мына, жооп бергеним болсун. *(Экөө чабыша баштайт).*

**Баяке.** Аламан!

**Аламан.** Ляппай!

**Баяке.** Каны суюк жаш неме экен, көөкөрүңдү камдай бер, суусундукка керек болор, толтура куя кетели!

**Аламан.** Кабыланым, мен бармын!

**Болот.** Баятан бери ким экен десем, азаматтын канын эңсеген бөрү экенсиң го. Көөкөрүңдүн ордуна өз башың байланбаса болду! Көзүңдү ирмебе! Чындап чап, арманда болорсуң... *(Баяке чегине баштайт).*

**Баяке.** Аламан!

**Аламан.** Ляппай!

**Баяке.** Качырышы жаман экен, сырттанына жолугуп алган турбаймынбы? Айлам кетти, алапайымды таппай бара жатам. Баш далдалар жерди камда. Арт жагымды тоскула!

**Аламан.** Жол ачкыла! Жол ачкыла! Арстан чегинип бара жатат, кабылан чегинип бара жатат. Жол ачкыла! Жол ачкыла! *(Экөө чабышып, Баяке сүрүлүп бара жатат. Болот аны жаралантмакчы болгондо Баяке кылычын таштап жиберип чөгөлөй калып жан соогалайт).*

**Баяке.** Жан соога, баатыр! Күнөөм болсо кечир, сен да бир эр экенсиң, жаңылып ажыдаардын куйругун басып алган турбаймынбы. Жан соога, баатыр, жан соога!

**Мөөр.** Ушунча эле белең, жолбун баатыр!

**Сайкал.** «Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло» деген ушул. Катуу майтарылып калдыңыз.

**Болот.** Кечтим, жаның өзүңө калсын. Экинчи бир алдыма туш келсең, соо калам деп ойлобо. *(Булардын уучуусун угуп, ары жактан Келдике, Адыл жана башкалар келишет).*

**Келдике.** Бул эмне деген чуу? Бул эмне деген кындан кылыч суурушкан эрегиш? Бул эмне деген чатак?

**Баян.** Ата, мына бул экөө жерден чыккан жектей болуп баарыбызга бүлүк салды. Болот азаматтык кылды. Деги эле каары катуу ээнбаш немелер экен.

**Келдике.** Болот, сен эми, балам, эл намысына жарай турган эр көкүрөктөрдөнсүң. *(Баяке, Аламандарга карап)* Жол болсун, мырзалар?

**Адыл.** Эмне унчукпайсыңар? Жай-жөнүңөрдү баяндагыла. Катуу качырганыңарга караганда чоң жердენсиңер го...

**Баяке.** Аламан!

**Аламан.** Ляппай!

**Баяке.** Жооп бер.

**Аламан.** Мүлдө оң менен солго таанылган Жантай баатырдын жан жигити, качырганын кайсаган – Баяке баатыр!

**Баяке.** *(Көтөрүлүп)*. Бул болсо, менден кем түшпөй турган, ааламдын чанда берени – Аламан баатыр...

**Келдике.** Э... жол болсун, баатырлар... Охо, айтам да... Ой баракелде...

**Баяке.** Жол болсо андай болсун... Жантай баатыр, мына үч айдын жүзү болот, элден эл, жерден жер, дубандан дубан койбой кыдыртып, кыз кудалатып жатат. Өмүрүнүн түгөнөр баралында эл оозуна аталган «мен сулуу» деген сулууну таап, өмүрүн жашартып, төшөк жаңырткысы келет. Мына биз ошол тилек менен кыз тандап жүргөн баатырларданбыз.

**Адыл.** Жакшы экенсиңер, мырзалар. Бирок биздин айылда сыныңарга толчулар жок го дейм...

**Баяке.** Журт аралаганыбызга мына бүгүн эки ай он беш күн болот. Акыры издегенибиз силерден табылды. Сынга толмок тургай, ашып түштү. Ал мына баарыбыздын маңдайыбызда каухардай жанып турган Ак Мөөр!

**Келдике.** Баатыр, кечигип көрүп калдыңыз. Бүгүн Мөөрдү узатуу тою.

**Баяке.** Той болсо таратылсын деген буйрук бар. Андай болсо кандуу кагылыш болот экен го.

**Келдике.** Антпе, баатыр. Салтка тузак койбоңуз... Андан көрө сыйлуу мейман болуңуз. Кана, Адыке, баатырларды улуу сый менен күтөлү.

**Аламан.** *(Жол ачып).* Жол ачкыла, жол ачкыла, жол ачкыла! Арстан бара жатат, кабылан бара жатат, кара кулак шер бара жатат. *(Баяке шаң менен чыгат. Болот, Баян жана кыз-келиндер калышат).*

**Мөөр.** Кудай ай, мен дүйнөгө эмне үчүн мындай жаралгам? Дагы кайдагы Жантай дегени бар эле? Биринин артынан бири ээрчиген жамандык... Кулагым чуулдайт... көңүлүм караңгылайт. Дүйнөдө азаттык кор, мен кор. Болот, айтканыңды орунда, эми көзүм жетет.

**Баян.** Оюн-күлкүнү узарта берели. Кудай ала койсун ошол жамандарды...

**Болот.** Күн кечтеп бара жатат, тоюңа келермин, Баян, жылкыма барайын... тамашаңарды өткөрө бергиле... *(Кетет).*

**Кундуз.** *(Ары жактан келип).* Кагылайындар, эл жыйналып той камы кызуу жүрүп калды. Кыз-күйөөнүн камынмайы болот. Жүргүлө эми, айыл жакка басалы...

**Мөөр.** Силер бара бергиле, биз – Баян, Сайкал болуп, бир аз мында калабыз.

**Кундуз.** Тилиңен тегеренейин... Баян деп калган тура. Ошенткиле, балакетиңерди алайындар... Жүргүлө эмесе, биз мында турбайлы. *(Үчөөнөн башкасынын баары кетет).*

**Мөөр.** Баян, түштө көргөнүңдү өңүңдө, өңүңдө каалаганыңды түшүңдө таап, айтканың айткан, дегениң деген болуп турган убак. Мына, такыр ойдо жок жаштык канаты экөөбүздүн ортобузда делбектейт. Деги сенин оюң кандай?

**Баян.** Кандайын сурайсың, Мөкүш? Оюм – сени зайыптыкка алуу, төшөгүмдү салдырып, өтүгүмдү тарттырып, отун алдырып, күл чыгартуу. Зайыптын башка милдети кайсы?..

**Мөөр.** *(Күлүп).* Мунуң туура. Кылдай чекилиги жок. Эмне үчүн Сайкалды менден кем көрдүң, мунун убалы кимге?

**Баян.** Анчалык бооруң ачыса, кайрымды тийгизейин. Сен байбичем, Сайкал токолум болсун. Анын кандай кыйынчылыгы бар?

**Сайкал.** Арсыз чирик! Байбиче, токол жыйнаганча эркектик намысыңды жыйнасаңчы. Жана Баяке деген неме тап берсе, кайрат берүүнүн ордуна, катынга окшоп «кантет деп» кирерге жер таба албай калдың. Сен кайсы алыңа койкоңдойсуң, кыз бүткөндүн баары эле сенин көзүңдү карап калыптырбы?

**Баян.** Жигиттик намыс, баатырлык деле бар. Кезегинде жарай коёбуз. Качкан-эткен жокмун. Күйүп быша турган жөнүң бар, кантейин эми, Сайкал...

**Мөөр.** Чын эле, Баян, коркок окшойсуң. Эгер эл башына күн түшсө кантесиң? Сендей азаматтар ажадды тепсеп өтүү керек эмеспи.

**Баян.** Кудай ала койсун, эл башына күн түшөт деген эмнеси, мына мен бар, эл камсыз.

**Мөөр.** Эгер айылга кокус жоо кирип калса, кантесиң. Жанагыга окшоп качасыңбы, же азаматтарча көкүрөк тосушасыңбы?

**Баян.** Ителги тепкен таандардай кылбайымбы. Күчтүн толуп турган убагында жылкы тийүү, эл чабуулар да азайып баратат...

**Мөөр.** Бул сөз сага ылайык. Эмесе, күткөн эл, күңүрт таалай, кайгы-муңду билбеген, мендейлердин зарын укпаган, акыйкатсыз замананын арам дөөлөтүнө мас болгон чоң жыйын, анткор күлкү тобуна баралы. Кетели, Сакин, бизди күтүп калышпасын... *(Үчөө жай басып чыгып кетишет. Сахна бир аз ээндикте. Башкача кийинген, ошол замандын жарактарын кармаган Болот, Султан жана алардын жолдоштору киришет).*

**Болот.** Султан, сен бул жигиттерди баштап тигил жагынан кир. Ашык үн чыгарбагыла, сүйлөшпөгүлө. Жакындаганын ойт берип качырып, көп бүлүк салбай, өзүңөрдү сактап, четтеп чаба бергиле. Мен көрүнбөй туруп, силер кызып келгенде туура Баянды карай атырылам.

**Султан.** Ошондой кылабыз. Бизди эч ким тааныбайт, кийимибизди көрбөйсүңбү. Болоттун айтканын эсиңерден чыгарбагыла. Бул биз үчүн тамаша эмеспи.

**Болот.** Жүргүлө эмесе, кеттик. *(Жок болушат, бир аз тынчтык, анан добулбас урулуп, жылкы тийүү башталат. Ат дүбүртү, уу-чуу... Ар жактан: - О, бий малына жоо тийди, бий малына жоо тийди, бий малына жоо тийди! О Аттан! Аттан!Деген кыйкырык угулат. Сахна ошол замат элге толот. Шашуу, жоого карай кетип жаткан жигиттер).*

**Келдике.** Бу кандай балаа, бу кандай шумдук? Көз көрүнөө жылкы тийген кайдан чыккан жолборстор эле? *(Элге).* О аттан! Аттан! Жигит бүткөнүң бүт аттан!

**Адыл.** Капырай, жоо деген түндөп келчү эле, булар күчтөрүнө сыйынган немелер го, я?! *(Карап).* Караандатпай кетишти.

**Баяке.** *(Борсулдап күлүп).* Азыр да кеч кирейин деп калды го, чак түштө жылкы тиймейлер да болот. Аны өз башыбыздан өткөргөнбүз. И кайран азаматтар, беттеше келгендей болдубу. О, киши болбой кал, беркилер эмитен эле бурандай баштады.

**Мөөр.** *(Эмне кыларын билбей, шашып жүргөн Баянды көрүп).* «Эл башына күн түшсө, жан аяган жигитпи» дегендей теңтуштарыңан калганың уят эмеспи, Баян. Өз дөөлөтүң, өз мурасыңды жоого тарттырып, биздин арабызда жүргөнүң кайсы жигитчилигиң, Баян?

**Келдике.** Ой, жер соргур, мындасыңбы? О тукуму жаман кем! Аттан дароо! О, намысы жок айбан!

**Баян.** *(Шашып).* Мен... мен... эми... азыр... О, апкел атты! *(Кетет. Алыстагы чуулар).*

**Баяке.** Атаң көрү эй, атаң көрү эй, жылкыны узатып жиберип, бери карай жапырып алышпадыбы.

**Аламан.** И... и... Бул да жетип барды, эр экен.

**Адыл.** Тетиги жагалмайдай жагалданган, аңтара шым ким болуп кетти? Кайдан чыга калды. Туура эле Баянды качырды.

**Келдике.** *(Чыдай албай).* О, Болот кайда? Болот кайда? Жер соргонбу? *(Кубанып).* Баян да соо калбайт, о айланып кетейиним, шаштырып албадыбы... Алда алсыз карылык а... Эч болбосо кыркта болсомчу.. О, адам болбой кал, кантет, кантет...

**Баяке.** *(Борсулдап күлүп).* Атаа... аңтара шым боз кемсел эр экен э... О, адам болбой кал. И... и... и.. *(Боору калбай күлүп).* О, кайраным, ата, азамат экен... ат үстүнөн сулата чапты. Ай, беркi оңбой калды го... Баракелде.

**Адыл.** Кудай сактай гөр, эй, эр өлүп кетпегей эле. Жооң жаман го, бийим... Олда, кайран бала ай э...

**Келдике.** О, иттер, чапкыла турбай, бол тез чапкыла... *(Көзүн жуумп жиберип).* Адыке, кара көзүм кашайды ээ... О Болот кайда? Болот кайда?

**Үн.** *(Ар жактан).* Болот жоо алдын тосуп кеткен. Баары бир куткарбайбыз.

**Мөөр.** *(Кубанып).* Сакин... Сакин... тааныдыңбы тигини... О, кудай ай, мынча кайратты ким берген?

**Сайкал.** *(Боору калбай борсулдап).* Эч кимиси даай албай койду. Атаң көрү, жерден эңип алып түз эле бизди карай жөнөдү. Капырай, сүрүн ай... *(Болот эс-учунан танган Баянды эл ортосуна алып келип таштап кетет. Беркилер даай албай артка сүрүлүшөт. Болот таанылгыс түрү менен).*

**Болот.** Атадан мындай уул туулбасын. Мегиле аманатыңарды! *(Жок болот).*

**Келдике.** Суу тамызгыла... суу тамызгыла...

**Баян.** Оң колум сынып кеткендей болду. Үйгө алпаргыла... О кудай ай... шайым ооп баратат.

**Келдике.** *(Кыжыры келип).* Уул болбой кал. «Жамандан жакшы туулат, адам айтса ынангысыз, жакшыдан

жаман туулат, бир аяк ашка алгысыз» деген ушул. Алпаргыла үйгө. Капырай, касиетти качырып ушу күнгө туш келгенин кара... Олдо сыйпалып калгырдыкы ай э... О, Болот кайда житкен?

**Адыл.** Каргаша каш менен кабактын ортосунда дегендей, тойго кесир кылганын көрбөйсүңбү... *(өзүнчө)* Кудай, жалгай көр...

**Сайкал.** Болот эми чыкты. Ана, качырып сала берди...

**Келдике.** Ой, бала жан ай э... Жоо ителги тийген таандай бытырады бейм... Ой, жаныңан айланайын... Охо, тигилер жылкыларды кайрып келип калышты. Ой, азаматтар оой.

**Адыл.** Жанагы каракчылар кайда житип кетти? Ой, Болоттун сүрү ай...

**Келдике.** Баятан бери көрүнсөңчү. Мейли, эчтеке эмес, мал аман, жан аман. Тээ алыстагы боз чаң жанагы түрү суук кесепеттердин кур кол качкан чаңы эмеспи... *(Мал дүбүртү. Болот жана башка жигиттер келишет).*

**Болот.** Чыгаша жок, бийим, мал түгөл, баш бүтүн.

**Келдике.** Өлбө, Болот. О, алар кимдер экен, байкай алдыңарбы? Кап, каргашаны карачы...

**Султан.** Чабышта тааныш барбы, айтор, биз качырсак четке чыга беришет, биз жайлап калсак качырып киришет. Болоттун деми менен малды араң куткарып калдык...

**Баяке.** Болоттон башкаңар жигит эмес экенсиңер, сырыңарды куп билдик. Кайра кайтарда, кудаа кааласа, кур кайтпай Аламан экөөбүз да тие кетет экенбиз.

**Келдике.** *(Каада күлкүсүнө салып).* Баатыр, Болот жылкычы эмеспи, силердин жолуңарды кашкайтып тосуп турган дал ушул Болот болот. *(Баяке жап болот).* Баарынан мына бул кесепетти көрбөйсүңбү?

**Болот.** Кетер жоо кетти. Эми Мөөркан менен Баяндын үлпөтүнө баралы.

**Келдике.** Кудай мени төбөмөн уруп турбайбы, Болотум. Баянды катуу мертинтип кетишти. Эки-үч жумасыз киши болгудай эмес. Эл алдына мына минтип кара бет болдум... Тарагыла журт, тарагыла балдар, тарагыла баарың... Э кудай, мындан көрөкчө мени алып кетсечи. Оо кууураган куу дүйө!.. Эмне турасыңар, тарагыла!..

(Баары кетишет. Баяке, Аламан... Мөөр, Сайкал, Болоттор гана калышат).

**Баяке.** Аламан!

**Аламан.** Ляппай!

**Баяке.** Сен бирдемени байкадыңбы. Эки-үч жумасыз деди уктуңбу... Андай болсо бизге кудай бергени эмеспи... Жүр, Аламаным, учкан куштай зыпылдап Баатырга жетели.

**Аламан.** Даярмын, кабыланым! Жол ачкыла, жол ачкыла! Арстан бара жатат, кабылан бара жатат, кара кулак шер бара жатат. Жол ачкыла, жол ачкыла! *(Баяке шаңдуу каадасы менен басат, алар кетишет).*

**Сайкал.** Баянга катуураак тийдиң, Болот. Эч ким билбей калганы абийир болду. Жолдошторуң азамат экен.

**Болот.** Баянды аяганыңбы Сайкал?

**Сайкал.** Жок, жок, тим эле айттым да... Кана, Мөкүш, эмики максат кайсы?

**Мөөр.** *(Экөөнү эки жагына алып).* Эки-үч жумага чейин күлүктөн тандап минип, азык-түлүктү мол камдап, кийим-кечени тегиз шайлап, барар жерди бек дайындап, мына жарык күндү кара кылган, сулуу Соң-Көлдү өзүнүн ырайымсыз жүзү менен кир кылган Келдике, Баян сыяктуулардын жана ошол өңдүүлөрдүн терең орунан азаттык кучагына качып чыкпай жаныбыз жокпу?

**Болот.** Менин ойлогонум да ошондой болчу, Мөкүш... Барар жер дайын...

**Сайкал.** Бул тилегиңер кандай жакшы. Мен да кошулам... *(Үчөө тең кубанычта турганда Келдике менен Кундуз пайда болот).*

**Келдике.** Күн-түн дебей Мөөрдүн соңунда бол. Карыш жылдырбай аңды, Байка... Мен кеттим.

**Мөөр.** Болот, андай болсо экөөбүздүн оюбуз бир жерден чыкты. Ай, чиркин ай, өмүр көзүмө жакшы көрүнүп кеткенин карачы. *(Жаракөр күлүп).* Адамзат эркин учкан, биз сыяктуу кыздар каалаганына баруу намыс болбогон азаттык заман болор бекен? *(Кундуз Тажалбүбүнү ээрчитип келип, Болот менен Мөөрдү көрсөтүп).*

**Кундуз.** Тажаал, мени кара. Мына бул экөөнү көрдүңбү... бир шек бар. Мөөр кайда барса сен да ошол жакка бар. Баскан изин сана, күн-түн дебей жанынан чыкпа. Көз ирмебей аңды. Бир карыш алыс кетпе! *(Тажалбүбү макулдук белгисин берет, Кундуз кетет).*

**Болот.** Кулак укканды көз көрөр дегендей, андай заман да жаралар.

**Тажалбүбү.** *(Таягын жерге бир уруп).* О балакет, мээнеттер, үркөрдөй болуп үчөөнүн турушун. Кайнатпай каныңды ичип, кактабай этиңди жейинби...

**Сайкал.** Баягы Тажаал тура. Мына мен кеттим. *(Кетет. Мөөр менен Болот жайдары күлкү менен басып бара жатышат).*

**Болот.** Мөөркан,
Жарык ай, жанга ракат жамалың ай,
Жаштыктын жыргалына жаралгандай.
Жаш сулуу жерден бакыт таппаса да,
Жаныңан жайлуу жумшак жай алгандай...
Мен үчүн бир өзүңөн кем көрүнбөйт,
Көктөгү ай, Мөөркан да сендей бир ай, – дегеним эсиңдеби...

*(Мөөр жаракөр күлөт. Тажалбүбү алардын артынан аңдып басып, таягын таштап коюп, алардын изин ченеп, кеткен жагын бир кыйкым менен карап, жорголоп басып, кылдаттык менен аңдып чыгып кетет).*

## III АКТ

### 4-СҮРӨТ

*Жантайдын үйү. Өзү ак мамыкта ургүлөп, эки аялы эки жагында олтурат.*

**Сейилда.** Көзүм илинер менен дабыш чыгарбай акырын жылып чыгып кеткиле дебеди беле, жүр эми кетели.

**Мыскал.** Кетсе кетели... «Байбичем» деп койгонго деги эле камкор болуп калган турбайбы.

**Сейилда.** Билдик, «токолум» деп койгонго төбөң көккө жетип эркелей турайын деген экенсиң...

**Мыскал.** Эркелетсе эркелетпегенде эмне... *(Ойкуштап, санаасыз күлөт).*

**Сейилда.** Күлбө, күлсөң ыйларсың?

**Мыскал.** Ый деген эмне?

**Сейилда.** Үйүндө жалам талканы жок, үйүнө жетсе ичерине жетпей; ичерине жетсе киерине жетпей куу тамактын айынан кара жанын карч уруп, зар ыйлаган кедейлердин көз жашын ый дейт.

**Мыскал.** Мени эмне үчүн кедейге теңейт. Тамак үчүн, оокат тиричилик үчүн көз жашын төккөн кедейлерде акыл жок. Курсагы ачып бара жатса, майдан аябай тоё жеп, белин бекем бууп алып жүрө бербейби. Ыйлабайм, этпейм... *(Бураңдап басып шаңкылдап күлүп чыгып кетет. Сейилда токтоолугун билгизип, анын артынан салмак менен чыгат. Бир аз тынчтыктан кийин Жантай кыйкырып ойгонот).*

**Жантай.** Аа-э... сексен белес кыр ашып, токсон дабан бел ашып, сан жетпеген ашуу ашып, өмүрдүн кылды учуна келип калган турбаймынбы. Арт жагымды бир кылчайып карасам: жаштык кез өчкөн оттой бүлбүлдөп, бат-

кан күндөй күүгүмдөп, ташыркаган тулпардай улам мүдүрүлүп, улам жаза басып, мүрүсү түшкөн шумкардай канатын зорго кагып, барган сайын алыстап, барган сайын ыраактап алда кайда калып бара жатат. Өмүр чиркин бат эскирет тура. Өмүр чиркин кир көтөрүмү жок, Бухаранын ак шайысындай, назик нерсе болот тура. *(Ойлоп, санаасын алыска жиберип).* Ой-бууй... кызык кез... тээ... алда кайда калган тура! *(Алаканын чаап, белги берет. Бойлош ажы жана башкалар киришет).*

**Бойлош ажы.** Санааңыз тынчыбай жаткан бейм, баатыр. Сабыр кылыңыз. Сабыр кылыңыз. Сабырдын түбү сары алтын деген сөз сиз өңдөнгөн баатырлардан калган эмеспи.

**Жантай.** Ажым, бир аз көзүм илинип кеткен экен, көкүрөгүмө кандайдыр дарт уялап, армандын чери түйүлө түшүптүр.

**Бойлош ажы.** Баатыр, сизде эмненин арманы? Сизге жабышкан ал кандай арсыз арман? Айта коюңуз, жандыра коюш колдон келет.

**Жантай.** Илгери мен окшогон бирөө: «Кулун сындуу ат минбедим, бала жыттуу кыз сүйбөдүм» деп арман кылган экен. Ошонун сыңары, «Жигиттик кетти ашкан белдей, карылык келди казган көрдөй»... «Өмүрүң күндүк болсо, түштүгүнө жорго мин» дегендей... колдун чала серпип турганын көрбөйсүзбү. Мына, кеткендердин далайы ылайыктуу сулуу таппадык деп самсып кайтып жатышат. Бир гана Баяке калды. Мүлдө кыргыздан мага ылайыктуу бир перизат табылбаганы арман эмей эмине, Ажым? Жараткан сулууларга ушунчалык сараң беле?

**Бойлош ажы.** Кыргыз бүтсө казак бар, аны арман кылар неси бар, баатыр? Баяке жолдуу арам эле, кур кайтпас.

**Жантай.** Эгер Баякеден «жок» деген сөз чыкса, башын алам. Үч ай кыдырып, кайсы бети менен мага жер карап жооп бере алат?.. *(Сырттан Аламандын уну угулат).*

**Аламан.** Жол ачкыла, жол ачкыла, жол ачкыла! Айга чапкан арстан келе жатат, күнгө чапкан каблан келе жатат, жер үстүнөн жер астына түшкөн кара кулак шер келе жатат! *(Баяке менен Аламан кирет, Жантай такыр көзүнө илбей, эч нерсени байкабаган болуп).*

**Жантай.** Ажым, канчалык дөөлөткө карк болгон сайын, канчалык салтанат, байлык элди калтыраткан атагым ашкан сайын, канчалык зоболом көтөрүлгөн сайын арманым көбөйүп бара жатат. Арманга даба жок тура.

**Бойлош ажы.** Баатыр, маңдайыңызда эки азамат баш иет.

**Жантай.** *(Эми көргөн болуп, шашпай)* И... жаман Баяке, менин алдыма ажал издеп келип турганыңбы, көрөр күн, ичер сууңа кайыр сурап турганыңбы? Сүйлө! Тигиниси кантет? *(Аламанга).* Ушулар да кишибиз дешет э!..

**Баяке.** *(Ызат кылып).*

Баатыр, Соң-Көл сонун жер экен,
Элдери бейпил эр экен,
Жигиттери баатырлыкка кем экен,
Ичинде бир-экөө, беш-алтоо гана мендейлерге тең экен.
Зайыптары ажарлуу, кыздары урдун кызы, пери экен.
Ошол көп перинин ичинде бир чүрөгү бар экен,
Анын аты Ак Мөөр сулуу дээр экен.

**Аламан.** Жок, Мөөр, Мөөркан... аты көп.

**Жантай.** Ажым, буга эмне дейсиз?

**Бойлош ажы.** Ак Мөөр, Мөөркан, Мөөр болуп эл оозуна экиленген ат жаман болбос, баатырым. Самаганыңыз ордунан чыкканы ушул. Тилегиңиз кабыл болот деген ушул. Соң-Көл соносуна Кеминдин алп кара кушу бир айланып күркүрөп учуп өтсө айып болбос. Ылайыгы келсе боорго кысып...

**Жантай.** *(Каада күлкүсүнө салып).* Мунуң кеп, ажым. *(Баякеге).* Мактаганыңардай чыкпай калсачы...

**Баяке.** *(Шашып).* Жакпай калса дейби баатырым?..

**Аламан.** Эмне мага олураясың?.. Тапкан өзүң, тандаган өзүң... Жооп берер да өзүң!

**Баяке.** *(Өзүнө шиенип).* Жарайт, баатыр, ай жаңылган жокмун го! Жарайт, жакпай калса башымды алыңыз!

**Жантай.** *(Каада күлкүсүнө салып).* Ушинтет дегем бул арамды. Азамат тура, айбаным. Кылчайганымдан кыя кетпес жолборсумдун бири эмессиңби. Сага кантип ишенбейин. Ажым, бүгүн күнгө кайсы күн?

**Бойлош ажы.** Ишемби, жолоочунун күнү. Текке жатып күн өткөрүш ал да өзүнчө кесир дешет, баатырым. Кызуу дем менен, кыйкырык-сүрөөн менен, көп жигит, арбын кол менен бүгүн эле жол алганыңыз жөн.

**Жантай.** Ак Мөөрдөй кыздан кур калчу мен көкүрөк сууду чал белем! Ак Мөөр деген аты эле алыстан кылактап кол булгап чакырып турбайбы... Мына азыр аттанууга даярмын. Ак Мөөр?.. Ак Мөөр?.. Тилиме таттуу урунуп турганын карачы... Эмесе, камынгыла! *(Бойлош ажы, Аламан жана башкалар Жантайга ээрчип чыгып кетишет. Баяке жалгыз, ар жактан Мыскал кирет).*

**Мыскал.** Эмне ойлонуп калгансың? Арыбай, талыбай аман-эсен кайттыңбы?..

**Баяке.** Мыскал, сен белең? О, кылактаган кургурум. Мени сагынган жоксуңбу...

**Мыскал.** Сагынбаганда... абдан кыйын болот экен...

**Баяке.** О, кургурум. Баатыр эрке токол алат. Экөөбүз жыргайбыз. *(Аңгыча Бойлош ажы алдыга түшүп, толук баатырлык кийими менен жасанган Жантай кирет).*

**Жантай.** Жоо чапчудай баарың тегиз аттанбай, мага азың ээрчип, көбүң кал. Эл чапчудай шайланбай, чабалың ээрчип, балбаның менен баатырың мында кал. Биз кыз алууга барабыз. Канга ылайык төрөлгөн Ак Мөөр бар дебедиби Баякем. Ошол жакка ак жол сапарын тарталык!

***Көшөгө***

## 5-СҮРӨТ

*Экинчи актыдан көрүнүш. Болот, Султан, Мөөр жана Сайкал.*

**Сайкал.** Өх, кудай ай, араң бөлүнүп чыктык да. Тажаалы бир жагынан, Кундузу бир жагынан аңдып, тап жылдырбайт.

**Мөөр.** Ушунча күндөн дал бүгүн Тажаалбүбүнүн жок боло калганын көр, кудай жалгап Кундузду чоң үйгө чакырып кетишти. Болот, иш чукул, кудай багыбызды ачса, шамал менен тизгин кагышып алыска канат күүлөр кез келди. Кай жерде күтүп турасың?

**Болот.** Бүгүндөн калуу түбөлүккө арман азабын жамынуу болот. Султан экөөбүз тээтиги кыя жолдун «Күмүш башат» жагында сени күтүп турабыз. Оор буюм алба. Сөз бүтсүн, биз кеттик. Кечикпе!

**Мөөр.** Арзыганым, жолубуз ачылсын. Эч ким байкабас... *(Болот менен Султан кетер замат Кундуз кирет).*

**Кундуз.** Балакет, мээнетиңди алайын, Мөөрканым, сен бүгүн деги эле башкасың да. Бир нерсеге шашкандай, бир ордуңда тура албай өзүңөн өзүң ээликкенсип көрүнөсүң да.

**Мөөр.** Алда, Кундуз жеңе ай, кыз болуп көргөн жок белең. Баян бүгүн атка минем дейт, аны менен кыяматтык жан шерик болуу күнү келип турганда, кантип шашпаймын, кантип жүрөк ээленбейт?

**Сайкал.** Кундуз, тооруй сүйлөп, тооруй басып эле калдың да.

**Кундуз.** Какшаба, Сайкал. Мөөрдү ээликтирип жүргөндөрдүн бири сенсиң. Балакетиңди алайын, Мөкүнтай, аның ырас. Баянынан тегеренейин. Чын эле эрге бергенде мен да

сендей болгом. *(Өзгөрүп).* Сен эми баягыдай эркин эмессиң, башың байлануу. Кур бекер эки жакка көп чыгып, «Баланчанын кызы» дедирбей жүк бурчунда созулуп олтура бербейсиңби, мээнетиңди алайын Мөкүш. Жүргүлө үйгө баралы, кыз кишиге эрөөн болот.

**Мөөр.** Сакин, Кундуз жеңемдин чеберлигин байкадыңбы. Экөөбүздүн үй алдында турушубуз да эрөөн, өөн болуп калган тура.

**Сайкал.** Биз созулуп эле олтуруп калалы, Кундуз чоюлуп карап калсын! *(Кундузду күлкүгө алышып, Кундуз «Ошенткиле, ошенткиле балакетиңерди алайын» деп чыгып кетишет. Бир аз пауза. Жеңил көтөргөн буюму бар, аябай шашкан Мөөр чуркап кирет, анын артынан Сайкал өзүнчө кубанычтуу).*

**Сайкал.** Кундуз эч нерсеге камырабай, көңүлү жай болуп үйүнө кетти, Тажаалдан дайын жок, ата-энең Базарбай акемдикинде, мындай учур эч качан туш келбейт. Жөнө, асылкечим Мөөркан!

**Мөөр.** *(Аны маңдайынан өөп).* Сакин, ана, Болот да белги бергендей кыя жолго чыга калып жок болду. Ашыклык, болгондо да өз теңин, өз каалаганын тапкан эркин ашыклык мен үчүн туулуп-өскөн жеримден, агайын-тууган, ата-энемден, сен өңдүү жан кыйышпас теңтушумдан кымбат болду, баарыңарды таштап чын ашыклыктын акыйкат жолун кууп чоочун жер, чоочун элге кетип бара жатам. Кош, Сакин, коштошконубуз болсун.

**Сайкал.** Кош, Мөкүшүм, тилегиң кабыл болсун, убакыт чукул, жөнө эми! Жөнө! *(Ак Мөөр делбектеп чуркап бара жатканда аңдып жаткан Тажаалбүбү шап эттирип билегинен алат).*

**Тажалбүбү.** Кайда качтың, кара бет, кайда качтың, албарсты! Сенин минтериңди билгемин, дал жолуңа кылдан тузак илгемин. Чыга албайсың, жулкунба! Коё тур, эл-журтту чакырайын.

**Мөөр.** *(Өңүн өзгөртүп күлүп жиберип).* Энеке, качат деген эмне? Энеке, кара бет деген эмне? Тилиң заар, энеке! Балалыкты эске алып, эң соңку жаштык менен коштошуп, Баянга өмүрлүккө баш кошууга өзүбүзчө ойлонуп чыккан кыздарбыз.

**Сайкал.** Коё бер, эне, коё бер. Кыз качат деген эмне? Качса да ушундай кезде качабы?..

**Тажалбүбү.** Качпасаң, алдагы көтөргөнүң эмне? Жебиребе, желмогуз, эбиребе, шайтан кыз! Сен качууга шашкан бейбаксың. Минтериңди төлгө тартып билгемин. О-уу, эл-журт *(Сайкал оозун баса калат).*

**Мөөр.** Жараткан ай, ушундай да болот экен э... Эл туюп калды белем... Энекебай, жашырып не кылам, мендей жалгыздын убалына калбаңыз. Коё бер, эне, коё бер! Айтканыңды берейин.

**Тажалбүбү.** Какшаба, какшаба, кыз. О-уу, эл-журт. *(Сайкал оозун баса калат).*

**Мөөр.** *(Айласы кетип).*

Акак таштан жасаткан алкагымды берейин,
Мар-мар таштан тиздирген маржанымды берейин.
Мааман таштан чактырган мончогумду берейин.
Бейиштин демин буулантккан берметимди берейин.
Коё бер, эне, коё бер, коё бер, эне, коё бер!

**Тажалбүбү.** *(Ого бетер тырышып).* О-уу, эл-журт!

**Сайкал.** *(Алысты карап).* Болот атын коштоп бери карай бастырды. Жалынуудан пайда жок. Ме, эмесе, Тажаал желмогуз. *(Жерден кум алып анын оозуна чачат. Тажаал коё берип: «О-уу, эл журт, о кыз качты, кыз качты» дейт. Анын колунан бошонуп жаткан Мөөрдүн алдынан Кундуз жана Баян пайда болот. Мөөр айласыз туруп калат).*

**Кундуз.** Ушинтет дегем. Мөөркан, эми кандай кылар экенсиң. Токто, токто, качууга жол туюк.

**Баян.** *(Какшыктап).* Атаңдын көрү ай, жылкычынын кумары катуу экен го. Бали, Мөөркан сулуу, кыйын экенсиң. Эми эч кайда кача албассың дейм, менин тамамымдын алдында көк кайыштай ийленээрсиң дейм? Кана, кача гой, Мөөркан! Тобо, ушундай экенсиң ээ?

**Сайкал.** Тилегиңе жеттиң, Баян мырза. Бул жердеги ызага бир гана Мөөр эмес, мен да шериктешмин. Сен алдуулук кылдың, менин оюм ордунан чыкпай калды.

**Баян.** *(Кекетип күлүп).* Мөөрдү качырып жиберсем, Баян меники болот деп ойлогонсуң го.

**Сайкал.** Колума түшсөң көрөр элең! Эми менде сөз жок. *(Мөөр унчукпайт. Уу-чуу, «кыз качтыны»уккан эл, Келдике, Адыл жана башкалар сахнага толо баштайт).*

**Келдике.** Эмне болуп кетти? Дагы кандай балакет бар эле? Эмне болду?

**Кундуз.** Эмне болсун? *(Мөөрдү көрсөтүп).* Мына мындай болду! *(Мөөр жер тиктейт).*

**Келдике.** *(Анткор таң калып).* Я?! Кудайдын кылганы ээй, бул эмне деген абийирсиздик. Эй, Адыл, бул эмне деген жүзү каралык? Жонуңан кайыш кесип, тилип алайынбы? Эмне унчукпайсың наадан?!

**Мөөр.** Атаке, иш ушундай болду!

**Адыл.** *(Аябай кайгырып).* Алда, кызым ай э. Эч болбосо мага бир ооз акыл салсаң болбойт беле?! Кантип сага жамандыкты ойлойт элем, кайра көмөк бербейт белем. Олда, кызым ай э... Бийим, балалык, жаштык деген ушундай болот!.. Ачууланбаңыз!

**Келдике.** Элге наалат, элге уят, элге намыс деп ойлобойбу!

**Мөөр.** *(Кайра көтөрүлүп).* Аке, өз теңине, арзыганына качуу намыс эмес!

**Келдике.** *(Калп эле күлүп жиберип).* Баланын айтар сөзү да... Бала да... бала да... Өз теңиң, арзыганың Бая-

нын, балам. Аны көрө жатарсың. Мөөрканды азгырып жүргөн ким экен?

**Кундуз.** Ким болсун. Баягы Болот деген да! Көрбөйсүңбү тээ «Күмүш башаттын» бери жагына улам бүлк этип чыга калып, кайра көрүнбөй калып, утурлап бери карай бастырып, кайра жок боло калып, ашыгып Мөөрдү күтүп турбайбы?!

**Келдике.** Болот? Эмне дейт, Болот? Болотуң анте турган болсо – Баяндын куну болот! Кана кайсы? *(Кундуз «тээтигине, ана, бери карай бастырды» дегиче Келдике ошол жакка карап).* Акетай, буларыбыз ким болуп кетти? Атынан өзү чоң, өзүнөн сүрү чоң, бастырганы башкача, келбеттери келишкен салабаттуу кишилер экен. Булар ким болуп кетти?.. *(Баары ошол жакты карашат).*

**Адыл.** Кургак жерден чаң чыккан, астында аты чайкалган, алыстан деми менен мынчалык элди жапырган айбаттуу кишилер экен.

**Мөөр.** Жараткан ай, бул келгендер менин уятымы жабуучу, намысымды көтөрчү, бир кудайымдын жиберген касиети болсо экен? *(Баары ошол жакты карашат. Аламандын үнү угулат).*

**Аламан.** Жол ачкыла, жол ачкыла, жол ачкыла! Күн жарыгын түн кылар, караңгыны күн кылар, аска-тоону түз кылар берендер келе жатышат! Каалаганын алууга, жол тосконду чабууга, чоң касаба салууга эрендер келе жатышат! Соң-Көлүң сонун жер тура, чар тарабы кең тура, мындагылар сонуркатчу эл тура. Ошол эл ичинде «Ак Мөөр сулуу кай жакта» дегендер келе жатышат! *(Аябаган шаң менен Жантай, Баяке, Аламан ж.б. киришет. Беркилер баары таазим кылып баш ийишет).*

**Жантай.** Бул эмне деген топ? Эмне деген жыйын? Же кыз узатып жаткан шаан-шөкөтүңөрбү? Неге жер карайсыңар, мен жалган айтканым жок го?

**Келдике.** Баатыр, бул жыйын кыз качырып, кыз кармаган жыйын!

**Жантай.** Ботом, эмне дейт? Ал качкан ким экен?

**Келдике.** Ак Мөөр сулуу, баатыр! *(Баш иет)*.

**Жантай.** *(Жага бербей)*. Ошондойбу? О кудая тобо, бу буйрукка даба жок экен го. Андай болсо жакшы жыйын экен, качкан кыз Мөөр болсо, кармалган кыз Мөөр болсо, мага буйруган Мөөр турбайбы. Кудайым «берейин деген кулуна белен кылат жолуна» деген ушул. Баяке, буларың ким, атап чык!

**Баяке.** Карапайымын коюп, менменсинген тулпарларын айтсам: мунусу айыл бийи Келдике бий, бул Мөөр атасы Адыл, бул *(Баянды көрсөтүп)* муну сөзгө алуунун да кереги жок, кыз ашыгы Болот деген көк долу бар, анысы көрүнбөйт. *(Мөөргө жакындап)*. Ал эми мунусу ким десеңиз: кадимки Ак Мөөр сулуу!

**Жантай.** *(Карап калып)*. Ак Мөөр! Ак Мөөр деген ушубу?

**Баяке.** *(Жандалбастап)*. Баатыр, кандай?

**Жантай.** Өлбө, оёнум, *(четке)* бир тамчы суу менен кылк эттирип жутуп жиберчү мончок турбайбы. *(Келдикеге)*. Бийим, сен «Жол болсун баатыр» дегенге да жарабадың го! Баякемди да таарынтып койгон белемсиң...

**Келдике.** *(Шашып)*. А... Жол болсун... аз айып, көп күнөөнү кечириңиз, баатыр?

**Жантай.** Ак Мөөрдүн даңкы алысты жуук кылды. *(Каада күлкүсүн салып)*. Хан көңүлүн уютту, бийим.

**Келдике.** О, баатыр, кыз сизден айлансын...

**Сайкал.** Бакылдап сүйлөп элдин сүрүн качырган, келбей жатып Ак Мөөр кызга көз арткан кайсы абышка?

**Баяке.** Жантай баатыр!

**Эл.** Жантай баатыр!

**Сайкал.** Жантай баатыр Ак Мөөрдү баласына алып берет бекен, же небересине алып берет бекен?

**Баяке.** Алтымыштан ашса да жигиттиктен кайта элек баатыр өзү алат!

**Мөөр.** Өзү алат?! Атаке, бул кандай алаамат?!

**Адыл.** Олда, кызым ай э... Эч болбосо бир ооз акыл салсаң болбойт беле. Атаң кара санабайт эле го. Эми айылды бул алп кара куш канаты менен тегиз камтыды. Тырмагынан чыгуу болбойт. Дагы эле болсо, мен өзүңө берген шерттемин...

**Келдике.** Баатыр, кам санабаңыз, бүгүн десеңиз бүгүн, эртең десеңиз эртең энчиңиз канжыгада. Жүрүңүздөр, улуу тойго кадырман конок болуңуз. *(Мөөр, Сайкал, Кундуз, Адыл ж.б. калышат).*

**Адыл.** Эми кандай кылабыз, кызым? Эч айла жок. Бул иштин акыйкаты өлүмдөй чын, ажалдай ак!

**Мөөр.** *(Такыр өзгөрүп).* Баарына көзүм жетип турат, атаке. Жазмыш ушундай экен го. Рас, атаке, бул ажалдай ак, өлүмдөй чын! Самаганга жеткирбес, зарлаганга бастырбас замана тура! Менин башыма өмүр бою айыкпай турган кара оору туш келгенин ким билбесин? Кээ бир кыздар мындай учурда уу ичет. Ал даба эмес, ал кайра өзүн кордоо. Мен сиздин жалгыз кызыңыз Ак Мөөр баарынан кымбат турган таза ашыклык үчүн жаралгам. Ал ордунан чыкпады. Мейли, чыкпасын, мен азап, кордук, зомбулук астында баш ийсем Ак Мөөр атым кайсы? Башка түшкөн азапка адамкерчилиги жок, ырайымы жок, баарынан мурда уяты жок мына бул тозок отуна ашыгым Болоттун атын көкүрөгүмө бек сактап тайманбай барам. Кайгырба, атаке, мен үчүн кайгырба. Айтаар жообум баарыңа жакчу жооп болот. Кана эмесе, күйөөгө баралык! *(Топту баштап бурула бергенде Болот кирет. Мөөрдүн кечиккенине жана бир окуя болгонун сезип, таң калып туруп калат).*

**Мөөр.** Кайгырба, Болот, кайрат кыл. Экөөбүздүн өмүрлүк айрылышар күнүбүз туш келди... *(Кетишет. Болот эч нерсеге түшүнбөйт).*

**Болот.** «Күйөө жакка баралык», бул эмне деген сөз? Өмүрлүккө ажырашар… бул эмнеси… Көз алдымда ай-аалам оодарылып кеткендей болду. Жүрөгүм суу куйгандай муздап, жаман сезим… сезим… түк айтып бере алгыс сезим пайда болду. Бул кандай, бул кандай, бул кандай түшүнүксүз замана!

## 6-СҮРӨТ

*2-сүрөттөгү Ак Мөөрдүн үйү көрүнөт. Үй ичинде тартылган көшөгөнүн бир тарабында Жантай жигиттери менен, Келдике, Адыл жана башкалар олтурушат. Бир тарабында Мөөрдү узатууга камынып жаткан Сайкал, Кундуз жана башка келин-кыздар.*

**Жантай.** *(Ыраазылык күлкүсүнө маашыркап).* Адылың айтканынан жанбаган, дегенинен танбаган көкжал экен го. Ырас да, жалгыз кызы болгондон кийин өзүн-өзү билсин, жообун өзү берсин дейт да.

**Келдике.** Мөөр да ата көңүлүн оорутпай макул дей салбадыбы. Сизден артык ким бар? Адылдын сандыгын сары алтынга толтурду, санаасы менен болтурду, көмүркөйүн көп күмүшкө толтурду, көңүлү менен болтурду деген ушул эмеспи.

**Адыл.** Бүтөр иш бүттү. Кызым берер жообун берди. Кудаанын кылган иши экен, зар ыйлап тилеген өз теңине жете албады. Жалган айтып не керек, кызым көп санаа, чексиз дарт, көз жаш менен кетип бара жатат. Менин жүрөгүмдү көп эзилтпей, кызымдын дартын көбөйтпөй тезирээк жөнөткүлө.

**Жантай.** *(Каада күлкүсүн салып).* Ошону айтууга ооз барбай жатпайбы. Биз жол тарталы!

**Келдике.** Жакшы эле жаттыңыз, кушуңуз колуңузда, бак-дөөлөт жолуңузда, бизден кеткен айып болсо кечириңиз, баатыр. Кыз берип, кыз узатуу кыргызда өзүнчө бир чоң шаң эмеспи, эл ошонун камында.

**Жантай.** Келдике, сен эми эле бир сөзүңдө: «Сандыгын сары алтынга толтурду, көмүркөйүн көп күмүшкө толтурду» деп мага жандата сүйлөп өттүң. Ата-бабанын салты баарыга тең, мен баатыр, мен падыша, мен төрө деп салттан чыгып, кудай алдында күнөө тартуу мага ылайык келбес. Оюн бүттү, бирок Ак Мөөрдүн калыңы кесилген жок. Ал жөнүндө мен да унчукпадым, Адыл сен да ооз ачпадың.

**Адыл.** Баатыр, унчукпаган иш унчукпаган бойдон кала берсин. Кудай бербеген дөөлөттү кыз башына тогоп не кылам?

**Жантай.** *(Каада күлкүсүнө салып).* Малды көргөндө пайгамбар жолдон тайган дейт. Сенин оозуң барбай турса, Мөөркан өз калыңын өзү кессин. Чакыр бери! *(Ак Мөөр булардын жанына келет).*

**Келдике.** Ак Мөөр чырагым, кыргыз расмында кыз калыңы мурда кесилчү эле, бирок баатырдын алдында даап айтууга ооз барбай, той бүтүп силерди жөнөтүү кези келди. Баатыр Ак Мөөр өз калыңын өзү кессин дейт.

**Ак Мөөр.** Баатырдын ою менен замананын тетири – оң, оңу – тетири болуп турган соң, чара барбы. Өз өмүрүмдү өзүм кесип тургандан кийин, өз кунумду өзүм кеспей эмнем бар? А эгер салтты билсе Жантай чал, адатты билсе Жантай чал: үч жүз жылкы бир айдап, кызыл куйрук нар айдап, кулдугума бир келсин! Алтымыш бээ бир айдап, айры өркөчтүү төө айдап, мына ошондо Жантай чал, үй жанына бир келсин. Алтымыш жылкы бир айдап, айры өркөчтүү нар айдап, кулдарга алтын чапан жаптырып, күңдөргө күмүш чачпак тактырып аларына бир келсин!

**Жантай.** Бара бер, бара бер, Ак Мөөр. Азыр жөнөйбүз, камына бер, Ак Мөөр... *(Ак Мөөр кеткен соң бурула карап).* Бу кызың эмне дейт, Адыл... Келдике, уктуңбу?! Бара бер, бара бе-ер, бийим... Алууга март кол берүүгө кыска... Кана, камылга бүтсө жол тарталы...

**Келдике.** Баатыр, Адылдын көңүлүн эптеп өзүбүз аларбыз...

**Жантай.** Эмне? Эмне дедиң сен, Келдике?..

**Келдике.** Жакшы болот, баатыр, жакшы болот, баатыр... *(Алар өздөрүнчө сөзгө өтүшөт. Мөөркан толук даяр. Ошол убакта Сайкал беркилерге көрсөтпөй Болотту алып кирет).*

**Сайкал.** Болот, Мөөрүң менен коштошуп кал. Кыздар, жол бергиле.

**Болот.** Мөөркан, эмне үчүн сен Жантайга макулмун дедиң? Эч болбосо ашыктыктын намысы үчүн унчукпай койсоң болбойт беле. Зордук менен бара жатканыңды билдирсең болбойт беле?

**Мөөр.** Сөздүн ачыгы, жолдун жарыгы жакшы эмеспи, Болот. Эгер мен жок десем, эгер мен баш тартсам, эл-журтка жабыр кылбайт беле. Жантай чал өзүнүн чирик намысы үчүн эл-журтка кыргын салбайт беле. Жоо бетине дагы эле болсо сен, сен өңдөнгөн бей-бечараларды аттантпайт беле, дагы эле болсо бей-бечара карыптар кырылбайт беле? Мен силерден садага кетейин, мен силердин садагаңарга чабылып бара жаткан бирөөмүн.

**Болот.** *(Жеңиле түшүп).* Рас, Мөөркан, тагдыр ушундай экен, бизде ырыс, бакты жок экен. Жакшы жетип, аман жүр дейм да.

**Мөөр.** Эң соңку айтар сөзүң ушубу, Болот?

**Болот.** Айла канча?.. Ойноп күлгөн күндөр, асманга атырылган ашыглык жалыны, ай, күн ортосунда термелген жаштык үмүт, булактай шылдыраган балалык, нечен таттуу, эч нерсеге теңей албай турган ысык мез-

гилдер, эрке таарынычтар, айды уялткан көз караштар, жаракөр күлкүлөр, бир күнү бир айдай саргайткан күтүүлөр, мен үчүн сен, сен үчүн мен деген таттуу убадалар баары текке кетет тура!..

**Мөөр.** Сен эмне жумшайсың, Болот. Сен чын Болот болсоң, менин жарамды ого бетер ырбатпай, кайрат бер! Сенин ар бир сөзүң мен үчүн өмүрлүк жол азык. Мен дагы эле болсо ашыклыктан үмүтүмдү үзбөйм. Сени күтөм! Сага берген шерт текке кетпейт. Болот, сен антпе, ал шерт башым көргө киргенче жүрөгүмдө сакталат. Ал үчүн сенин жигиттигиң, сенин жардамың керек. Мен сени күндөп, айлап, жылдап күтөм.

**Болот.** Кош, андай болсо, ашыгым, ай-чолпонум, алтын булагым, өмүр кубатым – Ак Мөөрүм! *(Экөө өбүшүп жатканда Баяке аңдып келип көрүп коёт. Ошол замат Жантайга жетип барып).*

**Баяке.** Баатыр, баатыр, Болоттун башын алыңыз, сизге Мөөр ак санабас, жаман жолдуу катын болот. Мөөрдүн да башын алыңыз. Буларга күнөө үстүнө күнөө коюп, айып үстүнө айып тагып, кайра жөнөтүшүбүз керек!

**Жантай.** Эмне болду? Себебин айтчы, сен айбан, Баяке!

**Баяке.** Көшөгөдөн аңдып карап турсам, баягы мен айткан жылкычы Болот менен Ак Мөөр өбүшүп коштошуп жатыптыр. Башын ал, баатырым. Ал, башын!

**Жантай.** *(Өзгөрө түшүп, кылычынын сабын кармай калып, кайра каада күлкүсүнө салып).* О акылы жок, жаман Баяке. Анын эмнесине кылыч сууруйм? Сен билбейт турбайсыңбы, бир жаман жылкычынын кадырына жетип, аны сыйлаган Мөөр хан Жантайдын кадырына жетпейт дейсиңби. Анын эмнеси сөз?..

**Баяке.** *(Жеңилип).* Алда, баатыр ай э, «Арстан алганына кубанбайт, чалганына кубанат» деген ушул да...

**Келдике.** Баатырым, көшөгөң жашыл гүл алсын, өмүрүң күндөй нурдансын, бир жагынан айың тууп, бир

жагыңан күнүң тууп, төбөңдө чолпон кубансын. Атагың ашсын ааламга, кытай, калмак, урумга, арбагың бакдөөлөткө чулгансын, берендер даабай сүрүңө, падыша даабай күчүңө, чынарыңда бейиш кушу сайрасын. Алтын дайра аркырап, күмүш булак шылдырап, Мөөркан алтын суудан суу алсын. Санаа менен жетпеген, талап менен таппаган эр Жантай болду алганы, Мөөркан алганы менен карысын. *(Бата кылышат)*. Атказ, атказ! Кызкүйөөнү атказ! *(Узатуу башталат, Мөөр менен Жантай бирге басып, анын артынан эл ээрчип жөнөтүүгө чыгышат. Үй ичинде бир гана Болот калат)*.

**Болот.** Кош, Мөөркан, кош! Кош, асыл жарым, кош! Кучагыман кандайдыр эң кымбат элес бөлүнүп чыгып, мындан ары эч качан табылбай турган, эң жылуу касиет ажырап көрүнбөс, угулбас, алыс жакка созулуп учуп кеткендей болду.

Мөөркан, сен ушунчалык күч белең?
Мөөркан, сен ушунчалык дем белең?
Мөөркан, сен мен үчүн: кабылан шер, алп күчүнө тең элең!
Мөөркан, сен мен үчүн чалкар дарыя элең,
Көк асмандан кең элең.

Кетип баратасың... Ашыклык, ак тилек күчтүү тура. Ага эч бир канкор, эч бир залим, эч бир кордук чак келбеген! Кош, Мөөркан, кош, ашык жарым, кош!

*(Баян менен Сайкал кирет)*.

**Сайкал.** Мөөрканың узап кетти. Мен да сенден бетер жаралуумун, Болот.

**Баян.** *(Эчтекеден камырабай)*. Олда, силердин жараңар ай, кетсе бир Мөөр аттуу кыз кетиптир да. Андайлар толуп жатпайбы. Сайкал, мен айланып олтуруп өзүңө келдим го деймин!

**Сайкал.** Ооба, айланып отуруп мага келдиң. Ата салтын бузганды салттын кусуру урат деген ушул. Алың жетет, аларсың. Эгер дагы бир алдуу келсе оозуңду ачып

куруп каларсың. Менде кайсы каршылык, кайсы эрк?

**Баян.** Алганда айтарың эмне?

**Сайкал.** Айтарымды угуп ал:

«Ай тийген тоону этектеп,
Айлым конуп жай алсын.
Баян деген бек уулу,
Сайкал кыздан айлансын!
Күн тийген тоону этектеп,
Элим конуп жай алсын,
Баян деген бий уулу,
Сайкал кыздан айлансын!»

**Баян.** *(Камырабай күлүп, Болотко жакындап).* Аябай кордоду го бул. Э Болот курдаш, ага эмненин капасы. Өттү, кетти. Кой эми, экөөбүз дос бололу!

**Болот.** Сенде намыс жок, Баян. Достукта намыс керек. Баягыда жылкы тийгенде сени мертинткен мен болчумун. Андан көрө кегиңди жыйна!

**Баян.** Ошондойбу?

*(Алыстан Ак Мөөрдүн ыры угулат).*

Кеңколдун башы тал менен,
Кербендер өтөт мал менен.
Кейишке түшүп баратам,
Кемшейген Жантай чал менен...

**Болот.** *(Тыңшап, өзүнчө буулугуп).* Ак Мөөрүмдүн үнү, жана эмне дедиң? «Күтөм, үмүт үзбөйм» дедиң. Барам, Мөөркан, барам! Барам! *(Ак Мөөрдүн үнү угулат).*

Соң-Көлдүн башы тал менен,
Соодагер өтөт мал менен.
Солкулдап ыйлап баратам,
Соолуган Жантай чал менен.
*(Акырындап угула баштайт).*

**Болот.** Барам, Мөөркан, барам! Барам! Жай болбосо күзүндө барам, күзүндө болбосо кышында барам. Кышында болбосо ашыклыктын жаңы гүлү ачылган, жер-дүйнө бүт

жаңырган жаз алдында: каркыра, турна, өрдөк, каз келгиндер менен тең барам. Барам, Мөөркан, барам, барам!

*(Мөөрдүн ырынын жетер-жетпес жаңырыгы).*

## IV АКТ

### 7-СҮРӨТ

*Жаз айы. Жантайдын үйү. Бирок баягысынан көп өзгөргөн. Үй ичине кандайдыр күңүрт шоола түшүп, Жантай катуу ооруп жатат, анын кашында Ак Мөөр. Ак Мөөрдүн жанында бешик. Кез-кез баласын терметип отурат.*

**Жантай.** Аркама жаздык кой, бир аз туруп отурайын. Кудая шүгүр, бүгүн жакшымын. Кандайсың дегенге да жарабайсың, Мөөр. Деги чыныңды айтчы, эркем. Эмне арманың бар? Телегейиң тегиз, сенде эч кайгы, эч арман жоктур...

**Мөөр.** Баатыр, түз айткан сөзгө ачууңуз келбесин!..

**Жантай.** Алганың мен болсом, жаткан жериң алтындаган ак өргө, жүргөн жериң бак-дөөлөттүн кенчи болсо... ал кандай ачуу, айта бер!

**Мөөр.** Бакыт, байлык, сиз айткан дөөлөт, кенч, алтындан теңтуштуктун кадыры артык. Сиз айткан шекер, шербет, түркүн жемиш даамынан тунук ашыклыктын эркин даамы артык. Жүрөк сүйбөс, көңүл канбас баатырлыктан, байлыктан жан кыйышкан, азаттык деп антташкан, кем болсо да, кор болсо да кадыр билер жар артык.

**Жантай.** Сен дагы эле баягы жылкычыңды унута элек экенсиң го.

**Мөөр.** Ал эч качан унутулбайт!

**Жантай.** Тигини... тигини... бул дайым ырасын айтат. Кудай кылат экен да, буга эмне дейсиң? Ак Мөөрүм, мына мен кубат-алдан тайып, бүгүнкүдөн эртеңки күнүм күүгүмдөп, жебирейил, жан алгычтардын тартуусуна кетип бара жатам. Ошол тайманбастыгың менен мени бул сөзүмө жооп берчи!

**Мөөр.** Эч качан эки сүйлөп, чындыктан баш тарткан жан эмесмин.

**Жантай.** *(Бир азга айта албай).* А... Байбичем бешиктегини арам бала дейт го?!

**Мөөр.** *(Өзгөрө түшүп).* Сиз уялбай сурагандан кийин, мен эмне үчүн уялам. Баатырым, жашырбайм, аны уят, күнөө деп да ойлобойм. Өмүр, тагдыр, бардык тилек, акыл, санаа, анык арзышкан ашыклыктын белеги! Айыптасаңыз кеч эмес, мен мына!

**Жантай.** *(Каада күлкүсүнө салып).* Болду... болду... ар жагын айтпа. Атаа, Мөөрүм, сенин ачыктыгың, жашырбай түз айтмайың, тайманбастыгың артык. Ырасын ырастай сүйлөш керек. Оозуңан чыгарба, хан тукумуна намыс кетет.

**Мөөр.** Кудайдан башка ким билер...

**Жантай.** Эми Ак Мөөрүм, эшикти түрүп кой, талааны карап жатайын. Негедир бүгүн жер ысык көрүнүп турат. *(Ак Мөөр эшикти түргөн болот, күн күркүрөп, жамгыр жаайт).*

**Жантай.** *(Табийгаттын күчүнө баш ийгендей).* Жазгы күн, өзгөчө көктөм маалы мен курдуу ооруларга оор ай. Бул учурда айыл-айылдан калың өкүрүк угулат. Өлүм көбөйөт. Жаңы-жаңы топуракка жер томпоёт.

(Бир аз пауза. Күн күркүрөйт. Ак Мөөр баласын терметип олтурат).

**Жантай.** О, кудая тобо, кырсыкты кара. Ак Мөөрдү үйгө алып келген күндөн жыгылдым, ошондон ушул күнгө

баш көтөрө албадым. Баягыда Баяке айткандай жаман жолдуу болду белем... Бул эмнеси? Кудайдын кырсыгы го, же бирөөнүн жалгыз кызы экен, эски дастандагы Көр Оглу Султан дечүдөй ашыгы бар экен... *(Алысты карап, өйдөрөөк көтөрүлө калып).* Мөөркан, асмандан чагылган менен кошо жарк этип, бир атчан киши түшө калгандай болду. Карачы, тигини, шумкардай учуп келе жатат. Атаң көрү ай, бул менин оорума келе жаткан кудаанын периштелеринен болбогой эле. Деги эле айбаты башкача.

**Мөөр.** Кана, кана, кайсы?.. Кайсы?..

**Жантай.** Тигине, тигине, көргөн жок. Адамзаттын көзү барган сайын күүгүмдөнө берет деп карыялар айтчу эле, ошол чын белем. Жетимишке барып калган мен көргөндү Ак Мөөрдүн көрбөгөнүн кара...

**Мөөр.** *(Сүйүнүчкө батпай).* Көрдүм, эми көрдүм, баатыр. Көрмөк тургай ким экенин да тааныдым.

**Жантай.** Келип жүргөн табыптардын бири го...

**Мөөр.** Көп желденбеңиз, баатыр, жатканыңыз жакшы. *(Жантайды жаткырып).* Келе жаткан абдан чоң табып, ал айыкпас ооруларды айыктырат.

**Жантай.** *(Тыңшап).* Аттан түштү. Кирсин де, Мөөркан. Айт, жигиттер жолун тоспосун, кирсин де.

**Мөөр.** Мына өзү да келип калды, баатыр. Ачууланбаңыз, каарданбаңыз... алик алыңыз! *(Салам айтып Болот кирип келет).*

**Жантай.** *(Алик алып).* Картаң десем, жаш неме го, жол болсун, мырзам.

**Болот.** Андай болсун, баатыр. Түгөйү капаста калып, өзү ырайымсыз колдон кыргыйынан катуу жараланып, аңгыча күз келип, күз артынан кыш келип, анан жадыраган жаз күнү, келгиндер менен тең кайткан, түгөйүн сиздин үйдөн тапкан бир кушмун, баатыр.

**Жантай.** Эмне дегениңе туюнбай калдым. Көзүмө жылуу учурайсың, ой сен кимсиң деги? Кайсы бектин уулусуң?

**Болот.** Бек уулу эмес, мен Болотмун!

**Жантай.** Кайсы Болот?

**Мөөр.** Тааныбай калгансызбы, баатыр. Жылкычы Болот...

**Жантай.** Атаң көрү эй, атаң көрү ээй, баягы Болот белең? И, эмне келдиң, жылкычы Болот?

**Болот.** Ак Мөөрүмдү алып кетейин деп келдим, баатыр!

**Жантай.** *(Эмне кыларын билбей).* Атаң көрү эй, акыр замандын балдарын карачы, буларда тайманууу, коркуу, баатырдын сүрүнөн ийменүү деген болбойт экен го. Айтып турганын карачы. Ак Мөөрүмдү алып кетүүгө келдим де, андай болсо кана, Мөөр, *(илинүү турган кылычын көрсөтүп)* тигини алып бер! *(Мөөр алып берет).* Бери бас *(Жантайдын мүнөзүн билген Мөөр, «бара бер» дегендей белги берет. Болот басып барат. Жантай кылычын жалаңдатып алсыз кармап).* Сун мойнуңду! *(Болот сунат).* Эр болсоң жанагы сөзүңдү дагы айтчы!

**Болот.** Сунулган башты кылыч кеспейт. Ак Мөөр жарымды алып кетүүгө келдим, баатыр!

**Жантай.** *(Каада күлкүсүнө түшүп).* Эр экенсиң, жүрөгүңдө кара жок эр экенсиң. Бул эмне деген кайрат. Чапкан менен да сага кылыч өтөр эмес. Олтур, Болот! Э кудай, бул жамандык эмей эмне?

**Болот.** Алып кетүүгө ниеттенгенден кийин эч нерседен аянбайм! Сиз Мөөрканды алууга барганда Көк-Жондун үстүндө кылкылдаган жигиттериңиз турган. Мен да жалгыз келгеним жок, Султан баштаган бир миңге татый турган азаматтарым бар.

**Жантай.** Атаң көрү эй, андайың да бар беле?

**Болот.** Сиз өңдүү падышага жакын баатырдан мен өңдүү жылкычы Болот өз теңин талашуу өлүмгө көкүрөк тосуу деген эмеспи!

**Жантай.** Болду, токтот! Баяке кайда? *(Баяке кирет).* Чакыр бери жакшыларды, айтар кебим бар. *(Баяке таазим кылып чыгып кетет, үйгө эл толо баштайт).*

**Жантай.** Жигиттер кайда? Туруугa кубат жок. Калыбыман бузбай эл алдына көтөрсүн! *(Бир нече жигит көтөрүүгө ылайыкталган төшөктөгү Жантайды эл алдына көтөрүп турушат).* Журтум, эл жакшылары, силерге айтаар насаатым бар. Биринчиси – ынтымактуу бол, текке кан төгүп жааттaшып, бириңди бириң кырганды кой, душманың ким, досуң ким, таанып жүр! Экинчи жаман айтпай жакшы жок, көзүм жумулуп кетсе Ак Мөөрдү жылкычы Болотуна бергиле! Бул кырсык Мөөрдөн келген кырсык! Баары бир силерге эл болбойт! Акылсыз Мөөр алтын төрдөн айдалып, жылкычынын күлүн чыгарсын. Мени байбичемдикине алпаргыла. Тирүүмдө сыйлабаган Мөөр, мен өлгөндө сыйламак беле. Кара жолтой Мөөрдү айылдан жоготкула! *(Алып кетишет. Жакшылар жана Болот калышат).*

**Бойлош ажы.** Үйдүн түндүк жабуусун сыйыргыла да, дароо өрттөп жибергиле, баатырдын кырсыгы ушуну менен чыгып кеткиси бардыр! *(Сыйрышат, бороон согот).* Бул эмне деген бороон, бул эмне деген шамал... Ичикий, жанга өтөр суук жел согот да. *(Шамал, бороон, коркунучтуу дабыш).* Жаранлар! Бир алладан баатырдын өмүрүн тилейли. Баатырдын оорусу күч. Баарың кыбыла жакты беттеп тизе бүккүлө! Эми жерди өөп, кайра баш көтөрүп, алакан жайгыла. Ичиңерден баатырдын арбагын тилеп бата кылгыла. Эми өйдө туруп жалынгыла. *(Шамал, бороон).* Ичикий, мындай каарлуу бороон болбоспу. Карагай, тал кыйрап, үйлөр учуп жатат...

**Баяке.** *(Жумшак сүйлөп).* Баатыр тилден калды!

*(Шамал, бороон)*

**Бойлош ажы.** Мөндүр жаап келди да! О кудай, сактай гөр эй, укмуш го бул. Жамандык ушинтип келет

дечү эле... жаранлар, кайыкпагыла, чамдагыла, бул бороон, бул шамал, кар аралашкан мөндүр баатырдын илдетинин чыгашасы! Баатыр да бороондой борошолочу эмес беле!

**Болот.** Жок, олуям, бул жер үстүнө сыйбай бара жаткан, зордук, зомбулук, акыйкатсыздыкка сыр көрсөтүүчү бороон! Бул бороон биз сыяктуу бей-бечара кедейлердин көз жашы, кайгың-муңунун бороону!

**Бойлош ажы.** Тарт тилиңди, кудай алдында күнөөкөр болдуң. Мына ого бетер долулана баштады!

**Болот.** Ааламдын күчү жетпес бороонго кичинекей Жантайды теңегениң күнөө болбойбу!

**Бойлош ажы.** *(Күңк этип).* Тарт тилиңди! Жаранлар, келме келтиргиле, бул бир алланын көрсөткөн каары эмеспи. Жерди караңгылык басты... Ана... Ана... О жараткан, сен ушундай белең... Үнүң өчкүр ай, бул кайсы башыңды жуткур эле, а... өкүрүк чыкты.

**Баяке.** *(Эл алдына чыгып).* Баатыр дүйнөдөн кайтты!

**Бойлош ажы.** Көзүм тунарып, жер караңгылай түштү.

*(Сахна улам караңгылайт).*

## 8-СҮРӨТ

*Жанагы эле көрүнүш. Көшөгөнүн алдында: Баяке, Бойлош ажы, Мыскал.*

**Бойлош ажы.** Кырк күн! Туура кырк күн! Эртең жөнөшөт. Жантай деген ким? Арбагын сыйласак болбойбу. Баатырдын токолун бир жаман жылкычынын колуна салып берет деген эмне? Намыс дегенди билесиңерби? Муну уккан эл эмне дейт? Баяке, эч болбосо өзүң алсаң болбойбу?

**Баяке.** Ажым, айтсам «Сага тийгенден көркчө муунуп өлгөнүм жыргал» деп койгон. Ак Мөөрдү жылкычыга берип жиберүү ата-бабанын арбагына наалат айтуу менен тең!

**Бойлош ажы.** Ал үчүн эмне кылуу керек?

**Баяке.** Болотту өлтүрүү керек дейин десем, ал камдуу жана алдуу. Жогорку айылда күтүп жаткан жигиттери бар дейт.

**Бойлош ажы.** Бери кара андай болсо, Баяке, бүгүнкү түнү... Ак Мөөрдү... *(союп сал, өлтүрүп сал деген белгини берет)* билдиңби. Андан башка кеп жок. Раматылык баатырдын өлөр алдында: «Мөөрдү айылдан жоготкула!» дегени да... *(Беркилер «өлтүрүп сал» дегени эмеспи дегендей, кубаттоо белгисин кылышат).*

**Мыскал.** Ак Мөөр да эң эле сак, ар убак тушуна баатырдын кылычын илип, эшигин бекем бекитип жатат.

**Бойлош ажы.** Азыр уктап жаткан маалы, мыдыр эткен бир жан жок. Мыскал, сен эптеп киргин да, өз милдетиңди бил.

**Мыскал.** Түшүндүм. Жарайт. Кетели андай болсо! *(Көшөгө ачылат. Ак Мөөр бешигин жанына коюп уктап жаткан болот. Мыскал эшикти ачып кирип, акырын басып, керегеде илинип турган кылычты алат. Кайра чыгат да, белги берип Баякени киргизет).*

**Мыскал.** *(Шыбырап).* Баланы алып кетейинби?..

**Баяке.** Кой, ойготуп алабыз! *(Мыскал жок болот. Баяке Мөөрдүн жанына басып келип, бир аз карап турат).*

**Баяке.** Сулуу уктаганда да сулуу болот экен го. Кийинки кырк күндүн ичинде өңүнө чыгып, кулпуруп кетти. Раматылык баатыр айткандай, бул кырсык болду. Сулуунун күлгөнүн көрдүм, сулуунун ыйлаганын көрдүм. Сулуунун уктаганын көрдүм. Ал эми өлгөндө кандай болот болду экен? Бу да өзүнчө кумар эмеспи. Эмнеси бар, уктаган бойдон түбөлүккө уктап калат, жаны шейит бо-

лот. Мен баатырдын арбагына, урук-туугандарынын намысына сооп иш кылган болом. *(Канжарын сууруп чыгат).* Бул кандай оңой, бул кандай арзан өлүм! Кунун кууп алар ким бар!? Кандуу канжарым ойно! *(Колун жогору көтөрө бергенде Болот кирип келет).*

**Болот.** Тарт колуңду, Баяке желдет! *(Баяке канжарынын колунан түшүп кеткешн билбей калат. Ак Мөөр чоочуп тура калат).* Экөөбүздүн кечилбес кегибиз үчүн ал колуңа! *(Баяке кылычын суурат).* Экинчи бет алдыман чыкпа дегеним эсиңдеби?! *(Чабыша баштайт).* Кырк күндөн бери Ак Мөөрүмдүн үйүнүн тегерегиндемин. Оюңду билгем, канкор. Бул Мөөрүмдүн колу! Ме, желдет! *(Жаралайт).* Ал эми бул өзүмдүн колум, ме, түбөлүк энчиңди ал, канкор *(өлтүрөт).*

**Мөөр.** Болот, эми ыраазымын!

**Болот.** «Экөөбүздүн тагдырыбыз үчүн башка түшкөн кара түндө керекке жарайт» деген белегиң эмеспи, Мөкүш... *(Кылычын өбөт).*

**Мөөр.** Чын эле мен айткандай азат сүйүүнүн белеги күчтүү болот тура! О жараткан ай, көз алдыма чексиз кубаныч дайрасы чалкыйт!.. Болот, биздин ашыклык кана... *(Экөө кучакташат. Бойлош ажы байкабай кирип келип).*

**Бойлош ажы.** Жайладыңбы, Баяке... *(Баякенин өлүгүн жана Мөөр менен Болотту көрүп, кайра чыкканча шашат).* Аламан! Кайдасың, Аламан! Жигиттер! О мында! Мында! О жеди кокуй, о жутту кокуй! Кайдасың, эл-журт! *(Аламан баштаган бир топ жигит Болотту качырып кирип келет. Болот тайманбай качырат).*

**Болот.** Мөкүш, коркпо, дагы эле болсо сенин белегиң күчтүү *(тигилерди жапырт артка чегиндирет).*

**Мөөр.** Кудай ай, Болот жалгыздык кылат го *(Аламандар Болотту куушуруп кире баштаганда, Султан жана анын жигиттери кирип келишет).*

**Султан.** Ал, жигиттер, кан төгүшөр касыңар мына! *(Аламандарды сүрүп чыгышат).*

**Болот.** Ыраазымын, курдаштар, ыраазымын, Султан! Силер бир нерсени байкадыңарбы? Адам тилегине жетип, азат болуш үчүн бирдик жана кайрат керек турбайбы! Кайратыңарга урмат, курдаштар! Жөнөйлү эми, жол тарталы!

**Мөөр.** Болот, көп замандар бою унутулбай турган бактыбызды кошо ала кетели! *(Бешиктеги баласын алат).*

**Болот.** Дагы кубантарың бар беле, Мөкүш! Аты ким?

**Мөөр.** Муңайтпас!

**Болот.** Муңайтпас! Курдаштар, уулумдун аты Муңайтпас! Балким, эртең уулумду, биз өңдүү койчу-колоң кул, күңдөрдү, кедейлерди муңайтпас заман болор. Курдаштар, бул санаа эмес, бул акыйкат чындык, азаттык болсун! Мен – Болот, Муңайтпас, Ак Мөөр, Султан жана биздин ак тилектүү курдаштар азаттык таңына баш иебиз!

*(Баары баш ийишет).*

***Аягы***

***13/III – 1944-жыл***

## МАЗМУНУ

АЛЫКУЛ ОСМОНОВ ........................................ 3
ЖАЗУУЧУЛУК БАЯНЫМ ........................................ 11

## ЫРЛАР

БИЗДИН ЖЕР ........................................ 18
ТЕМИР ЖОЛ ........................................ 18
ТАҢДА ........................................ 18
ЖЕҢИШ НУРУ ........................................ 19
ШАМАЛГА ........................................ 19
ЭРКИН КЫЗ ........................................ 19
ТАП КОРГООЧУ БОЛОБУЗ ........................................ 20
КЫЧАН ........................................ 21
БИЙИК ЖЕРИМ ........................................ 22
ЖОЛДОШТОРУМ МЕНЕН ........................................ 23
ЖОЛДО ........................................ 24
ЖАШЧЫЛЫК ........................................ 25
КЕЛЕЧЕКТЕ ........................................ 25
КУРБУЛАРЫМА ........................................ 26
ТҮШТҮКТӨН СУЛУУ ТАҢ АТТЫ ........................................ 27
ТЕҢТУШТАРЫМА ........................................ 28
ТАҢШЫ БУЛБУЛ ........................................ 28
ФРУНЗЕ ........................................ 29
БҮГҮН ........................................ 30
ГҮЛҮМӨ ........................................ 30
БИР ТҮНҮ ........................................ 31
ӨЗҮМ ........................................ 32
ОЙГОНОРДО ........................................ 32
КАГАЗЫМА ........................................ 33
СЫЯМА ........................................ 34
КАЛАМЫМА ........................................ 34
ШУМКАРГА ........................................ 34
ГҮЛ МЕНЕН КУШ ........................................ 34
ШОТА ........................................ 36
КҮНДӨР ЖӨНҮНДӨ ЛИРИКА ........................................ 37
«МЕН ӨЗҮҢДҮ СҮЙГӨНҮМӨ КАПАМЫН» ........................................ 38
ЖУМУШЧУ ДЕГЕН КИМ ........................................ 38

«КЕЛСЕМ ТУРАТ МЕН ТУУЛГАН ЖЕР ТАМЫМ» .................... 38
ҮСТӨЛ ҮСТҮНДӨГҮ КҮЗГҮ ............................................... 39
БАЛ ................................................................................. 39
НАН МЕНЕН АКЧАНЫН МЕЛДЕШИ ................................ 39
«ТУУРАМЧЫ ТУУРАМЧЫДАН МАЙДА ТУУРАП» ............ 40
СҮЙЛӨШҮҮ ....................................................................... 40
САНААМ ............................................................................. 43
БИР АЙЛЫК ДЕМ АЛЫШТА ............................................ 44
ТҮНКҮ КҮЗӨТ .................................................................... 45
ЖЕР ЖҮЗҮНҮН КАРТАСЫ ................................................ 46
«КӨБҮКТӨНГӨН КҮЛҮК АТТАЙ АРКЫРАП» ...................... 46
«МИНГЕНИҢ АЛТЫН ЭЭРДҮҮ КҮЛҮК САЛТ АТ» ............ 46
БИЗ ..................................................................................... 47
«ШААРЫМДЫН БИР УЧУНАН БИР УЧУНА КАРАСАМ» ......... 47
ЖАШАСЫН ЖҮРӨК, ЖАШАСЫН АКЫЛ ............................ 48
ЧЫН ЖОЛДОШ .................................................................. 51
БӨБӨККӨ ............................................................................ 53
ЖАМАНДОО ......................................................................... 54
МЕНИН ЖЫЛДЫЗЫМ ........................................................... 55
УЙКУМ КЕЛЕТ... .................................................................. 56
ШОТА РУСТАВЕЛИГЕ ........................................................... 57
ИЧКЕ СУУ ............................................................................ 59
КАРКЫРА ............................................................................ 60
СЫРТ ЖАЙЛОО .................................................................... 61
ТҮП СУУСУ .......................................................................... 62
ОТУЗ ЖАШ ........................................................................... 63
ЧӨП ЧАБЫК .......................................................................... 65
ЭРКИН ЫР ............................................................................. 66
МЕН ЭМНЕДЕН УЯЛАМ ........................................................ 67
КОМБАЙН ............................................................................. 68
СҮЙҮҮ ЖАНА МЕН ................................................................ 69
АЛДАНБА ............................................................................. 70
АЙГА .................................................................................... 72
МАГА КҮЛБӨ ......................................................................... 73
ЖЕТИ-ӨГҮЗ .......................................................................... 74
ЖАЛГЫЗ ӨРҮК ....................................................................... 75
КАРА КӨПӨЛӨК ..................................................................... 76
НЕГЕ КЕЧИГЕТ? ..................................................................... 77
ТАБИЯТ ЖАНА МУЗЫКА ........................................................ 78
ПОКРЫШКИНГЕ ..................................................................... 79

КҮЗГҮГӨ КАРАНГАН ЖЕҢЕМЕ .................................... 80
БҮКӨН .................................... 81
...ВАГА .................................... 82
КАТЫҢА ЖООП .................................... 82
КАЙДА БАРСАМ ЭСИМДЕ .................................... 83
ЗАМАНА .................................... 83
ЖИГИТТЕРДИН ҮЛПӨТ ЫРЫ .................................... 84
ОСУЯТ .................................... 85
ГИТАР КҮҮСҮ .................................... 86
АК КУУНУН КӨРДҮМ УЧКАНЫН .................................... 87
МУЗЫКА .................................... 88
КЫЛЫМДАР .................................... 89
АКАДЕМИК СКРЯБИНГЕ .................................... 89
РОССИЯ .................................... 90
СҮЙБӨЙМ СЕНИ .................................... 90
ЖАШТЫККА .................................... 91
ЫСЫК-КӨЛ .................................... 91
ЖАЛЖАЛЫМ ОЙ .................................... 93
ЖАКШЫ КИТЕП .................................... 94
КАЙЫҢДЫ .................................... 94
АКЫН .................................... 96
ООРУЛУУ АКЫН .................................... 96
АДАМЗАТ .................................... 97
КАЛАМГА .................................... 99
КУРДАШТЫК СӨЗҮМ .................................... 100
СУЛУУГА .................................... 101
ЗАМАНДАШЫМА .................................... 102
АДАМГА .................................... 103
САЛЮТ .................................... 104
ҮЛПӨТ ЫРЫ .................................... 105
ӨЗҮМДҮН ӨСКӨН ЖЕРИМДЕН .................................... 106
КЕЛСЕМ ЖОКСУҢ .................................... 107
ЖЕҢЕМЕ .................................... 108
БАЛЫКЧЫДАН ФРУНЗЕГЕ .................................... 109
БОЗ БАЛА .................................... 110
БЕШИК ЫРЫ .................................... 112
ТЕГИРМЕН .................................... 113
КОРУКЧУ .................................... 113
АККАН СУУ .................................... 116
КОМБАЙН МААЛЫ .................................... 117

СУГАТЧЫ ........................................................................................ 119
ТЕМИН ........................................................................................... 120
СААНЧЫ ЖЕҢЕ ........................................................................... 122
ЖАР КӨРҮҮ ................................................................................. 123
БАШКАРМА ................................................................................. 127
УНУТПА ........................................................................................ 128
ЖЫЛКЫЧЫ ................................................................................. 128
МАНСАП ...................................................................................... 130
«ЫРАС БОЛДУ, БАКТЫМ КЕЛГЕНИҢ...» ................................ 131
САБЫР КЫЛ, КУРБУМ, САБЫР КЫЛ ..................................... 131
КЫТМЫРГА ................................................................................ 131
КЫЗЫЛЧА КАЗГАН КЕЛИНЧЕК ............................................. 133
БЕШ ЖАШАРГА БЕРБЕЙМИН ................................................. 133
ТОЛКУЙТ ДА, КАЙРА БАСЫЛАТ ............................................ 135
СҮЙҮМКУЛДУН АЙЛЫНДА .................................................... 136
«КОММУНИЗМ» КОЛХОЗУНДА ............................................... 138
КӨҢҮЛ КУУНАК ........................................................................ 138
1946-ЖЫЛ, 1-ЯНВАРЬ .............................................................. 139
ЭСКЕРМЕ ..................................................................................... 139
ТИРҮҮЛҮК .................................................................................. 140
ИСТРЕБИТЕЛГЕ ........................................................................ 140
ӨЛГӨН ЖОКСУҢАР .................................................................. 141
СЕН АЙТПА ................................................................................ 141
ДАГЫ САГА ................................................................................. 142
МЕН БУЛ ЖАКТА ЖҮРГӨНДӨ ................................................ 142
СЕНИН ПОЭМАҢ ....................................................................... 143
КЫРГЫЗ КӨЛҮ .......................................................................... 143
ОРУС КАЛКЫМ – ТУУГАНЫМ ................................................. 144
ЫСЫК-КӨЛ – НЕВА СУУНУН СҮЙГӨН ЖАРЫ ..................... 145
ЖИБЕК КИЙГЕН ЭРКЕ КЫЗ ................................................... 145
КАТЫҢДЫ КӨЛГӨ ТАШТАДЫМ ........................................... 146
БИРГЕ ЖҮРДҮК ........................................................................ 146
ЗАМАНДЫН ЖОЛУ УЛУК ЖОЛ ............................................. 147
СҮЙДҮМ СЕНИ .......................................................................... 147
УЯҢ КЕЛИН ................................................................................ 148
АЙ, АЙ, ТАК, ТАК БУУРУЛ АТ ................................................ 149
КАЧСА БАКЫТ ........................................................................... 149
СҮЙӨМ ДЕСЕҢ ........................................................................... 150
СҮЙҮҮ КЫЯЛ ............................................................................. 151
МЕН ӨТПӨДҮМ ......................................................................... 151

БЕЛГИЛЕР ........ 152
ФРУНЗЕ ........ 152
1945-ЖЫЛ, 31-ДЕКАБРЬ ........ 154
ЖОК, АЛ МАЯК ЭМЕС ........ 156
ЖАЗГЫ СУУ ........ 157
ЖҮЙӨЛҮҮ СӨЗ ........ 157
ДҮНҮЙӨ ........ 158
РАКЫЯ ........ 158
КЫРГЫЗСТАН ........ 158
КОЛХОЗ БАКЧАСЫ ........ 159
САБИРА ........ 159
КАМБАРАЛЫ ........ 160
МОЛДОКУЛДУН ҮЙҮ ........ 160
ТИЛЕК ........ 161
ТОЛКУН ЭМЕС, АЛ АК КУУ ........ 161
БРИГАДИРДИН КЫЯЛЫ ........ 162
АТАМА ОСУЯТ ........ 162
ЖЕТИГЕН ........ 163
КӨЛҮМӨ ........ 163
ТАҢ КАЛУУ ........ 164
«ТОО АЛДЫ БАК, БАК ЧЕТИНДЕ АК КЫШТАК» ........ 164
ГРУНЬЯ САВЕЛЬЕВНАГА ........ 165
КУРБУМА КАТ ........ 165
АЯЛГА ........ 166
БУУДАЙ САПЫРУУ ........ 167
«ӨБӨМ» ДЕГЕН СӨЗҮҢӨ ........ 168
ШЕКЕРДИН ЖОРУГУ ........ 168
ЫСЫК-КӨЛДӨ ТӨРТ МЕЗГИЛ ........ 169
ҮЙЛӨНҮҮ ЫРЫ ........ 170
АКЫН ........ 171
ЖАКШЫ ЫР ДЕГЕН ЭМНЕ? ........ 171
НЕ ЖАМАН? ........ 172
ЖЕР ДЕГЕН ЭМНЕ? ........ 172
СҮЙҮҮНҮН ТҮРЛӨРҮ ........ 173
БИЗДИН КОРОО ........ 173
МЕН ШААРЫМА БАРАРМЫН ........ 174
СОКО ЖЫГУУ ........ 174
АКЫЛДУУ АТЫМ ТИЛ АЛБАЙТ ........ 175
АТ-БАШЫНЫН ЧЫМЧЫГЫ ........ 175
БЕШБАРМАК ........ 176

АТ-БАШЫ ........................................................................................ 176
КӨЛ ТОЛКУЙТ ДА, КАЙРА БАСЫЛАТ ............................................ 177
ТААРЫНБА, КУРБУМ, ТААРЫНБА ............................................... 178
АВТОБУС ......................................................................................... 178
АЙЫЛЫМА ....................................................................................... 179
РАКМАНДЫН ИЛИМИ ...................................................................... 179
БЭЭ СААМАЙ .................................................................................. 180
БЕКЕНБИЗ ....................................................................................... 181
КОМУЗ ............................................................................................. 181
АЙ КӨРҮҮ ........................................................................................ 182
КҮН КҮРКҮРӨӨ ............................................................................... 183
МЕН КЕТТИМ АЛЧА БЫШКАН МЕЗГИЛДЕ ........................................ 183
«КӨПКӨ УМТУЛДУМ, БИРОК АЗГА ЖЕТПЕДИМ» ............................. 184
МЕНИН КОЛУКТУМ .......................................................................... 184
«МЕН ДА ОЛТУРАМ, КҮЙӨӨҢ СЕНИН ЖАНЫҢДА» ............................ 185
БҮРКҮТ ТАПТОО ............................................................................. 185
КЫЗДЫН СҮРҮ ................................................................................ 186
«МЕН ТАНСАМ ЖАШТАН ТАНАМ, ЫРДАН ТАНБАЙМ» ...................... 187
БАЙТАЛ БЭЭНИН БАЛ КЫМЫЗ ........................................................ 187
КЫРГЫЗ ТООЛОРУ .......................................................................... 188
УУРУЛУК ДЕГЕН ЭМНЕ? .................................................................. 189
ЖАНЫБАРЫМ ЫСЫК-КӨЛ ............................................................... 189
КЕЧИРЕГӨР ..................................................................................... 190
АРПА ЖАЙЛООСУНДА БИР ТҮН ...................................................... 190
ИЛБИРС УЯ ...................................................................................... 192
МЕН АЙЫЛГА КЕЛГЕНДЕ .................................................................193
КОЙ СААДЫРГАН КЕЛИНЧЕК ..........................................................193
КОРГОН-ТАШТЫ ЖАЙЛАДЫК ...........................................................194
ЭНЕНИН КҮЧҮ ..................................................................................194
БАШКАРМАНЫН АЯЛЫ ....................................................................195
ТОО ИЧИНДЕ МЕКТЕП БАР ..............................................................196
АЙЧҮРӨКТҮН АК ШУМКАР ..............................................................197
КӨЛ АТА ...........................................................................................197
МАЙЧЫ МЕНЕН МАЛ ДОКТОР ..........................................................198
КҮНДӨР ............................................................................................199
ЖЕЗДЕМ КЕЛЕ ЖАТЫРЫ ...................................................................200
КОШУМЧА ЭМГЕК .............................................................................201
ПАРТОРГ КЕЛЕТ РАЙОНДОН ............................................................201
ЖАЙЛОО ...........................................................................................202
БААТЫР ЭНЕ .....................................................................................203

КҮИГӨН ....................................................................................203
ЖЫЛКЫЧЫ ..................................................................................205
НАРЫН ДАЙРА ...........................................................................206
АЙ, ЖАМИЙЛА, ЖАМИЙЛА .......................................................206
ЖЕҢЕМДИН СӨЗҮ .....................................................................207
МАРИЯ ......................................................................................208
ЧӨП ҮЙМӨК ..............................................................................209
МЕН ПОЧТОБАЙ, ПОЧТОБАЙ ...................................................209
АРТИЛЛЕРИСТТЕРДИН МАРШЫ ...............................................210
ЖЕҢИШ ЫРЫ .............................................................................211
КЫЗДАРДЫН КҮҮСҮ ...............................................................212
АЛМА ЖЫЙНОО .......................................................................213
МОСКВА ..................................................................................214
КОЙ ТӨЛДӨТҮҮ .......................................................................215
ЖҮЗҮМ АЛУУ ..........................................................................216
КООН ҮЗМӨЙ ..........................................................................217
КЫЗ ӨПМӨЙ ...........................................................................217
МУРАПТЫН ЫРЫ .....................................................................218
УЗАТУУ ...................................................................................219
БОТОЮМ ................................................................................219
ТОСУП АЛУУ ...........................................................................220
БЕКБЕКЕЙ ..............................................................................221
БИЗДЕН КИЙИНКИЛЕРГЕ .......................................................222
ӨМҮРГӨ .................................................................................222
КИМ БОЛСОМ .........................................................................223
КАЧКЫНБАЙ КАЧАК ................................................................224
МЕН КӨЛҮМӨ КЕЛГЕНДЕ ........................................................225
АТА ЖУРТУМ ...........................................................................225
КӨЛДҮН КЕЧКИ КӨРҮНҮШҮ ....................................................226
АК КАЙЫҢ ..............................................................................227
ЖОГОТТУМ .............................................................................227
БИР ЧАКА СУУ ........................................................................228
КОШТОШУУ ...........................................................................229
АККАН СУУ .............................................................................229
СЕКИДЕГИ ЖАПЫС ТАМ .........................................................230
УЧКУЧТАРДЫН ЫРЫ .............................................................. 230
САГАТЫМА .............................................................................231
ЫРЛАРЫМ ..............................................................................232
БАЛАЛЫК ...............................................................................232
ЭМГЕК КҮН .............................................................................233

ЖЕТИМ КОЗУ ....................233
КЫШКЫ БОРООН ....................234
КОШ АЙДОО ....................234
АЙРӨК ....................234
ЧОЛПОН-АТА ....................235
МЕН МАСКӨӨНҮ КӨРГӨНДӨ ....................236
УЙДУН ТИЛИ ....................236
ТАРАНЧЫ ....................238
СӨЗҮ БАР ....................240
ЖАЗЫМА ....................240
МЕНИН КҮНҮМ ....................241
БИЗГЕ ТҮНӨЙ КЕТ ....................242
БАЙКА, ЖИГИТТЕР ....................243
КӨҢҮЛ АЙТАЛЫК ....................244
БУЛ КАНДАЙЧА? ....................244
МЕН КЫРГЫЗДЫН АКЫНЫ ....................245
КӨЗҮМ ӨТКҮР ....................246
ТӨӨНДҮ БЕР ....................247
МЕН КЕМЕ ....................248
«ЖАКШЫ ЫР ЖАЗСАМ» ....................249
ЭНЕ ТИЛИ ....................249
КУБАНАМ ....................250
ЖАКТЫРДЫМ ....................250
БУЛ ТУРМУШТА ....................251
ПРАГАДА ....................252
ДАГЫ АЯЛ ЖӨНҮНДӨ ....................252
ФРУНЗЕНИН ТҮНҮ ....................253
ЖАҢЫЛУУ ....................253
КЫЗЫЛ ЖҮК ....................254
ДАН ЖОМОГУ ....................255
АТА-ЖУРТ ....................256
ЭМГЕГИҢ ....................257
ТАШЧЫЛАР ....................258
МЕНИН ҮЙҮМ ....................258
ЫСЫК-КӨЛ ....................260
КАЗАКБАЙ ....................260
КАР ЖААДЫ ....................261
КҮЗ ....................262
МЕН ЖҮРГҮНЧҮ ....................263
ДЕН СООЛУК ....................264

МУЗЫКА ....................................................................................266
ЖҮЗҮМ АЙЫ ..............................................................................266
ӨЗҮМДҮ ӨЗҮМ ..........................................................................267
ЖАЗ ..........................................................................................268
«БИЛБЕЙМ КАНДАЙ, ЭМНЕ ОЙДО ЭКЕН КАТАРЫМ» ...........268
СУУ КЕЛАТАТ ..........................................................................269
«КАТУУ ЖАТЫП, ЖУМШАК ОЙГОНУП» ...............................270
ШААРЫМ – АСЫЛ ФРУНЗАМ ..................................................271
КООНЧУ ...................................................................................272
БӨК, БӨК БӨДӨНӨМ ................................................................272
ПОМИДОР ................................................................................275
ВИНО ........................................................................................276
ЖУМУШЧУНУН МҮНӨЗҮ .........................................................277
КҮНГӨ ......................................................................................278
КЕЧКИ УБАК .............................................................................278
ФЗОДОГУ ИНИМЕ .....................................................................279
МАЛЯР .....................................................................................280
ЖУМУШЧУ ................................................................................280
ПЛОТНИК .................................................................................281
УСТАНЫН СӨЗҮ .......................................................................282
КАРАБЕК ..................................................................................283
МАРЖАНКҮЛ ............................................................................283
ТУРСУН САКЧЫ ........................................................................284
ЖОГОЛГОН ДЕПТЕР .................................................................285
КУУ КУМПАЙ .............................................................................286
БАЛТА ЖУТАР ..........................................................................288
КАЛП АЙТУУ .............................................................................289
АЛДАР ......................................................................................289
МАРТЧЫЛЫК .............................................................................290
ШУМКАРДЫН ТУУЛУШУ ..........................................................290
УУРУЛУК ..................................................................................291
ЖАМАН КӨЗ .............................................................................291
ЖЕР АЛБАГЫР ..........................................................................293
КЫДЫР, БАКЫТ ........................................................................294
ЖЫЛ ТАЛАШУУ .........................................................................295
ЧИЛДЕ ......................................................................................296
САГЫНУУ .................................................................................302
ВАСИЛИЙДИН САРЫ ТОРУ АТ ...............................................303
«КЭЭДЕ ЖЫМЖЫРТ, СҮЗҮЛҮҢКҮ ТАРТКАНЫҢ» ................303
«АЙЛЫК САПАР КЕТСЕМ ДАГЫ» ...........................................304

КЕТМЕНИМ ....................................................................304
КОЛХОЗДОГУ ТҮН ........................................................305
«КЫЙРАТАМ ДЕП, МЕЙЛИ, КЫЯН, СЕЛ АКСА» ....................305
ЖАМГЫР ЖААДЫ ........................................................306
БАЛАЛЫК ....................................................................307
ЖЫЛДЫЗ КАЛАА ........................................................307
ТҮНКҮ КЕҢЕШ .............................................................308
ЭРИККЕНДЕ .................................................................309
ЖЕҢИШКАНДЫН АТАСЫ ..............................................309
МОСКВА ......................................................................310
ПУШКИНГЕ .................................................................312
КОЛХОЗЧУГА ..............................................................313
САРАҤДЫК .................................................................314
ПРЖЕВАЛЬСКИЙГЕ .....................................................317
КҮЛЖАМАЛ ................................................................318
«АЛЫКУЛ АТЫМ БОЛГОНДО...» ....................................318

## БАЛДАР ҮЧҮН ЫРЛАР

ЖАШ ЖЕТКИНЧЕКТЕР ..................................................320
ТҮЛКҮ МЕНЕН КАЗДАР ................................................321
БАТ АЙТМА .................................................................323
ЧЫМЫН-ЧИРКЕЙ ЫРЛАРЫ ..............................................325
ЖАМГЫР ЫРЫ ..............................................................327
КАРА ЧЫЙЫРЧЫК ........................................................329
БАЛДАР МЕНЕН ТУРНАЛАР ..........................................330
САМОЛЁТ ЫРЫ ............................................................330
НУРГҮЛ .....................................................................331
«2» МЕНЕН ЭМИЛБЕК ..................................................332
КАЛПЫЧЫ КАНЫМКҮЛ ................................................333
ТАЙ КҮЛҮК .................................................................333
КУЛОЙ, КУЛОЙ, ТОРПОГУМ ........................................335
ФИЗКУЛЬТУРА ............................................................336
ТОРУ ТАЙ ..................................................................337
ТЕЛИБАЙ ТЕНТЕК ......................................................337
ЭКИ МЕТР ЭСЕНКУЛ ..................................................339
УЧКАЯК БОЛГОН БАЛАПАН ........................................340
КИТЕПТИН ДУШМАНЫ ...............................................340
БИРИНЧИ СЕНТЯБРЬ .................................................341
КИТЕПТИ СҮЙ ..........................................................342

КУШТАР КЕТТИ ....................................................342
БАК ТИГЕЛИ ....................................................343
МУГАЛИМ ....................................................344
ПИОНЕР КИМ? ....................................................345

## ПОЭМАЛАР

КҮЛҮЙПА ....................................................348
МАЙДЫН ТҮНҮ ....................................................354
КИМ БОЛДУ ЭКЕН? ....................................................362
МАХАБАТ ....................................................373
ЖЕҢИШБЕК ....................................................377
ӨЛҮП ТИРИЛГЕНДЕР ....................................................383
ҮЧ АЯК ....................................................402
ЭШИМКАНДЫН ТЕРЕГИ ....................................................413

## ЭЛДИК УЛАМЫШТЫН НЕГИЗИНДЕ ЖАЗЫЛГАН ПОЭМАЛАР

КАЙГЫ ....................................................428
МҮНӨЗ ОЙНУ ....................................................431
ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ *(I вариант)* ....................................................435
ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ *(II вариант)* ....................................................443
КАРАГУЛ ....................................................451
МЫРЗА УУЛ ....................................................459
ДОМОНУН КЫЗЫ ....................................................467
АК МӨӨР ....................................................472

## ДРАМА

АК МӨӨР ....................................................478

*Адабий-көркөм басылма*

15-том

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВ

*Тандалган чыгармалар*

Чыгышына жооптуу *Акматалиев А.*
Түзгөндөр: *Акматалиев А., Кадырманбетова А.*
Тех. редактор: *Жанышбекова А.*
Корректор: *Кадырманбетова А.*
Компьютердик калыпка салган *Өмүров Б.*

Терүүгө 04.05.16 берилди. Басууга 16.06.16 кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x108 $^{1}/_{32}$.
Көлөмү 34,5 б.т. Нускасы 600. Заказ № 68.